НУРБЕК ТУРАН

# КАҢДЫ

**санжыра жана тарых**

«Турар»
Бишкек – 2014

УДК 94(47)
ББК 63.3(2Ки)
Н 90

Рецензиялаган жана баш сөзүн жазган:
тарых илимдеринин кандидаты, тарыхчы-этнограф,
профессор Черикбай Казыгулович Өмүрбеков.

**Нурбек ТУРАН.**
Н 90 **Каңды**: санжыра жана тарых. – Б.: «Турар», 2014. – 512 б.

ISBN 978-9967-15-403-2

Китепте кыргыздын каңды уруусунун этногенези, каңды этнониминин чечмелениши, анын башкыр, венгр, казак, лакай, ногой, өзбек, хакас элдеринин курамындагы уруктардын аталыштары менен паралеллдүүлүгү, тектик жалпылыктары жана тарыхый-этникалык байланыштары изилденилет, ошондой эле азыркы убактагы каңды уруусунун этникалык курамы, географиялык жайгашуусу жана анын башка кыргыз уруулары менен болгон этностук байланыштары жаңы тарыхый көз карашта чагылдырылат.

Китеп этнограф, тарыхчы, аспиранттарга жана ошондой эле кыргыз тарыхына кайдыгер карабаган мекенчил, улутман окурмандарга сунуштанылат.

**Н 0503020911-14**

**УДК 94(47)**
**ББК 63.3(2Ки)**

ISBN 978-9967-15-403-2

© Нурбек Туран, 2014

# БАШ СӨЗ

Акыркы он беш жылдын ичинде тарых, этнография илимдеринде кыргыз элинин курамына кирген уруулардын пайда болушуна, өнүгүүсүнө жана санжырасына байланышкан илимий, илимий-популярдык багыттагы чыгармалар көбүрөөк жарыкка чыга баштады. Окумуштуулардын жана тарых, этнографияга кызыккан инсандардын мындай багыттагы кызыгуусу мактоого татырлык иш. Себеби, алардын илимий же илимий-популярдык чыгармаларында берилген маалыматтар бизге чейин тастыкталган тарыхый-этнографиялык материалдардын негизинде жарыкка чыккан маалыматтарга, айыл-кыштактарда чогултулган талаа этнографиялык материалдарына негизделген.

Окурмандарга сунушталган Нурбек Турандын «Кандды: санжыра жана тарых» деп аталган китеби 512 беттен турат. Каңды уруусу ичкилик тобунун бир бөлүгү экендиги баарыбызга белгилүү. Топтолунган эмпирикалык материалдарын кененирээк илимий анализге алуу максатында «ичкилик» аталышынын этимологиясына, ичкилик тобуна кирген уруулардын кыргыз санжырасында чагылдырылышына, ичкилик уруулары кыргыз элинин оозеки чыгармаларында, ичкиликтер кытай, араб, перс жана түрк булактарында, ичкилик кыргыздары 1917-жылга чейинки булактарда, Батыш Европа элдеринин саякатчылары жана изилдөөчүлөрү «ичкилик» кыргыздары жөнүндө, ичкилик уруулары совет мезгилинде жана азыркы убактагы изилдөөлөрдө, ичкилик тобунун тотеми жана түстүк символикасы, ичкилик урууларынын эн тамгалары, ичкилик урууларынын жа-

шаган жерлери деген бөлүктөргө даректүү материалдардын негизинде токтолуп, колдонулган материалдарды илимий багытта чагылдырган. Мына ушундан кийин каңды уруусуна өтүп, анын пайда болушу), «каңды» этнониминин чечмелениши, миграциясы, каңды уруусунун уруктары, кыргыз элинин уюшулушундагы каңды уруусунун орду, уруунун мүчөлөрүнүн орто кылым мезгилинде жайгашышы жана алардын башка уруулук бирикмелер менен болгон этникалык, маданий, чарбалык жана соода байланыштары, башка түрк тилинде сүйлөгөн элдеринин (башкыр, татар, лакай, ногой, өзбек, якут, алтай) курамындагы уруулардын жана уруктардын аталыштарындагы параллелдүүлүгү, тектик генеалогиясы, жалпылыктары, өзгөчөлүктөрү, тарыхый-этникалык байланыштары изилденилет.

Буга чейин автордун ичкилик тобуна арналган «Төөлөс» (Б., 2011.), «Кесек» (Б., 2012.), «Тейит» (Б., 2013.) аталыштагы монографиялары «Турар» басмаканасынан жарык көргөн.

Сунушталынган монографияда жарыкка чыккан тарыхый-этнографиялык маалыматтар, автордун талаада чогултулган этнографиялык сурамжылоо материалдары киргизилген. Аталган эмгек түркolog, тарыхчы-этнографтарга, аспиранттарга жана санжыра сүйүүчүлөргө керектүү китеп катары колдонулат.

Ж.Баласагын атындагы КУУнун
Педагогикалык кадрларды максаттуу
даярдоо институтунун
профессору, т.и.к. **Өмүрбеков Ч.К.**

# КИРИШ СӨЗ

Каңды уруусу кыргыз элинин курамындагы эң байыркы уруулардын бири.

Кыргыз санжыраларында жана тарыхый булактарда Кызыл уулдун (ичкилик) балдары, муну менен катар *каңды* уруусу жөнүндө маалыматтар сейрек кездешет.

1955-жылдары Түштүк Кыргызстандагы кыргыз урууларын изилдеген тарыхчы-этнограф Я.Р.Винников өз эмгегинде *каңды* уруусунун курамын схема түрүндө көрсөтүп, анын жашаган жерлерин жалпылап айткан. Бул изилдөөлөрдө *каңды* уруусунун курамы терең изилденбей, аны менен чогу жашаган башка уруулардын уруктары *каңды* уруусунун курамында көрсөтүлүп калган. С.Аттокуров өзүнүн эмгегинде Я.Р.Винниковдун изилдөөлөрүн колдонуп, анын кетирген каталарын автоматтык түрдө кайталайт.

Аталган изилдөөлөрдүн негизинде биз *каңды* уруусунун курамын жана географиялык  жайгашуусун колдон келишинче тереңирээк изилдеп, чогулган материалдардын негизинде *каңды* уруусунун жалпы генеалогиялык жана географиялык  жайгашуусунун схемасын түздүк.

Каңды уруусунун жалпы генеалогиялык таблицасын түзүүдө негизинен В.Р.Винниковдун схемасы ревизияланып, толукталып, оңдолуп, биздин Жалал-Абат, Ош, Баткен облустарына, Каратегин (Жерге-Тал району) жана Памирге (Мургаб району) болгон экспедиция убагында эл арасынан оозеки жазып алынган материалдарды колдонуу менен каңды уруусунун жалпы генеалогиялык таблицасы түзүлдү.

Китеп үч бөлүктөн турат, анын биринчиси кыргыз, бурут аталыштарына жана арий урууларына арналган. Китептин

экинчи бөлүгүндө ичкилик урууларынын кыскача тарыхы баяндалат. Ал эми үчүнчү бөлүгүнө каңды уруусунун санжырачы, баяндоочуларынын оозеки айтылган уламыштары жана материалдары киргизилген.

«КАҢДЫ» китебинин меценаты  Султанбекова Чолпон Аалыевнага жана каңды уруусунун санжырасын кагаз бетине түшүрүп, азыркы убакка чейин сактап келген: Эркинов Чынгызга, Жамалдинов Абдилбакыга, Мустапаев Сабырга, Ильясов Мурадилге, Тотубаев Эрмекке, Адилбеков Назарбекке, Камилов Кудайбердиге, Орозбаев Камилге,  Садыбакасов Кожомбердиге, Тилебалдиев Рахманга, Тажибаев Кудайбергенге,  Сегизбаев Аалыга, Ражапов Абибиллага, Моңолов Токторбайга, Кулмырзаев Боватайга, Жээнтаев Нуридинге, Акунов Раимжанга, Абдырахманов Мирпазылга, ошондой эле бул китепке материалдарды чогултууга жана системалаштырууга көмөктөш кылган: Үркүнов Алыбайга, Омар  Нурбекке өзүмдүн ыраазычылыгымды билдирем.

**Автор**

Жалал-Абат-Ош-Лейлек-Каратегин-Мургаб-Бишкек,
17-декабрь, 2014-жыл.

# КЫРГЫЗ

# КЫРГЫЗ ЭТНОНИМИ

*«Кыргыздар Орто Азиянын эң байыркы элдеринин бири. Азыркы убакта Орто Азияда жашап жаткан элдердин ичинен тарыхта аты ушунча эрте жолуккан бир да эл жок болуш керек».*

В.В.Бартольд

*«Кырга чыккан кырк кайыңда так жокпу?*
*Кылыч шилтеп, кыргыз балта чаппаган.*
*Кырка тарткан өзөн, жылга сай жокпу?*
*Кыргындарда кыргыз каны акпаган».*

Көчмөн ыры

Кыргыз этногенези, «кыргыз» этноними жана термини жөнүндөгү суроолор бүгүнкү күнгө чейин дискуссияларды жаратып келет. С.М.Абрамзондун жазганына караганда «эгер X–XI кылымдарга чейин «кыргыз» атынын географиялык таралышы этникалык бир ядронун аталышынан да кенен болсо, аталган кылымдардан кийинки мезгилде тескерисинче, кыргыз этногенезинин процессине аралашкан уруулардын тобу «кыргыз» этнонимине байланыштуу болгон аймактан кыйла кеңейген»[1]. Демек, «кыргыз» деген ат тарыхтын башкы этаптарында этникалык мазмунга караганда саясый мазмунга көбүрөөк ээ болгон.

«Кыргыз» этноними алгач Хань династиясынын жыл баяндарында (Сыма Цянь «Ши-цзи») б. з. ч. 201 жылы, кийин Суй, Тан, Юань, Сунь, Цинь династияларынын мезгилдериндеги (б.з.ч. II к. – б. з. XVIII к.) маалыматтарда эскерилет.

«Кыргыз» 𐰶𐰃𐰺𐰴𐰔 этноними кыргыздардын өздөрүнө жана ошондой эле тил жагынан аларга жакын болгон түрктөргө жана

---

[1] *Абрамзон С.М.* Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. – Л.,1971.-С.22

уйгурларга таандык делген руникалык эпитафиялардын тексттеринде кездешет. Кыргыздар Орхон жазууларында (14 жолу эскерилет): тукю аскерлеринин Саян тоосунун ары жагына болгон жортуулунда, Суджа (Монголия) жазуусунда жана алтай тексттеринде баяндалат[1].

«Кыргыз» термини түрдүү вариантта башка тилдерде жазылган тексттерде кездешет: грек. – χερχίρ, *херкис*; монг. хіргĭс~кіргĭс – *хиргис*, *хяргис;* латын – *керкис;* араб. жана персид. خرخيز – *хирхиз*, М.Кашгариде кыркыз قرقيز, Джувейниде قرغيز – хырхыз, خيرخيز – хырхыр[2]. Булардан кытай тексттеринде жазылгандар кыйла айырмаланат[3]. Болгон варианттардын баардыгынан төмөнкүлөр негизги болуп саналат: Хань тексттеринде – *цзянь-гунь*, Тан тексттеринде – *сяцзясы*, Юань тексттеринде – *цзилицзисы*.

«Кыргыз» деген аталыштагы этнонимдин тарыхы тууралуу маселени талкуулоодо эки карама-каршы гипотезаны ажыратып алса болот. Биринчи гипотеза боюнча, учурдагы кыргыздар Енисей кыргыздарынын тукуму. Экинчи боюнча алып караганда, алардын байыркы енисей кыргыздарына эч кандай тиешеси жок.

«Кыргыз» этнонимин чечмелешинде ар кандай гипотезалар сунушталган:

1. Эл арасында айтылган уламыштарга ылайык «кыргыз» этниминин келип чыгышы төмөнкүдөй мүнөзгө ээ: Qyrqyz<qyrq (кырк) + qyz (кыз).

2. Мындай уламыштардын негизинде С.М.Абрамзондун этимологиясы түзүлгөн. Ага ылайык qyrqyz<qyryq (кырк) + -(y)

---

[1] *Малов С.Е.* Памятники древнетюркской письменности.-М.-Л.,1951.-С.41,67; его же. Памятники древнетюркской письменности Монголии и Киргизии.-М-Л.,1959.-С.20; его же. Енисейская письменность тюрков.-М.-Л.,1952.-С.85; Баскаков Н.А. Три рунические надписи из с. Мендур-Соккон Горно-Алтайской автономной облусти//СЭ.-М.,1966.-С.80

[2] Материалы по истории киргизов и Киргизии.-М.,1973.-Вып.I. -С.16-17,25-26,41-42,48-49

[3] *Яхонтов С.Е.* Древнейшие упоминания названия «киргиз»//СЭ.-М.,1970. -№ 2.-С.110

z – көптүк сандын аффикси. Мындай жыйынтыкка ал кыргыздардын курамына кырк уруу же урук кирет[1] деген «эпостун жана уламыштардын көшөргөн көрсөтмөсүнүн»[2] негизинде келген.

Ушундай эле ойду Дж.Банзаров жана Л.Лигети[3] колдошкон. «Кыргыз» этноними Дж.Банзаровдун оюу боюнча сандык (сан атооч) «кырк» (сорок) көптүк сандын аффикси «ыз» дегенди билдирет, башкача айтканда «кырк уруулуу эл»[4].

Кыргыз элинин дүйнөгө даңкы чыккан «Манас» эпосунун Жусуп Мамай айткан вариантында «кыргыз» деген «кырк жүз»[5] (кырк уруу), «кыргыз» (кырда көчүп жүргөндөр) деген сөздөн келип чыккан[6].

3. В.В.Радлов бул терминди qyrqyz qyrq «кырк» + iuz «жүз» – «жүз кырк» б.а. «жүз кырк эл»[7] деп чечмелейт.

4. А.З.Велиди Тоган «кыргыз» этнонимин qyrq (кырк) +er, б.а. «кырк эр»[8] деп түшүндүрөт.

5. Кээ бир изилдөөчүлөр «кыргыз» этнонимин элдин уруулук аталышы менен байланыштырууга аракет жасашкан: qyrqyz<qyr/hyz «тоо» + -q, суффикс + iz. Yz/ys as уруусунун аталышы «тоолук астар»[9].

Окумуштуулардын тобу этнонимдин биринчи бөлүгү qyr деген сөздөн qyr «түздүк» дегенди түшүнүшөт, ошонун негизинде өздөрүнүн божомолдоолорун сунушташкан:

---

[1] *Абрамзон С.М.* К семантике киргизских этнонимов//СЭ.-М.,1946.-С.126

[2] Көпчүлүк уламыштарда «кыргыз» сөзүнүн этиомологиясы (Абу-л-Газы Бахадур-хан, XVII к.; Осмоналы Сыдык уулу, 1875-1940-жж. ж. б.) Огуз хандын небересинин аты. Ал эми кытай булагы «Юань шиде» («Юань династиясынын тарыхы», XIV к.), кыргыздар кырк кытай кыздарынын жана түндүктөгү Ус (ус-угус-огуз) өрөөнүндөгү элдин урпактары. Сайф ад-Дин Аксыкенти (XVI к.) боюнча XII к. Султан Санжардын кыргынынан аман калган Кожент шаарынын тегерегиндеги кырк өзгөндүк огуздардан урпактары

[3] *Ligeti L.* Kırgız kavim isminin menşei//Türkiyat Mecmuas,I. -Istanbul,1925

[4] *Банзаров Д.* Собрание сочинений.-М.,1955.-С.184

[5] Казактын «үч жүзүнө» окшогон

[6] *Анвар Байтур.* Кыргыз тарыхы.-1-2 китеп.-Б., 2003.-43-б

[7] *Радлов В.В.* Этнографический обзор турецких племен Сибири и Монголии.-Иркутск,1929. -С.18-19

[8] Кара: *Togan Z. V.* Umumî Türk tarihine giriş.-Istanbul,1981

[9] *Гордеев Ф.И.* О происхождении тюркских этнонимов//Вопросы марийского языкознания.-Йошкар-Ола,1968.-С.16-17

6. Qyrqyz<qyr «түздүк» + qyz / kizi / kisi «киши (адам)» – «түздүктөгү адамдар»[1].

7. Qyrqyz<qyr «түздүк» + giz «көчүү», «түздүктө» көчө турган»[2].

8. Атактуу татар окумуштуусу М.М.Рамзи: «Кыргыздар тегинде Огуз-хан урпактары болгон түрк тайпаларынын ичиндеги чоң бир тайпа, же болбосо алар Огуз-ханга жакын жүргөн адамдардан же анын аскер башчыларынан таралган болсо керек. Кыргыздардын наамы болуп келген «гыз» деген сөз «огуз» сөзүнүн бузулуп айтылышы болсо керек... Түрк тилинин сөздүк маанисинде эрме чөл же болбосо жайлоолорду «кыр» деп айтат. Демек, кыргыз деген сөз «кырда жашаган огуздар (кыр-огуздар, кыр-гыз-дар) деген сөз болсо керек»[3] деп жазган. Аты-жөнү анык болбогон бир адам тарабынан жаңы эранын 712-жылы жазылган «Китебени түркия» деген китепте: ... «огуздардын бардык тайпалары» «тогуз огуз» деген наам менен эске алынат, анын ичинде кыргыздар да баяндалат»[4] деп жазылган. Демек, жогорку маалыматтарга караганда «кыргыз» деген наам байыркы түрк тилиндеги (бул доордо байыркы түрк тайпаларынын тили менен кыргыз тилинин ортосунда чоң айырма болбогон) «кыр» (тоо, жайлоолор) деген сөз менен «өгүз» (суу, өзөндөр) деген сөздүн бирикмесинен келген, же болбосо жогорку маанидеги «кыр» деген сөз менен «огуз» (огуз тайпасы жана анын алгачкы бир жетекчисинин наамы) деген сөздөн өзгөрүп келген болсо керек. Бул сөздөрдүн мааниси – кыр-өзөндөрдө жашаган адамдар, же болбосо кырда жашаган огуздар деген сөз болсо керек. Демек, бүгүнкү «кыргыз» деген аталыш ошол «кыр өгүз», же болбосо «кыр огуз» деген сөздөрдүн кыскартылып айтылышы болсо керек. Мадияр окумуштуусу Мункачи ушундай эле

---

[1] *Маргулан А.Х.* Выступление//ТКАЭЭ.-Т.III.-Фрунзе,1959.-С.178

[2] *Vambery H.* Die primitive Culture der türkotatarischen Volkes auf Gründ sprachlicher Forschungen.-Leipzig,1879.-S. 261

[3] Түрк тарыхы.-Т.I.-Стамбул,1896.-120-б

[4] *Талипкол Акбар.*-Т.I.-Оренбург,1903.-256-б

ойду айтат: qyrqyz < qyr-qyz < qyr «түздүк» + oγuz «огуз» – «түздүктөгү огуздар»[1].

Окумуштуулардын экинчи тобу этнонимдин биринчи бөлүгүнөн байыркы түрк сөзү qyr/qyry «кызыл» дегенди түшүнүшөт.

9. К.И.Петров qyrqyz терминин байыркы түрк gyry/qyru «кызыл» сын атоочуна + =(u)z көптүк түрдүн аффиксинин жалганышынан келип чыккан «кызылдар» дегенден алып чыгат. «Кыргыз» (кызылдар) термини башында «кызыл жерлер», «кызыл жерлердин жашоочулары», «кызылдар», кийинчерээк көптүк сандагы маани «кыргыз» унутулганда – «кызыл эл» топоними катары колдонулган[2].

10. Н.А.Баскаков болсо, К.И.Петров тарабынан бөлүнгөн аффикс боюнча шектүү оюн билдирип, өзүнүн вариантын сунуштады: -qyrqyz < qyrvuz < qyryγ «кызыл» + oγuz (уруунун аталышы) > qyryγguz < quruγz <qurγuz, qyrγuoγuz <qyrγuuz < qyrγuz «кызыл огуздар». Мындагы кызылдар – элдин сырткы келбети эмес, анын дүйнө өлкөлөрү боюнча географиялык таркалуусу: «кызыл огуздар» – «түштүктө жайгашкан огуздар, түштүк огуздар – чыгыш өлкөлөрүндөгү өң аталыштарына ылайык уйгурларда, же «батыш огуздар» – чыгыш өлкөлөрүндөгү өң аталышка ылайык буддисттерде жана ламаисттерде[3].

11. Qyrqyz < qyrgyn < qyrγut «qyr» «кызыл» уңгусунда чогулгандык-көптүктүн формасы бар. Демек, бул этнонимдин бардык түрлөрү ар кайсы мезгилде жана ар башка эл үчүн «кызыл», «кызыл тору» дегенди билдирген. Бул толугу менен кытай булактарындагы «хакас-хягяс өлкөсүнүн жашоочулары, башкача айтканда цзян-кунь (байыркы кыргыздар) бойлуу, кызыл тору беттүү жана көк көздүү» деген көрсөтмөсүнө дал келет[4].

12. Ю.А.Зуев «кыргыз» этнонимин «грифон эли» деп талкуулайт, «karkasa»дан же «sarkasa»(индо-ирандык), «kahrkasa»

[1] Ethnographia.-VI.-Budapest,1895.-S.381

[2] *Петров К.И.* К этимологии термина «кыргыз»//СЭ.-М.,1964.-№ 2.-С.81

[3] *Баскаков Н.А.* К вопросу о происхождении этнонима кыргыз//СЭ.-М.,1964.-№ 2.-С.92-93

[4] *Кононов А.Н.* Еще раз об этнониме кыргыз//ТИ.-Фрунзе,1970.-С. 20

(авестий тили), «kargas» (пехлев жана ортоперсиддик тилдер), «karges» (памир-ирандык тилдер), «carkas» (согдий тили), «cirgus» (осетин тили) – булардын баары «бүркүт», «гриф» деген сөздүн варианттары, ал эми «бурут» (буркут) этноними «бүркүт» деген сыяктуу[1].

13. Белек Солтоноев өзүнүн эмгегинде «мусулман тарыхчылары «кыргыз» деген сөздүн келип чыгышын кыр-гес, кыр-угуз сөздүн кыскартылганы деп белгилейт». Менин билүүмчө «кырк жүз», «кырк угуз», «кырк кыз» жана «кырк усун» сөздөрүнүн кыскартылганы «кыргыз» деген атка ээ болушу мүмкүн[2].

14. Каракалпак этнографы Д. Айтмуратов «кыргыз» этнонимин «кыра» жана «гыз» деген сөздөрдөн туруп, «карачачтуу эл» дегенди туюнтат[3] деп жазат.

15. Кыргыз тарыхчысы Байас Турал «кыргыз» этнонимин мындай чечмелейт: «кыркы(а)с» сөзүн тескерисинче окуганда казакча «каскыр» (кырг. карышкыр) болуп окулат, бул карышкырды билдирет. Ошондой эле экзоэтноним «бурут» дагы «бору»дан, башкача айтканда бөрүдөн келип чыккан»[4] – дейт. Буга байланыштуу кыргыздардын «кызыл иттен» келип чыгышы туралуу уламыштын негизинде «кыргыз» этнониминин этимологиясынын дагы бир вариантын берет: «Кыргыз – «гурк» (бөрү) жана огуз (адам) деген сөздөрдүн курамынан жаралган болуу керек. Башкача айтканда, Кыргыз – «бөрү-кыз» – «бөрү-адам» дегенди түшүндүрөт»[5].

16. Кытайлык тил изилдөөчү Дун Вин Йи өзүнүн макаласында жогорку «кырк-жүз», «кырк-из», «кырк-кыз» деген аныктамаларга макул болбой, анын тескерисинче, «кыргыз» деген сөз кыргыз тилиндеги «кырк-аз» деген сөздөн келип чыккан, «аз» деген сөз болсо байыркы кыргызча «баатыр», «ак көңүл», «сулуу» деген сөз болот. «Ал эми кырк–аз» деген сөз

---

[1] *Зуев Ю.А.* Киргизы-буруты//СЭ.-М.,1970.-№ 4.-С.79

[2] *Солтоноев Б.* Кызыл кыргыз тарыхы.-1-китеп.-Б.,1993.-23-б

[3] *Айтмуратов Д.* Тюркские этнонимы.-Нукус,1986.-С.82,92

[4] *Байас Турал.* Огуздар.-Б.,2008.-199-б

[5] Ушул эле жерде

болсо «кайраткер, ак көңүл», «жакшы жоруктуу», «акылы кылды кырк жарган» деген мааниде. Кийинчерээк түрк тилдеринин аралашмасынын негизинде «аз» деген сөз «из» деген сөзгө өтүп, «кырк–аз» деген сөз «кырк–изге» өзгөрүп калган»[1] деп жазат.

17. Кыргыз тарыхчысы, Т.Акеров мындай деп жазат: «сакы» этнониминин жана анын варианты «соххы/з», «кыргыз» атынын келип чыгышына түздөн-түз байланышы бар» деген ойду билдирет. Бул этнонимдеги («соххы/з») биринчи «с» тамгасынын «к» тамгасына жана үчүнчүнүн «х», «р» тамгалары менен өзгөрүшүнө байланыштуу болушу мүмкүн[2] деп белгилейт.

18. Кытай жылнаамаларындагы «кыргыз» – 坚昆 «жианкүн» деп жазылып, «жиан» деген сөз бөлүгү «куругус, чиригис», ал эми «күн» деген сөз «урпак, урпагы, тукуму» деген маанини берип, «түбү куругус» дегенди түшүндүрөт[3].

Кыргыздар кытай жылнаамаларына төмөндөгүдөй аттар менен түшкөн[4]:

1. Гекүн (鬲昆)
2. Гекүн (隔昆)
3. Жегу (结骨)
4. Жианкүн (坚昆)
5. Жияжас (戛戛斯)
6. Жиянкүн (坚昆)
7. Жүву (居勿)
8. Кыгу (纥骨)
9. Кыргыс (纥乞斯)
10. Шиажас (黠嘎斯)

«Кыргыз» этноними башка элдердин курамында: алтайлыктарда – кыргыс[5], башкырларда – kырғы (тәнкәй-kырғыз, kазы-

[1] *Дун Вин Йи.* «Кыргыз» деген аталманын мааниси//Улуттар тили.-1982.-№ 3
[2] *Акеров Т.* Древние кыргызы и Великая Степь.-Б.,2005 -С.16
[3] *Ханзу* (кытай) жазмаларындагы кыргыздар.-Шинжанъ эл басмасы,2004.-349-б
[4] Ушул эле жерде, -292, 349, 362, 363, 371-б
[5] *Радлов В.В.* Из Сибири. Страницы дневника.-М.,1989.-С.96

kай-kырғыз)[1], казактарда – киргиз-аргын[2], өзбек-лакайларда – кыргыз[3], сары уйгурларда – кыргыс (кырхыс)[4], саха-якуттарда – кыргыс[5], түркмөндөрдө (човдур, игдыр, алили) – гыргыз, кәргиз[6]; хакас элинин курамындагы качиндерде – хырғыс[7], кызылдарда – хырғыс[8], сагайларда – хырғыс[9]; Батыш Монголиядагы олёттөрдө – киргис[10], цзахчиндерде – киргис[11], хото-гайтуларда – кыргыз[12] деген формаларда белгилүү.

Жыйынтыкта кыргыз элинин оозеки чыгармаларынын (эпос, уламыштар), Дж.Банзаров, Л.Лигети, С.М.Абрамзондун илимий пикирлеринин негизинде «кыргыз» деген этноним «кырк уруу же урук», «кырк уруулуу эл» деген түшүнүктү берет десек жаңылышпайбыз.

---

[1] *Кузеев Р.Г.* Происхождение башкирского народа.-М.,1974.-С.361

[2] *Кузеев Р.Г.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.360

[3] *Кармышева Б.Х.* Узбеки-локайцы Южного Таджикстана.-Сталинабад, 1954.-С.30

[4] *Тенишев Э.Р.* Этнический и родоплеменной состав народности юйгу//СЭ.-1962.-№1.-63

[5] *Иванов М.С.* Предание о роде Кыргыс//Мифология народов Якутии.-М., 1980.-С.65

[6] *Атаниязов С.* Шежере.-Ашгабат,1992.-131,277-б

[7] *Бутанаев В.Я.* Происхождение хакасских родов и фамилий.-Абакан, 1994.-С.80

[8] *Бутанаев В.Я.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.89

[9] *Бутанаев В.Я.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.85

[10] *Грумм-Гржимайло Г.Е.* Западная Монголия и Урянхайский край.-Т.III.-Вып.1.-Л.,1926.-С.254

[11] *Грумм-Гржимайло Г.Е.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.267

[12] *Грумм-Гржимайло Г.Е.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.267




*Карта 1.* Улуу Кыргыз каганаты (840–924-жж.)

# БУРУТ ЭТНОНИМИ

*«Солондордy сойлотту,*
*Соолутмак болду ойротту,*
*Ким көрүптүр бурутту,*
*Буруттар бизди курутту».*

«Манас» эпосу

Көпчүлүк изилдөөчүлөр «бурут» атын Тянь-Шанды мекендеген кыргыздардын алгачкы аталышы деп беришет. Алардын кээ бирлери буруттарды байыркы убактан бери Тянь-Шанда жашаган уруу катары карашса, башкалары буруттар Монголиядан чыгып, Тянь-Шанга орто кылымдарда жер которушкан деп санашат.

XV–XVIII кылымдарда Цинь-манжур (кытай)[1], монгол тилдүү булактарда жана ошол мезгилдердеги орус авторлорунун эмгектеринде[2] Теңир-Тоо кыргыздары «бурут», «буруттар» деген экинчи бир ат менен да белгилүү болушкан.

---

[1] «Сиюй чжи» (Батыш аймактар баяны,1763), «Пиндин чжуньгээр фанлюэ» (Жунгарияны тынчытуу баяны,1772), «Дай Цин личао шилу» (Улуу Цин сулалесинин баардык өкүмдарларынын башкаруу баяны), «Хуйцзян чжи» (Мусулман аймагы жөнүндө баян,1772), «Сиюй вэнь цзянь лу» (Батыш аймактан көргөн жана уккандар баяны,1777)

[2] Посольство к зюнгарскому хун-тайчжу Цэван Рабтану каритана от артиллерии Ивана Унковского и путевой журнал его за 1722-1724 годы//ЗИРГО.-По отд. этнографии.-Т.Х.-Вып.2.-СПб.,1887.-С.193,249,263; Архив внешней политики России, ф. «Зюнгарские дела» 1731-1733, д.3,л.161,130

«Манас» эпосунун бардык варианттарында калмак-кытайлар тарабындагы терс каармандар кыргыздарды «бурут» деп аташкан[1].

«Бурут» термини жөнүндө Н.Я.Бичурин, Н.А.Аристов, В.В.Радлов, Г.Гоурт, У.Шотт, А.Левшин, Г.Е.Грум-Гржимайло, К.И.Петров, Г.В.Ксенофонтов, Ю.А.Зуев, А.Абдыкалыков, Э.Ж.Маанаев, Ө.К.Караев, Е.Кычанов, Т.Бейшеналиев, В.Я.Бутанаев, О.К.Каратаев өңдүү тарыхчылардын эмгектеринде айрым ой-пикирлер, терминдин чечмелениши, анын кыргыздарга байланышы жөнүндө сунуш-пикирлер айтылып келген.

* * *

1750-жылдары Г.Ф.Миллер энесей кыргыздары «бурут» деген ат менен да белгилүү болушкан[2] деп жазат. Миллердин бул жазганын В.В.Радлов[3] жана Г.Гоуорт[4] колдошкон.

В.В.Радлов[5] «бурут» этнонимин бор, боор деген бугу уруусунун урук аталышынан төмөндөгүдөй чыгарат: «бурут» (бур + ут) – бор + ут (көптүк маанини аныктаган сөз жасоочу мүчө).

Чыгыш таануучу Ю.А.Зуев бир катар маалыматтардын негизинде «бурут» терминининин келип чыгышынын башатын тотемдик ыйык куш – бүркүткө байланыштырат[6]. Н.Ф. Катанов «Буруттар (кара-кыргыздар) – качиндердеги бүркүттөрдөй эле» деп жазат[7].

Кытайдын Юань жана Мин династияларынын жыл баяндарындагы кыргыздар жөнүндөгү маалыматтарга иликтөөлөрдү

---

[1] Кара: Манас: Кыргыз элинин баатырдык эпосу.(СО)-Б.,2010; Манас.(СК)-Б.,2010; «Манас». Энциклопедия.-Т.I.-Б.,1995.-161-б

[2] *Миллер Г.Ф.* Описание Сибирского Царства и всех происшедших в нем дела, от начала и особливо от покорения его Российской Державе по сии времена.-Кн.1.-СПб.,1750.-С.398.-§49;он же. История Сибири.-Т.I.-М.-Л.,1937.-С.314.-§48

[3] *Radloff W.* Observations sur les Khirghis//JA.-Ser.VI.-1863.-P.317

[4] *Howorth H.H.* History of the Mongols.-London,1876.-Pt.1.-P.696

[5] *Radloff W.* Observations sur les Khirghis//JA.-Ser.VI.-1863.-P.317

[6] *Зуев Ю.А.* Киргизы-буруты//СЭ,–1970,–№4.-С.84

[7] *Катанов Н.Ф.* Предания присаянских племен о прежних делах и людях// Сб. «В честь 70-летия Г.Н.Потанина».-ЗИРГО.-По отд. этнографии.-Т.XXXIV.-СПб.,1909.-С.280

жүргүзүп келишкен Е.Кычанов жана Т.Бейшеналиевдер «бурут» термини ойроттор (жунгар-калмактар) тарабынан кыргыздарга берилген ат (экзоэтноним) деп, термин ойрот-калмактардын бору(к) – «аска-зоолор» деген сөзүнөн келип чыккандыгын белгилешет. Эне-Сайга куйган Хемчик-Борук дарыясына жамаатташ жашаган кыргыздардын бир бөлүгү бо-ру(к)-бору + т – буру + т деген ат менен аталышкан деген тыянакты айтышат[1].

Саян-Алтай элдеринин этнографиясын изилдеген профессор Л.П.Потапов алтайлыктардагы (теленгиттер) «бурут» (bur–ut) этнониминин келип чыгышын эзелки тотемдик жаныбар – бугуга байланыштырат[2].

Профессор В.Я.Бутанаевдин пикиринде «бурут» терминининин төркүнү монгол тилдерине таандык. Кыргыздар бул экзоэтнонимди төрт түлүк малдын сактоочусу болгон көк түстүү «ызыхка» (үй жаныбарларынын ыйык колдоочусу) байланыштуу алышкан. Бул түс кыргыздардын Саян-Алтайдагы саясый үстөмдүгүнүн символун аныктаган түшүнүктү да чагылдырат[3]. Буруттар хакастарда «кыргыздар» деп баяндалары маалым[4]. Саян-Алтайдын бүгүнкү элдери уламыштардагы буруттарды жана кыргыздарды бул аймакты жердеген эң байыркы эл катары түшүнүшөт.

Жогорудагы маалыматтар «бурут» терминининин маанисин толук ачып бере албады.

* * *

Н.Я.Бичурин «кыргыз» жана «бурут» этнонимдерин синоним катары карап, «Азыркы кыргыздар мурда Тибеттин түндүк чегинен алыс эмес Хотон тоолорунун түштүк жагында жашашып, азыркы турушкан жеринде «болу», «булу» жана «болюй» деген кытайча аталыштар менен б.з. IV кылымында белгилүү болушкан. «Болу» жана «булу» бурут сөзү менен окшош, демек

[1] *Кычанов.,* Бейшеналиев 1991,242-243
[2] *Потапов* 1935,147-148
[3] *Бутанаев В.Я.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.41
[4] *Бутанаев В.Я.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.39-40

бурут кыргыздардын байыркы аты, аны менен аларды кытайлар жана монголдор азырга чейин аташат» деп жазат[1].

Кытайдын тарыхындагы байыркы жана жаңы маалыматтарды салыштырып, уруулардын жайгашкан аймактарын тактап, Н.Я.Бичурин «Булюй бул чыгыш жана батыш Түркстандын ортосунда жаткан азыркы бурут же кыргыз ээлиги»[2] деген бүтүмгө келет.

Орустун көрүнүктүү окумуштуусу А.И.Левшин буруттар жөнүндө: «Жаңы замандагы кытай географтары кыргыздарды «бурут» деген ат менен жазышат». Ал кытай булагы «Дай Цин итун чжиге» (гл.420) шилтеме берип, «Түндүк Вэйлер ээлик кылып турганда, азыркы буруттардын жеринде жашаган эл – полу, ал эми Тан династиясынын убагында пу-лу, же по-лю деп аталган. Кийин алар Чоң (Улуу) жана Кичи Пулу деп бөлүнүштү. Мурда ал эл ушул өлкөнүн түштүк тарабындагы тоолордун түштүк жагында жашашып, кийин анын түндүк тарабына өткөн. Тан (династиясынын) мезгилинен бери кытайлардын алар менен мамилеси жок. Полу деген аталыш Борү (бөрү) менен окшош, демек, пулу эли буруттар экендигине шек жок. Мындан буруттар V жана VI кылымдарда эле азыркы турган жерлеринде жашашкан деген тыянак чыгат. Кыргыздар алар менен Түштүк Сибирден куугунтукталганда аралашып кеткен болуу керек»[3] деген маалыматтарды берет.

Сары-Кол, Памир атын алып турган Улуу Тоонун айлана – тегереги илгертен эле Кыргыз жери болгону «Манас» эпосунда:

Бадахшан менен Балыкты
Башынан күтүп башкардым – десе дагы бир жеринде.

---

[1] *Бичурин Н.Я.* Описание Чжунгарии и Восточного Туркистана в древнем и нынешнем состоянии.-Ч.I.-СПб.,1829.-С.XXVII,XXVIII

[2] *Бичурин Н.Я.* История Тибета и Хухунора с 2282 года до Р.Х. до 1227 года по Р.Х.-Ч.II.-СПб.,1833.-С.191

[3] *Левшин А.* Описание киргиз-кайсакских или киргиз-казачьих орд и степей.-Ч. II.-СПб.,1832.-С.14-15

Балык менен Бадахшан
Башынан кыргыз жеридир[1] – деп айтылып турат.

Чыккан чөп менен аккан суудан башкага залалы жок, бирөөгө кылайып кара санабаган, момун, ишенчээк кыргыз элинин бир ууч бөлүгү «сарыколдуктар» деген ат менен Памир тоосунун Ооганстан жак чегинде жашап келишет[2]. Оогандык кыргыздар жалпысынан «Чоӊ памирлик» жана «Кичи памирлик» болуп экиге бөлүнүшөт[3]. Экөөндө теӊ эле байыркы кыргыз уруулары: тейит, кесек, кыпчак, кыдырша, найман урууларынын өкүлдөрү бар.

Ч.Ч.Валиханов «пулу» менен «бурут» терминдеринин байланышын изилдеп, төмөндөгүдөй жыйынтыкка келет: «пулу», «булу» жана «пули» – кытай тилинде «бурут» аталышында сакталып калган, кыргыздын «бөрү» же «буру» уруусунун бузулган формадагы этнонимдери. Ал кытай булагы «Дай цин итун чжиге» шилтеме берип: «пулу менен булу аталыштары окшош, демек, пулу – буруттар». Анда ары: «Менимче, орустар кайсактарга «кыргыз» деген ат бергендей эле, «бурут» сөзүнүн келип чыгышынын кыргыздарга ушундай эле тиешеси бар»[4] деп жазат.

Немец окмуштуусу У.Шотт «Чыныгы кыргыздар» деген макаласында кытай булактарындагы кыргыздар жөнүндөгү маалыматтарды салыштырып, булу уруусун изилдеп, алгачкы кыргыздар «буруттар» деп аталып, «бу-лу-тэ» деген сөздөн келип чыккан» деген тыянак чыгарат[5].

А.Х.Маргулан «Полу, же пулэй уруусу б.з.ч. I кылымдардан эле белгилүү. Тарыхый салт боюнча алар эки канатка бөлүнүшкөн: пулей арткы (чыгыш), пулей алдыӊкы (батыш). Кытай булактары боюнча, пулэй арткы Теӊир-Тоонун чыгыш жагында,

[1] *Карасаев Х.* Камус нама.-Б.,1996.-155-б

[2] *Саргазаков К.* Оогандык кыргыздар//Кыргызстан маданияты.05.12.1988-ж.

[3] *Саргазаков К.* Көрсөтүлгөн эмгек. 15.12.1988-ж.

[4] *Валиханов Ч.Ч.* Избранные произведения.-Алма-Ата,1958.-С.324

[5] *Schott W.* Über die ächten Kirgizen//APAW.-Berlin,1864.-S.465

Toктата тоосунун Сюй-Чу өрөөнүндө, башкача айтканда, Баркөл (Пулэй-цзе)[1] чөлкөмүндө жашашкан. Пулэй алдыңкы Теңир-Тоонун батыш жагындагы Шуюй (Чу дарыясы) өрөөнүндө турушкан. Кытай булактарында мындай деп айтылат, Пулэй ээлиги Хан династиясынын учурунда Ичжи (Ичкилик – Н.Т.) деген аталыш менен белгилүү болгон, ал эми «Үчпадышалык» убакта – Пулу. Пулэйдин (болу, болюй) башка уруктары Тибеттин батышындагы Пияз (Памир) тоосунун өрөөндөрүндө жана капчыгайларында жашашкан[2].

Пулэйдин (пулу, булу) жашоо турмушу жана каада-салты кыргыздардыкынан эч айрымасы болгон эмес. «Пулэй боз үйлөрдө жашашып.... Эгин сепкенди жакшы билишет. Уй, ат, төө жана койлорго ээ болушуп, жаа, жебе жасаганды билишет. Алгач Пулэй чоң ээлик болгон. Батыш аймактар хунндардын бийлиги астында болгондо, пулэйдин башкаруучусу Шаньюйдүн астында күнөөкөр болуп калат, ал ачуусу менен «6000 пулэйдин жашоочуларын Батыш хун аймагына, Хову өлкөсүнө көчүрүп, княжествону Хаву деп атайт. Ал Чыгыш Чешиден түндүктө жайгашып, атчан 90 күндүк жол»[3], башкача айтканда, азыркы Турфан оазисинен Алтай жана Саян тарапта.

Кыргыздын бөрү уруусу жөнүндөгү маалыматтар кытай булактарынан башка араб жана перс булактарында да кездешет. Мисалы «Худуд ал-Аламда» (Х к.) жана Абу Са’ид Гардизиде (XI к.) фури (кури) деген эл эскерилет. «Кыргыздардын чыгыш тарабында фури деген эл бар, алар да кыргыздардан...Башка кыргыздар менен аралашышпайт...Тили башка кыргыздар үчүн түшүнүксүз»[4]. Ю.А.Зуев 拊 離 , фули (>piu-ljie<böri) (буре) –

---

[1] *Бичурин Н.Я.* [Иакинф]. Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена.-Ч.III.-СПб.,1851.-С.87; Ушул эле китеп.-Ч.II.-М.-Л.,1950.-С.206

[2] *Бичурин Н.Я.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Ч.III.-СПб.,1851.-С.46,252-254; Ушул эле китеп.-Ч.II.-М.-Л.,1950.-С.178,319-321

[3] *Бичурин Н.Я.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Ч.III.-СПб.,1851.-С.131; Ушул эле китеп.-Ч. II.-М.-Л.,1950.-С.236

[4] *Hudud al-’Alam*. The Regions of the World. A Persian Geography 372 A. H. – 982 A. D. Transl. and expl. by V. Minorsky.-London,1937.-P.286

усундардын, сюнну-гундардын, табгачтардын жана түрктөрдүн уруу аталышы деп жазат[1]. 符離, фули (>piu-ljie<böri) Эдзин-гол өрөөнүндөгү юэчжи ээлигинин бир бөлүгү, б.з.ч. 119-жылдары анын башкаруучусу Чантуло деген болгон. 附 離 фули (>piu-ljie<böri) «лан» деп которулуп, «бөрү» деген маанини берген. Ордодогу Тюрк каганын лейб-гвардиясын 𐰋𐰇𐰼𐰃 «фули/бөрү» деп аташкан. Кагандын ордосунун үстүндө бөрүнүн башынын сүрөтү түшүрүлгөн желек желбиреп турган[2].

Тарыхчы Т.Акеров «динлин» этнониминин келип чыгышын кыргыздардын «жети бөрү» же «эди бору» (эди фулин) уруусунун аталышы менен байланыштырат[3]. Эгерде андай болгондо «динлин~теле» уруусу уламыш боюнча өздөрүн бөрү менен хунн канышасынан таратышат.

Н.А.Аристов «бурут» аталышы «бөрү» деген сөздөн келип чыккандыгын жазат[4]. Буга мисал катары изилдөөчү кыргыздардын курамындагы адигине уруулук тобуна кирген бөрү уруусунун энчилүү атын келтирет[5]. Н.А.Аристовдун пикиринде «бурут» (буру + т) – «бөрү» этнониминин фонетикалык өзгөргөн формасы (-т көптүк маанини аныктаган сөз жасоочу мүчө).

* * *

К.И.Петров монгол тилдеринин сөздүктөрүндөгү маалыматтарга таянып, «буруу» – «чыккынчылар», «дини бөтөндөр» дегенди туюнтаарын, ал эми термин кыргыздарга карата берилген лакап ат экендигине токтолгон[6].

---

[1] *Зуев Ю.А.* Выступление на сессии, посвященной этногенезу киргизского народа//ТККАЭ.-Т.III.-Фрунзе,1959.-С.172

[2] *Зуев Ю. А.* Ранние тюрки: очерки истории и идеологии.-Алматы,2002.-С.36

[3] *Акеров Т.* Древние кыргызы и Великая Степь.-Б.,2005.-С.59

[4] *Аристов Н.А.* Опыт выяснения этнического состава киргиз-казаков Большой орды и кара-киргизов, на основании родословных связей и сведений о существующих родовых делениях и о родовых тамгах, а также исторических данных и начинающихся антропологических исследований//ЖС.-СПб.,1894.-Вып.III-IV.-С.345; он же. Труды по истории и этническому составу тюркских племен.-Б.,2003.-С.53

[5] *Аристов Н.А.* Көрсөтүлгөн эмгек.-СПб.,1894.-С.345;--Б.,2003.-С.53

[6] *Петров К.И.* Очерки феодальных отношений у киргизов в XV–XVII вв.-Фрунзе,1961.-С.57

Тарыхчы А.А.Абдыкалыков К.И.Петровдун бул көз карашын толугу менен колдоп, «бурут» термини кыргыздар менен жунгарлардын ортосундагы туруксуз мамилелердин натыйжасында келип чыгат. «Бурут» сөзү калмактын «буруу» + «д» > «т» деген көптүк маанини аныктаган суффикс аркылуу пайда болгон. Калмак жана монгол тилдеринде «бурут» – «күнөлүү», «чыккынчы», «башка диндеги» деген маанилерди туюнтуп, ал термин кыргыздарга бөтөн эл тарабынан таңууланган лакап ат (экзоэтноним) экендигин жазат[1].

Саха-якут тарыхчысы Г.В.Ксенофонтов бул термин боюнча кызыктуу пикирин сунуш кылган. Саха-якуттарда «бурут-буруут» сөзү «бөтөн уруудан», «бөтөн жердик», «чет жердик» дегенди туюнтуп, саха-якуттардын лексикасында «бурут» сөзү жаш балдарды коркутуу үчүн колдонулган[2].

Тарыхчы профессор О.К.Каратаев «бурут» терминининин келип чыгышын, маанисин, проблемасын илимий изилдеп[3], Н.А. Аристовдун «бурут» термини «бөрү» дегенди туюнтат деген көз карашын колдоп, «бурут» этнониминин оболку формасы «бөрү» (бөрү + т- пүрүт-бурут) деп аталган. Бөрү + т; – т (- ыт; – ут; – ит) аффикси монгол тилдүү элдерде көптүк маанини аныктаган сөз жасоочу мүчө[4]. Айрым изилдөөчүлөрдүн «бурут» – бөтөн жердик, чыккынчы ж.б.у.с. тыянактарына макул болууга негиз жок[5]. Бул маалыматтардын жана фактылардын негизинде кыргыздардын башка элдерде тотемдик «бурут» деген кошумча ат менен да белгилүү болгондугун, ал эми этноним «бөрү», «карышкыр» маанилерин туюнтат деген тыянакка келет[6].

---

[1] *Абдыкалыков А.* О термине «Буруты»//СЭ,–1963,–№ 1.-С.127

[2] *Ксенофонтов Г.В.* Очерки по древней истории якутов.-Т.I-II.-Якутск, 1992.-С.162-164

[3] *Каратаев О.* Кыргыздардын этномаданий байланыштарынын тарыхынан.-Б., 2003.-54-69-б

[4] *Каратаев О.* Көрсөтүлгөн эмгек.-64-б

[5] Кара: *Петров К.И.* Очерки феодальных отношений у киргизов в XV–XVII вв.-Фрунзе,1961.-С.57

[6] *Karataev O.K* Eski türk devrindeki kırgız etnik isimleri//Türkler.11.Yeni Türkiye yayinlari.-Ankara,2002.-S.80-85

* * *

Чыгыш таануучу Г.Е.Грум-Гржимайло «бурут» термининин келип чыгышын «бурят» этноними менен жалпы негизде карайт. Ал өзүнүн оюн Рашид ад-Диндин «Жами ат-Таварихинде» эскерилген баргу-буруттар менен «бурут» термининин тарыхый жалпылыгы бар деген пикирин айткан[1].

Г.Е.Грум-Гржимайло «буруттарды» өз алдынча эл болуп, Теңир Тоо кыргыздарынын этникалык жүзүнүн калыптанышына негизги роль ойногон этнокомпонент катары карайт. Ал аргумент катары Хакас-Минусин ойдуңундагы сагай, качиндердин жана алтай-теленгиттердин курамдарынан кездешкен «кыргыз», «бурут» деген этнонимдеринин параллелдерин келтирет[2].

Д.Банзаров «бурут» этнонимин «бурят» деген сөздүн бир варианты деп эсептейт[3]. Н.Г.Румянцев Д.Банзаровдун бул оюн негизсиз деп, «монгол тилинде burijad~burud деп алмашуўга фонетикалык жактан мүмкүн эмес»[4] деп жазат.

Бирок бурят этноними монгол сөзү эмес, ал байыркы түрк тилинен монгол тилине келип кирген. Этноним жалпы буряттардын тилинде «буряад» деп айтылат. Элдик этимология боюнча «буряад» буриха деген этиштен алынып, «жол менен жүрбөй, жолдон бурулуп чыккандар» деген маанини берет. Мунун негизинде «бурят» деген аталыштын этимологиясы «монголдордон бөлүнүп кетишкендер», алардан четтеп кетишкендер» деп чечмеленет[5].

Бурят окумуштуусу Ц.Б.Цындендымбаев бурят сөзүнүн этимологиясында «бөрү» деген түрк сөзү жатат. Бурят деген этноним, «бүре (bür’e)» + «д» же «бөре (bөr’æ)» + «д» көптүк

---

[1] *Грумм-Гржимайло Г.Е.* Западная Монголия и Урянхайский край.-Т.II.-Л.,1926.-С.537;-Т.III.-С.188

[2] *Грум-Гржимайло Г.Е.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Т.II.-С.537

[3] *Шейбаниада.* История монголо-тюрков.-Казань,1849.-Приложение V.; Банзаров Д. Собрание сочинений.-М.,1955.-С.180

[4] *Румянцев Н.Г.* Примечание к кн: Д.Банзаров. Собрание сочинений.-М.,1955.-С.321-322,прим.323

[5] *Цындендамбаев Ц.Б.* Бурятские исторические хроники и родословные.-Улан-Удэ,1972.-С.274

монгол суффиксинин жардамы менен келип чыгат. Бөрү деген атты түрк доорунда протомонгол шоно~чоно аталыштагы тотеми бөрү болгон уруулардын бири алышкан же аларга түрктөр бул аталышты беришкен» деген өзүнүн көз карашын илимий чөйрөгө сунуштайт[1].

Б.Б.Бардин «бурят» сөзү бул байыркы «баргут» сөзүнүн кийинки варианты деп, аны мындай чечмелейт баргут~бургут~бурут~бурат~бурят»[2].

Саян-Алтайдын түрк-монгол тилдүү элдеринде (хаас, алтайлыктар, телеуттар, урянхайлар, хотон, торгоут, дэрбэт) кенен таралган «бурут» (пүрүт) уругунун өкүлдөрүнүн теги ушул аймактын эзелки элине барып такалат. Хакас фольклорунда «бурут» (пүрүт) уруусунун түпкү мекени Бурятия, экинчи маалымат боюнча Дэрбетия (Түндүк-Батыш Монголия) экени баяндалат[3].

«Бурут» этноними башка элдердин курамында: алтайлыктарда – пурут (пырат, парат)[4], алтайлык торгоуттарда – бурут[5]; телеуттарда – пурут[6]; хакас элинин курамындагы белтирлерде – читі пүүр[7], бирюсиндерде – читі пүүр[8], качиндерде – пүрүт[9], кызылдарда – пүрүт[10], сагайларда – пүрүт[11]; Батыш Монголиядагы торгоуттарда жана хотондордо – бурут[12] деген формаларда белгилүү.

Жогоруда келтирилген маалыматтардын негизинде төмөндөгүдөй жыйынтыкка келсек болот:

---

[1] *Цындендамбаев Ц.Б.* Көрсөтүлгөн эмгек-С.277-279

[2] *Бардин Б.Б.* Буряты-монголы//Бурятоведение.-1927.-№3-4.-С.45

[3] *Бутанаев В.Я., Бутанаева И.И.* Хакасский исторический фольклор.-Абакан, 2001.-С.54-55

[4] П*отапов Л. П.* Этнический состав и происхождение алтайцев.-Л.,1969.-С.23

[5] *Грумм-Гржимайло Г.Е.* Западная Монголия и Урянхайский край.-Т.III.-Вып.1.-Л.,1926.-С.186

[6] *Радлов В.В.* Из Сибири. Страницы дневника.-М.,1989.-С.96

[7] *Бутанаев В.Я.* Происхождение хакасских родов и фамилий.-Абакан, 1994.-С.86

[8] *Бутанаев В.Я.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.87

[9] *Бутанаев В.Я.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.80

[10] *Бутанаев В.Я.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.88

[11] *Бутанаев В.Я.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.84

[12] *Грумм-Гржимайло Г.Е.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.276

1. Хан династиясынын (б.з.ч. 206–б.з. 220-жж.) учурундагы пулэй, «Үч падышалык» убактагы – пулу, Түндүк Вэй династиясынын (386–535-жж.) учурундагы – по-лу (бо-лу), ал эми Тан династиясынын (618–907-жж.) убагында пу-лу, же по-лю аталыштарын Н.Я.Бичурин, А.И.Левшин, Ч.Ч.Валиханов, У.Шотт, А.Х.Маргулан бурут этнониминин кытай тилинде айтылышы деп, аны менен окшоштурушуп, «бурут» кыргыздардын байыркы аты деген тыянакка келишет.

2. Н.А.Аристов, А.И.Левшин, Ч.Ч.Валиханов, Ц.Б.Цынден-дымбаев, О.К.Каратаев «бурут» аталышы «бөрү» деген сөздөн келип чыккандыгын белгилешип, аны бөрү аталыштагы уруу менен байланыштырышат.

3. А.Х.Маргулан, Ю.А.Зуев, Э.Ж.Маанаев пу-лу, же пу-ли аталыштарын кытай жана араб булактарындагы фу-ли (фури) менен байланыштырып, аны «бурут» этноними менен окшоштуруп, «бөрү» деген маанини берет дешет.

4. «Бөрү» ичкилик урууларынын жалпы тотеми, ошол себептен «бурут» этноними алгач кыргыздын ичкилик тобунун аталышы болгон, ошондуктан Ч.Ч.Валиханов: «... кыргыздар кытайлар атагандай «бурут» деген атты таптакыр билишпейт, бул сөздү алар (кыргыздар) такыр угушкан эмес; «бурут» деген уруктун аталышын кыргыздардын ичинен кездештире албадым» – деп жазат[1]. Себеби Ч.Ч.Валиханов негизинен түндүк (Оң канат) кыргыздарга гана жолуккан.

[1] *Валиханов Ч.Ч.* Избранные произведения.-Алма-Ата,1958.-С.324

*Схема 1. Кыргыздардын урууулук түзүлүшү*




Булардан сырткары Кыргыз элинин курамында кыргыз эмес жана аралаш тектеги топтор: *сарт-калмак, калмак-кыргыз, калмак, чала казак, келдике, күрөң* аттуу урук бөлүкчөлөр бар.

# АРИЙ УРУУЛАРЫ

*"Динлин расасына Борбордук Азиядагы байыркы төрт эл таандык: жогорку Енисейдеги кыргыздар, Байкал жээгиндеги динлиндер, тарыхта калган Лобнор көлүнүн жанындагы усундар жана Саян-Алтайдагы бомалар».*

Г.Е. Грумм-Гржимайло

Динлиндердин көпчүлүк бөлүгү б. з. ч. III–II-кылымдарда Байкал көлүнөн түштүгүрөөк жана батыш тарабындагы чоң райондордо жашашкан да, хунндук союздун составына кирген.

Биздин эранын башында хунндардын ички саясий күрөштөрүнүн күчөшүнөн улам Динлиндер түштүккө, учурдагы батыш Кытайдагы провинциялар Ганьсу менен Хэбэйдин аймагына орун которушкан. Жергиликтүү жашоочулар аларды динчжуолук, чжуньшандык жана бэйдинлик динлиндер деп аташкан. Экинчи негизги бөлүгү МНРдин территориясында кала беришкен да, кытайлардын байыркы айтылышы боюнча теклэ (тенле), цилэ жана тэлэ деп аталышкан. Кийинчерек кытай историографтары этнонимдин түркчө аталышын тагырак мүнөздөө үчүн теле деп жаза башташкан[1]. Ал эми динлиндер өздөрүн башында *туглук*, андан кийин *тура* деп аташкан[2]. Байыркы заманда *тура* уруулары жашаган өлкө Туран деп аталган.

---

[1] *Сыхай.*-Шанхай,1979.-С.10

[2] *Чэнь Хуа, Го Пинлян, Ван Чжилай.* Краткая история Синьцзяна.-Т.I.Урумчи,1984.-С.141

Туглук (динлин) этноними кытайлыктар тарабынан ар кандай айтылып, айтылышы жагынан бири-бирине окшош түрдүү иероглифтер менен жазылган. Алардын айрымдары 丁令 «тинг линг» деген байыркы окулушка ээ болгон. Кытай булактарынын күбөлөндүрмөсү боюнча динлин ди (тиеук) уруусунун түзүүчү бөлүгү болуп саналат. Ди уруусунун пайда болушу б.з.ч. II–III-миңинчи жылдарга туура келет. Ди уруулары учурдагы Ички жана Сырткы Монголиянын территориясында, Кытайдын батыш провинцияларында, Чыгыш Түркстанда, азыркы Казакстандын айрым аймактарында жашашкан. Байыркы заманда алар ээлеген аймактын борбору болуп Байкал көлүнүн түштүк райондору жана Енисей дарыясынын жогорку жерлери эсептелген[1].

Теле (телэ) 鐵勒 – 44 байыркы урууларынын союзунун аталышы. Алардын көбү кийинчерэк кытай булактарында кездешпей калган. Телэлер тууралуу маалыматтардын кытай булактарында биринчи ирет эскерилиши б. з. III–IV-кылымына туура келет. Телэлер тууралуу атайын жазуу биринчи ирет «Бей шиде» кездешет. Ал жерде телелер жөнүндө төмөндөгүдөй маалыматтар берилет: «Теленин ата-бабалары хунндардын урпактары болушат. Теле көптөгөн уруулардан туруп, Батыш деңизинин (Жеротолук деңизи) чыгышындагы тоолор менен капчыгайларда көчүп-конуп жүрүшөт. Дуло[2] дарыясынын түндүгүндө пугу (бугу), тунло (тонгра), вэйхэ (уйгур), фу (фуло), аны цзайцзинь (эркин) деп да аташат, мэнь-чэнь (мчин, мачин), тужухэ (турагур), сыцзе (изгил), хун, ху (хо, хор), сие (сир) уруулары турушат, алардын 20 000ге жакын аскери бар. Ивунун[3] батышында жана Яньцинин түндүгүндө, Байшанга жакын жерде ци-би

---

[1] *Лю Итан.* Чжунго бяньцзян миньцзу ши (История пограничных народов Китая).-Тайвань,1969.-С.223-237; Фэн Цзяшэн, Чэн Су-ло, Му Гуанвэнь. Вэйвуэр цзу шиляо цзяньбянь (Краткий сборник материалов по истории уйгуров).-Т.I.-Пекин,1981.-С.4-9

[2] Тола дарыясы

[3] *Ивергул* – Кумулдун байыркы түрк аталышы жергиликтүү элдердин тилинде жана кытай адабияттары боюнча Хами. Ал аркылуу Кытайды батыш өлкөлөр менен байланыштырган эң ыңгайлуу негизги жол өткөн. Ошондуктан кытайдын тарыхый адабияттарында аны «Сиюй мэньху», которгондо «Батыш өлкөлөрдүн дарбазасы» деп аташкан

(чибни), боло, чжииде (чжиде), супо, нахэ, уху (угу – угуз), хэгу (киркиз), еде, юйнихулар (юйнигу – урянхай) жашашат, алардын 20 000ге жакын аскер күтүшөт. Цзиншандын түштүк-батышын се-яньто (сир-тардуш), делээр (диер), шипань (забендер), дани (тургеш) уруулары жердешет, булардын 10 000ге жакын жоокери бар. Кан мамлекетинин түндүгүндө, Адэщуй дарыясына жакын хэде (адиз), хэцзе (хазар), бо-ху (булгар, болгар), бэйцянь (печенег), цзюйхай, хэбэйси (абусы, башими-басмил), хэсо (буртас), суба (сибир), емо (емак), кэда (гот, гоч) уруулары турушат, аларда 30 000 аскер бар. Дэихай[1] көлүнүн чыгышын жана батышын сулуйзе (сароугоур), саньсуянь (саксин), мецу (мокшас), саху уруулары ээлешет, алар 8 000 жоокер күтүшөт. Фусэндин[2] чыгышын эньцзюй (онгар), алань (алан), бэйжу (башкыр), цзюлифу (кутигур), вахундар (оварxун) мекендешет, алардын 20 000ден ашык аскери бар. Бэйхайдын[3] түштүгүндө дуполор (дубо, тува) жашашат, булар башка уруудан экенине карабай, өздөрүн телэ уруусунанбыз дешет»[4].

Кытайга коңшу жайгашкан элдердин этногенезин изилдөөгө зор салым кошкон кытай тарыхчысы Линь Хуйсян XX-кылымдын 30-жылдары эле мындай деп жазган: «Телэ же тэлэ жана гоачэ бир урууга таандык. Бирок Тоба Вэй 拓拔魏 (386–534-жж.) империясына кошуна болгон уруулар акыркы айтылган тарабынан күчтүү соккуга учурап, чөлдүн түндүгүнө орун которууга аргасыз болушат (Гоби, Ички Монголиянын батышында). Кытай булактарында алар (түштүккө орун которгон телэлер) *гаочэ* деп аталып калышат. Ал эми түндүктө калган бөлүгү чжурчжэндерге, андан кийин түрктөргө багынып калышат. Аларга бул хроникаларда *телэ* деген аталыш берилген. Ошондуктан эки аталыш бир эле элди туюндурат. Аны менен бирге телэнин составына кирген уруулар «Бэй шиде» кененирээк сүрөттөлгөн»[5].

---

[1] Балхаш көлү

[2] Фусэндин аныктамасына Жер ортолук деңиздин жээктери кирген

[3] Байкал көлү

[4] *Поздеев Д.* Исторический очерк уйгуров.-СПб.,1899.-С.37-40

[5] *Линь Хуйсян.* Чжунго миньцзу (История народов Китая).-T.I.-Тайбэй,1973.-С.7




*Карта 2.* Ди уруулары

Белгилүү тайван тарыхчысы Лю Итан өзүнүн Кытайга кошуна жайгашкан элдердин этногенезине жана тарыхына арналган эмгегинде мындай деп жазат: «Теле динлиндердин урпактары. Түндүк жана Түштүк династиясынын (265-583-жж.) тушунда батыштан Волгадан башталган чыгышта Толы дарыясына чейин созулган аймакты ээлеген көчмөн калк өзүн теле деп атаган»[1]. Тарыхчынын андан аркы дагы белгилеп кеткени боюнча теле башында чилэ, дили, тэлэ деп аталган. Суй жана Тан династияларынын бийлиги учурунда мурдагы аталышын өзгөртүп, өздөрүн теле деп атап калышкан. Алар бийик дөңгөлөктүү арабаларды колдонгондуктан гаочэ (бийик араба) деген дагы аталыштын ээлери болушкан. Ошентип бир эле эл эки аттын ээси болгон. Теле алардын түптүү уруулук аталышы болсо, гаочэ – салттык негизде пайда болгон аталыш[2]. Өз пикиринин далили катары ал кытай династиялык баяндамалары «Вей династиясынын тарыхы» менен «Суй династиясынын тарыхы», «Тан династиясынын тарыхында» берилген жана ага чейинкилердин изилдеп калтырган маалыматтарына таянат.

«Вэй династиясынын тарыхында» мындай деп айтылат: «Гаочэ 高車 байыркы чидилердин 赤狄 (кызыл ди) урпактары болуп эсептелет. Башында алар дили 狄歷 деп аталган, түндүктөгүлөр аларды чилэ 敕勒 деп аташкан. Ал эми кытайлар аларды гаочэ динлин деп аташкан (которгондо «бийик дөңгөлөктүү динлиндер» дегенди туюндурат). Гаочэ хуннулар менен бирдей тилде сүйлөшкөн. Бирок айрым учурда анча-мынча айырмачылыгы байкалып турган. Ошондой эле бул урууну хунндардын башчысынын кызынан тараган деп айтышат. Гаочэлер төмөнкү уруктардан турган: ди[3], юаньхэ (уйгуры), до-улюй (толай же долай), цзеби (циби, чибни), хугу (хэгу), ицицзинь...»[4].

---

[1] *Лю Итан.* Чжунго бяньцзян миньцзу ши...-С.229

[2] *Лю Итан.* Чжунго бяньцзян миньцзу ши...-С.226

[3] Ди же тиеук деп аталган. Анын транскрипциясы болуп «түрк» эсептелет. Кийинчерек ди эли төмөкүдөй болуп бөлүнгөн: чи-ди (кызыл ди), бай-ди (ак ди), чжан-ди (улуу ди). Мааниси боюнча ди иероглифи «жырткыч» же «варвар» деген түшүнүктү берет. Ди иероглифи элдин аталышы катары кытайдын тарыхый булактарында пайда болушу б.з. ч. XX – XVI-кк туура келет.

[4] «Вэй шу», цз. 103, л. 26 аб.

XIX-кылымдагы белгилүү кытай тарыхчысы Хун Цэюнь (1839-1893-жж.), кытай булактарындагы маалыматтарды жалпылаштырып мындай пикирин айткан: «Бул уруулар (гаочэ) Дулохэ[1] дарыясынын райондорунда, байыркы Ивада[2], Цзиншанда[3] жашашып, акырындап батыш өлкөлөргө тараган, алыскы өлкөлөргө орун которуп отурушуп Россия менен Кара деңиздин түштүгүндөгү Дуань[4] дарыясына чейин жетишкен»[5].

Англиялык тарыхчы Эдуард Паркер бекемдегендей, хунндардын мамлекети жашап турганда динлиндер канкалик деп аталышкан. Бул түрк тилинде «ээлөөчүлөр» же «арабанын ээлери» дегенди түшүндүрөт. Вей династиясынын тушунда алар гаочэ, түрктөрдүн тушунда хуйхэ, Юань (1280-1367-жж.) династиясынын тушунда канли деп аталышкан. Ал динлиндерди эки топко бөлгөн: 1) Байкал деңизине жакын жашагандар жана 2) Балхаш көлүнүн жана Юлдуз Цзилицзиси – Или дарыясынын тегерегинде жашагандар. Андан кийин теле уруулары Жер Ортолук деңиз тарапка монголдордун бийлиги орногон мезгилде жер которушкан. Ал мезгилде алардын айрымдары дагы деле канли деп аталып жүргөн, кытайча «араба» дегенди туюндурган. Тарыхчы ар кайсы булактардагы маалыматтарды анализдеп чыгып мындай деп айткан: Улуу чөлдүн түндүгүндө жана Ысык-Көл көлүнүн тегерегинде жашагандар, Амурдарыя менен Сырдарыянын башатындагы аймактарды жердегендер, ошондой эле арабаны колдонгон хунндар, түрктөр байыркыда динлиндер деп аталып, аны менен бирге гаочэ, кийин теле деп аталып, хуйхэлер башкарган доордо алар хуйхэ жана канли[6] деп аталышкан»[7].

IV–V-кылымдарда гаогюйлөр он эки уруудан турган: 1) Ли-фу-ли, 2) Ту-лу, 3) И-чжань, 4) Да-лянь, 5) Ку-хэ, 6) Да-бо-гань,

[1] Тола дарыясы
[2] Учурда Кумул, Хами
[3] Алтай
[4] Дон дарыясы
[5] *Лю Итан.* Чжунго бяньцзян миньцзу ши...-С.227
[6] Канглы, каңды этнонимдери менен чаташтырбагыла
[7] *Паркер Э.* Татары. История возникновения великого народа.-М.,-2010.-С.119,184

7) А-лунь, 8) Мо-юнь, 9) Сы-фынь, 10) Фу-фу-ло, 11) Ци-юань, 12) Ю-шу-пэй»[1].

Ал эми VII–VIII-кылымдарда гаогюйлөрдүн урпактары болгон телес уруу бирикмеси Юаньгэ (уйгур)[2], Сйеяньто (сир жана яньто), К(Ц)ибиюй (ци-би), Дубо (тубалары), Гулигань (курыкан), Доланьгэ (теленгит), Пугу (бугу), Байегу (байыркы), Тунло (тонгра), Хунь, Сыгйе, Хусйе, Хигйе, Адйе (эдиз), Байси деген он беш уруудан турган[3]. Д. Позднеев бул урууларга Гэ-ло-лу жана Ба-си-ми урууларын кошот[4].

---

[1] *Позднеев Д.* Исторический очерк уйгуров...-С.13

[2] Уйгурлар «Тан-шу» боюнча өздөрү төмөнкү тогуз уруктан турган: ио-ло-гэ, ио-ву-гэ, ху-ду-гэ, кюй-лоу (ху-ло-ву), гэ-са, ха-се-ву (си-се-ву), мо-ке-си-ге, ху-вынь -ю (ху-су-ву) жана а-у-чжай (а-у-цзе) [Грумм-Гржимайло Г.Е. Западная Монголия и Урянхайский край...Т. II. С. 290]. Ушул себепен тогуз уруудан турган «тогуз огуздарды» уйгурлар менен чаташтырышкан. «Тогуз огуз» уруу бирикмесинин ичине уйгур өзү бир уруу болуп кирип, жогоруда аталган тогуз урукка бөлүнгөн.

[3] *Бичурин Н.Я.* Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена.-Ч.I.-Отд.1.-СПб,1851.-С.373; он же. Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена.-Т.1.-М.-Л.,1950.-С.301

[4] *Позднеев Д.* Исторический очерк уйгуров...-С.49

*Схема 2.* Борбордук Азиядагы арий урууларынын бөлүнүшү



# КЫЗЫЛ УУЛ

## ИЧКИЛИК АТАЛЫШЫНЫН ЭТИМОЛОГИЯСЫ

Кыргыз кырк уруу журт болуп, отуз уул (уруу), он уул (уруу) делип эки топко бөлүнүп келген. Он уулдан тараган уруулар «ичкиликтер» деп аталып келет. Бул аталыш кайсы жерде жана качан пайда болгонун эч ким билбейт. Санжырачылар жана илимпоздор «ичкилик» деген аталыштын келип чыгышы тууралуу ар түрдүү ойлорун айтышат.

Алардын бири «ичкилик» деген аталыш куралдуу кагылышуулардан келип чыккан дешет. Санжырачы С.Закиров «Кыргыздардын: оң, сол, ичкилик деп аталышы согуштан келип чыккан. Байыркы убактарда, орто кылымда, ал түгүл кийин деле, согуш мезгилинде кошундарды: оң канат, сол канат, ичкилик (борбор) деп бөлүп, согушка кирген»[1] деген оюн айтат.

Кытайлык кыргыз тарыхчы А.Байтур ичкилик деген аталышты Кыргызбай жана анын балдары менен байланыштырат: «Күндөрдүн биринде Кыргызбайдын элин алыстан келген жоо чаап кетет. Кыргызбай өз элин жоого каршы согушка чакырып, Кыпчак, Найман, Тейит, Кесек деген төрт уулун баш кылып, элинин бул бөлүгүнө өзү жетекчилик кылып, келген жоонун как ортосуна сокку бермекчи болуптур. Ал жоого каршы турган бул сапты «Ичкилик» деп атаптыр»[2].

Экинчилери «ичкилик» деген аталыш боюнча төмөндөгүдөй божомолдорун сунушташат. А.Х.Маргулан «Манас» (Көкөтайдын ашы) эпосунда тарыхый мааниси бар мындай үзүндүлөр кездешет: «Көкөтай хандын уулу мындай дейт: Иртыштын жогорку агымында 90 төөгө жүктөлгөн күрүч алам, 90 жылкы тандайм, анан ички ханга барам, ошол жерден Көкөтайдын ашын бүт дүйнөгө берем». «Ички хан» деген табышмактуу термин менен албетте Түштүк Сибирге тутумдаш болгон Обь жана Енисейдин жогорку бөлүгү айтылат. Иртыштан ары, чыгышты казактар мурда іш (іч), «ішкі жак» – «ички жак» деп аташчу, башкача айтканда Сибирь тайгасы.

---

[1] *Закиров С*. Кыргыз санжырасы.-Б.,1996.-С.239

[2] *Анвар Байтур*. Кыргыз тарыхы.-I-II китеп.-Б.,2003.-40-б.

Архивдик документтердеги маалыматтарга таянсак, «XVIII кылымдарда казактар падышалык өкмөткө кыш мезгилинде алардын үйүр жылкыларын Иртыштан ары, «ички жакка» өткөзүп жиберишин улам-улам сурап турушкан. Анан алар «жылкы ичте жатыр» – «жылкылар ички жакта турушат» деп айтышчу, башкача айтканда Сибирде. XIX кылымда казактарда «ішке айдалды» (ичке айдалды) – Сибирге айдалган деген термин көп колдонулчу. Мунун негизинде іш (іч) деген сөздү Сибирь деп түшүнсөк болот. «Манас» эпосу боюнча кыргыздар жайкысын көчкөн жер – Түштүк Сибирь» деп жазат[1]. А.Х.Маргулан «ичкилик» деген уруулук топтун аталышы биздин оюбузча эчки деген сөздөн эмес, «ички» деген сөздөн келип чыгат» деп санайт[2].

Демек, А.Х.Маргулан «ичкилик» деген сөздүн келип чыгышын Түштүк Сибирдеги «Ички» деген жердин аталышы же аймак менен байланыштырат.

Кыргыз тарыхчысы К.И.Петров. «Ичкилик тобунун ата-бабаларынын негизги ядросу булгачы жана кэрэмучин. XVI–XVII-кылымдарда эски, түшүнүксүз булгачы жана кэрэмучин аталыштарын алар унутушат. Экинчи «ичкилик» аталышы Ички деген аймактын атынан келип чыгат. Ички түркчө «ички, түнт токойлуу жер же аймак» дегенди билдирет. Ичкилик – ичкерки, Ички жеринин жашоочуларынын аталышы. Буларга Кыркыр-хан аймагындагы оң жана сол уруулары менен бириккен убакта Ички аты арналып коюлушу мүмкүн. Кыргыз аймагынын четинде жашаган оң жана сол уруулары булгачыларды, мурда кыргыз жеринин ички аймагында жашагандыктан, «ички кыргыз» катары карашкан»[3] – деп жазат.

Үчүнчүлөрү «ичкилик» деген аталышты отурукташкан элдер менен байланыштырышат. Э.Төрөкан уулу Кыргыз – Ак уул, Куу уул, Кызыл уул деп үчкө бөлүнүп, Кызыл уулдан тарагандар эл ичинде кийинки доорлордо ичкиликтер деп айтылып калган.

---

[1] *Маргулан А.Х.* Выступления//ТКАЭЭ.-Т.III.-Фрунзе,1959.-197

[2] *Маргулан А.Х.* Выступления.-С.200

[3] *Петров К.И.* Очерк происхождения киргизского народа.-Фрунзе,1963.-С.90-91

Мунун себебин мындайча чечмелейт: «Ак уул менен Куу уулдан тарагандар малдуу келип, көбүнчө тоо жамааттарда көчүп-конуп жүрүшкөн. Ошондуктан булар өздөрүн сыртта жүргөндөрбүз деп сезишип, ал эми көчүп, тоо аралап жайлоолоп жүрүүгө шарты болбой талаада, түз жерлерде, калаанын (шаарлардын) айланасында жашап калгандарды, алар (тоо жакта жүргөндөр) ичкиликтер деп айтышчу экен. Мына ушундан улам Кызыл уулдан тарагандар ичкиликтер деп айтылып калган, ичкилик деген сөз мына ушундан келип чыккан»[1] деп жазат.

С.Закиров кыргыз санжырачылар «тоодо жашаган кыргыздар шаар тегерегиндеги кыргыздарды ичкеридеги кыргыздар деп атап жүрүшүп ошондон ичкилик деген аталыш келип чыккан» – дейт.

Молдо Ш.Карваний «ичкилик» деп аталып калышынын мындайча түшүндүрөт: «Ичкеридегилер тышкарыдагы кээ бир сөздөрдү билүүгө же падышага билдирүүгө мүмкүн болбой калды. Бара-бара ичкеридегилер делинген ат коюлуп, кийинчерээк «ичкилик» деп аталган наам пайда болду. Башы Ноокат, аягы Оро-Дөбө аралыгындагы калктарга кыргыз элеттеринин ичиндеги «ичкилик» деген наам коюлуп калды. Ичкилик деп аталышына себеп ушул болгон. Жогоруда айтылган ичкеридегилер, тескей журтунан тандалган он киши, падыша Нарботоханга жакын болгондуктан, кайсы жерлерде болбосун, (көкбөрүлөрдө, мааракелерде) башкаларга үстөмдүк кылып: «Биз ичкиликпиз» – дешип кыйынсынышкан. Барган сайын «ичкилик» деген наам алып калган[2].

Нарботохан Коконго падыша болгондо тескей журтунан келген он кишинин бири падышанын оң жагында, экинчиси сол жагында отурушат эле. Калган сегизи дагы ордодо иштешип, падышанын ички сырдаш адамдарынан болуп калышты. Ошентип, «ичкиликтер» деген наам менен аталып калды»[3] деп айтат.

---

[1] *Эсенкул Төрөкан уулу.* Сол канат кыргыз. 3-чү китеп.-Б.,1995.-149-150-б.

[2] *Молло Ш.Карваний*. Көрсөтүлгөн эмгек.-24-б.

[3] Ушул жерде.

Б.Х.Кармышева Тажикстандын Жерге-Тал районунда «аксакалдар бардык кыргыздарды эки топко: «тышкы кыргыз» жана «ички кыргыз» деп бөлүшөт, ошондон ичкилик тобунун аталышы келип чыгат. Тышкы кыргыздар («отуз уул») деп Жалал-Абад менен Нарындан түндүктө жана түндүк-чыгышта жашаган кыргыздарды аташат. Ичкилик деп, «ичке кирип, өзбектер менен аралашып, өзбек ханына баш ийген» түштүк-батыштагы кыргыздарды аташат»[1] – деп жазат.

Ал эми Н.А.Аристов «Эгерде ичкилик аталышы ичке (эчки) деген сөздөн келип чыккан болсо, анда абдан бийик өрөөндөрдө, кыйын өткөөлдүү тар капчыгайларда жашап жаткан тоолуктарга туура келет. «Шейбаниадада» «ички» деген уруунун аты бир нече жолу кездешет, балким ичкилик союзунун же тобунун аталышы ички (эчки) уруусунун уруу башчысынын ысмынан улам келип чыккандыр»[2] – дейт.

С.Аттокуров ичкилик санжырачылардын айтуусу боюнча ичкиликтер азыркы жашап жаткан жерлерине Балхтан (Ооганистан), Рүмдөн (Византия) жана Кашкардан келишкен. «Ичкилик деп алар ушул жерден атала башташкан» деп жазат. Бирок С.Аттокуров кыргыздардын Сырт жана Ич деп бөлүнүшүн байыркы «Көк түрк» империясынын заманы менен байланыштырат[3].

С.М.Абрамзон «XVI кылымда оң канат «отуз уул» тобуна жана Булгачынын тукумдары болгон уруу топторуна бөлүнсө, бизге бир кыйла жакынраак мезгилде «отуз уул» деген ат менен кыргыздардын көпчүлүгүн оң жана сол канат бириктирип турган, ал эми Булгачынын тукумдарынан болгон уруулардын тобу, аларга кошулган башка уруулар менен бирге, ичкилик деп аталып калат»[4] деп белгилейт.

---

[1] *Кармышева Б.Х.* Выступления//ТКАЭЭ.-Т.III.-М.,1959.-С.173.

[2] *Аристов Н.А.* Труды по истории и этническому составу тюркских племен.-Б.,2003.-С.50

[3] *Аттокуров С.* Кыргыз санжырасы.-Б.,1995.-175,176,178-б.

[4] *Абрамзон С.М.* Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер.-Б.,1999.-21-б.

Байыркы түрк тилинде «ič» – «ички», «ič el» – «мамлекеттин ички түзүлүшү», ал эми «ič jer» – «ички аймак» деген маанилерди берет[1]. «Ичкилик» термини «ички эл» деген сөздөн келип чыгышы да мүмкүн.

Демек, «ичкилик» деген аталыш алгач ички бөлүктө (ички тарапта) жашаган уруулардын Ички деген жеринин аталышынан келип чыгат. Согуш мезгилинде бул уруулар бириккен аскер кошунунун ортоңку – «борбор» бөлүгүндө жайгашкандыгынан, ошондой эле жалпы «мамлекет-эл» көчкөндө – орто, ич тарапта көчкөндүктөн «ичкилик» деп аталат. Кийин тынчтык мезгилде бул уруулар ордодо, хандын тегерегинде калып, хандыктагы жергиликтүү элди башкарып, отурукташкан эл менен аралашып «ичкилик» деп аталып, кыргыз эли түптөлгөн мезгилде ушул аталыш менен анын курамына кириши мүмкүн.

Ичкиликтер тарыхый, даректүү жазма булактарда жана санжыра маалыматтарында «булгачылар» деген ат менен да белгилүү.

О.Ф.Акимушкин «Зафар-намедеги» маалыматтарга комментарий берип жатып, мындай деп жазат: «Рашид ад-Дин «Жылнаамалар жыйнагында» булагачин уруусун монгол деп, бирок мурда монгол эмес деп аталган уруулардын арасына кошот»[2]. Ушуну менен О.Ф.Акимушкин биринчи жолу тимуриддердин заманындагы Моголистандык булгачы уруусу менен Чынгызхандын убагында Баргужин-Токум аймагында керемучин уруусу менен чогуу жашаган булагачин уруусун окшоштуруп жакындаштырат.

Тарыхчы К.И.Петров Низам ад-Дин Шаминин бул маалыматына комментарий берип, булгачы уруусу менен монголдордун убагындагы Баргужин-Токум аймагынан чыккан булагачин уруусун байланыштырып, тян-шандык кыргыздардын ичкилик тобунун негизги уюткусу ушул жерден чыккан» деп жазат[3].

---

[1] ДТС.-С.201

[2] *Рашид ад-Дин*. Көрсөтүлгөн эмгек.-122-б.

[3] *Петров К.И*. Очерки феодальных отношений киргизов в XV–XVIII вв.-Фрунзе,1961.-С.136,138; он же. К истории движения киргизов на Тянь-Шань и их взаимоотношений сойратами в XIII–XV вв.-Фрунзе,1961.-С.20,181-182

К.И.Петров бул теориясын төмөндөгүдөй аргументтер менен бышыктайт: «Маджму-ат-таварихте» көрсөтүлгөндөй, булгаачы өзүнүн курамына бостон, төөлөс, канды, жоокесек, тейит, кыдырша деген алты урууну камтыган. Алар Махмуд ибн-Вели боюнча Баргужин-Токумдан чыккан башка ичкилик урууларына «үстөмдүк кылышкан». Мисалы төөлөс уруусу, кесек уруусунун сибирги тобу XII кылымдарда Баргужин-Токумда булгачындар менен кошо жашашкан. Ал эми ичкиликтердин калган урууларынын (кыпчак, нойгут, найман, ават, оргу) булгачылар менен болгон биригиши төмөндөгүдөй.

Найман жана кыпчактардын кээ бир уруктары булгачы-ичкиликтерге Энесай-Иртыш дарыя аралыктарында жашап жатканда эле кириши мүмкүн, негизинен азыркы найман уруусундагы туума-токумдар – Баргужин-Токумдагы туматтар. Кийинчерээк найман жана кыпчак уруктары булгачы-ичкилик улусуна XIII – XIV кылымдарда Түштүк Тян-Шанга жер которгондо кириши мүмкүн. Нойгуттар алгач Или-Иртыш аралыгындагы булгачы-ичкиликтердин калган бөлүктөрү менен биригип, кийин XVII–XVIII кылымдарда алар менен кошо Кашкар аркылуу (Түштүк Тянь-Шанга) жер которушкан. Өзгөчөлөнүп турган ават жана оргу уруулары жалпы аталышын унутушкан кэрэмучин тобу. Булгачыларга караганда экинчи даражада тургандыктан алар өз аталышын унутушуп, булгачыларга кирип, аралашып кетишкен.

XII кылымдын аягына чейин Энесай-Иртыш дарыя аралыктарында жашаган булгачы (бостон, канды, жоокесек...) жана кэрэмучин (ават, оргу), төөлөс, сибирги, баркы (баргы) ж.б. уруулар XIII кылымда наймандар кеткенден кийин, Алтай-Хангай тоолорунан алар Чыгыш Тянь-Шанга чейин созулган наймандардын жерине келишип, XIV кылымдын аягына чейин ал жерлерде көчүп-конуп жүрүшөт. Бул жерде булгачы-ичкиликтер менен төөлөс, сибирги уруулары биригишет, мындан сырткары алар менен жергиликтүү алтай уруулары жана чыгыш-тяншандык элдер (найман, уйгур) да аралашышат. XIV–XV кылымдарда булгачы-кэрэмучин бирикмеси жана ага кошулган уруу бө-

лүкчөлөр Түндүк Тянь-Шанга жер которушат. XVI кылымдарда алар Түштүк-Батыш жана Түштүк Тянь-Шанга келишип, бул жерден Темирландын убагында зордуктап көчүрүлгөн мекендештерине жолугушат»[1].

Профессор Б.М.Жумабаев К.И.Петровдун бул теориясын колдоп, анын оюна толугу менен кошулат[2].

Кийинчерээк К.И.Петровдун бул гипотезасы С.М.Абрамзондун «Кыргыздар»[3] деген эмгегинде күмөндөлөт. С.М.Абрамзон «К.И.Петровдун эмгектеринде азыркы Түштүк Кыргызстандын территориясында куралган ичкилик тобу менен (же анын «уюткусу» менен) жана XIII кылымда Енисей боюндагы Баргужин Токум аймагында жашаган ачык эле моңгол тилдүү булагачин жана кэрэмучин урууларынын ортосунда түздөн-түз этногенетикалык байланыштын болгондугун далилдөөгө аракет жасалат. Бул байланыш бизге апыртылгандай көрүнөт. Биз жазып алган генеалогиялык уламыштарда бир катар кыргыз урууларынын ата-бабаларынын аттарынын ичинен Булгачы деген ысымды (ошондой эле Булганч, Булганчы түрүндө) табабыз, бирок бул ысым түрк тилинин негизинде келип чыккан деп болжолдоого болот. Бул гипотезаны далилденген деп айтышка болбойт. Ичкилик тобунун пайда болушу гипотезанын автору ойлогондон алда канча татаал» деп жазат[4]. С.М.Абрамзон К.И.Петровдун гипотезасына мындан башка аргумент келтире алган жок.

Кыргыздын белгилүү тарыхчысы профессор Ө.Караев жогоруда айтылган маселе боюнча С.М.Абрамзондун оюн колдогон, бирок эч кандай кошумча аргументтерди келтире албаган[5].

В.П.Юдин Низамуддин Шаминин «Зафар намасына» таянып, булгачы уруусу Темирдин заманындагы салучилер менен

---

[1] *Петров К.И.* К истории движения киргизов на Тянь-Шань...-С.180-183

[2] *Жумабаев Б.М.* Памир: Улуу державалардын ортосундагы геосаясий күрөш.-Б.,2009.-34-б

[3] *Абрамзон С.М.* Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи.-Л.,1971; ушул эле аталыштагы китеп.-Фрунзе,1990.-48-49-б.

[4] *Абрамзон С.М.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Б.,1999.-29-б.

[5] *Караев Ө.К.* Чагатайский улус. Государство Хайду. Могулистан.-Б., 1995.-С.127

бирге айтыларын белгилейт. «Вайсхан өлгөндөн кийин – деп көрсөтөт В.П.Юдин, – булгаачы уруусу калучилер жана бир катар башка уруулар менен бирге Дашт-и Кыпчакка Абу-л-Хайр-ханга кетип калышат». Ал жөнүндө могул уруусу катары айтылат. «Тарих-и Рашидиде» да XV кылымдын экинчи чейрегинде «булгачы» деп аталган уруу Абу-л-Хайр-хан башчылык кылган «көчмөн-өзбектер» менен биригип кеткендигин кабарлайт.

А.Мокеев «Булгачы деген аталыш – экзоэтноним, аны кыргыздын ичкилик тобун түзгөн урууларды саясый мааниде белгилөө үчүн Моголистандын башкаруучулары колдонушкан. Булгачы этнониминин негизин «булга» деген байыркы түрк сөзү түзүп, каймана мааниде «дүрбөлөң, козголоң, бүлгүн салуу» деген маанини туюнтат. Демек, Тимуриддердин заманындагы Моголистандагы булгачы уруусу Чынгызхандын доорундагы Байкал бойлорундагы Бул(а)гачын уруусуна эч кандай тиешеси жок. К.И.Петровдун XIII кылымдын башындагы Байкал бойлорундагы «токой» элдери менен кыргыз элинин ичкилик тобунун генетикалык байланышы жөнүндөгү гипотезасы негизсиз. Бул гипотеза X–XIII кылымдарда Алтай жана Иртыш бойлорундагы аймак менен кыргыз элинин ичкилик тобунун урууларынын реалдуу этникалык жана тарыхый-маданий байланыштарын эске албай сунушталган» деп сынга алат[1].

Бурят элинин уламышында булгачы уруулары буряттардан келип чыгышы чагылдырылган. Ц.Б.Цындендымбаев буряттардан төмөндөгүдөй уламышты жазып алган: «Буряттардын ата-теги болгон Баргу-баатырдын эки уулу болот: Бурят жана Хоридай. Буряттан булагаттар (бул(а)гачын) жана эхириттер, Хоридайдан хорилер тарайт». Экинчи вариантта Баргу-баатырдын Олет, Бурят деген балдары, Баргужин-гоа деген кызы болуп, ал кызы хори-туматтарга, Хоридай мергенге күйөөгө чыгып, алардан 12 хорилердин уруктары тарайт. Бул уламыштын буряттардын арасында башка варианттары да бар, анда Хоридай – Баргу баатырдын үчүнчү уулу катары да айтылат[2].

---

[1] *Мокеев А.* Кыргызы на Алтае и на Тянь-Шане.-Б.,2010.-С.111-112

[2] *Цындендамбаев Ц.Б.* Көрсөтүлгөн эмгек-79,83,101-б.

Жогоруда келтирилген Баргу баатыр жөнүндөгү уламышты чечмелесек, бул урууларды туугандык жакындыгы чагылдырылып, баргуттардан ойроттор (ойрот-монгол, буга калмактар да кирет), буряттар (добайкальские) жана хорилер бөлүнүп чыккандыгынан кабар берип турат.

Б.Б.Бардин «бурят» сөзү бул байыркы «баргут» сөзүнүн кийинки варианты деп, аны мындай чечмелейт, баргут~бургут~бурут~бурат~бурят»[1].

Д.Банзаров «бурут» этнонимин «бурят» деген сөздүн бир варианты деп эсептейт[2]. Н.Г.Румянцев Д.Банзаровдун бул оюн негизсиз деп, «монгол тилинде burijad~burud деп алмашууга фонетикалык жактан мүмкүн эмес»[3] деп жазат.

Бирок бурят этноними монгол сөзү эмес, ал байыркы түрк тилинен монгол тилине келип кирген. Этноним жалпы буряттардын тилинде «буряад» деп айтылат. Элдик этимология боюнча «буряад» буриха деген этиштен алынып, «жол менен жүрбөй, жолдон бурулуп чыккандар» деген маанини берет. Мунун негизинде «бурят» деген аталыштын этимологиясы «монголдордон бөлүнүп кетишкендер», алардан четтеп кетишкендер» деп чечмеленет[4].

Бурят окумуштуусу Ц.Б.Цындендымбаев бурят сөзүнүн этимологиясында «бөрү» деген түрк сөзү жатат. Бурят деген этноним, «бүре (bür'e)» + «д» же «бөре (bөr'æ)» + «д» көптүк монгол суффиксинин жардамы менен келип чыгат[5] деп жазат.

Т.А.Бертагаев бурят жана курикан этнонимдеринин этимологиясын изилдеп, «burijat – Байкал боюнда жашаган жана жашап жатышкан үч бурят урууларынын (булгачын, ихирет, кермучин – Н.Ж.) жалпы аталышы, кийинчерээк ал аталыш хо-

---

[1] *Бардин Б.Б.* Буряты-монголы//Бурятоведение.-1927.-№3-4.-С.45

[2] *Шейбаниада.* История монголо-тюрков.-Казань,1849.-Приложение V.; Банзаров Д. Собрание сочинений.-М.,1955.-С.180

[3] *Румянцев Н.Г.* Примечание к кн: Банзаров Д. Собрание сочинений.-М.,1955.-С.321-322,прим.323

[4] *Цындендамбаев Ц.Б.* Бурятские исторические хроники и родословные.-Улан-Удэ,1972.-С.274

[5] *Цындендамбаев Ц.Б.* Көрсөтүлгөн эмгек-277-279-б.

ри-буряттарга жана Байкалдын ары жагында жашаган урууларга тараган»[1] деген жыйынтыкка келет.

Демек, булгачын, ихирет, кермучин урууларынын жалпы аталышы «бурят~бурут» болгон. Жогоруда бурут этнонимин чечмелегенде «бурут» кыргыздардын байыркы аталышы дегенбиз. Баргужин-Токумдагы булгачын, ихирет, кермучин жана хори-тумат урууларынын бир бөлүгү «бурят» деген жалпы аталыш менен азыркы бурят элин түзүп, бир бөлүгү «булгачын» жана «кермучин» деген аталыш менен Тянь-Шанга жер которушуп, К.И.Петров айткандай, ичкилик тобунун ата-бабаларынын негизги ядросун түзүшкөн.

Буга далил катары бурят уруу-уруктары менен ичкилик тобунун урууларынын параллелдерин келтиребиз: абгат = абат; алаг = алак (тейит); атаган = атага (кесек); баргу = баркы (тейит); бубайн-найман = бөөбий найман; букут = бука (тейит); булга(д), булагад(т) = булга (каңды), булгачы-найман; булбэ = булбул (төөлөс); булуд = булут, шаа булут (кесек); буура = буура (төөлөс); бүргүд = бүркүт (кесек), муркут (төөлөс); дархад, карадархан = даркы (төөлөс); дурбэд, дурбэнгуд = дүрбөөл (төөлөс, тейит), дөрбөн (каңды); монгол = могол (абат, каңлы); найман = найман; нарад = нарай (төөлөс); онход, онхот = нойгут (онгут); нохой урук = иткулу (оргу), ит эмген (төөлөс), ит бок (каңды, төөлөс), оторши = отунчу (тейит), таха = така (тейит); тумэт = туума, кара туума (тейит), туума тукум (найман); убур-кирей = керей (төөлөс); узен = сары усөн (кесек); халчин = калча (тейит, төөлөс); кермучин = кермучин; чалдар = чал (тейит); чахар = чакыр (тейит); халчин, алакчин = алакчин (тейит), алчеке (кесек); шарад = шорон (төөлөс), сары (оргу); шаранud = шаранда (найман); шоно/чоно = бөрү (тейит), бай бөрү, чөө бөрү (оргу) ж.б. келтирилген урук аталыштарда көп окшоштуктар бар.

---

[1] *Бертагаев Т.А.* Об этнонимах бурят и курикан//Этнонимы.-М.,1970.-С.131

## ИЧКИЛИК УРУУЛАРЫ КЫРГЫЗДЫН ЭЛДИК ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЛАРДА

Кыргыз элинин оозеки чыгармалары болгон «Манас», «Эр Төштүк», «Кыз Сайкал», «Жаңыл Мырза», «Жоодарбешим», «Олжобай менен Кишимжан», «Жаныш Байыш», «Курманбек» ж.б. эпосторунда ичкилик урууларынын аталыштары кеңири жолугат.

Манасчы Б.Сазановдун айтуусунда «кырк уруу кыргызга» төмөнкү ичкилик уруулары кирген: тейит, жоо кесек, төөлөс, бостон, нават (ават – Н.Т.), нойкут, кыдырша, кызыл аяк.

«Манас» эпосунун Саякбай Каралаев айткан вариантында, төмөнкү ичкилик уруулары Манас менен бирге болот: кaңды, кыпчак, нойгут, набат (абат), найман[1]. Ал эми Сагынбай Орозбаковдун вариантында: кaңды, кыпчак, нойгут, набат (абат), найман, тейит, каракесек, төөлөс уруулары[2].

«Манас» эпосунда **Абат** уруусу набат деген ат менен аталып, кыргыздар Алтайдан Анжыянга көчүп келердеги окуяларга байланыштуу айтылып, ошондой эле абаттардын Акун беги, Калдары эскерилет[3]:

Анжыянга баруугa
Бизге уруксат бериңер!
Калганыңар калыңар
Каалаганың барыңар,
Катаган, төөлөс, набаттан
Калың кыргыз баары бар,
Окчу менен думара,
Найман, шаңгай дагы бар.

---

[1] *Манас.* (С.Каралаев).-Т.I.-59,69,88,115,136,152-б. Мындан ары – СК

[2] *Манас.* (С.Орозбаков). ).-Т.I.-191,214,232 б.;-Т.II.-14,25,68,94,151,152,419-б. Мындан ары – СО

[3] *Манас.*-II-китеп. -Фрунзе,1980.-152-б.; Манас. Кыргыз элинин баатырдык эпосу (СОВ). Түз. С. Мусаев.-Б.: Хан-Теңир, 2010.-628,382-б. Мындан ары – Манас (СОВ); СО, II-к. Манас.-II-китеп. -Фрунзе,1980.-152-б.; Манас. Кыргыз элинин баатырдык эпосу (СОВ). Түз. С. Мусаев.-Б.: Хан-Теңир, 2010.-628,382-б. Мындан ары – Манас (СОВ); СО, II-к.

Тогузунчу набатым,
Көргөзөйүн көзүңө
Уруш-калба кабатын,
Аким болуп Ташкенге
Ачылган экен сабатың.
Набаттын Акун беги бар...
Набаттардын Калдары,
Мажилиске жыйылган,
Атпай кыргыз балдары…

**Каңды** уруусу, «Манас» эпосунда кыргыз уруусу жана Бай Жакыпка тууган эл катары баяндалып, бул уруудан чыккан Чегиш алп, Акбай жана Кадырбай баатырлар, Манас туулганда жентек тою өткөрүлгөн Каңды тоосу (Алтайда) эпосто төмөнкүдөй сүрөттөлөт[1]:

Жаңыдан келген тууганы,
Бай Жакыпты мааналап,
Бир жыл болгон турганы,
Алты, бештен түтүнү,
Каңгы деген калкы эле,
Каңгылардын ичинде,
Чегиш деген алп эле.
Каңды Тоонун оюна,
Кара-Суунун боюна,
Карап турган калайык,
Кан Жакып кылган тоюна.
Каңды, тейит, дуулаттан
Кашымда бар канча жан.
Каңды, тейит, окчу бар,
Калкы кыргыз ушулар.
Каңгылардын Акбайы...
Каңдылардан Кадырбай...

[1] СО, I. 191, 79; Манас (СОВ).-631,501-б.; Тоголок Молдо. Манас: Баатырдык эпос. 1-бөлүк.-Б.: Турар,2013.-231,274-б. Мындан ары – ТМВ

**Кыдырша** «Манас» эпосунда кыргыздын белгилүү урууларынын бири. Алманбет менен Чубактын жол талашкан чатагында Чубак кыдыршалар жөнүндө төмөндөгүдөй оюн билдирет:

А да кыргыз уругу,
Атын уксаң кыдырша
Анжияндын улугу[1].

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Кол жазма фондусунда сакталган документалдык маалыматтарда жана манасчы Б.Сазановдун айтуусунда кыдырша уруусу байыркы кырк уруу кыргыздын бир уруусу катары берилет[2].

**Кыпчак** «Манас» эпосунда кыргыздын уруусу деп айтылат, эпосто кыпчак уруусу жана ал уруудан чыккан бай Элеман, эр Төштүк, Ошпур, Кылыч бек, Кыдырбай, чечен Таз, эр Үрбү, Жасообек, Көкбөрү, Калдаң бий, Жандоо бий, Чаганбай, Аралбек баатырлар айтылып, алар Манасты колдоп, бирге жүргөндүгү, алардын даанышмандыгы, баатырдыгы кеңири баяндалат. Ошондой эле кыпчак уруусу мекендеген Кашкар, Кабак-Арт, Сары-Кол, Тушарык, Камбыл деген жерлер сүрөттөлөт[3]:

Кашкар деген кыштакты,
Кабак-Арт менен Сары-Колдо
Кабырга тууган кыпчак бар,
Кашыма жыйып алайын...
Кыпчак, тейит, найманы
Кошой келип кошулуп,
Кытайга кыргын салганы...
Кыпчактардан Элеман,
Кыйыр тууган чечен Таз...
Кыпчактардан Таз чечен...
Экинчиси Жасообек,

[1] «Манас» энциклопедиясы.-Т.І.-Б.,1995.-366-б.
[2] *Аттокуров С.* Кыргыз санжырасы.-Б.,1995.-54-б.
[3] Манас (СОВ). Манас (СОВ).-39, 671,43,27,132,352,382,421,176,46,383,488,637, 645,670, 119,227,267,278, 279,196,199,253,271,272,437,304-б.;

Асилин уксаң кыпчак дээр...
Кыпчакта Кылыч беги бар...
Кыпчактардан Көкбөрү,
Кыйла күткөн жөкөрү...
Кыпчактардын Калдаң бий...
Кыпчактардын кыйыны
Аралбек баатыр...
Кыпчактардан Чаганбай...
Кыпчактан чыгып Жандоо бий
Кылымда жок эр экен...
Кыпчактардын Ошпуру,
Кыдырбайдын Таз чечен...
Таздын уулу эр Үрбү...
Кыпчактардан Үрбү бар...
Кан Кыпчактын Үрбүсү...
Кыргыз-кыпчак Үрбүнүн
Кабарын угуп алыңыз...
Тушарык деген жер деген,
Тутушуп душман жеңбеген,
Туташ кыпчак эл деген.
Кытайдан барган бетине,
Кыргыздын барган четине.
Кыргыздан чыккан бөлүнүп,
Кызматы журтка көрүнүп.
Кытайды кылган кар деген,
Кызыталак кыпчактын
Кырк миң үйү бар деген.
Ар жагы Камбыл шаар деген,
Так ошо жерде кыпчактын
Таз деген эри бар деген.
Жердеп кыпчак жаткан – дейт
Тушалыктын талаасын,
Атын Үрбү коюптур
Таздан тууган баласын,

Баласына энчилеп
Сексен үйлүү калаасын.
Ушу күндө шол калаа
Үрбү атакка конгон – дейт,
Үлкөн шаар болгон – дейт,
Ошол Үрбү чоңоюп,
Отуз жашка толгон – дейт...
Тогуз уулдун кенжеси,
Элемандын эркеси,
Кыпчактардын кыйыны...
Кыпчактардан угулган,
Төрө Төштүк беги бар...

«Эр Төштүк» эпосунда Төштүктүн эли кыпчак уруусунан экендиги айтылат. Ал Элеман деген байдын тогуз уулунун кенжеси. Эпосто кыпчактар Кашкар менен Кебез-Тоонун аралыгын мекендегени айтылат[1]:

Тогузунун улуусу,
Токтоно албай чоң сакал,
Төштүккө айтат мындай кеп,
Айтып турат мындай деп:
«Кыпчак эле айылыбыз,
Көптөн бери биздердин
Билинбей кетти дайыныбыз.
Олуя берген батабыз,
Элеман бай атабыз.
Көптөн бери айрылып,
Жылкы ичинде жатабыз.
Кыйлага жетет кебибиз,
Кыпчак эле элибиз.
Кең Кашкардын ар жагы,
Кебез-Тоонун бер жагы,
Эки арасы жерибиз.

[1] Эр Төштүк: Эпос.-Б.,1996.-49-50,338-б.

Кең Кашкардын ар жагы,
Кебез-Тоонун бер жагы,
Кең талааны жердеген,
Уругум кыпчак эл деген.

**Наймандар** «Манас» эпосунда кыргыз уруусу деп баяндалат, бул уруудан чыккан Көгөн, Көбөн баатырлар эпосто төмөнкүдөй сүрөттөлөт[1]:

Найман, шаңгай да кыргыз,
Акырет кеткен бабаңдын
Ар орунун табарбыз...
Наймандардын Көгөнү...
Наймандардын Көбөнү...
Алооке бизди чапканда,
Алактап кырк гуз качканда.
Атам Көбөй маң болуп,
Аркы-терки басканда.
Мен да качып баратып
Түшүп калдым ошондо,
Көпөстөр койгон капканга,
Көпөстөр койду алып барып
Крымга жибек сатканга.
Наамэ тешип, най жасап,
Наалыш кылдым асманга,
Анда биз Найман атанып,
Жарадым жанды бакканга.
Алчын, үйшүн, найман бар...
Бешинчиси найманды,
Бу жерге тынч койбосмун
Бээжинден келген айбанды.

[1] Манас (СОВ).-46,119,349,39,132,190,382,628-б.; Матикеев К. Кыргыз, Манас жана тарыхый география.-Б.,2012.-284-б. Кадыралы манасчынын вариантында.

**Нойгуттар** «Манас» эпосунда кыргыз уруусу экендиги даана айтылат. Эпосто нойгут уругунан чыккан Акбалта, анын уулу Чубак, Акымбек, Шаңкы, анын уулу Кербенбай баатырлар, нойгуттун кыздарынын сулуулугу, нойгут уругу абалтадан жашаган Сары-Кол төмөндөгү саптарда мындайча айтылат[1]:

Айлы бирге, акыр деп,
Анда бар кыйла акыл кеп,
Айтууга кепке макул деп,
Акбалта бийди чакыр деп,
Уругу кыргыз нойгуттан,
Нуска билген жакшы жан ...
Антип-минтип чогулуп,
Жети жүз сексен кол болду
Ошо колдун ичинде
Ортоктош болгон нойгут бар...
Кара кандын үч уулу,
Нойгут, Шыгай, Ногой кан.
Нойгуттун уулу Койгут кан.
Акбалта, Койгут бир тууган.
Нойгуттардан Акбалта...
Нойгуттардан Чубак бар...
Нойгуттардан Акымбек...
Нойгуттардын Шаңкысы,
Жортолмону мына ушул...
Шаңкынын уулу Кербени,
Дөбөттөрдүн дөрбөнү...
Жоо бөрүсү Эрменбай,
Мылтык адис Кербенбай,
Экөө бирдей мерген бай,
Урумдан качып келген бай.
Ардактуу Сары-Кол жерим бар,

---

[1] Манас.-I-китеп.-Фрунзе,1978.-41,441,145 б.; ТМВ. -293,274 б.; СК, I. 170,174 б.; Манас (СОВ). -382,352 б.

Абийирдүү нойгут элим бар,
Биздин нойгут эл-журтта,
Кара эгинден күрүч көп,
Калайынан күмүш көп.
Келеңгер чачпак, кең сору
Келин улуу нойгут журт
Кырмызы көйнөк, найча бел
Кыздары сулуу нойгут журт.
Аркар аяк, жез билек,
Ат күлүгү нойгутта.
Кызыл көйнөк, найча бел,
Кыз сулуусу нойгутта.

«Кыз Сайкал» эпосунда Нойгут уругунан чыккан Карача аттуу кан болгондугу, ал Кең-Турпан тарабында калмак кандары менен чектеш жашагандыктан, элин жоодон сактап, бирде жеңсе, бирде жеңдирип, кытай, калмак кандары менен тынымсыз кармашып тургандыгы мындайча баяндалат:

Кең Турпан деген жеринде,
Калың Нойгут элинде.
Карача аттуу кан болгон,
Кабары журтка даң болгон.
Төрт түлүгү шай болгон.
Катылып келген душманы,
Айласын таппай жай болгон.
Кара калмак кытайга,
Аты чыгып нар болгон.
Жоо тийгизбей асырап,
Калкы өсүп сан болгон.
Акыл менен эл сурап,
Калкына камкор хан болгон.
Тарап келген уругу,
Айтылуу нойгут тукуму,

Кайып кандын бир уулу.
Ээлеп жаткан жерлери,
Ала-Айгыр, Лобнор, Үч-Турпан,
Текес, Күнөс, Жылгындуу,
Күрөө да буга караган.
Жылгындуунун оюна,
Кең-Өзөндүн боюна,
Ар элден уста алдырган,
Алтындан ордо салдырган.
Тегерегин чеп кылган,
Темирдей катуу бек кылган.
Төрт чарчы кылып салдырган,
Көргөндүн көөнүн талдырган.
Ар бурчунда мунара,
Бийиктигин сураба.
Күнүндө ачык, түнкүсү,
Дарбазасы жабылуу.
Кытай уста жасаган,
Мунаранын үстүнө,
Жез коңгуроо тагылуу.
Кароол коюп күн-түнү,
Кан ордосу багылуу.
Чек арада чеги бар,
Таш орноткон чеби бар.
Чек аралаш жерлерде,
Башы ачылбай, ээ чыкпай,
Талашта турган жери бар.
Алты дайра куюшкан,
Айтылуу Лобнор көлү бар.
Айланасын курчаган,
Улуу, улуу тоосу бар.
Бийигине токтобой,
Улар учкан зоосу бар.
Карачанын жеринде,
Куланы кумда ойногон,

Кабланы күндүз жойлогон.
Кийиги малдай жайылган,
Өзөнү ташып сайынан.
Бадалдан басат маңкайып.
Бакандай мүйүзү арбайып,
Бугу-марал жаныбар.
Буттары узун тарбайып,
Аркар кулжа, текеси,
Мүйүздөрү калжайып.
Калың токой чер болуп,
Карагай, кайың, талы бар.
Адам атын билбеген,
Дүрүйө чөптүн баары бар.
Төрт аяктуу, канаттуу,
Көрүп туруп көз тоёт.
Тоо, түзүндө жайнаган,
Нечен түркүн жаныбар.
Күкүгү сайрап таңшыган,
Безенип булбул балкыган.
Жалама зоонун бетинен,
Жай учуп барчын калкыган.
Уядан канат күүлөшүп,
Балапаны таңшыган.
Кара шынар, карчыга,
Шумкары көктө кайкыган.
Көк ирим дайра көлдөрдө,
Каз, өрдөк, ак куу чалкыган.
Ушул жерди жердешкен,
Ою менен ээлешкен.
Уругу Нойгут эл экен,
Карача кандын калкынын,
Уюткусу дээр экен.
Кыргыздан башка бул элде,
Ооп келген казак бар.

Уйгур менен дунган бар,
Жери менен жер болуп,
Эли менен эл болуп,
Эзелден бери турган бар[1].

«Жаңыл Мырза» эпосунда нойгут уруусу Лоб дарыясынын боюнда, Сары-Колдо, Какшаалда жашагандыгы айтылат[2]. Тарыхый кырдаалдардын себебинен XVII кылымдын аягында кытайдагы нойгуттар жер которушуп, Кашкар аркылуу, Кызыл-Сууну бойлоп, азыркы Баткен районундагы Зардалыга көчүп келишкен.

Өзү нойгут уруусу,
Ургаачынын сулуусу...
Какшаал менен Тоюнда
Калың нойгут айылы дейт...
Жаңыл мырза барында,
Жергебиз бүтүн жыргаган,
Уругу нойгут элинен
Ууктун учу сынбаган...
Шибери чайлап төрүндө,
Торгою сайрап көгүндө,
Нойгуттун кенен жайлоосу,
Дария Лобдун жээгинде...
Алты уруу нойгут эли бар,
Атактуу Ошпол жери бар.
Күн чыгыш жагы Лоб дайра
Ошол жерди жердеген...
Кайнап жаткан көп нойгут,
Сары-Колду жайлаган.
Лоб дайра болот жерибиз,
Толкуган нойгут элибиз,
Ушул элди башкарган,
Жаңыл Мырза бегибиз.

---

[1] Гүлгаакы. Кыз Сайкал.-Б.,2003.-299-301-б.
[2] Саринжи, Бөкөй. Жаңыл Мырза.-Б.,1998. -218,297,331,379,436-б.

**Окчу** «Манас» эпосунда кыргыз уруусу катары баяндалып, Ыспараны башкаргандыгы, бул уруудан чыккан Салабат, Каракесек, Кейишбай баатырлар эпосто төмөнкүдөй сүрөттөлөт[1]:

Окчу кыргыз уругу,
Ыспаранын улугу...
Окчу кыргыз уругу,
Кытайлар кылган улугу,
Ошо жерде туругу
Төртөө доотай атанып,
Колго келген бу дагы.
Окчу кыргыз Салабат,
Орчун кыргыз жамагат...
Орчун кыргыз уругу,
Окчу Каракесек бар...
Аргын Каракожо бар,
Ата уулулар кошо бар,
Алчындан Каракезек бар...
Окчулардан Кейишбай,
Думарадан Тейишбай...

**Тейит** уруусу «Манас» эпосунда тейит жана кара тейит формасында «Чоң казатка» катышкан кыргыз уруулары катары айтылат[2]. Эпосто тейит уруусу, бул уруудан чыккан – Саламат, Акпай, Кайгыл, Бөгөл, Тоорулчу (Тору) деген баатырлары Манасты коштоп жүргөндүгү, тейиттердин Ташкен шаарын басып алгандыгы, алар кыргыздын башка уруулары менен Кытайга жортуул жасангандыгы сүрөттөлөт:

Качып барган кыргызда
Катаган, тейит калкы бар,
Акпай, Мамбет эри бар,

[1] Манас (СОВ). Манас (СОВ). -374,523,521,382,335,632-б.

[2] Манас. II-китеп.-Фрунзе,1980.-165,230-б.; Манас (СОВ). Манас (СОВ).-46, 352,633,628 б.; КВ, 2. 178-б.; ТМВ. -274 б.; СО, II. 230,165-б.

Ооп качып баргандан
Ооган деген кеби бар.
Акпай чыккан тейиттен,
Жүгөрү деген бирөө бар
Акырет кеткен шейиттен.
Нойгуттардан Акымбек,
Тейиттерден Саламат,
Текши отурган жамагат.
Паарам жылоо Тору бар,
Тейиттердин зору бар.
Казактан бар Жоорунчу,
Кара тейит калкынан
Кайгыл, Бөгөл, Тоорулчу.
Казактардын Жоорунчу,
Казатта кайгуул Тоорулчу.
Бөрү жолдуу Бөгөлү,
Бөрүдөн мыкты көсөлү.
Түрк казатка кол жүрсө,
Түн ичинде жол жүрсө,
Түлкүнүн изин жаңылбас
Түрктөн мындай табылбас.
Алтынчысы тейитти,
Алып коюп Ташкенди
Аманат жанды кейитти.
Кыпчак, тейит, найманы
Кошой келип кошулуп,
Кытайга кыргын салганы.
Катарлаш болуп Кошойго,
Кара тейит, найманга
Кабардаш болуп ошого.
Кыпчак менен тейитти,
Кыргызыңа кеткин деп
Кыбылага сүрүп кейитти.

«Манас» эпосунда жана ошондой эле «кырк уруу кыргыздын» тизмесинде **төөлөс** уруусу да айтылат[1]. Эпосто төөлөстүн 60 уруусу болуп, алар Анжыян, Кокондо жашашканы, алардан Шаабек, Медер султандар чыккандыгы төмөндөгүдөй баяндалат:

Аксакалы кыркынын
Анжыянда, Кокондо
Алтымыш уруу төөлөсүм.
Уругуң төөлөс улуу журт,
Урматтуу Шаабек баласың,
Узакка жанар банарсың,
Арбак берсе кудайым
Атактуу арстан, бек болуп,
Эл сурарсың жудайын.
Төөлөстүн Медер султаны
Төбө бийдин Кулжаны
Төрө Манас баатырды
Тегеректеп турганы.

Булардан башка «Манас» эпосунда ичкилик кыргыз уруулары болгон **бостон, жоокесек** уруулары, думара, кызыл баш уруктары эскерилет[2]:

Каңды, тейит, окчу бар,
Калкы кыргыз ушулар.
Найман, тейит, жоо кести,
Аңдатайын бу сөздү.
Бостон, абат, нойгуту,
Каракалпак, думара,
Баары кыргыз баласы.
Бостон, жоокес, думара,
Болжоп көрсөң буларга
Баары кыргыз баласы.

---

[1] Манас.-Т.II.-Фрунзе,1980.-94-б (СО); Манас (СОВ).-628,349,422-б.
[2] Манас (СОВ).-501,502,346,628,523-б.

Жетинчиси жоокести,
Чын тукуму кытайсың,
Чыгарбасам шаардан
Жанынан кыргыз чын безди,
Чыккын бери майданга,
Чыкырып турмун бу кезде.
Сегизинчиси бостонду,
Силер менен кыргызым
Серпишүүгө окшоду.
Жөөт, кызылбаш, тарсадан,
Сакалаттан дагы бар...

Демек, кыргыз элинин оозеки чыгармаларында азыркы убакта ичкилик тобуна кирген абат (набат), бостон, жоокесек (думара), каңды, кыдырша, кыпчак, кесек (каракесек, кызыл аяк, окчу), найман, нойгут, тейит (кара тейит), төөлөс уруулары аталат. Аталган уруулардан чыккан: Карача кан, Шырдак хан, Тейит хан, Акун бек, Кылыч бек, Шаабек, Медер султандар, бай Элеман, чечен Таз, Эр Төштүк, Эр Үрбү, Эр Чубак, Акымбек, Аралбек, Ошпур, Жасообек, Көкбөрү, Кербенбай, Көгөн, Көбөн Шаңкы, Саламат, Акпай, Кайгыл, Бөгөл, Тоорулчу, Курманбек баатырлар, Сайкал, Жаңыл Мырзалардын аттары аталып, алардын Мекен үчүн болгон күрөштөрү кыргыз эпосторунда кеңири чагылдырылып даңкталат. Муну менен катар эпостордо алар жашаган: Ала-Айгыр, Жылгындуу, Кабак-Арт, Какшаал, Камбыл, Күнөс, Күрөө, Үч-Турпан, Сары-Кол, Текес, Тоюнда, Турпан, Тушарык, Ошпол деген жерлер, Лобнор көлү, Лобнор дайрасы, Ооган (Балк, Кундуз) өлкөсү, Анжыян, Кокон, Ташкен, Кашкар, Ыспара шаарлары айтылат. Ошондой эле аталган уруулар турган жерлердеги жаныбарлар, канаттуулар, жаратылыштын коюздуктары чебердүүлүк менен сүрөттөлөт.

# КЫРГЫЗ САНЖЫРАСЫ ИЧКИЛИК УРУУЛАРЫ ЖӨНҮНДӨ

Я.Р.Винников 1953–1954-жылдары Түштүк Кыргызстанда жүргүзүлгөн кыргыз урууларын изилдөө экспедициясы убагында ичкилик уруусунун баяндоочуларынан жазып алган санжыра боюнча ичкилик уруулары төмөндөгүдөй таралат: «Кыргызбайдын бир баласынан Намрат, андан Субуханкули. Субуханкулинин биринчи аялынан Пулат, Шумат, экинчи аялынан Ширмат. Пулаттан – кыпчак, нойгут. Шуматтан – найман. Ширматтан – Надырша, Султанша. Надыршадан – бостон, Султаншадан – кесек жана жоокесек»[1] уруулары тарашат.

Т.Умар уулунун «Кыргыз санжырасы» аттуу китепчесинде, ичкиликтердин (Кызыл уул) курамына төмөндөгү урууларды киргизет: каңды, төөлөс, тейит, найман, бостон, нойгут, кыпчак, абаат, кесек. Ошондой эле аталган урууларды уруктарга бөлүп, алардын генеалогиялык схемаларын берет[2].

С.Жаңыбай уулунун «Кыргыз санжырасы» аттуу китепчесинде, автор «Кызыл уулдун балдары, башкача айтканда, ичкиликтер Лоб жана Кызыл-Суу дарыяларынын оң жана сол жээктеринде мекендешкен. Ошондон улам оң жана сол деп ажыратуу келип чыккан» – дейт. Оң ичкилииктерге – тейит, кесек, кыдырша, нойгут, кыпчак, ал эми сол ичкиликтерге – найман, бостон, аваат урууларын киргизет[3].

Үсөйн-ажы «Кыргыз санжырасы» деген эмгегинде кыргыздар, анын ичинде ичкиликтер жөнүндө төмөндөгүдөй маалыматтарды берет: «Атактуу санжырачылардын айтып беришине жана материалдарга негиздегенде, Чыңгызхан 1227-жылы кыргыздарды кырганда көбү бытырап, чачылып, ар кайсы элдерге сиңип кетишет. Ошол кездеги кыргыздардын аксакалы Долон бий эгиз баласын ээрчитип качып кутулуп, батыш Тянь-Шанга

[1] *Винников Я.Р.* Родоплеменной состав и расселение киргизов на территории Южной Киргизии//ТКАЭЭ.-Т.I.-М.,1956.-С.158-159.

[2] *Турдубай Умар уулу.* Кыргыз санжырасы.-Б.,1991.-22-24-б.

[3] *Сапарбай Жаңыбай уулу.* Кыргыз санжырасы.-Ош,1993.-14-15-б.

келет. Ал киши азыркы Кыргызстандагы Нарын менен Кочкор арасындагы бир белде дүйнөдөн кайтат. Бул ашуу азыр дагы Долон ашуусу делет. Андан Ак уул, Куу уул деген эки эгиз бала калат.

Бул эки баладан таралган уруулар сырткылык «отуз уул» деп аталган. Булар бүтүн түндүк кыргыздардын азыр бар уруусун түзүп чыккан.

Түштүк тарапка орундашкан кыргыздарды кырк уулдун 10 уулунан таралган деп, бул он уул ичкилик (кыпчак) деп аталган. Булар Долон бийдин балдарынын бутагына кирбейт. Нараак жактан кошулат. Азыркы тарыхчылар болсо кыпчактарды кыпчак кандыгы таралганда анын бир бөлүгү качып кыргыздардын ичине келип аралашкан деп карашат, кыргыз санжырачылары кыргыздан таралган дешет»[1].

Үсөйн-ажы «Куу уулдан кутчу, чон багыш, кытай, саруу, мундуз, базыс, нойгут жети уул болгон, алар жети чоң урууга таралган. Буларды сол деп аташат»[2] деп, нойгут уруусун кыргыздын сол канатына кошот. Ал «Нойгут кыргыз элинин түпкүлүктүү урууларынын бири» деп, XV-XVII кылымдарда Ак-Суу дарыясынын бойлорунда кыргыздын нойгут уруусу жашагандыгы кытай тарыхында жазылгандыгын, алардын санжырачыларынын айтуусу боюнча божомол менен 250 жылдар мурун Какшаал дарыясы менен Кумарык дарыясынын кошулушундагы Арал деген жерди нойгуттар борбор кылып турушкандыгын, бул уруунун Нойгут бий деген башчысы болгондугун айтат[3].

Санжырачы Черик Сарбан 1916-жылдагы кыргыздар жөнүндө «Нойгуттар 6000, наймандар 2000, төөлөс 4000, бөө кыпчак 3000 түтүн, булар Кашкар тарапты IX кылымдан бери эле жердеп калган урук-уруулар», ошондой эле ал жедигер, моңол, жетиген, черик урууларынын да санын көрсөткөн маалыматтарды берет[4].

---

[1] *Үсөйн-ажы*. Кыргыз санжырасы/Кыргыздар.-Б.1991.-82-б.

[2] Ушул эле жерде.

[3] Үсөйн-ажы. Көрсөтүлгөн эмгек.-104-105-б.

[4] Кыргыздар.-3-чү китеп.-Б.,1996.-56-б.

Кытайлык кыргыз тарыхчы Анвар Байтур ичкилик деген аталыштын мындай вариантын берет: «Күндөрдүн биринде Кыргызбайдын элин алыстан келген жоо чаап кетет. Кыргызбай өз элин жоого каршы согушка чакырып, элинин бир бөлүгүнө өзү жетекчилик кылып, Кыпчак, Найман, Тейит, Кесек деген төрт уулун, келген жоонун как ортосуна сокку бермекчи болуп, кошундун ортосуна коёт. Булар жоонун ортосун бузуучулар. Ал жоого каршы турган бул сапты «Ичкилик» деп атаптыр»[1].

Э.Төрөкан уулу Кыргыз – Ак уул, Куу уул, Кызыл уул деп үчкө бөлүнүп, Кызыл уулдан тарагандар эл ичинде кийинки доорлордо ичкиликтер деп айтылып калган. Мунун себебин мындайча чечмелейт: «Ак уул менен Куу уулдан тарагандар малдуу келип, көбүнчө тоолуу көчүп-конуп жүрүшкөн. Ошондуктан булар өздөрүн сыртта жүргөндөрбүз деп сезишип, ал эми көчүп тоо аралап жайлоолоп жүрүүгө шарты болбой талаада, түз жерлерде, калаанын (шаарчалардын) айланасында жашап калгандарды, алар (тоо жакта жүргөндөр), ичкиликтер деп айтышчу экен. Мына ушундан улам Кызыл уулдан тарагандар ичкиликтер деп айтылып калган, ичкилик деген сөз мына ушундан келип чыккан»[2] деп жазат.

Ал «ичкиликтердин эн түпкү атасы Салбасбий Булгачы, андан тарагандар Найман Тейит, Төөлөс, Каңды, Бостон, Нойгут, Кыпчак, Кыдырша, Ават, Мөнкө, Карасаадак, Оргу, Жоокесек уруулары. Булар эң байыркы кыргыздардын уруулары, алардын айрымдары өткөн бир кылымдарда, доорлордо өзүнчө өмүр сүргөн чоң элдин бөлүндүсү, айрымдары өзүнчө эл болуп жүргөн түрк уруулары болгон. Булар Ак уулдан Куу уулдан тараган кыргыздарга бирдей (барабар, тең) туугандар болуп саналат. Ичкилик уруулары көбүнчө кыргыздын түштүк жагынан орун алышкан. Башкача айтканда, Өзгөн районундагы Кара-Кулжа дарыясынан тартып, Амударыяга чейинки жерлерде жайгаш-

---

[1] *Анвар Байтур*. Кыргыз тарыхынын лекциялары. I-китеп. 33-бет; Анвар Байтур. Кыргыз тарыхы. I-китеп. 40-б.

[2] *Эсенкул Төрөкан уулу.* Сол канат кыргыз. 3-чү китеп.-Б.,1995.-149-150-б.

кан. Өзбекстандын Фергана өрөөнүнүн көп райондорунда жана Тажикстандын Мургаб, Талду-Суу (Жерге-Тал – Н.Т.) райондорунда жана Оогонстанда ичкилик уруулары бар»[1].

Э.Төрөкан уулу ичкилик урууларынын төмөндөгүдөй урук бөлүкчөлөрүн атайт: «Найман: байбол, жанбол, кудайменде, үркүнчү, босторгой, тентек, кара найман, сарыбай (саманчыбай), сарыкулак, бөө, туума, кандыке, боткочу, боз, көкө (көнөкбай), кожо жана бобуй;

Тейит: кызылбаш, галча, байтейит, кочкортейит, каратейит, чапантейит, арыктейит, сарытейит, кесектейит, чалтейит, нарус, зарип жана кызылбай;

Төөлөс: айтамга, меркит, муркут, керейне жана шорон; айтамгадан – толуман, долон, дүкөн, кенже; меркиттен – кашкары, дүрбөөл, аксылыктардын тукумдары, муркуттан – гайыпалы, өтө, токтосун; керейнеден – нурмат, жумак, нурдин, бакир; шорондон – насир, кара, кадыр;

Кaңды: каракаңды, сарыкаңды, каранай, алашан, чок ака, ороктамга, үчөк тамга, уман каңды, түркмөн, уйгур булга, шаран, габа, кубат, акколу, турсун, рысмат, акташсолы, байчакашка, моробко, уста кочкор, алдайыр, батай, молоташ, алдаш, калмак, калжыяр, кудайменде, кудайберди, тотукуш, бөрүичкилик, тотомат;

Бостон: бозбала (олжобай, кенжебай), жазар (аваз), ботманке, баймат, сарыкенже;

Нойгут: сака, чинатан, гадай, найман манаш, карачочой, бөжөй, шага, черчи, акназар, муканай, чардагай, логман, карамоюн; сакадан – доймончи, карадагай, шагатейит, гайчи; гадайдан – найман, жабай, тулуке; акназардан – адык, сапы; карачочойдон – таз, бोджай;

Кыпчак: торуайгыр, таймат, кожомшүкүр, омонок, жаманак, кармыш, алтеке, тазкыпчак, сарткыпчак, кытайкыпчак, кабалы, бөөкыпчак, көккыпчак, аккыпчак, каракыпчак, сарыкыпчак; кожошүкүрдөн жалгыз кожогелди, андан үч уул: кошалы (кода-

---

[1] *Эсенкул Төрөкан уулу.* Көрсөтүлгөн эмгек.-150-б.

лы), суер, акбосо; кошалыдан – койбагар, жылкы айдар; суерден – атамбек, токто, акбосодон – ормотой, шааке;

Ават: токмок, гуджен, жой, эшкара, чолой, кыдыршаа, могол, уста, алатакы, бөтөнканат, адалапы, боток; чолойдон – момош; ботоктон – жапай, андан чат, тайтак; токмоктон – ашыр, көчөк; жойдон – чичав, мамар, байсары, бакы; гудженден – казыбек, жарыбек; моголдон – дүйшөбай, төлөкбай; устадан – монко, инга, момун, кулак;

Жоокесек, санжырада кесектен тарагандарды алты ата жоокесек деп коет. Жоокесектен – кызыл аяк, ушкары, мотой (можой), султансары, бууракан, ямарбай, кулкай, байсекел, сарыүсен, бөлөксары, кара молдо, чуулдак, сибирге, келдер, чапкылдак, канды, чүчүк, бөксө, тагайберди; султан сарыдан термик, битак, ялгисчек деген үч бир тууган; бууракандан – жору, булатай, календер; ямарбайдан – жиберди, сазан, талак, акбай; кулкайдан – маматак, балчы, кожомкул, челек»[1].

Э.Төрөкан уулу аталган уруулардан чыккан акылман, баатырлар, кээ бир уруулардын аталыштарынын келип чыгышы жана алардын жашаган жерлери жөнүндө кеңири маалыматтарды берет.

Ошондой эле Э.Төрөкан уулу ичкиликтер жөнүндө төмөндөгүдөй уламышты келтирет: «бугу элинин ичинде «Булгаарычынын тукуму» дегендер бар. Илгери Адигине элине бир жетим уйгур келип, көөнү (көн) булгаары жасап, аны элге сатып оокат кылып жүрүп, эл ичинде «Булгаарычы» атыгып кетиптир. Булгаарычы кайра элине кетпей, кыргыздан аял алып, жергиликтүү эл болуп туруп калыптыр. Ошондон Каңгы, Тейит, Жоокесек, Кызыл аяк, Кыдырма, Бостон, Кесек, Найман, Нойгут. Мунун тейитинин бир тобу Жети-Өгүздүн Чычкан кыштагында, ал эми Найманынан болсо Босторгой, Бобуй. Мунун Бобуюнун тукумдарынын көпчүлүгү Ысык-Көлдүн Таштак кыштагында жайгашкан»[2].

---

[1] *Эсенкул Төрөкан уулу.* Көрсөтүлгөн эмгек.-150-157-б

[2] *Эсенкул Төрөкан уулу.* Кыргыздын кыскача санжырасы.-2-чи китеп.-Б.,1995.-7-б

Чынында эле биздин Ысык-Көл аймагына болгон илимий экспедиция убагында аталган айылда «Бөөбий» деген урук катталган, алар өздөрүн качан жана кайсыл убакта бул жерге келишкендигин жана кыргыздын кайсы уруусуна кирерин билишпейт. Ичкилик тобуна кирген найман уруусунун курамында «бөөбий» деген урук бар. Демек, Таштак айылындагы «бөөбийлер» найман уруусунун өкүлдөрү болушат.

Санжырачы С.Закиров «Кыргыздардын: оң, сол, ичкилик деп аталышы согуштан келип чыккан дейт. Байыркы убактарда, орто кылымда, ал түгүл кийин деле, согуш мезгилинде кошундарды: оң канат, сол канат, ичкилик (борбор) деп бөлүп, согушка кирген. «Кыргыз санжырачыларынын көпчүлүгү, ичкилик урууларын бирде солго кошуп, бирде кырк уул, бирде отуз уулга кошуп айта беришет. Санжырачылардын мындай чаташтырып жатканынын башкы себеби, булардын байыркы уруулардан, элдерден болгондугунда. Аны мындай эле нерседен байкоого болот. Кыргыз эл оозеки чыгармаларына тааныш адамдар моңгол дооруна чейин жаралып, айтылып жүргөн «Эр Төштүк», «Манас» сыяктуу эпостордо ичкилик уруулары толук жолуга турганын байкайт. Кийинки Адигине, Тагайдын тукумунан пайда болгон солто, сарбагыш, бугу, саяк, бөрү, жору, баргы ж.б. сыяктуу уруулар ал эпостордон учурабайт. Дал ушундан эле, ичкилик уруулары эң эски уруулар экени билинет. Ичкилик урууларынын негизгилери: Канды, Дөөлөс, Теит, Найман, Жоокесек, Бостон, Нойгут, Кыпчак, Ават. С.М.Абрамзон буларга онунчу кылып Кесекти кошот. Бирок, жоокесек менен кесектер бир эле уруу. XIX кылымдагы орус саякатчыларынын айрымдары ичкиликтерге жогоруда айтылгандардан башка Кыдырша, Огру, Кара Саадак деген урууларды да кошкон»[1] деп жазат.

Ошондой эле бул уруулардын уруктарга бөлүнүшүн берет: «Кандылардын бөлүнүшү: кара канды, сары канды, уман канды, чоң ака, орок тамга, үчөк тамга, каранай, алашан, түркмөн, уйгур булга, шаран. Дөөлөс – тогуз ата дөөлөс. Тейиттер: Кы-

---

[1] *Закиров С.* Кыргыз санжырасы.-Б.,1996.- 239-б.

зыл баш, Галча, Кызыл бай, Зарип, Наурис. Наймандар: Байбол, Жанбол, Кудайменде, Бөө, Тума, Гандыке, Үркүнчү Босторгой, Тентек, Каранайман, Сарыбай, Боткочу, Боз, Көкө, Ходжо. Жоокесек – алты ата жоокесек. Бостон – боз ала бостон уруусу. (Бозала, Жадар, Ботманке, Баймат) Нойкут: Муканай, Кара Моюн, Найман (Урук) Манаш, Чинатан, Акназар, Бөжөй, Чардагай, Шага, Логман, Черчи. Кыпчак: Торайгыр, Таз кыпчак, Таймат кыпчак, Кожомшүкүр кыпчак, Жаманак кыпчак, Кармыш кыпчак, Алтеке кыпчак, Омонок кыпчак, Кабалы кыпчак. Ават: Токмок, Уста, Жой, Гуджен, Чолой, Алатакы, Эшкара, Моңол, Бөтөнжанат»[1]. Ошону менен бирге «жоо кесек менен кесек бир эле уруу»[2] – деген чечимге келет.

Ошол мезгилдеги айрым кыргыз санжырачылары, ичкиликтердин өз ара оң, сол болуп бөлүнө турганы жөнүндө да маалыматтарды берген. Мунун өзү, урууларды оң, сол деп бөлүү, согушка байланыштуу чыкканын дагы бир жолу далилдейт. Анткени, ичкиликтер, кийинки, оң, сол уруулары пайда боло электе өз ара – оң, сол болуп бөлүнгөн болсо, демек, мурда да ошондой зарылчылык болгон. Түндүк санжырачылары, ичкиликтердин ич ара бөлүнүшүн, жайлашкан жерлерин толук билишпейт, бар болгону ичкиликтер Ферганада, Анжиянда деп коюшат. Түндүк кыргыздарда, уруу топторунда жолуккан кыпчак, дөөлөс, нойгуттар жөнүндө сурап калсаң Ферганадан, Анжиядан келген дешет. Менин байкашымча, кыргыздын ичкилик уруулары негизинен өзбек, тажик, ооган элдери менен чектеш жагында жайгашкан. Азыркы территориялык бөлүнүш боюнча алганда – Кара-Суу, Араван, Ноокат, Фрунзе (Кадамжай – Н.Т.), Баткен, Лейлек райондорунда. Бирок, муну менен биз, Кыргызстандын башка райондорунда ичкилик уруулары жок деп айта албайбыз. Көл жээгиндеги төөлөстөр – Ноокаттагы төөлөстөрдөн, калмактар кыргыз жеринен сүрүлгөндө келген, деген уламыш айтылат. Ал эми, Ноокаттагы төөлөстөрдүн байыркы Алтайдагы

[1] *Закиров С.* Көрсөтүлгөн эмгек.-33-34-б.
[2] *Закиров С.* Көрсөтүлгөн эмгек.-239-б.

төөлөстөр менен байланышы бардыгына шек кылууга болбойт. Ичкилик уруулары – байыркы уруу болуп, көптөгөн кылымдарды башынан өткөрүп, көптөгөн согушту башынан кечирип, көп жерлерге чачырап кеткен»[1].

Музапар Үсөн ичкилик урууларынын келип чыгышы тууралуу мындай деп жазат: «айтылуу тарых атасы Геродот он уул ички урууларды, же Кызыл уулдун балдарын он үч урууга бөлгөн, же Кызыл уулдун эки уулу Салусбек менен Булгаачыдан таркагандар деп белгилейт: Салусбектен: Каңды (каңгы), Бостон (паспан), Тейит (дай), Оргу, Баргы, Ават (абгат). Булгачыдан: Жети-кашка (кыпчак), Төөлөс, Нойгут, Найман, Кесек (гесега), Дуулат (масагет)[2].

Демек, Музапар Үсөн ичкилик урууларын байыркы каңгы, пасиан, дай, массагет уруулары менен байланыштырып, аталган ичкилик урууларын алардын урпактары деп карайт. Ал боюнча ичкилик урууларына: каңды, бостон, тейит, оргу, ават, кыпчак, төөлөс, нойгут, найман, кесек уруулары кирет.

Молдо Шарап Карваний ичкиликтердин келип чыгышы жөнүндө төмөндөгүдөй санжыраны айтат: «Ата-бабаларыбыздын айткандарына караганда, тарыхта бир атадан эки уул болгон. Биринчиси Мергузи, экинчиси Жалайыр. Мергузиден казактар таралган. Казактарга улуу жүз, орто жүз, кичүү жүз деп наам берилген. Казактар үч наамдагы жүздөрдөн таралган. Булар «ак кыргыз» деп аталат. Экинчи уулу Жалайырдан эки уул болгон. Биринин аты Нармурад, экинчисинин аты Четак. Ушулардан таралгандарга «кара кыргыз» деген лакап берилген. Мансур Халлаждан таралган деген тарых сөздөр туура эмес. Четактан алты уул болгон: Адигене, Тагай, Муңгуш, Мундуз, Басыз, Кутчу. Алты уулдан тарагандардын баары «отуз уул» кыргыз калкы. Нармураддан тарагандардын перзенти Султан Субханкулу Балх шаарынын падышасы болгон. Анын үч уулу бар эле: Полот, Шаамухаммад экөө бир энеден. Шермухаммад башка аялынан.

---

[1] *Закиров С.* Көрсөтүлгөн эмгек.-240-б.

[2] *Музапар Үсөн.* Улуу Талаа баяндары.-Ош,2005.-10-б.

Кожонун кызы Сайидабибиден. Полоттон – Кыпчак, Шаамухаммаддан – Наймандар тарашат. Шермухаммаддин бир уулунун аты Кулмухаммад болгон. Кулмухаммаддан эки уул. Биринчиси – Султан шах, дагы бири – Надыршах. Султаншахтын балдары кесек деп аталат. Султаншахтан он эки уул бар: Мерке, Коңурат, Бөркө, Тиймес, Кепемер, Маңгыт, Жоокесек, Бостон, Дөмөр, Каңды, Кыдырша, Жастык. Ушул он эки уулдун балдары кесек деп аталат. Надыршахтан тогуз уул болгон. Ушул тогуз уулдан тогуз уруу тейит тaралган: Оймат. Баймухаммад, андан Лакай. Лакайдан Калдык, Ойрош, Майруш, андан Чапан тейит. Чапан тейиттен Жойчигинер. Оңкелди, андан Өтүкчү жана Кочкор. Күнтуумуш, андан Чал тейит. Каракач көнчү, андан Кара тейит. Катима Мухаммадкулу, андан Арык тейит. Кансатыбалды, андан Сары тейит»[1]. Ал кыпчак, найман, кесек жана тейит урууларынын аталыштарынын келип чыгышы жөнүндө бир нече варианттарды мисал келтирет.

Ошондой эле Ш.Карваний төөлөс уруусу боюнча мындай маалыматтарды берет: «Төөлөс калкы ичкиликтердеги чоң уруулардын бири: Меркит, Муркут, Керайит, Шорон, Айтамга, Додоң. Муркут жана Меркит экөө ага-ини болгон экен. Булар алгач Самарканддан ары, Нур-Ата деген жерде жашашкан. Жүлгө топурагына илгери баарынан мурда айтамга, толмандардын бабалары келген экен. Булар Абшыр сай, Көк-Жар сай, Жылгын сай, Жинжиген сай, Жабылуу ата аттуу мазары бар күнөстүү адырлардын баарын мал багууга ыңгайлуу болгондугу үчүн ээлешкен. Айтамгалардан кийин Керайит, Шорон келген. Экөө Абшыр сайдан арык казышып, эгин айдашкан. Ал убакта Жүлгөнүн төмөн жагы кара суулуу, токойлуу жер экен. Эгин эгүү үчүн ачык жайлар жок болчу. Закташкан жер экен. Алардын артынан Муркуттун бабасы Мухаммадамин бий көчүп келген»[2].

Ш.Карваний «ичкилик» деген аталышты мындайча түшүндүрөт: «Ичкеридегилер тышкарыдагы кээ бир сөздөрдү билүүгө

---

[1] *Молло Шарап Карваний.* Элдин, жердин тарыхы.-Ош,2010.-16-19-б.

[2] *Молло Шарап Карваний*. Көрсөтүлгөн эмгек.-25-б.

же падышага билдирүүгө мүмкүн болбой калды. Бара-бара ичкеридегилер деген ат коюлуп, кийинчерээк ичкилик деп аталган наам пайда болду. Башы Ноокат, аягы Оро-Дөбө аралыгындагы калктарга кыргыз элеттеринин ичиндеги «ичкилик» деген наам коюлуп калды. Ичкилик деп аталышына себеп ушул болгон. Жогоруда айтылган ичкеридегилер, теской журтунан тандалган он киши, падыша Нарботоханга жакын болгондуктан, кайсы жерлерде болбосун, (көкбөрүлөрдө, мааракелерде) башкаларга үстөмдүк кылып: «Биз ичкиликпиз» – дешип кыйынсынышкан. Барган сайын «ичкилик» деген наам алып калган[1].

Нарботохан Коконго падыша болгондо Арка, Пишпек, Токмок, Каракол, Ысык-Көл, Атбашы, Нарын, Саруу, Өзгөн, Ош, Жалал-Абад жана башка жактагы букара элеттерден илимдүү, акылмандардан тандалган отуз киши бир нече белек, тартуулар менен ханды куттуктоо үчүн келишкен. Нарботохан көрүп: «Бул отуз уул кимдер?» – деп сураганда, вазирлери ичкилик болгондуктан мындайча жооп беришти: «Бул отуз уул аркалыктар. Өзгөндүк жана башка жердик букараларыңыздын жөнөткөн акылман балдары». Нарботохандын: «Бул отуз уул кимдер?» – деп айткан сөзү боюнча эле ошол журтка «отуз уул» деген сөз лакаб болуп калды. «Отуз уул» деп айтылышына себеп ушул. Ал эми теской журтунан Нарботоханды Рум мамлекетинен алып келген он кишинин бири падышанын оң жагында, экинчиси сол жагында отурушат эле. Калган сегизи дагы ордодо иштешип, падышанын ички сырдаш адамдарынан болуп калышты. Ошентип, ичкиликтер деген наам менен аталып калды[2].

Оң жакта отуруучу вазирге журттун жарымын башкаруу өкүмдарлыгын берди. Ошол оң вазирге баш ийүүчүлөр төмөнкүлөр: Нойгут, найман, бостон, кыпчак, баргы, катаган, төөлөс, оргу, окчу, багыш, кара багыш, сары багыш, бөрү, жору, адигине, мунак, бакал, йадкар, саяк, нарай, уйгур, буйга, калмакы, баявут, жүз, түрк, араб, казак, ногой, миң, барлас, теңизбай тасма, савдары, саруу, кылыч, каракалпак, кызылаяк[3].

---

[1] *Молло Шарап Карваний.* Көрсөтүлгөн эмгек.-24-б.

[2] Ушул жерде.

[3] Ушул жерде.

Сол жактагы вазирге журттун калган жарымына өкүмдарлык кылууну тапшырды. Алар төмөнкүлөр: Тейит, каңды, борбаш, жоокесек, кесек, чүчүк, кыдырша, кутчу, мундуз, төлөйкөн, маңгыт, көк жатык, улуу катын, суукулак, чыпалак, удагачын, түркмөн, баглан, жөө тейит, чапан тейит дагы башкалар. Ошон үчүн ичкилик эли да экиге бөлүнүп, оң жана сол деп аталышына ушул себеп болгон[1].

Ш.Карванийдин санжырасы боюнча Жалайырдан – Нармурад, Четак. Нармураддан – Султан Субханкулу, андан Полот, Шаамухаммад, Шермухаммад. Полоттон – кыпчак, Шаамухаммаддан – найман, Шермухаммаддан – кесек, бостон, дөмөр, каңды, кыдырша жана тейит уруулары тарашат. Ичкилик уруулары оң жана солго бөлүнөт. Оңго: нойгут, найман, бостон, кыпчак, төөлөс, оргу, нарай, буйга, калмакы, кызылаяк. Бул жерде кызылаяк кыпчак уруусуна кирет, нарай, буйга жана калмакы төөлөс уруусунун уруктары. Солго: тейит, каңды, борбаш, жоокесек, кесек, чүчүк, кыдырша, түркмөн, жөө тейит, чапан тейит. Бул жерде жөө тейит, чапан тейит тейит уруусунун уруктары, жоокесек, чүчүк кесек уруусуна кирет, борбаш жана түркмөн каңды уруусунун уруктары, кыдырша азырынча ават уруусунун курамында.

Демек, оң ичкиликтерге: нойгут, найман, бостон, кыпчак, төөлөс, оргу, сол ичкиликтерге: тейит, каңды, кесек, ават уруулары кирет.

Эгерде биз жогорудагы эл оозунан чогултулган санжыраларга таянсак, анда ичкилик уруулары Кыргызбай дегенден таралат, муну төмөндөгүдөй схема менен берсек болот (№ 3-схеманы кара).

Бул схемада төөлөс уруусу көрсөтүлбөгөн, төөлөс уруусунан чыккан аалым молдо Ш.Карваний өзүнүн санжырасында да төөлөс уруусун бул схемага киргизген эмес. Төөлөстөрдөгү «Оң да өзүм, сол да өзүм. Оңго, солго тең көзүм» деген накыл сөз, балким ошондондур.

---

[1] Ушул жерде.

*Схема 3.* Ичкилик урууларынын санжыра боюнча таралышы



## ИЧКИЛИК УРУУЛАРЫ АРАБ, ПЕРС ЖАНА КЫТАЙ БУЛАКТАРЫНДА

Ибн-Хордадбектин «Китаб ал масалик ва-л-мамалик» (IX к.) аттуу эмгегинде: «Түрк-тогуз огуздардын өлкөсү – түрк өлкөлөрүнүн эң кенени, чоңу. Алар ас-Син, ат-Туббат жана карлуктар менен чектешет. [Андан кийин] кимактар, гуздар, чигилдер, түргөштөр, азкиши, кыпчактар, кыргыздар, алардын мускусу бар, карлуктар жана халаждар дарыянын аркы өйүзүндө [жашагандар]»[1] деген маалыматтар бар. Бул жерде кыпчак этноними خفشاق хифшāқ формасында берилген.

Автору белгисиз, X кылымда жазылган «Китаб Худуд ал-алам мин ал Машрик ила-л-Магриб» деген араб булагында башка элдер менен катар карлуктардын, кимактардын, кыргыздардын өлкөсү сүрөттөлөт. Кыргыздардын аймагы тууралуу бөлүмүндө фури (бөрү – Н.Т.) жана кесим (кесек – Н.Т.) деген кыргыздын уруулары жөнүндө мындайча маалыматтар бар: «Фури – элдин аты, булар да хырхыздардан; хырхыздардан чыгышта турушат жана башка хырхыздар менен аралашпайт. Киши жейт жана аёо дегенди билбейт, алардын тилин башка хырхыздар түшүнбөйт, алар жапайы айбандарга окшош, алардан алыс эмес жерде Кемижкет деген шаар бар, анда хырхыз-хакан турат...

Кесим – башка бир элдин аты, булар да хырхыздардан, тоодо, чатырларда турушат, тери, мускус, хуту мүйүзүн жана башкаларды өндүрүшөт. Бул – хырхыз урууларынын бири, алардын тили халлухтардыкына жакын, кийими кимактардыкына окшоп кетет»[2].

Халлухтардын аймагы жана андагы шаарлар тууралуу бөлүмүндө: «Мирки – кыштак, мында халлухтар [жашайт], соодагерлер да келет. Бул эки кыштактын ортосунда үч халлух уруусу бар, аларды бистан (?), хайм (?), бириш (?) дешет[3]. Бул жерде

---

[1] Ибн Хордадбех. Книга путей и стран.-Баку,1988.-С.66

[2] Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхый булактары.-Т.I.-Б.,2002.-64 б. Мындан ары – ККТБ

[3] ККТБ.-Т.I.-65-б.

бистан уруусунун аталышы азыркы убакта ичкилик тобуна кирген бостон уруусунун атына окшош».

Ал эми Кимактардын аймагы жана андагы шаарлар тууралуу бөлүмүндө: «Бул аймак мындай аймак: чыгышында – хырхыз урууларынын бири, түштүгүндө – Артуш дарыясы менен Итил дарыясы, батышында – кыпчактардын айрым бөлүктөрү жана жарым-жартылай киши жашабаган түндүк өлкөлөрү, түндүгүндө – түндүктүн адам жашай албай турган жерлери.

Андар аз хифчак – кимактардын жери, бул жердин элинин айрым салттары гуздарга окшоп кетет.

Каркар(а)хан – кимактарга тиешелүү дагы бир аймак, анын элинин салты хырхыздардыкына окшоп кетет»[1].

Абу-л-Фазл Байхакинин «Масуддун тарыхы» (XI к.) деген эмгегинде чогорок жана кыпчак уруулары тууралуу мындайча маалыматтар бар: «Кечээ кечинде кадхудай Абд ас-Самаддын уулу кожо Ахмаддан кат келди, анда кёчаттар, жиграктар жана кыпчактар менин жоктугумдан кабатыр болуп жатышыптыр, бир балээ болуп кетпесе»[2] деп жазылыптыр...

«Харун Хорезмге кайтып келип, согушка даярдана баштады. Ал жактан ага кёчат, жиграк жана кыпчак урууларынын өкүлдөрү келе башташты, көп аскер топтолду. Харун Селжуктун урпактарына унаа жана курал-жарак менен жардам берди»[3].

Бул булактагы кечат уруусу М.Кашгарлыкта түрк уруусу деп эскерилет[4]. Кыпчактардын ал убакта Хорезмде болгондугун Байхаки ушул эмгегинде биринчи болуп белгилеген. Чогороктор жөнүндө император Бабур да өз эмгегинде жазып кетет. Чогорок деген урук азыркы убакта кыргыздын тейит уруусунун курамында катталган (төмөндү карагыла).

Абу Са'ид Гардизинин «Зайн ал-ахбар» (XI к.) деген эмгегинде кимак жана кыпчак урууларынын келип чыгышы тууралуу уламыш жазылган. Айтылган уламыштагы окуялар аталган

[1] ККТБ.-Т.I.-67-б.
[2] Абу-л-Фазл Байхаки. История Мас'уда.-М.,1969.-С.153
[3] Абу-л-Фазл Байхаки. Көрсөтүлгөн эмгек.-827-б.
[4] *Махмуд Кашгари.* Диван лугат ат-турк.-Т.1.-1333, 298

булактан мурда, VII–VIII кылымдардын аягына туура келет. Ал уламыш мындайча айтылат: «Татарлардын башчысы өлгөндө андан эки бала калган, улуусу падышалыкка ээ болуп калат, кичүүсү агасына ичи тарыйт; инисинин ысымы Шад болот, ал агасын өлтүрүүгө аракеттенет, бирок өлтүрө албайт; ал коркуп, өзү менен кошо күң-ойношун алып, агасынан качып кетет жана чоң суусу бар, бак-дарактуу, илбээсинге мол жерге туш болот; бул жерде чатыр тигип, жайланышып калат. Бул киши күнүгө күңү экөө аң уулоого чыгып турат; аңдардын эти менен жан багышып, киштердин, тыйын чычкан менен арс чычкандарынын терилеринен кийим тигип кийишет. Ошондон кийин аларга тууган татарлардан 7 киши келет: Ими, Имек, Татар, Баяндер, Кыпчак, Ланиказ(?) жана Ажлад (?)....Алар көп убакытка чейин Шадга кызмат кылышты; кийин алардын тукуму өскөндө, тоо-тоолорго бөлүнүп жайланышышты жана аталып кеткен жети адамдын ысымындагы жети урууну түзүштү»[1]. Бул булакта кыпчак уруусу бешинчи болуп айтылат.

Ибн-ал-Асирдин «Китаб ал-камил фи-т-тарихи» (XIII к.) аттуу эмгегинде Кыргыз деген эмирдин аты кездешет. Ал жөнүндө төмөнкүчө баяндалат: «Индия аймактарында Хирхиз деген эмир болуп, анын көп сандаган аскери бар болчу. Тогрул Абд ар-Рашидди өлтүрүп, бийликти алгандан кийин ага кат жазып, гуззлардын колундагы аймактарды кайтарып алууга жардам беришин сурады жана бул үчүн эсепсиз сыйлыктарды убада кылды. Бирок ал анын ишин жактырбай, уяткарды жана ага каарданып, орой жооп кайтарды. Ал Тогрулдун аялы Масуд ибн Махмуддун кызына жана башкы кол башчыларга кат жазып, падышасын жана падышасынын баласын өлтүргөн Тогрулга чыдап отургандары үчүн аларды жемелеп, өч алууга үндөдү. Алар анын катын окугандан кийин жаңылыштык кетиргенин түшүнүштү. Алар тобу менен Тогрулга кириште да, алардын бири аны кылыч менен чапты, ага калгандары кошулуп, аны өлтүрүштү.

[1] *Бартольд В.В.* Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер.- Б.,1997.-270-б.

Хажиб Хирхиз беш күндөн кийин келди жана Абд ар-Рашидге кайгырып, Тогрулду жана ага көмөкчү болгондорду айыптады. Ал башкы кол башчыларды жана шаардын белгилүү кишилерин чакырып, аларга мындай деди: «Дин менен ыйманга терс иштер болгонун силер билесиңер. Мен букарамын, а иш үчүн өкүмдар керек. Эстегилечи, силерден ушундай ким бар?» Бийликти Фаррухзад ибн Масуд ибн Махмудга берүүнү айтышты, ал болсо чептердин биринде камалуу болчу. Аны алып келишип, эмир сарайына отургузушту, Хирхиз болсо иштерди башкарып анын жанында калды. Ал Абд ар-Рашидди өлтүргөнгө жардам бергендердин баарын кармап өлтүрдү. Дауд, Тогрул бектин бир тууганы, Хорасандын башкаруучусу, Абд ар- Рашиддин өлтүрүлгөнүн уккандан кийин аскерин жыйнап, Газнага бет алды, бирок Хирхиз аны тосуп чыгып, аны менен согушту жана Даудду качууга аргасыз кылып, алардын болгон мүлкүн олжолоп алды»[1].

Тарыхый булактарда жана оозеки чыгармаларда кыргыздар абалтадан Кашмир (Индия) менен Ооганистанды мекендери маалым. Ошол себептен, аталган эмгектин авторунун «Индия аймактарында» деген сөздөрүнөн биз ушул жерлерди түшүнсөк болот. Мисалы, «Манас» эпосунда: «Качып барган кыргызда, Катаган, тейит калкы бар, Акпай, Мамбет эри бар, Ооп качып баргандан, Ооган деген кеби бар» деп айтылат. Аталган аймактарда негизинен ичкилик тобуна кирген тейит, кесек, найман, кыпчак уруулары турушат. Хирхиз эмир жана анын көп сандаган аскери ушул кыргыздардан болушу мүмкүн. Аталган эмгекте наймандардын Кучлук ханы да эскерилет[2].

Мухаммад ан-Нисавинин «Сират ас-султан Жалал ад-Дин Манкубирти» эмгегинде (XIII к.) Кучлук хан жана наймандардын Чынгызхан менен болгон согушу, Кучлук хан менен Мухаммад Хорезмшах менен болгон сүйлөшүүлөрү жана согушу, Кучлук хандын Каракытай империясын басып алып, анын орду-

[1] ККТБ.-Т.I.-92-93-б.
[2] ККТБ.-Т.I.-112-114-б.

на Найман мамлекетин негиздөөсү кенен баяндалат[1]. Ошондой эле Субудай баатыр менен Жебе нойондун кыпчак өлкөсүнө келишип, анын урууларына кол салгандыгы айтылат[2].

Рашид-ад-Диндин ««Жами ат-Таварих»» (XIV к.) деген эмгегинде ичкилик тобундагы каңды, кыпчак, калча, меркит, тумат, булгачын, кермучин, керейит, найман, онгут (нойгут), дурбан (дүрбөөл) уруу жана уруктарынын кыскача тарыхын, алардын келип чыгышын, географиялык жайгашуусун жана түрк-монгол уруулары менен болгон байланышы жөнүндө көптөгөн маалыматтарды берет[3].

1403–1404-жж. жазылган Низам ад-Дина Шаминин «Зафарнаме» деген эмгегинде: «Башка жол аркылуу 20 миң аскер менен Осман жана жол тапкыч болуп дайындалган эмир Жалалдар чыгышты. Алар Суксоран, Сукур-Лагу жана Көк-Йар аркылуу жол тартышты. Худайдат-Бахадур жана Мубашир болуп бөлөк жолго салышты. Кумартагу аттуу жол тапкыч менен 20 миндей душман Уружку аркылуу аттанып, Бикут жергесине жетишти. Мында эмирлер бул(а)гачи-далкар менен айыгыша салгылашып, бул жерде толук түн жана бир күн бою калышты. Акыр аягында аларды майтарып, вилайетти талап, кайра тартышты.

Тимур Калантужини жол тапкыч кылып, кошуундун борборун [өзү менен] алып, тандалма аскери менен] жеңил (обозу жок) атганып чыкты. Ал Сычкан-Дабанга жетип, бул жерден бул(а)гачилердин илин жана вилайетин таап, [жоокерлерге] бардыгын, колунан келгенин кырып, калганын талоонго алынышына буйрук кылды» деп жазат[4].

Илимпоздор бул(а)гачилерди кыргыздын ичкилик уруулары менен байланыштырышат. Кыргыз тарыхчысы К.И.Петров «Ичкилик тобунун ата-бабаларынын негизги ядросу булгачы

[1] Шихаб ад-Дин Мухаммад ан-Насави. Жизнеописание султана Джалал ад-Дина Манкбурны.-Баку,1973.-С.49-52

[2] Шихаб ад-Дин Мухаммад ан-Насави. Көрсөтүлгөн эмгек.-89-б.

[3] Рашид-ад-Дин. Сборник летописей.-Т.I.-Кн.1.-М.,1952.-С.84,85,114,122,126, 151,187

[4] ККТБ.-Т.I.-157-б.

жана кэрэмучин уруулары. XVI–XVII-кылымдарда эски, түшүнүксүз булгачы жана кэрэмучин аталыштарын алар унутушат... Кыргыз аймагынын четинде жашаган оң жана сол уруулары булгачыларды, мурда кыргыз жеринин ички аймагында жашагандыктан, «ички кыргыз» катары карашкан» – деп жазат[1].

1424–1425-жж. Ширазда (Иран) жазылган Шараф ад-Дин Али Йездинин «Зафар-намесинде»: «Башка бир топто Худайда-и Хусайни менен Мубашини-бахадур Кумартакуну жол көрсөтүүчү кылып алып, 20 миң кайраттуу, эр жүрөк жоокер менен Уручку аркылуу жөнөштү. Качан алар Бикут жерине жетишкенде бул(а)гачи-вилкар эли менен кездешип чоң согуш болду... Калан-Дужи жол көрсөткүч болгондуктан, Тимур негизги аскерди өзү баштап, жеңиш жана салтанат жолдоп Улуг-Кул жолу менен багыт алды. Ыйык ордодон салт аттанып ылдам жүрүш менен Сычкан-Дабанга көтөрүлдү. Жоокерлердин кубаттуу соккусунан кийин бул(а)гачи улусуна кайрадан тагдыр жазмышы сымак кырсык жана бүлгүн келип, алар (жоокерлер) бир сокку менен бул бузукуларды жер үстүнөн сүрүп, жеңишчил аскердин кудуреттүү колуна эбегейсиз байлык жана эсепсиз олжо түштү... Бул жерден Балай-Каз тарапка багыт алып, кайсыл жерден аларга душман кездешсе, аларды өлтүрүп же туткунга алышты. Бул(а)гачи жана салучи элин издешип, алар бул дубандын бардык аймактарын текшерип жүрүп отурушту»[2]. Аталган булакта кыпчак уруусу, Аргун-шах-актачы[3] деген эскерилет. Азыркы убакта кыргыздын кыпчак уруусунун курамында актачы деген урук катталган[4].

XV кылымдын орто чендеринде жазылган Абд ар-Разак Самаркандинин «Матла’ ас-са’ дайн ва Мажма’ ал-Бахрайны» чыгармасында: «Тимур Калан-и Тавачийди жол көрсөткүчтүккө алып борбордук аскер менен Сычкан-Дабан аркылуу жөнөп

[1] *Петров К. И.* Очерк происхождения киргизского народа.-Фрунзе,1963.-С.90-91

[2] ККТБ. -Т.I.-202-203-б.

[3] ККТБ.-Т.I.-Б.,2002.-194-б.

[4] *Винников Я.Р.* Родоплеменной состав и расселение киргизов на территории Южной Киргизии//ТКАЭЭ.-Т.I.-М.,1956.-С.160

бул(а)гачи илин чаап алды... Бул(а)гачи сабужилерди издөө үчүн мурда кеткен авангарддагы эмирлер капыстан Хызр-хожа-огланга кабылышты. Эки күн бою алар ок атып күзөтүшүп, акыры тынч тарап кетишти. Авангарддагы эмирлер Улук Ордо тарапка жөнөштү. Тимур (качан) Ик-Тау жерине жеткенде Хызр-хожа-оглandan качкан Шах-Мелик – тархан келди[1] деген маалыматтар кездешет. Жогоруда айтылгандай, ичкиликтер «булгачы» деген ат менен да белгилүү болушкан.

Ошондой эле аталган эмгекте Али Меркит деген аскер башчы эскерилет, азыркы убакта кыргыздын төөлөс уруусунун курамында меркит уругу катталган[2].

XV кылымдын аягында Улуу Могол империясын негиздеген Захреддин Мухаммед Бабур «Бабур-намэ» (XVI к.) аттуу эмгегинде: «Андижан областынын көчмөн урууларынын ичинде «чограк» деген уруу бар. Бул чоң уруу, беш-алты миң түтүндөн турат. Алар Кашкар менен Ферганaнын ортосундагы тоолорду мекендешет. Бул уруу көчүп жүргөн тоолорго жетүү кыйын, ал көчмөндөрдүн көп жылкысы жана койлору бар, уйлардын ордуна алар сандаган кутастарды[3] багып өстүрүшөт»[4] деп жазып кеткен. Ал эми түркмөн окумуштуусу С.Атаниязов «Чагректер XIII кылымдын башында Хорезм шахтын кошунунун курамында болуп, монголдордун чабуулу мезгилинде Афганистан жана Пакистан тарапка качышкан» деп жазат[5]. С.М.Абрамзон султан Бабур эскерген чограк уруусун азыркы мезгилде ичкилик уруулары – бостон, нойгут жана тейит урууларынын курамындагы чогорок уругу деп санайт[6]. Азыркы убакта Чоң жана Кичи Памирде, Чоң Алайда, Кадамжай районунда жашаган тейит уруусунун курамында «чогорок» этноними жана Баткен облусунда Чогорк топоними катталган[7].

---

[1] ККТБ.-Т.I.-226-227-б.

[2] *Винников Я.Р.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.166; Нурбек Туран. Төөлөс: тарых жана санжыра.-Б.,2011.-208 б.

[3] *Кутас* (котос) – памир-алайлыктар топозду ушинтип аташат.

[4] *Бабур*. Бабур-намэ.-Кн.2.-Ташкент, 1982.-С.36

[5] *Атаниязов С.* Шежере...-С.225

[6] *С.М.Абрамзон,* 1999, 28-б.

[7] *Нурбек Туран.* Тейит: санжыра жана тарых.-Б.,2013.-246-247,289-б.

Аксыкентинин «Мажму атут-таворих» (XVI к.) эмгегинде ичкилик тобуна кирген бостон, тейит, жоо кесек, төөлөс, кыдырша, кaңды уруулары аталат жана «92 элет урууларынын» тизмеси берилет.

«Тули-хан, Ноуруз-тюрк, Бахрам Джалаир Ибрагим имамга чын ниетинен кошулушуп, ызаат кылып, бирдикте Сохтко жөнөштү. Сохттун өкүмдары Илияс Кисек эле. Ал бир миңдей киши менен тосуп чыгып, ызаат кылды»[1]. Азыркы убакта Сохто жана анын айланасында кесек (жоокесек) уруулары турушат. Илияс Кесек ушул уруулардан болуш керек.

«Алгач Куландан өзүнүн жети уулу менен келген Ак-Тимур Кыпчак рухий жаңылануунун жолуна түштү. (Анын) балдарынын аттары: Даулати-Йар, Худа-Йар, Берды, Али-Йар, Муса-Йар, Иса-Йар, Туле-Йар. (Алар) Маулана А*замды устаты катары таанышты. Жети бир тууган маңдайында кашкасы бар ак боз аргымактар менен жолго чыгышчу. Согуштук беттешүүлөрдө жети бир тууган бирге кармашчу. Ушул себептен алар Йети кашка деп аталып калышты. Йети кашка жана Кар(а)каранын теги бир»[2]. Азыркы убакта кыпчак уруусунун курамында «жети кашка» уругу бар.

«Андан соң Ак Огул эки уулу Отуз Огул жана Салус-бек Бул(а)гачи менен рухий жаңылануунун жолуна түшүп, кыйышпас экендигин билдирди. Андан соң, (Мир Жалилди) өзүнүн устаты катары таанып Бул(а)гачинин уулдары: Бостон, Теит, Жоо Кисек, Дөөлөс, Хыдыр-шах, Кангды анын жолун жолдоочулары болуп калышты»[3].

«Болжогон жерге жеткенде Йети Кашка, Ак Тимур-бахадур жана Даулат-Йарлар тосуп чыгышып, түн киргенче чын көңүлдөрүнөн конок кылышты, эмне зарыл болсо (Мир Жалилдин) каалоосу боюнча жасалды. Андан соң, аттарын минип Салус-бек Бул(а)гачинин жергесине жетип келишти. Алты уулу менен

---

[1] ККТБ.-Т.I.-292-б.
[2] ККТБ.-Т.I.-294-б.
[3] ККТБ.-Т.I.-295-б.

бирге кызмат жасап жаткан Бул(а)гачи бата берүүсүн өтүндү. Ыйык Мир Жалил Маулана А*зам Бул(а)гачинин уулдарына ырайымдуулук менен тиктеп бата берди. Алар алты уруу эл болуп калышты: бостон, теит, жоо кисек, дөөлөс, хыдыршах, кангды»[1].

Демек, Сайф ад-Дин Аксыкенти боюнча ичкилик тобуна бостон, теит, жоо кисек, дөөлөс (төөлөс – Н.Т.), хыдыршах, кангды жана кыпчак уруулары кирген болсо, азыркы убакта ичкилик тобуна аталгандардан башка абат, кесек, найман, нойгут, оргу уруулары киришет.

Шах-Махмуд Чурастын XVII кылымда, Чыгыш Түркстанда жазылган «Хроника» деген чыгармасында XVII кылымдын биринчи жарымында аталган чөлкөмдүн саясий окуяларына катышкан Булгачы тобу жөнүндө айтылат. Шах-Махмуд Чурас боюнча Булгачы тобу кыргыздардын бир бөлүгү болуп, өзүнүн курамына каңды, чоң-багыш, кыпчак, жана найман аттуу кыргыз урууларын камтыган[2].

Автору белгисиз, XVII кылымдын аягында жазылган «Тарих-и Кашгар» («Кашкар тарыхы») аттуу чыгармада: «Чынгыз-хан Буйурук-хандын ээлигиндеги бардык урууларды жана жерлерди каратып алды. Тука-бек – мекрит Тайан-хандын уулу Кушлукту көздөй качып, Артышка жакын жерге байыр алып калды. Чынгыз-хан Тука-бек – мекритке жана Кушлук – найманга каршы жортуулга чыкты. Ошол эле мезгилде кыргыз аскер башчылары Чынгыз-ханга элчи жиберип, (ага) моюн сунгандыктарын билдиришти. Алар (Чынгыз-ханга) ак шумкар тартуу кылышып, көптөгөн сейрек кездешүүчү буюмдарды жөнөтүштү. Чынгыз-хан ырайымдуулук менен кыргыз элчилерин кабыл алып, аларды кайра жөнөттү. (Андан соң) ал Артышты жердеген ойрот уруусуна келди. Ойрот уруусунун жетекчиси Тука-бек көп сандаган белектерди кабыл алып, ханды тосуп алды. Чынгыз-хандын жол көрсөтүүчүсү болгондон кийин ал,

[1] ККТБ.-Т.I.-296-б.

[2] *Шах-Махмуд ибн Мирза Фазил Чурас.* Хроника.-М., 1976.-С.223,311-312

Тука-бек – мекрит жана Кушлуктун ордосуна алып барды. Ырайымсыз согуш болуп өттү. Тука-бек курман болду, Кушлук качып кетти. Чынгыз-хан Тука-бек жана Кушлуктун ээликтерин өзүнө баш ийдирди. . .»[1].

«Сатым-бий башында турган сан-кыргыздар – найман, кыпчак, канглы жана башкалар Яркенд, Кашгар, Аксу жана Хотанды ээлешип, аталган жерлерден орун алышты. Сатым-бий Утемиш-бекте, Каракчи-бий Айуб-бектин өрөөнүндөн орун алышты»[2].

«Арзу-Мухамедд-бектин аскер жетекчилиги астында төөлөс (жана) кисектер жана чоң багыштар, кыпчактардын баары, кушчу, наймандар (дагы), Кашкар жана Ени-Хиссардын калкы көп сандуу аскерлери менен (Яркендге) жети ирет кол салышкан эле»[3] деп эскерилет.

Демек, «Тарих-и Кашгари» боюнча Чыгыш Түркстанда ошол убактагы мамлекеттик саясатта кыргыздын ичкилик тобуна кирген кыпчак, кесек, найман, канглы жана төөлөс уруулары чоң ролду ойношкон.

Абул-Гази Бахадур хан «Шеджере-и-Таракимэ» жана «Шеджере-и-Түрки» деген эмгектеринде кыргыздын ичкилик тобуна кирген кыпчак, каңды, текрең (тейит), тумат (найман ж.б), булгачын, кермучин, найман, керейит, онгут (нойгут), меркит, уйсун (кесек), дурбан (төөлөс), бүркүт (муркут) уруу жана уруктарынын жайгашкан, жашаган жерлери жана аталыштарынын келип чыгышы тууралуу маалыматтар кеңири кездешет[4].

Аваз Мухаммад бен молло Рузи-Мухаммад Суфи Аттардын «Тухфат ат-таварих-и хани» деген чыгармасында Фергананын жана Кокон хандыгынын XVI кылымдан XIX кылымдын 60-чы жылдарына чейинки тарыхы чагылдырылып, 92 «илатийа» урууларынын аталыштары берилип, кыргыз этноними миң уруусунан кийин экинчи орунда көрсөтүлгөн. Бул көрсөтүлгөн

---

[1] ККТБ.-Т.I.-309-310-б.

[2] ККТБ.-Т.I.-315-б.

[3] ККТБ.-Т.I.-319-б.

[4] *Кононов А. Н.* Родословная Туркмен.-М.,1958.-С.43,44,86; Абуль-Гази. Родословное древо тюрков.-М.,1906.-С.34-52.

катар XVIII жана XIX кылымдарда кыргыздардын Кокон хандыгындагы ээлеген ордун көрсөтүп турат. Аталган тизмеде ичкилик тобуна тешелүү болгон найман, кыпчак, канглы, керейит, онгут (нойгут), меркит, бүркүт (муркут), дурман, уйшун (кесек), соуран (шорон) уруулары келтирилген[1].

Молдо Нияз Мухаммед Хокаидинин «Тарих-и Шахрухи» деген эмгегинин «Кыргыздардын 1845-ж. Оштогу көтөрүлүшү жөнүндө деген бөлүмүндө: «Кыпчактардын жүрөкзадалыгы Кыргыздардын Оштун айланасынан Үч-Коргонго, андан Алайга чейинки көтөрүлүшү, Ошту курчап алуусунан улам түзүлгөн абалга да байланыштуу эле. Бул аяң Шахрихандагы кыпчактарга жетип, алар Мусулман-Кулду кабардар кылышты.

Бул коркунучтуу кабарды угушкан (кыпчактар) Ташкенттеги иштерин калтырышып, кыргыздардын чабуулунун мизин кайтарууга камынышты. Аргасыз болгон кыпчактар кошун жыйнап кыргыздарга каршы чабуулга киришишти. Шахриханды башкарган кыпчак Кур-Оглы вилайеттин аскерлери менен кыргыздарды чегинүүгө мажбур кылды.

Ошол эле күнү Мусулман-Кул Мухаммед-Назар Кур-Оглы кыпчактын кошуну менен биригүүнү эңседи. Кур-Оглынын аскерлери кыргыздар менен кызуу согушуп жаткан мезгилинде Касым бек Аталыктын уулу Сатыбалды Дадхах Хоканди менен Рахматуллох Дадхах мырза алайлык кыргыздар менен өз ара келишим түзүп алышып, борборго Алим-хандын уулу Мурат-ханды алып келишип такка отургузушту, ал эми Шир-Али ханды өлтүрүштү деген кабар келди»[2].

XVII кылымда Лубсан Данзан[3] тарабынан жазылган Ałtan tobči – «Алтын баян» 17 (он жети) бөлүмдөн туруп, XII кылымдан баштап XVII кылымдын ортосуна чейинки тарыхый болуп өткөн окуяларды өзүнө камтыйт. Жылнаама негизинен Чыңгыз хандын ата-тегинин келип чыгышы, анын монгол мамлекетин

---

[1] *Султанов Т.И.* Кочевые племена Приаралья в XV–XVII вв.-М.,1982.-С.44

[2] ККТБ.-Т.I.-335-б.

[3] *Лубсан Данзан.* Алтан тобчи («Золотое сказание»). М.,1973

түзүүдө көптөгөн элдер жана уруулар менен болгон согушунан кабар берет. Чыгарманын IV бөлүгү мэркит уруусуна жана анын Чыңгызхан менен болгон күрөшүнө арналса, VII бөлүк кереит уруусуна, кереит хандыгына жана анын Чыңгызхан тарабынан кыйрашына арналат. Ошондой эле чыгарма монгол уруулары менен катар дөрбөн (дүрбөөл), канглы, кереит, кыпчак, мэркит, найман, онгут (нойгут), төөлөс, усун, тумат (туума) уруулары жөнүндөгү маалыматтарга өтө бай болуп, кыргыздын ичкилик урууларынын тарыхын жазууда маанилүү булактардын бири болуп саналат.

1369-жылы Сунь Лянь менен ван Вэй баш болгон тарыхчылар тарабынан түзүлгөн «Юань ши» (Юань сулалесинин тарыхы) деген булакта чыңгизиддерге кызмат өтөгөн кыпчак уруусунан чыккан Баньдуча, Тутуха жана анын уулу Чжуанур жөнүндө маалыматтар берилген. Ошондой эле меркит уруусунун Чыңгыз-хан менен болгон согуштары сүрөттөлөт[1].

1770-жылы түзүлгөн «Пиндин чжуньгээр фанлюе» (Жунгарияны тынчытуу баяны) эмгеги 1755-1765 жылдар аралыгындагы окуяларды баяндайт.

«Анжиян багытына барыш үчүн Сарыколдон түндүктү карай Кара-Көл аркылуу жүрүш керек. Ал жакта буруттардын кыпчак уруусунун конуш журттары орун алган.»[2].

«Ушу тапта (биздин) кашыбызга келишкен уйгур Абулхасан менен бурут Алдаш мындай деп маалымдашты: бизде Сарыколдо башында 500 түтүн журтчулук болгон; Яркендге акчалай 50 лан салык төлөп келгенбиз. Азыр бар болгону 110 түтүн, 400дөн ашуун адам калды. Аким Мурат-бек калктын карамагында канча жер бар экенин текшерип тактап, атайын жолугуу өтүнүчү менен келди.

Бурут Алдаштын айтканы: биз кара-садак, кызыл-аяк буруттары болгону 70 түтүнбүз. Көптөн бери Яркендге карап келгенибиз менен, бирок, салык төлөчү эмеспиз. Болорго, Бадахшан-

---

[1] ККТБ.-Т.II.-Б.,2003.-62-67-б.

[2] ККТБ.-Т.II.-133 б.

га, Хиндустанга чабаган байланышын камсыз этишти гана өз милдетибизге алганбыз»[1].

«Фу Дэ билдирди: «Си-бу-ча-кэ (б.а. кыпчактар) уруусунун буруттары Болор, Бадахшан менен чабаган байланышын тейлешет...»[2].

«Чжао Хой билдирди. Ланьлин шивэй Цитай кыпчак-буруттарды баш ийишке чакырды. Чымыркана күч үрөп, Аличур менен Жашыл-Көлдөн кесептерди колго түшүрүштү жана түз Бадахшанга жол тартышты. Цитай сый-сыяпатка татып, 3-даражадагы шивэй мансабына көтөрүлдү»[3].

«Мурда Хай Мин маалымдагандай, кыпчак-буруттардын бийи Эмур эли-журтун баштап ичкери аймактарга көчкүсү келгенин билдирген. Бир тууган үкөсү Муратка жергилик буюмтайымдардан тартуу камдашка тапшырма берип, анын иниси Аманды Ирдана-бек кармап алганын кабарлаган.

Эмур-бий (биздин) дөөлөткө чын ыкыластан ынтаа коюуда; мунусу абдан жакшы жөрөлгө. Жоомарттыгыбызды аябай, чок белгиси жана 3-даражадагы ботокур менен сыйлап, эки түрмөк жибек тартууладык. Эмур-бий Ациму (Аким) менен бир уруудан болгондуктан, чогуу бир жерге жайлаштырса жарайт... Бурут саньши дачэнь Ациму (Аким) менен хаким-бек Султан-кожо сырткы аймактардагы жагдайды жакшы билишет. Сарыкол атырабындагы Яркендге караштуу буруттар мурда Ацимунун (Акимдин) башкаруусу астында турушкан...[4].

Аталган булакта кыргыздын кыпчак, кесек (кара-садак, кызыл-аяк) уруулары, анын башкаруучулары жана алар жашаган Сары-Кол, Аличур Жашыл-Көл, Кара-Көл жерлери жөнүндө маалыматтар берилген. Азыркы убакта аталган жерлерди ичкилик тобуна кирген тейит, кесек (кара саадак, кызыл аяк), найман жана кыпчак уруулары мекендешет.

---

[1] ККТБ.-Т.II.-135 б.

[2] Ушул жерде

[3] ККТБ.-Т.II.-140 б.

[4] ККТБ.-Т.II.-149-150-б.

1937-жылы Японияда жарыяланган «Дай Цин личао шилу» (Улуу Цин сулалесинин баардык өкүмдарларынын башкаруу баяны) манжуу-мин өкүмдарларынын 1583-жылдан тартып, 1912-жылга чейинки бийлик жүргүзгөн мезгил мерчемдерин өз ичине алат.

«Анжиян атырабындагы каратегин деген бурут уруусунун улугу Надирмат иниси Бекболотту жиберди. Ал: «Менин агам 1500 түтүн үй-бүлөгө башчылык кылат; Куту-кожо 500 түтүндү башкарат; кабыл алуу каадасына келишке уруксат сурайм», - деп айтты. Мен кыпчак бийи Аким (Ациму) менен бирге келишсин деп айттырдым»[1].

XVIII кылымдын акырына таандык болгон кытай булагы «Хуй цзян тун чжи» («Мусулман аймагы жөнүндө баян») деген колжазманын «Вайфан було» («Сырттагы жапайылардын тайпа-журттары») – төртүнчү, акыркы бөлүгүндө «буруттардын башка уруулары менен катар абат, тейит, найман, кыпчак (сарт кыпчак, тору айгыр), сарыкол урууларын башкарган кыргыз бийлеринин мансап даражасынын тизмеси, жана ошондой эле, ал уруулар жердеген чөлкөмдөр көрсөтүлгөн»[2].

1763–1770-жылдарда жазылган кытай булагы «Сиюй Чжи» («Батыш жерлердин сүрөттөлүшү») кыргыздарды жалпысынан экиге бөлөт: «Кытай булагы түштүк канатына (То-го-со-хо-лэ): кыпчак, каратегин, багыш, адигине, бөрү, найман, жору, төөлөс урууларын таандык кылат. Түндүк канатына (Кэ-эр-гэ-ци-сы): саяк, сары багыш, кытай, кушчу, саруу, моңолдор, солто, ават, мундуз, басыз, черик урууларын кошот. Тогосохол жана Кэргэцисы (? Тогуз-огул жана Кырк-кыз) канат аталыштары кыргыз элинин түзүлүшү жөнүндө башка, айталы, мусулман булактарынан белгилүү болгон уламыштар менен анча коошпойт»[3].

«Кокондон түз түштүктө 12 күндүк жолдо Каратегин жайгашкан. Миң лиден ашуун тегиз жол; туш-туштун баары туташ

---

[1] ККТБ.-Т.II.-167-б.
[2] ККТБ.-Т.II.-93-94-б.;Кыргыздар.Он төрт томдук.-Т.I.-Б.,2011.-411-б.
[3] ККТБ.-Т.II.-226-б.




*Карта 3.* Ичкилик урууларынын жайгашуусу
(Кытай картасы)

тоо. Алты суу куйган дайра бар; Алайдан агат. Өзөн-суулар чыгышты көздөй агат; чегарадан чыгып, чөл аркылуу өтүшөт. Кашкарга караштуу батыш тоолордон агып чыккандары Кызыл-хэге (Кызыл-Суу дарыясы – Н.Т.) куюшат.

Каратегин буруттарынын башчысы Ходжому-яр (Кожояр – Н.Т.) кол астындагы 9 урууга (кыдырша, тейит, бостон, окчу, жедигер, кесек, актачы, чоң кыргыз, найман) бийлик кылат. Буруттардын конуш журттары Гайшуда, Изотобуда жана башка 18 жерде жайгашкан. Өзөндөрдүн бойлору дүйүм түркүн өсүмдүк; тоо булактары сууга мол. Жер иштетишет. Айланасы 20 ли чамалуу, 4 капкалуу калаа бар.

Кашкардан түз батышты карай 16 күн жол жүрүп, Алайга жетишет. Алайдын дагы бир аты, аны ичкиликтердин жергеси деп коюшат. Эзелтен буруттардын 8 уруусунун (төөлөс, кыпчак, азык, бостон, мундуз, багыш, найман, басыз) конуш журту болуп келген. Калкы көп сандуу; а Алайда болсо, күздүк айдоо аз. Сээп өстүргөндөрү жетишпейт; андыктан эгин-тегинди Кокондон алышат. Соңку убакта Кокондун күч-кубаты аябай өстү; ошондон улам, алар (б.а. буруттар) Коконго көчүп атышат. 10 жылдан ашуун мезгил арасында айлана жакадагы конуш журттар ээн калды...

Кашкар менен Янгигиссардан батышта беш жерде: Цянхур, Лайбулак, Тэдар, Янаяр, Чармайлянь – Ацимунун (Акимдин), биздин букараларыбыз кыпчак-буруттардын конуш журттары. Янгигиссардан түштүк-батышты карай 7 күн жол басып, Яркенд менен ага караштуу Сарыкол аркылуу тоолорго туш келесиң.

Түндүк-батышта 3-5 күндүк жолдо, тоо арасындагы 13 капчыгайда (аттары аталган) Ацимуга баш ийген биздин 16 букара кыпчак-бурут уруусунун (кара-жайдак (кара саадак – Н.Т.), жаман-тейит, кызыл-аяк, тору-айгыр, найман, сарт-кыпчак, кара-кыпчак, кызыл-кыпчак, нойгут, кара-тейит, сары-тейит, чалтейит, көкө-найман, кэрэмучин, сары-найман, кызыл-найман) конуш журттары жайгашкан»[1].

---

[1] ККТБ.-Т.II.-231-б.

«Кокондон алыс эмес 3-5 күндүк жолдо, тоо өрүштөрүндө буруттардын ага караштуу болгон төөлөс уруусу көчүп конот»[1].

Көрсөтүлгөн булакта аталган – ават, бостон, кесек, кыпчак, найман, нойгут, тейит, төөлөс уруулары азыркы убакта кыргыздын ичкилик тобуна киришет. Ал эми актачы, кара кыпчак, кызыл кыпчак, тору айгыр – кыпчак уруусунун, кара саадак, кызыл аяк, кыдырша, чоң кыргыз – кесек уруусунун, көкө найман, кызыл найман, сары найман – найман уруусунун, жаман тейит, кара тейит, сары тейит, чал тейит – тейит уруусунун уруктары болуп саналат. Каратегин буруттарынын башчысы Кожояр (тексте Ходжому-яр) – сары тейит уруусунан болот. Анын урпактары азыркы убакта Памир, Чоң Алай, Каратегин, Кара-Дарыя жана Улуу Памирде (Турция) жашашат.

[1] ККТБ.-Т.II.-233-б.

## ИЧКИЛИК УРУУЛАРЫ СОВЕТ ДООРУНА ЧЕЙИНКИ ОРУС БУЛАКТАРЫНДА

Кыргыздар, анын ичинде ичкилик кыргыздар тууралуу маалыматтар Совет дооруна чейинки атайын адабияттарда негизинен орус офицерлери – И.Г.Андреев, Ч.Ч.Валиханов, А.А.Кушакевич, А.Ф.Костенко, А.Е.Снесарев, Г.А.Арандаренко, В.Н.Зайцев, Л.Г.Скерский, А.Г.Серебренников, Л.Г.Корнилов, Н.Ф.Ситняковский жана саякатчылыры – А.П.Фе́дченко, И.П.Минаев, Е.Г.Грумм-Гржимайло ж.б. эмгектеринде берилет.

1795-жылы И.Г.Андреев өзүнүн «Орто жүздүн кыргыз-кайсактарын баяндап жазуу» деген эмгегинде Бостон болуштугу жана анын старчыны Ташыбек бий экендиги жөнүндө кабар берет[1].

Ч.Ч.Валиханов «Кыргыздар жөнүндө кат» деген эмгегинде «Кара кыргыздар негизги эки бөлүккө же канатка бөлүнүшөт: «оң кол» жана «сол кол». Сол канат кыргыздарга адигине, мунгуш жана ичкилик уруулары – бостон, канды, кесек, кыдырша, төөлөс жана башкалар таандык экендигин көрсөтөт[2].

Орус окумуштуусу, биолог, географ жана саякатчы, Борбордук Азияны изилдөөчү – А.П.Фе́дченко (1844–1873) «Түркстанга саякат» аттуу эмгегинде ичкилик уруулары жөнүндө төмөндөгүдөй маалыматтарды берет. «Түштүк-батыш багытта анча чоң эмес Лейлек айылы жайгашкан, көбүнчө ал кыргыздардын кыштоосу болуп саналат. Лейлекке жакын тоолордо Ауахат (абат – Н.Т.), андан нары батышта Кисак (кесек – Н.Т.) жана Чаб-куллюк (чапкылдык – Н.Т.) кыргыздары көчүп жүрүшөт. Алардын акыркылары Ходжент уездине карашат.

Ал Чичик жайлоосунда көчүп-конуп жүрүшкөн кыргыз-кыпчактарга жолугат. Алардын башчысы казы Магомет-Али экендигин белгилеп, «мен биринчи жолу чыныгы кыргыздарды көрдүм» – деп жазат.

---

[1] *Андреев И.Г.* Описание средней орды киргиз-кайсаков.-Алматы,1998.-С.52; Бул жерде Бостон болуштугунун аталышы Бостумакская деп берилген.

[2] *Валиханов Ч.Ч.* Собрание сочинений в пяти томах.-Т.II.-А-А.,1985.-С.40,44-45

«Жиптык ашусунан ашып түшүп, кичинекей суунун боюнан кыргыз айылын таптык. Бул жерде кыргыздардын башкы бийлеринин бири, кыргыз-кыпчак уруусунан Катта-Айт-Магомет-бий көчүп жүрөт. Ал түсүнө караганда кайраттуу, тың жана мүнөзү боюнча киши менен сүйлөшкөндү жакшы көрүүчү.

Катта-Айт-Магомет-бийдин айтканы боюнча Исфара дарыясынын жогорку агымында жана анын куймаларынын бойлорунда кыргыз-кыпчактар көчүп жүрүшөт, алар Жиптык, Чичикты, Бер-Суу, Кшемиш, Кара-Кул, Манатай, Мамак, Сух-Сурлюк, Калляваз, Чаар-Таш жайлоолорун ээлешет. Алардын бийи өзү экендигин айтышты.

Кшемиште мындан тышкары кыргыздын Токмок[1] уругу көчүп-конуп жүрүшөт, аларды Абдурахман-ишик агасы башкарат.

Андан ары Сохтун чыгышында Ак-Сеирлик, Раут, Полал, Казал-Чимкент, Сеирлик, Кызыл-Орда жана Гиштит жайлоолорунда нойгут кыргыздарынын конуштары, алардын бийлери – Ак-кулу-бий жана Касым-бийлер Сеирлик жайлоосунда, үчүнчүсү, Мадали-жүз-баши, аны Коконго алып кетишкен, себеби нойгуттар көтөрүлүшкө катышышкан.

Андан да ары чыгышта бостон (жайлоолору: Габиан жана Куроту, бийи Жанал-бий (же Жапакул-бий) жана жоо-кесек (бийи Мулла-ша-мырза) уруулары көчүп жүрүшөт.

Фергана өрөөнүнөн жалпак тоолор менен бөлүнүп турган колоттун четинде Кара-Булак айылы жайгашкан. Бул колот батышта Исфарага чейин созулуп, чыгышта Сох дарыясы менен чектелген. Бул жер кыргыздардын бай кыштоолорунун бири. Карабулакта кыргыздар отурукташкан, алар арпа, буудай, таруу, беде себишет. Дарактардан тал жана терек өстүрүшөт.

Кара-Булактан башка бул коктуда кыргыздын Буджун-Баткен айылы жайгашкан. Бул эки айылдын аталышы, бири – Буджун (Бужум – Н.Т.), башкасы Баткен, экөө жакын жайгашкандыктан ушинтип аташат.

---

[1] Абат уруусуунун уругу

Кыргыздардын бир бөлүгү, тактап айтканда, Чаирчы (чайырчы – Н.Т.) уругу, көтөрүлүшкө катышып, кокондуктар менен күрөшүүгө күчү жетпей калганда, Каратегинге жер которуп кетишкен.

Үч-Коргон (азыркы Кадамжай районундагы айыл) жана анын айланасындагы жерлер бүт бойдон кыргыздарга тиешелүү. Чавай Ак-Терек суусунун боюнда жайгашкан.

А.П.Федченко Каратегин жана Чоң-Алайда жашаган ичкилик кыргыздар тууралуу да кыскача маалыматтарды берет: «Мук-Сууну жалаң Чуок (чоок – Н.Т.) уругуна тиешелүү болгон каратегиндик кыргыздар жердешет. Алайда кыргыз урууларынан тейит жана кыргыз-кыпчак кышташат, мурда Алайда кадырча (кыдырша – Н.Т.) жашашчу, азыр алар Шугнан тоолоруна көчүп кетишкен»[1].

В.П.Наливкин Фергана өрөөнүндө жашаган кыпчактардын кулан, улмас, илятан, яшик, иты-кашка деген беш уругун атайт[2].

Ходжент уездинин начальниги, полковник А.А.Кушакевич ичкилик уруулары жөнүндө «Ходжент уезди жөнүндө маалыматтар» аттуу эмгегинде төмөндөгүлөрдү жазып калтырган. «Ходжент уездинин көчмөн калкы – кыргыздар, алар уезддин түштүк жана түштүк-чыгышын ээлешет. Уезддин кыргыздары эки бөлүккө бөлүнүшөт: 1) Чап-кулук (сол кол) жана 2) Кисяк. Биринчилеринин көпчүлүгү Дашты-Рабат өзөнүнө жакын жана Бишкенд капчыгайынын жогорку бөлүгүндөгү кокту-колоттордо, алардын аз бөлүгү сол жакта Кетмен-Көл, Курук-Сай өзөндөрүнөн түштүктө Тагопа, Тазака жана Андарханга бет маңдай жактарда кышташат. Жайлоосу Дашты-Рабат өзөнүнүн өрөөнү жана Майдан-таг-тауз. Чап-кулук (чапкылдык – Н.Т.) төмөндөгүдөй уруктарга бөлүнөт: Тайлаке, Абду-джабар, Ходжа-Тукше, Калта-тай, Гассан-Али. Бардыгы 200 боз үй. Кыргыздардын экинчи бөлүгүн кесек менен тейиттер түзөт. Алардын акыркы-

[1] *Федченко А.П.* Путешествие в Туркестан.-Т.I.-Ч.II. В Кокандском ханстве.-СПб.-М.,1875.-С.64, 70,71,75,87,89,91,113,132,148,149 его же. Путешествие в Туркестан.-М.,1950.-С.265

[2] *Наливкин В.П.* Краткая история Кокандского ханства.-Казань,1886.-С.155

сы уезддин батыш бөлүгүн ээлешет. Ошондой эле Заамин районунун тоолорунда турушат.

Алардын уруктары: Муджей, Калляр, Кызыл-аяк, Булак-сары, Сары-Гуссейн, Чувурлак, Тейит, Бохса, Тагай-берды, Ишкара, Алтынчы, Чучук жана Кара-мулла.

Булардын кыштоолору үч чоң топ болуп чачкын жайгашкан: 1) Кытай жана Андерсайдан, Исфана жана Сүлүктү сууларынын жогорку жагы, Ак-Терек-тенги жана Көкнэ-Сай аркылуу Исфананын түндүгүндөгү кокту-колоттор; 2) Исфанадан чыгышка карай кең жогорку жайыктар; 3) Исфанадан түштүк-батышта, Андарак жана Дих-науга жакын жерлер.

Жайлоолору Төө-Жайлоо тайпак тоосунда, Андаракка жакын жерлерде, Андарактын кокту-колотторунда жана Ак-Тоонун түбүндө.

Кесектердин бир аз бөлүгү, 70 боз үйү, Ура-Тепенин чегинде Чирчай, Жанышке жана Жар-кутан-тегинге жакын кышташат. Алар өзүнчө айылды түзүшөт, малдары аз болгондуктан, токой жана көмүр чарбачылыгы менен алектенишип, топтолгон материалдарды негизинен Ура-Тепе шаарына сатышат. Уездде 700 боз үйлүү кесектер жашашат»[1].

А.А.Кушакевич кээ бир кесек уруктарынын аталыштарын ката берет. Мисалы: муджей – мөжөй, калляр – калдар, булак-сары – бөлөк сары, сары-гуссейн – сары үсөн, чувурлак – чуулдак, бохса – бөксө, ишкара – эшкара, чучук – чүчүк. Ал тейит уруусун кесек уруусуна урук кылып, жаңылыш кошот. Азыркы убакта Лейлек районунда тейит уруусунун бай, арык жана чал тейит уруктары турушат.

Чыгыш таануучу, саякатчы, генерал-майор А.Ф.Костенко «Алай жана Памирге болгон аскердик, илимий экспедиция» аттуу эмгегинде кыргыздар жөнүндө мындай маалыматтарды берет: «Алайда жашаган элдер кара-кыргыздардын үч уруусунан турат: жогорку бөлүгүндө мунгуш жана адигине, алардын кыш-

[1] *Кушакевич А.А.* Сведения о Ходжентском уезде//ЗИРГО по общей географии.-Т.IV.-СПб.,1871.-С.231

тоолору Ош уездиндеги Гүлчө жана Ош шаарынын тегерегинде. Төмөнкү бөлүгүнө ичкиликтер жайлоого чыгышат, кыштоолору Маргалаң уездине караштуу Үч-Коргон жана Миң-Төбөнүн ортосу. Ичкиликтердин бир бөлүгү, тактап айтканда, найман жана тейит уруулары Дараут-Коргондун жанында, Алтын-Дара капчыгайында, Көк-Суунун капчыгайларында жана Кичи Алайда кышташат».

Андан ары А.Ф.Костенко муңгуштар 12, адигине 14 урукка бөлүнөрүн айтып, аларды санайт. «Ичкиликтер 20 урууга бөлүнүшөт, алардын башкылары: 1) Кадырша, 2) Канды, 3) Найман, 4) Таит, 5) Кесек, 6) Орго, 7) Тулус, 8) Кара-теит, 9) Чалтеит, 10) Бостон, 11) Казык-аяк, 12) Кара-саадак».

Муңгуштар – 1 225, адыгине – 3 145 түтүн, эгерде ар бир түтүндө 5 жан болсо, анда биринчилер – 5 125 жан, экинчилери – 15 725 жан. Ал эми ичкиликтердин түтүндөрүнүн саны жөнүндө материалдарды чогултуу кыйын болду. Жергиликтүү элдердин айтымында, ичкилик тобу муңгуш менен адыгинеден үч эсе көптүк кылат. Эгерде андай болсо, ичкиликтердин түтүндөрүнүн саны 9 000 ашып, 45 000 жанды түзөт»[1].

А.Ф.Костенко кээ бир уруктардын аталыштарын ката берет. Мисалы: кадырша – кыдырша, орго – оргу, тулус – төөлөс, казык-аяк – кызыл аяк, ошондой эле кесек уруусунун кызыл аяк жана кара садак уруктарын, тейит уруусунун кара тейит жана чал тейит уруктарын өзүнчө уруу катары жаңылыш берген.

Подполковник К.Н.Смирнов ичкиликтер жөнүндө төмөндөгүдөй маалыматтарды берет: «Алайда жашаган көчмөндөр кара-кыргыздар, мунгуш, адигине жана ичкилик деп, негизги үч урууга бөлүнүшөт. Ичкиликтер Маргалаң уездинде жана Кичи Алайда кышташат. Саны боюнча 9 000 кожолук, адам санына которсок 49 000дей»[2]. Ал эми подполковник М.Д.Евреинов Алайда жашаган кыргыздарды жогоруда айтылгандай эле,

[1] *Костенко Л.Ф.* Военно-научная экспедиция на Алай и Памир//ВСб.-СПб.,1877.-№4.-С.372

[2] *Смирнов К.Н.* Краткий военно-топографический обзор юго-восточной части Ферганской области. 1886 г.//СМА.-Вып.XXXV.-СПб.,1888.-С.190

үч топко бөлөт да, «найман менен тейиттер Дараут-Коргондун тегерегинде Көк-Суу дарыясынын Алтын-Дара капчыгайында жана Кичи Алайда жашашат» деп көргөзөт[1].

И.П.Минаев «Аму-Дарыянын жогорку агымындагы өлкөлөр жөнүндө маалыматтар» аттуу эмгегинде орус жана европалык саякатчылардын Памир, Алай, Кашгар жөнүндөгү маалыматтарынын жыйнактарын берет. Эмгекте ичкилик кыргыздары жөнүндө төмөндөгүдөй маалыматтарды чагылдырат: «Сарыкол өрөөнүнүн Тагарма түздүгүндө 100 кожолук тейит уруусу Курумчу бийдин башкаруусу астында жашашат. Кызыл-Арт түздүгүн кыргыздар жана кыпчактардын 1000ге жакын кожолугу ээлешет. Алар бул жерге 7 жыл илгери Абдул-Рахмандын кол башчылыгы астында Кокондон көчүп келишкен»[2].

Н.А.Аристов кыргыздын кесек уруусун аргын уруусунан келип чыккандыгы тууралуу өз теориясын айткан. Ал мындай дейт: «Ичкиликтер кара-кыргыздардан башка кыпчак, найман жана аргын (кесек уруусу) урууларынан келип чыккан»[3] – дейт.

Памирлик кесектердин курамында «аргын», «кара-кесек» деген уруулардын кездешүүсү жана казактардын Орто Жүзүндөгү аргын уруусу жана анын курамында «кара-кесек» уруусунун болуусу бул кокустук эмес. Хакастардын курамындагы «аргын» сөөгү[4] кесектер менен аргындардын енисей кыргыздары менен түз байланышын аныктары шексиз. Монгол династиясынын чыгыш тарыхын чагылдырган кытай булагы «Юань-ши»-нин негизинде Н.А.Аристов аргындарды XI-XII-кылымдарда наймандардын батышында, кыпчактардын чыгыш жагында же Иртыштан батышыраак жакты мекендешкен[5] – деп белгилесе,

---

[1] *Евреинов М.Д.* Очерк Алайской долины 1886 г.//СМА.-Вып.XXXV.-СПб., 1888.-С.207-208

[2] *Минаев И.* Сведения о странах по верховьям Аму-Дарьи.-СПб.,1879.-С.151-152

[3] *Аристов Н. А.* Заметки об этническом составе тюркских племен и народностей и сведения об их численности//ЖС. СПб., 1896, вып. III-IV. С. 396; он же. Труды по истории и этническому составу тюркских племен...С. 216

[4] *Бутанаев В. Я.* Этническая история хакасов XVII-XIX вв.-М.,1990.-С. 81.

[5] Кара: *Аристов Н. А.* Труды по истории и этническому составу тюркских племен. Б., 2003.

О.Каратаев аргындарды кыргыздардын курамына VII-XII-кылымдан кеч эмес кирген деп жазат[1].

Полковник Н.Ф.Ситняковский түштүк кыргыздардын уруулук курамын толугураак берип, «Ферганалык кыргыздар өздөрүн эки топко бөлүшөт: отус уул жана ичкилик. Биринчиси Фергана областынын чыгыш жагында, Жети-Суу областында жана Кашгар провинциясында жайгашкан; экинчиси Фергана өрөөнүнүн түштүк жагындагы тоолуу аймактарды ээлешет. Эки топ өздөрүнүн байыркы «оң» жана «сол» деп бөлүнүшүн сактап калышкан». Түштүк кыргыз урууларынын эң көпчүлүгү жана атактуулары: адигине, монгуш, кесек, тейит, кыпчак жана найман. Ал кесек уруусу 14 уруктан турат деп, анын кесек, бай кесек, кара кесек, кыдырша, канглы, чоң кыргыз, бөрү баш, авай, ахтачы, кара саадак, чүчүк, алашан, жоо кесек, бостон уруктарын атайт»[2].

Н.Ф.Ситняковский кесек уруусуна авай (абат – Н.Т.), алашан, ахтачы, бөрү баш, канглы, кыдырша, бостон урууларын жаңылыш кошот.  Абат,  бостон, каңглы, кыдырша өз алдынча уруулар. Алашан, бөрү баш (борбаш – Н.Т.) канды уруусунун, ахтачы кыпчак уруусунун уруктары.

Е.Г.Грумм-Гржимайло «ичкилик тобу таит (тейит – Н.Т.), кыдырша, канды, кесек, тулус же туляс (төөлөс – Н.Т.), бостон, кызыл-аяк, орго (оргу – Н.Т.), кипчак жана найман урууларынан турат. Тулуй (төөлөс – Н.Т.) уруусу VII кылымдарда болгону менен ичкилик тобу кийинчерээк түзүлүшү мүмкүн, себеби анын курамына канглы, кыпчак, найман, аргын (кесек) уруулары XIII кылымдан эрте эмес кирген»[3]  – деп жазат.

Е.Г.Грумм-Гржимайлонун Петербург шаарындагы «Орус географтарынын коомунун» архивинен алынган кол жазмала-

[1] *Каратаев О. К.* Кыргыз этнонимдер сөздүгү. Б., 2003. 24-б.

[2] *Ситняковский Н.Ф.* Перечисление некоторых родов киргиз, обитающих восточной части Ферганской долины//ИТО ИРГО.-Ташкент,1900.-Т.II.-Вып.I.-С.92-100; он же. Таблица киргизских родов Ошского уезда//ИТО ИРГО.-Ташкент,1900.-Т.II.-Вып.II.-С.57-58

[3] *Грумм-Гржимайло Г.Е.* Западная Монголия и Урянхайский край.-Т.II.-Л., 1926.-С.539

рында төмөндөгүдөй маалыматтар кездешет: «Памир тоо кыркалары 50 000 чакырымды түзөт, ушундай чоң аянтта 565 «боз үй»; кара-кыргыздардын төмөнкү уруулары: Аличурда – дульбар (дүрбөөл – Н.Т.) норус (нооруз – Н.Т.), Мустагда – сары тейит, кара тейит, Чечектиде – кыдырша, Кударада – кыпчактар, Мужу капчыгайында жана Кичи Кара-Көлдө – наймандар, ал эми кызыл аяк, утунчу (отунчу – Н.Т.), кочкара (кочкор – Н.Т.), бустон (бостон – Н.Т.) жана кара саадак баардыгы жогорку Данги-Даранын Сары-Коюнда жашашат»[1].

Демек, Г.Е.Грумм-Гржимайлонун жазганы боюнча Памирде бостон, кесек, кыпчак, найман, тейит, төөлөс уруулары көчүп-конуп жүрүшкөн.

Орустун көрүнүктүү генерал-лейтенанты, профессор А.Е.Снесарев өзүнүн «Чыгыш Бухара» деген китебинде кыргыздар жөнүндө мындай деп жазат: «Сайрон кыштагынан Алай өрөөнүнө чейинки жерлерде жашаган кыргыздар тейит, кесек, кыргыз-кыпчак ж.б. урууларына таандык. Алар Алай, Фергана өрөөндөрүндө жана Чыгыш Памирде жашаган кыргыздарга тууган болушат»[2].

Орус генералы Ф.Н.Васильев «Каратегинди кыскача статистикалык баяндоо» деген макаласында Каратегиндин чектерин белгилеп, «чыгышта Каратегин бектиги Маргалаң уездинин Найман волостугу менен чектешет» деп жазат. Каратегинде 3000 кара-кыргыз жашайт, негизинен алар бектиктин чыгыш бөлүгүндө турушат[3]. Ф.Н.Васильев Каратегиндеги Кыргыз амлякдарствосуна кирген айылдарды атап, андагы кыргыздардын канча түтүнү, малынын санын жана өндүрүлгөн буудай, арпанын көлөмүн, тегирмендин санын таблица түрүндө көрсөтөт.

---

[1] *Жумабаев Б.М.* Южный Кыргызстан глазами российских путешественников.-Б.,1999.-С.44

[2] *Снесарев А.Е.* Восточная Бухара.-СПб.,1906.-С.43-44

[3] *Васильев Ф.Н.* Краткое статистическое описание Каратегина//Сборник географических, топографических и статистических материалов по Азии.-Вып. XXXIII.-СПб.,1888.-С.15, 49-50.

Орус ботаниги В.Ф.Ошанин Каратегиндин географиялык жайгашуусун төмөндөгүдөй сүрөттөйт: «Сурхоб дарыясынын ортоңку агымын ээлеген тоолуу өлкөнү Каратегин дейбиз. Түз сызык боюнча ал 150 чакырым, ал эми туурасы 40-50 чакырымды түзөт. Түндүк-чыгыш жагынан Каратегин орус ээликтери – Заравшан кырка-тоосу жана Фергана областы, түштүк жагынан Дарваз, батыш жагынан Куляб жана Гиссар өлкөсү менен чектешет.

Бардыгына белгилүү болгондой, Каратегинди эки эл ээлеген, батыш жагында – тажиктер, чыгыш жагында – кара-кыргыздар. Анын батыш бурчунда, Оби-гарм-дарыясынын жогорку агымында өзбектердин Каллук (карлук – Н.Т.) уруусунун жайлоосу бар. Менин байкашымча, тажиктер ээлеген жерлер акырындык менен кеңейип, кыргыздардын конуштары чыгышка сүрүлүп баратат. Мага айткан маалыматтарга караганда, мындан 40 жыл мурда Оби-кабудан жогору Сурхаб (Кызыл-Суу) өрөөнү кара-кыргыздарга тиешелүү болгон. Азыркы учурда Оби-кабуда менен Оби-занкунун Сурхабга куйган жерлеринин ортолугун тажиктер ээлеген. Оби-занкудан Сурхаб дарыясы менен жогору карай жалаң кара-кыргыздарды жолуктурабыз.

Каратегиндин чыгыш бөлүгүн кара-кыргыздардын Кара-Таит, Тупчак (кыпчак – Н.Т.) жана Гыдырша уруулары ээлеген. Алардын кыштоолору Сурхаб өрөнүндө, Оби-занкунун төмөн жактары, Кичик-кара-мук-су жана Мук-су; жайлоолору Алай кырка тоолорунун түштүк жантайыктары жана Петр I кырка тоолорунун түндүк жагындагы ак мөңгүлүү тоолордун чегине чейин жетет. Кыргыздар негизинен мал чарбачылыгы менен алектенишет»[1].

Фергана областынын аскер-губернатору, генерал-майор Г.А.Арандаренко «Түркистандагы бош убак» аттуу фундаменталдуу эмгегинде каратегиндик ичкилик кыргыздар жөнүндө мындай маалыматтарды берет: «Каратегинде кыргыздын кесек,

---

[1] *Ошанин В.Ф.* Каратегин и Дарваз//ИРГО.1881.-Т.XVII.-СПб.,1887.-С.23,45,48

кенесары (кенже сары (бостон) – Н.Т.), авгат (абат – Н.Т.) уруу-ларынын 5 000дей үй-бүлөсү бар. Алар жайында Занку, Кара-гуш-хан дарыяларынын башталыштарына жайлоого чыгышат да, кышында Сурх-об дарыясынын жээгине, Калянляби-об айы-лына чейин түшүшөт»[1].

Алайлык кыргыздардан Г.В.Покровский жана Н.И.Стогов-дор жазып алган маалыматтарга караганда, XVIII кылымдын башында Алайга Каратегинден кесек уруусу, ал эми Занкудан (азыркы Жерге-Тал району) тейит уруусу көчүп келишет»[2].

Полковник В.Н.Зайцев «Памир өлкөсү – Түркстандын бор-бору» аттуу эмгегинде Памирдеги ичкилик тобун төмөндөгүдөй аймактарда жайгаштырат: Мургаб аймагында дурбаиль, науруз, текрен, чапкынды, чал-тейит, кипчак, кара-тейит, Ак-Таш айма-гында алапа-ичкилик, шаим, кучкар, утумчи, бука, кизильбаш, найман, кисак, кутан; Ранг-Көл аймагында саратаит, чегетыр, бустан, чечарак, найман-кипчак; Аличур аймагында айжеке, ол-жоке, жапанчы, итурчак, кипчак, кизыл аяк жана казыке; Мур-габ аминдигинде 97 түтүн (559 жан); Ак-Таш аминдигинде 120 түтүн (738 жан); Ранг-Көл аминдигинде 80 түтүн (421 жан); Аличур аминдигинде 121 түтүн (654 жан) кыргыздар турушат. Бардыгы болуп Памир волостунда 418 түтүн, 2272 жан жашап турган. Ал мындан тышкары жылкы, төө, кой ж.б. санын табли-ца аркылуу көрсөтөт[3].

В.Н.Зайцев кээ бир ичкилик уруктардын аталыштарын ката берет. Мисалы: дурбаиль – дүрбөөл, науруз – нооруз, утумчи – отунчу, кисак – кесек, саратаит – сары тейит, бустан – бос-тон, айжеке – айдаке, жапанчы – жутаңкы, итурчак – ыңырчак, акыркы үчөөсү кыдырша уругуна кирет. Демек, В.Н.Зайцевдин

---

[1] *Арандаренко Г.А.* Каратегин (по распросным сведениям)//ВСб.-СПб.,1878.-№5.-С.120

[2] *Покровский Г.В., Стогов Н.И.* Алайские аульные общества Маргеланско-го уезда в 1909 г. //Статистический обзор Ферганской области за 1911 г.-Скобе-лев,1914.-С.79-80

[3] *Зайцев В.Н.* Памир страна – центр Туркестана//ЕФО.-Т.II.-Новый Марге-лан,1903.-С.76

жогоруда берген уруу жана уруктардын аталышынын негизинде Памир болуштугунда ошол убакта ичкилик тобунун бостон, кесек, кыдырша, кыпчак, найман, тейит, төөлөс уруулары жашап турушкан.

Чыгыш таануучу, Памирди изилдөөчү, орустун генерал-майору А.Г.Серебренников «Памирлик кыргыздар негизинен төмөндөгүдөй төрт урууга тиешелүү: тейит, хадырша, найман жана кыпчак, алардын биринчи экөөсү Памирдин батыш жана түштүк-батышында, калгандары түндүк-чыгышында көчүп-конуп жүрүшөт». Ошондой эле ал Памирдин чыгыш бөлүгүндө жашаган кыргыздардын саны 2221, алардын ичинен 1118 эркек жана 1033 аял деп белгилейт[1].

1891-жылкы Памир-Алай экспедициясынын катышуучусу, врач К.К.Казанский «Памирдин жанында» аттуу эмгегинде «Алайда кыргыздын үч уруусуна тиешелүү болгон 17 000ге жакын боз үйлүү кыргыздар көчүп-конуп жүрүшөт. Бул жердин жогорку жана чыгыш бөлүгү Баш-Алай деп аталып, мында монгуш менен адигине, ал эми батыш бөлүгүн ичкилик уруулары ээлешет. Алар сан жагынан монгуш менен адигине урууларын кошкондо үч эсе көп» деп жазат[2].

Орус армиясынын генерал-майору Л.Г.Скерский «Памир тууралуу кыскача очерк» деген эмгегинде ичкилик кыргыздар жөнүндө төмөндөгүдөй маалыматтарды калтырып кеткен: «Памирдин жашоочулары монгол жана арий урууларына таандык. Алардын биринчисине – Чыгыш Памирде көчүп жүрүшкөн кыргыздар, экинчисине – Вахан, Шугнан жана Рошанда отурукташкан тажиктер кирет.

Памир кыргыздары беш урууга тиешелүү: Теит (тейит – Н.Т.), Гадырша (кыдырша – Н.Т.), Найман, Наурус-уручи (нооруз – Н.Ж) жана Кипчак (кыпчак – Н.Т.). Негизинен алар Раң-Көл ойдуңунда, Ак-Суу дарыясынын өрөөнүндө, Аличур өрөөнүнүн жогорку жана башка бөлүгүндө, Кударада, Белизде,

---

[1] *Серебренников А.Г.* Памир//ЕФО.-Т.I.-Новый Маргелан,1902.-С.141-142

[2] *Казанский К.К.* Вблизи Памиров.-Ташкент,1895.-С.100-101

Көк-Жарда жана Кокуй-Бел суусунун бойлорунда көчүп-конуп жүрүшөт. Кеч күздө Улуу Памирдин жогорку бөлүгүнө жана Вахан кырка тоосунун түндүк капталдарындагы капчыгайларга Аличур менен Истык дарыяларынын жогорку агымындагы кыргыздар келип кышташат.

Саясий жактан кыргыздардын Кудара жана Кокуй-Белде көчүп жүргөндөрүнөн башкасынын баары, ушул жылга чейин кытай бийликтерине баш ийишкен. Кытайлыктар өздөрүнун башкаруу системасын киргизип, көчмөндөрдү үч старчынга же волостук башкаруучуларга баш ийдиришкен.

Мужи өрөөнүнүн беги – Алайчи-бек, ал Раң-Көл ойдуңундагы жана ага коңшу капчыгайлардагы көчмөн элди да сурайт. Алайчи-бекке 50гө жакын боз үйлүү баш ийип, булардын 1 800 кою, 200 топозу (кутасы), 120 жылкы жана 60 төөсү бар.

Курумчи-бекке Пшартта, Мургабда, Аличур дарыясынын баш жагында жана өрөөнүндө көчүп жүрүшкөн 150 боз үйлүү баш ийишет. Алардын 20 000 кою, 800 топозу, 450 жылкысы жана 240 төөсү, булардын бай жашагандыгын көрсөтүп турат.

Ак-Суу өрөөнүнө жана Истык дарыясынын төмөнкү бөлүгүнө старчын кылып Матхассым-бек дайындалган. Анын кол астында 6 000 кою, 400 топозу, 200 жылкысы жана 100 төөсү болгон 100 боз үйлүү эл бар.

Мындан сырткары атактуу аламаначы Саиб-Назарга бир гана анын бийлигин тааныган жана коңшуларга коркунуч туудурган 40 боз үйлүү баш ийет. Саиб-Назардын конуштары Кударада, Белизде, Көк-Жарда жана Кокуй-Бел суусунун бойлорунда, 1 500 кой, 200 топоз, 80 жылкы, 35 төө ошолорго тиешелүү.

Кытайлыктар кыргыздарды чек аранын кээ бир жерлеринде гана кароол кармаганга милдеттендирип, алардан эч кандай салык алышпайт. Ошол себептен биздин «силер көчүп жүргөн жерлер Россияныкы болду» дегенибизге салкын мамиле кылышты. Мындан сырткары алар азыр эле салык салып жиберебы дешип, өздөрүнүн канча түтүн, канча малы бар экендигин

бизден жашырышып, так айтышпагандыр. Ошондуктан жогоруда келтирилген сандар так эмес болушу мүмкүн» деп жазат[1].

Н.А.Аристов кыргыздын кесек уруусунун аргын уруусунан келип чыккандыгы тууралуу өз пикирин айткан. «Ичкиликтер кара-кыргыздардан башка кыпчак, найман жана аргын (кесек уруусу) урууларынан келип чыккандыгы тууралуу» далилдерин көргөзөт[2].

Памирлик кесектердин курамында «аргын», «кара кесек» деген уруулардын кездешүүсү жана казактардын Орто Жүзүндөгү аргын уруусу жана анын курамында «кара кесек» уруусунун болуусу бул кокустук эмес. Хакастардын курамындагы «аргын» сөөгү[3] кесектер менен аргындардын енисей кыргыздары менен түз байланышын аныктары шексиз. Монгол династиясынын чыгыш тарыхын чагылдырган кытай булагы «Юань-шинин» негизинде Н.А.Аристов аргындарды XI–XII кылымдарда наймандардын батышында, кыпчактардын чыгыш жагында же Иртыштан батышыраак жакты мекендешкен деп белгилейт[4].

Кыргыздын ичкилик уруулары Кытайда (Чыгыш Түркстанда) да кеңири таралган. Орус генералы Л.Г.Корнилов Кытайдагы (Чыгыш Түркстан) кыргыздарды эки чоң топко бөлөт: отузогул жана ичкилик. Мындан сырткары ичкилик тобуна кирген уруулардын санын жана географиялык жайгашуусун чагылдырат: «Кашгар уездинин Упал бектигинде 200 үй – тейит, Чимган бектигинде 500 үй – кыпчак, Ой-Таг бектигинде 100 үй – найман ой-тагчы, найман-сугурлук, Хан-Терек бектигинде 100 үй чал тейит, Гез бектигинде 110 үй – найман (гезчи, куприк-артчи, тугайчи), Мужи–Кийик-Баши бектигинде 180 үй – куран найман, кийик найман, жерде найман, Суу-Башы–Кара-Көл бекти-

[1] *Скерский Л.Г.* Краткий очерк Памира//Сборник географических, топографических и статистических материалов по Азии.-Вып.L.-СПб.,1892.-С.35-38

[2] *Аристов Н.А.* Заметки об этническом составе тюркских племен и народностей и сведения об их численности//ЖС.-СПб.,1896.-Вып.III-IV.-С.396; он же. Труды по истории и этническому составу тюркских племен...-С.216

[3] *Бутанаев В.Я.* Этническая история хакасов XVII–XIX вв.-М.,1990.-С.81

[4] Кара: *Аристов Н.А.* Труды по истории и этническому составу тюркских племен.-Б.,2003

гинде 80 үй – кара тейит, жоон пут найман. Яркенд округунун Тагарма бектигинде 100 үй – кара тейит, кесек (бостон, мешке, кара саадак), кызыл аяк-кыпчак, Кара-Чукур бектигинде 25 үй – тейит, бостон-кесек, Кара-Таш бектигинде 230 үй – кара тейит, жаман тейит, нойгут. Янги-Гиссар уездинин Кызыл-Таг бектигинде 170 үй – мырза найман, төөлөс, кыпчак, жоон пут найман, Кеңкол-Чаарлун бектигинде 130 үй – кара кыпчак, сарт кыпчак, Пас-Рабат бектигинде 95 үй – кесек (мешке, кара саадак), Кызыл-Таг (2-чи) бектигинде 183 үй – кийик найман, Чумбус бектигинде 115 үй – кызыл аяк-кыпчак, тогуз кыпчак, чал тейит. Каргалык уездинин Санджу-Сутет бектигинде 90 үй – бостон, найман, тейит, тисмат, Раскем бектигинде 60 үй – тейит, кесек, кызыл аяк-кыпчак, бостон, найман» уруулары турарын көрсөтөт[1].

Генерал Л.Г.Корнилов «кыргыздар негизинен мал-чарбачылыгы менен оокат кылышат, көчмөн турмуш жана катаал жаратылыш шарттары аларды кайраттуу, эр жүрөк, биле койгуч, сезгич жана тапкыч кылып тарбиялады; өлкөдөгү болуп өткөн козголоңдорго кыргыздар дайым катышып, карактоону жана тоноочулукту үйрөнүштү; кыргыздар бул жердеги элдердин ичиндеги эң тынчы жок, жүгөнсүз, тартипке көнбөгөн, кытай мамлекетинин бул жерде түптөлүшүнө коркунуч туудурган эл» деп кыргыздарга мүнөздөмө берет[2].

Капитан Б.Путята «Сары-Колдогу Кытайга баш ийген жарандар, тажиктер отурукташкан Таш-Коргондон башкасы, бардыгы кыргыздар»[3] деп жазат.

Демек, жогоруда келтирилген материалдардын негизинде кыргыздын ичкилик уруулары азыркы Кыргызстандын түштүгүндө, башкача айтканда Жалал-Абат, Ош жана Баткен облустарынын айылдарында, Тажикстандын Мургаб (Памир), Каратегин райондорунда, Өзбекстандын Анжиян, Жизак, Наманган,

---

[1] *Корнилов Л.Г.* Кашгария или Восточный Туркестан.-Ташкент,1903.-С.235-236

[2] Ушул жерде.

[3] Очерки экспедиции генштаба капитана Путяты в Памир, Сарыкол, Вахан и Шугнан, 1883 г.//Сборник материалов по Азии.-СПб.,1884.-Вып.10.-С.49

Сыр-Дарыя жана Фергана облустарынын кыштактарында, КЭРнын Синзянь-Уйгур Автоном Районунун айылдарында жашашкан жана жашаары белгилүү болду.

Памирди (Мургаб) негизинен ичкилик тобуна кирген абат (кыдырша), кесек, кыпчак, найман жана тейит уруулары мекендешет. Аталган уруулардан бул жерде тейит уруусу басымдуулук кылат.

Каратегинде (Жерге-Тал району) бостон, кесек, кыдырша, кыпчак жана тейит уруулары жашашат.

Өзбекстандын жогоруда аталган облустарында негизинен тейит, кыпчак, найман, кесек жана төөлөс уруулары жашашат. Алардын уруктук курамы кыргыздын ичкилик тобуна кирген уруулардын курамынан эч айырмасы жок.

Жогорудагы келтирилген материалдарда көпчүлүк учурда кыргыздын ичкилик тобуна кирген кесек, кыпчак, кыдырша, найман, тейит урууларынын аттары аталып, ал эми бостон, кaңды, нойгут, төөлөс, ават уруулары учкай эскерилет. Бул урууларга кирген уруктардын аталыштары төмөндөгүдөй:

– Кесек: бостон, мешке, кара саадак;

– Кыпчак: кара кыпчак, сарт кыпчак, тогуз кыпчак, кызыл аяк-кыпчак, ахтачы кыпчак;

– Найман: мырза найман, куран найман, кийик найман, жерде найман, жоон пут найман, ой-тагчы, найман-сугурлук, гезчи, куприк-артчи, тугайчи;

– Кыдырша: айдаке, жутаңкы, казыке, ыңырчак, чоок;

– Тейит: кара тейит, жаман тейит, сары тейит, чал тейит, нооруз, дүрбөөл, текрең, алапа, шайым, кочкор, отунчи, бука, кызыл баш, кутан, чегетер.

## ИЧКИЛИК УРУУЛАРЫ
## БАТЫШ ИЗИЛДӨӨЧҮЛӨРДҮН ЭМГЕКТЕРИНДЕ

XIX кылымдын аягы XX кылымдын башындагы саякатчылар, чалгынчылар жана изилдөөчүлөр – Т.Гордон, Ф.Янгхазбэнд, Г.Лансдел, Е.Данмор, А.Стейн, Э.Сайкс и Л.Макартни, Г.Бонвало, С.Гедин, Ю.Шуйлер и Э.Хантингтон ж.б. ичкилик кыргыздар жөнүндө баалуу маалыматтарды жазып калтырып кетишкен.

Шотландиялык саякатчы Томас Едвард Гордон [Sir Thomas Edward Gordon] Памирге болгон саякатынын натыйжасында «Дүйнөнүн чокусу» (The roof of the world. Edinburgh,1876) деген эмгегин жаратат. Ал XII баптан туруп, VIII бапта памирлик кыргыздар жөнүндө маалыматтар бар.

1874-жылы Т.Е.Гордон 41 адам жана 58 жүк жүктөлгөн унаалары менен Жаңы-Гиссардан Памирге болгон саякатынын баштайт. «Өлкөнүн (Кашгар) түздүгү менен Сары-Колдун аралыгындагы жашоочулар – кыргыздар (ичкилик кыргыздар – Н.Т.). Алар төмөнкү өрөөндөрдө анча чоң эмес үзүк жерлерди иштетип, өздөрүнүн үйүр жылкылары жана малдары менен тиричилик кылышат. Саякатыбыздын бардык учурунда алар бизге жылуу жана камкор мамиле кылышты. Биз токтогон жерлерде дайыма алардын даярдаган боз үйлөрү турду. Мындай көрүнүш Таш-Коргонго чейин уланды...Кыргыздын боз үйлөрүнүн үстү ачык, бул анын ичине от жагууга мүмкүндүк берип, ичи суук болгон биздин чатырларга караганда ыңгайлуу»[1] деп жазат.

«Кашка-Суу ашуусун ашкандан кийин бизге Жаңы-Гиссардан Жаркентке кеткен жолдун тейлөө башчысы, Сары-Кол округундагы кыргыздардын аскерий башчысы, жүзбашы Айтмухамед бизге кошулду. Айтмухамед бизге көптөгөн баалуу маалыматтарды алып келди, бул маалыматтар сарыколдуктарды, вахандыктарды жана кыргыздарды сурамжылоодо бир нече жолу аныкталды. Ал бизди Таш-Коргонго чейин узатып барды,

[1] Gordon T.E. The roof of the world: being a narrative of a journey over the high plateau of Tibet to the Russian frontier and the Oxus sources on Pamir.-Edinburgh,1876.-P.104-105

анан ал бизге ушул шаардан Вахандан кайтып келгенибизде кайрадан кошулду»[1].

«Кыргыздар Таш-Коргон постунан 120 чакырым алыстыктагы, Кашкарга тиешелүү деп эсептелген Тагдумбашта («Тоонун башы») өздөрүнүн малдарын жайып жүрүшөт. Алгач Тагдумбаштык кыргыздар Канжутка карашкан, бирок жети же сегиз жыл мурун ханзайлыктар (Хунза) аларга кол салышып, талаптоношкон, ошол себептен Сары-Кол округуна өтүшүп, Тагармага туруп калышкан. Сары-Кол кашкарлыктардын бийлигине өткөндөн кийин, Тагдумбаш-Памир Жети-Шаарга кошулган, алардын мурунку көчмөн жашоочулары өзүлөрүнүн малдарын азыр ээн эркин кайтарышат»[2].

Т.Е.Гордон Тагарманы мындайча сүрөттөйт: «Тагарма түздүгү Сары-Кол өрөөнүнөн 4 чакырым түндүк-чыгышта жайгашкан. Бул түштүк-батыштан түндүк-чыгышка созулган жана жакшы сугарылуучу узундугу 18 чакырым, туурасы 10 чакырым, көрүнүшү жарым ай сымал болгон, кооз, ачык аянт. Ал коюу шибердүү чөптөр менен капталган, майда суулардын бойлорунда мажүрүм талдар өсөт. Курумчу бийдин башкаруусу астында 100 кожолук кыргыздардын тейит уруусу бул жерде малдарын жайып жүрүшөт»[3].

Андан ары Т.Е.Гордон Кызыл-Артты сүрөттөп: «Кызыл-Арт тайпак тоосу дайыма 1 000 кыргыз жана кыпчактар менен ээленген. Алар Кокондон 7 жыл мурда азыркы башкарма Абдырахмандын кол башчылыгы астында келишкен»[4].

Т.Е.Гордон кыргыздардан Раң-Көл, Жашыл-Көл, Аличур-Памир жана башка Орус Памириндеги тоо, жер-суу жана жашоочулары тууралуу көптөгөн маалыматтарды алган. Ал эмгегинде «Памир»[5] жана «Сары-Кол»[6] деген топонимдерге токтолуп, аларга өзүнүн аныктамасын берүүгө аракет кылган.

---

[1] *Gordon T.E.* The roof of the world.-P.106
[2] *Gordon T.E.* The roof of the world.-P.115
[3] *Gordon T.E.* The roof of the world.-P.118
[4] *Gordon T.E.* The roof of the world.-P.119
[5] *Gordon T.E.* The roof of the world.-P.162
[6] *Gordon T.E.* The roof of the world.-P.119-120

Шотландиялык саякатчы Е.Данмор [Charles Adolphus Murray, Earl of Dunmore] (The Pamirs. Vol.I-II. London,1893)

Памирде жашаган кыргыздарды төрт бөлүккө бөлөт: найман, кыпчак, тейит жана кесек.

«Найман өзүнчө төрт урукка бөлүнөт: кон (көн), босторгой, мырза, кийик. Бул уруктардан көн менен бозторгой орус бийлигинин астында болуп, Орус Түркстанынын Фергана аймагынын Маргалаңдын айланасында. Мырза менен кийик Кытайдын букарасы болуп, Таш-Коргондун чыгышындагы Гез, Чарлуң дарыясы жана Чакарагыл, Манжу, Булуң-Көл сыяктуу жерлерде турушат[1].

Кыпчак уруусу үч урукка бөлүнгөн: сарт, кыргыз кыпчак, калта байтал. Алардан сарт (Сары-Колдогу сарттар менен алмаштырбагыла) кыпчак уругу бирдей санда Россия (Орус Түркстаны – Н.Т.) менен Кытайда турушат. Алардын көпчүлүгү Серес дарыясынын боюнда жашашат, кээ бирлери Кашкардын тегерегинде турушат. Кыргыз-кыпчактар сарт-кыпчактар менен чогуу жашашат. Калта байталдар кыргыздардын арасында сыйурматка ээ, негизинен бардыгы орустун бийлигинин астында, бирок Кытай жергесиндеги Чарланг дарыясынын бойлорунан бир нече үй-бүлөнү жолуктурса болот»[2].

Тейиттер эки урукка бөлүнөт: кара тейит жана сары тейит. Биринчиси Кара-Көлдө (Памир), Кара-Ташта жашашат жана кээ бирлери орус бийлигинин астында, Анжиянда (Фергана) турушат. Экинчиси Мургаб, Раң-Көл жана Алай-Памирде жашашат[3].

Кисактар үч кичине урукка: бостан, кидиршах (кыдырша – Н.Т.), кхандех (канды – Н.Т.)[4].

---

[1] *Earl Dunmore.* The Pamirs: Being a Narrative of a Year's Expedition on Horseback and on Foot Through Kashmir, Western Tibet, Chinese Tartary, and Russian Central Asia.-Vol.II.-London,1893.

[2] *Earl Dunmore*. The Pamirs. -Vol.II.-P.113-114

[3] *Earl Dunmore.* The Pamirs. -Vol.II.-P.114-115

[4] *Earl Dunmore.* The Pamirs. -Vol.II.-P.115

Лорд Дунмор кыпчактардагы кара байтал деген уруусун «калта байтал» деп алмаштырып, туура эмес жазат, бул урук негизинен Кытайда жашайт.

Швед окумуштуусу Свен А́ндерс Геди́н [Sven Anders Hedin] 1894–1897-жылдары Памир-Алайга жана Чыгыш Түркстанга, 1899-жылы Лоб бассейнинин айланасына, 1905–1907-жылдары Борбордук Тибетке изилдөө экспедицияларын жасаган. Бул экспедициялардын натыйжасында 1889-жылы «Азиянын жүрөгүндө. Памир – Тибет – Чыгыш Түркстан» I-том, 1904-жылы «Азия боюнча саякат. Тарим – Лоб-Нор – Тибет» деген эмгектери 2-том болуп жарык көргөн.

Жогоруда аталган эмгектин биринчи тому негизинен кыргыздарга, тактап айтканда, «ичкилик» кыргыздарга арналган. Свен Гедин 1893-жылы 16-октябрда Швециядан чыгып Петербург-Оренбург аркылуу 1894-жылы 24-январда Ташкентке келип, 25-январдаТашкенттен Коконду көздөй чыгып, Маргалаң, Үч-Коргон аркылуу Исфайрам дарыясын бойлоп, Аустан айылына келишет. Айылда 100 жакын кыргыздардын боз үйү бар экендигин белгилейт. Бул жерде конок болгондон кийин, Теңизбай ашуусун ашып, Чоң Алай өрөөнүнө өтөт.

Чоң Алай өрөөнүндө Дароот-Коргон чебин көрөт жана бул айылда Ташмухаммед-эмин башкарган 20 түтүн кыргыздар жашаарын жазат. Бул жерде ал конок болуп, биринчи жолу кыргыздын комузунун күүсүн угат.

Свен Гедин «Алай өрөөнү административдик түзүлүшү боюнча экиге бөлүнөт: батыш тарабы Маргалаң уездине, ал эми чыгыш бөлүгү Ошко карайт. Алай өрөөнүндө жер үйлөрдөн турган 15 кичинекей кыштакчалар жайланышкан, бардыгы болуп 270 жер үй бар. Бул жердин тургундары жыл бою ошол жер үйлөрдө турушат же болбосо жайында бийик жайлоолорго көчүп кетишет. Ошол 270 жер үй төмөнкү кыштактарда жайланышкан: Дароот-Коргондо – 20, Көк-Сууда – 120, Кызыл-Үң-

күрдө – 50, Алтын-Дарада – 5, Туз-Дарада – 45, Кашка-Сууда – 2, Жиптикте – 20»[1].

Этникалык жактан Алайдын калкы төмөндөгүчө жайгашкан: Дараут-Коргондо, Туз-Дарада жана Алтын-Дарада – тейит кыргыздары жашашат, Кашка-Сууду – тейит жана чал тейит кыргыздары, Жиптыкта – чой кыргыз (чал тейиттин урук бөлүкчөсү – Н.Т.), Көк-Сууда – найман кыргызы, Каратегинде – кыпчак, найман жана кара-тейит кыргыздары жашайт»[2].

Россияга тиешелүү болгон Памирдин бөлүгү 2 волостко жана 7 аминдикке бөлүнөт: I. Памир волостугу 5 аминдиктен турат: 1) Кара-Кол (131 тургун), 2) Мургаб (253 тургун), 3) Раң-Көл (103 тургун), 4) Ак-Таш (239 тургун) жана 5) Аличур (256 тургун);

II. Кударан волостугу 2 аминдикке бөлүнгөн: 1) Сарез (95 тургун), 2) Кудара (155 тургун). Памирде дээрлик кыргыздар жайгашкан»[3]. Мындан ары ал памир постунун начальниги капитан В.Н.Зайцевдин статистикалык маалыматтарын берет.

«Көпчүлүк эл жашаган кыштоолор Раң-Көлдүн, Кош-Агылдын жана Ак-Таштын жанында жайгашкан. Аличур Памиринде көптөгөн айылдар бар, ал жерде кыргыздын 120 боз үйү чачкын жайгашкан. Кара-Көлдөн түштүктө орун алган Пшарт өрөөнүндө да эл жашайт. Мургабда, Памир постунан алыс эмес жерде чакан Мургаб айылы жайгашкан»[4].

«Найза-Таш өрөөнүндө кыргыздардын эки айылы жайгашыптыр, биз чыгышыраак жактагы айылга токтодук. Айыл 5 боз үйдөн турат экен, андагы 19 чегитир кыргыздын (тейит уругу – Н.Т.) 10ну эркек. Булар Раң-Көлдүн айланасында кышташат, жазды Найза-Ташта өткөрүп, жайында кайра көлгө кайтышат. Аларда: 400 баш кой, 40 як (топоз – Н.Т.), 7 төө жана 3 жылкы бар»[5].

---

[1] *Sven Hedin.* Through Asia.-Vol.I.-L.1898.-174; Sven Hedin. Durch Asiens Wüsten. Drei Jahre auf neuen Wegen in Pamir, Lop-nor, Tibet und China.-Vol.I.-Leipzig,1919.-P.29

[2] Ушул жерде.

[3] *Sven Hedin.* Through Asia.-P.176; Sven Hedin. Durch Asiens Wüsten.-P.29-30

[4] *Sven Hedin.* Through Asia.-Vol.I.-P.177,395

[5] *Sven Hedin*. Through Asia.-Vol.I.-P.207

«Чыгыш Памир, же болбосо Сары-Кол кырка тоосунан чыгышка карай созулган бөлүгү Кытайга тиешелүү, бул бөлүк тууралуу эч кандай статистикалык маалыматтар жок. Суу-Башынын (Кичи Кара-Көлдөн түштүктө) бегинин мага айткандары боюнча, бул көлдүн жанында 60 боз үйлүү 300 тейит кыргыздары жашашат. Өзү болсо, Мустак-Атадан чыгышта жайгашкан 286 боз үйдүн башчысы. Бардык памирдик кыргыздарды алардын ферганалык туугандары «сарыколдуктар»[1] деп аташат.

Свен Гедин Сары-Кол кырка тоосун ашып, өзүнүн саякатын Кытай Памиринде улады. «Абдул Мухамед Кеңкол айылынын аксакалы, бизди өзүнүн чоң боз үйүндө коноктоду. Бул жерде биз күн бою тынбай жааган жамгырдан жан сактадык. Айылда жылына үч ай жайды өткөрүүгө келген 20га жакын тургун бар. Андан ары Чарлин, 6 боз үйдөн турган Кой-Жол айылы, Чегил-Гүмбөз. Тургундары болгону 13 адам, Кеңкол жана Чарлиндегидей эле кыпчак-кыргыз уруусунан»[2].

«Биз Пас-Рабатта 13 тургуну бар 3 боз үйдөн турган айылга келдик. Айылдын жашоочулары кесек уруусундагы кыргыздар»[3].

«Булак-Башынан биз кесек уруусунан болгон 30 тургуну бар 6 боз үйдү жолуктурдук. Алар бул жерде жыл бою жашашып, кароолчулук ишти аткарышат. Алардын милдети келген кытайлыктарга конуп кетүүгө шарт түзүү жана жардам берүү, ошондой эле кытай почтасын ташуу»[4].

«Тагарма өрөөнүндө жашаган кыргыздар, кышты да, жазды да бул жерде өткөрүшөт. Аларда 80 боз үй бар, анын 50сү кесек, 30зу тейит урусундагы кыргыздарга тиешелүү. Ар бир боз үйдө орточо эсеп менен төрттөн адам жашайт. Бул жердеги кыргыздардын көпчүлүгү жакыр турушат. Баарын санаганда аларда 2 000 баш кой жана 200 топозу бар. Өздөрүнүн мындай турмушта жашагандыгын төмөндөгүдөй түшүндүрүштү: «Якуб-бектин

[1] *Sven Hedin.* Through Asia.-Vol.I.-P.177-178
[2] Sven Hedin. Through Asia.-Vol.I.-P.259,261
[3] Sven Hedin. Through Asia.-Vol.I.-P.262
[4] Sven Hedin. Through Asia.-Vol.I.-P.270

заманында, мындан 20 жыл мурун жакшы жашайт элек, каалаган убакта Памирдин батышындагы жайыттарга барчубуз. Эми болсо кытайлык бийликтер орус чек арасынан өтүүгө тыюу салышкан. Тагармадагы бардык кыргыздардын беги болуп Мухамет-Юсуп саналат»[1].

Суу-Башыда Свен Гедин кыргыздардын арасында 4 айча жашап калат, бул жөнүндө ал мындайча жазган: «Акырындык менен кыргыздарга да көнүп кеттим. Аларга мен өзүмдүн досумдай мамиле жасап, алардын боз үйлөрүндө жашап, жеген тамактарын жеп, алар минген топозун минип, көчсө, кошо көчүп жүрдүм, аягында чындыгында эле кыргыз болуп калдым. Ошондуктан алар мени, «сиз энди кыргыз болдуңуз» – деп тамашалашчу»[2].

«Сары-Колдун башкы кыркасынан чыгышка кеткен бир нече жылгалар жана өрөөндөр бар. Алардын негизгилери: Кара-Жылга, Жалаң жана Камалды. Аталган бул үч жылгада жайыт жакшы. Кыргыздын найман урuусу жашаган айыл, Кубат бектин айылы, кыштын үч суук айын ушул жерде өткөзүшөт»[3].

«Кочкорчу жайлоосуна кыргыздар үч ай мурда келишкен, дагы үч ай турушат. Алты ай кыш мезгилин алар Көнтөй-Жылгада өткөзүшөт. Кыргыздарда ар бир үй-бүлөгө же урууга тиешелүү өздөрүнүн кыштоолору жана жайлоолору болот. Бул жердин тургундары Сары-Кол өрөөнүндө жашаган көпчүлүк кыргыздардай эле кара-тейит уруусуна тиешелүү. Алардын аксакалы чымыр, сүйкүмдүү, акылман, 96 жаштагы Түгөл-бай»[4].

«Мустаг-Ата тоосунун этегиндеги Чал-Тумак деген жерде 25 адамы бар, 4 боз үйдөн турган айыл жайгашкан. Анын бири Токто-бай деген тажик башчыга тиешелүү, калган үчөө найман кыргыздарыныкы. Алар бул жерде жыл бою жашашат, жайлоого бир же эки айга чыгышат»[5].

[1] *Sven Hedin.* Through Asia.-Vol.I.-P.277
[2] *Sven Hedin.* Through Asia.-Vol.I.-P.285
[3] *Sven Hedin.* Through Asia.-Vol.I.-P.316
[4] *Sven Hedin.* Through Asia.-Vol.I.-P.318
[5] *Sven Hedin.* Through Asia.-Vol.I.-P.349-350

«Бөрү-Көз жана Улуг-Арт ашууларынан эрип агып келген суу Оргума өрөөнүнөн агат. Бул жерде кыргыздардын караулу турат. Жергиликтүү кыргыздар тавур уруусунан (тобур кыпчак – Н.Т.)[1]. Саякатчылар бул жерде түнөшүп, эртеси Улуг-Арт ашуусунадагы айылга келишет. «Айыл эки жер тамдан турат, бири кыпчак, бири найман кыргыздарына тиешелүү[2]. Эртеси биз кыргыз-кыпчактар жашаган 6 боз үйлүү айылды көздөй жол тарттык»[3]. 18 июлда кой, эчки, топоз, жылкы жана төөлөрүн жайып жүргөн, 60 боз үйлүү найман кыргыздардын Мужи жайлоосуна келдик»[4], деп жазат саякатчы.

Свен Гедин мындан сырткары ичкилик кыргыздардын каада-салты, үрп-адаты, жашоо шарты, социалдык турмушу, коомдогу кыргыз аялдарынын орду жана ролу, элдик оюндары, үй-тиричилиги, тамак-ашы, өлүк көмүүсү жөнүндө кеңири жазып, өз колу менен тартылган кыргыздар жөнүндө этюддарды, фото сүрөттөрдү калтырып кеткен.

Свен Гединдин Борбордук Азияга болгон бардык саякаттарында кыргыз жигиттери коштоп жүргөн, алардын баа жеткис кызматын ал ыраазычылыгы менен белгилейт. Ош шаарына келип өзүнүн экспедициясын коштоп жүргөнгө жигит тандап, бул жөнүндө ал төмөнкүдөй эскерет: «Эки атчан кыргыз жигитинин бири, кубаттуу, тулку бою келишкен адам, бул оштук Исламбай эле, ал биздин узун сапарыбыздын бардык мезгилинде менин жакын кызматкерим болгон. Мен азыр ал жөнүндө эң сонун пикиримди айткым келет, ага чындыгында эле мен абдан карызмын. Ал аба ырайынын бардык шарттарында, ар кандай коркунучтарда менин жанымда болду. Ал мени алгачкы жолу көрүп, кайда барабыз дебестен, өз үйүн, үй-бүлөсүн Ошко таштап, Азиянын түпкүрүндө күткөн белгисиз тагдырды мени менен тең бөлүштү. Гобинин ызгаар чөлдөрүндө, таңдай кургап, өлүм үстүндө менин жазган кагаздарымды, карталарды сактап калды.

[1] *Sven Hedin*. Through Asia.-Vol. II.-L.1898.-P.670
[2] *Sven Hedin.* Through Asia.-Vol. II.-P.672
[3] *Sven Hedin.* Through Asia.-Vol. II.-P.675
[4] *Sven Hedin.* Through Asia.-Vol. II.-P.679

Ал эч ким ашпаган ак мөңгүлүү бийик бел болсун, ташкындаган суу болсун, кербендин башында болуп, биринчилерден болуп жол баштаган, тангуттар бизге кол салганда да, өзүнүн ордунда болуп жолдошторун сактаган. Ал мага ченелгис кызмат көрсөткөн, эгер ал болбосо, менин саякатым мындай ийгиликтүү болбос эле»[1]. Исламбай Свен Гединдин аракети менен анын экспедициясынын эң көрүнүктүү коштоочусу катары швед королу Оскар алтын медалы менен сыйлаган.

Демек, Свен Гединдин маалыматтары ошол убакта Чоң-Алайда найман, тейит (чал тейит, чой, кара тейит); Каратегинде – кыпчак, найман жана кара тейит урууларры; Памирде найман, тейит, кыпчак, кесек уруулары; Кытай Памиринде: тобур-кыпчак, кыргыз-кыпчак, тейит, найман, кесек уруулары жашагандыгынан кабар берет.

Францияльк саякатчы Гиом Капю [Guillaume Capus] мындай жазат: «Ивановдун айтканына караганда, Памир кыргыздары тейит, кыдырша, найман, кыпчак урууларынан турат. Жайкысын алардын саны бир нече миңге жетет, ал эми кышкысын бир-биринен оолак, тоонун далда беттерин ыктаган 250–200дөй түтүн гана калат. Алардын экиден 20 га чейин боз үйдөн турган жатактары Раңкөлгө жакын ашууларда, Шатпут, Кошагыл, Мургап, Аксуу, Ыстык, Акташ, Кичи Памир, Кызыл Корум, Мукал, Андаман жана Алычур өрөөндөрүндө кездешет... кыргыз уруулары ал тургай Тагарманын түпкүрүндө да жолугат»[2].

Италиялык саякатчы Феликс де Рокка 1893-жылы Одесса портуна келип, Кавказды, Каспий деңизин, азыркы Түркмөнстанды басып өтүп, Орто Азиянын байыркы шаарлары болгон Бухара менен Самарканга келет. Бул жерден өзүнүн саякатын улап Фергана, Алай аркылуу Памирге келген. Кийин Каратегин, Дарваз аркылуу Аму-Дарыянын башы менен Мервге өтүп, Ата-Мекенине кайтат. Ал Орто Азияга болгон саякатынын натыйжасында «Алайдан Аму-Дарыяга чейин» («De l'Alaï à l'Amou-

[1] *Sven Hedin.* Through Asia.-Vol.I.-L.1898.-P.102,103;
[2] *Гиом Капю.* Памир кыргыздары//«Алатоо» журналы, 1992-жыл, 6-7-сан,148-б

Daria. Paris, 1896»)) деген китебин жазат. Анын эмгеги XX баптан туруп, андагы VIII бап – Алайга, IX бап – Памирге жана памирлик кыргыздарга, X бап – Каратегинге арналат.

Бул эмгегинде ал Памир кыргыздарынын коомдук абалы, бийлик түзүлүшү, Курманжан датка сыяктуу эл башчыларынын абалы, үй-бүлөлүк мамилеси, айланадагы элдер менен болгон карым-катышы сыяктуу кеңири мазмундар боюнча бир кыйла толук маалыматтарды жазып калтырган. Автор кыргыздардын турмуш түшүнүгүнө, жашоо философиясына жогору баа берген.

Ф.Рокка кыргыздар, анын ичинде ичкилик кыргыздар жөнүндө мындай маалыматтарды берет: «Бул тоолуу аймактарды ээлешкен көчмөн кыргыз калкы кара кыргыздар деп аталат. Аларды негизинен мунгуш, адигине жана ичкилик деген үч уруу түзөт. Мунгуш, адигине уруулары Ош жана Анжиян уездеринде отурукташса, ичкилик уруусу Маргалаң уезди менен Кичи-Алай тоолорунда жайгашкан. Бардыгы биригип 75 миңге жакын калкы бар. Чоң Алайда жашаган элдер көбүнесе алачыктардан куралган кыштоолордо турушат. Найман болуштугуна кирген 500 үй-бүлөнүн эки жарым миңге жакын эли бар. Чыгыш тарабынан Коргон-Өтөк жана Кызыл-Эшме, батыш тарабынан Кызыл-Суудан Дараут-Коргонго чейин созулган аймактын ар кайсыл жерлеринде кичинекей кыргыз айылдары жайгашкан. Жайкысын тоолуу аймактагы эл кыштоону калтырып жайлоого көчөт»[1]...

Ф.Рокка Памирде жашаган кыргыздарга кеңири токтолуп, мындай деп жазат: «Памир кыргыздары мал-жаны менен Ыраң-Көл, Ак-Суу дарыяларынын айланасындагы Аличур, Кудары, Көк-Жар, Кокуй-Бел-Суу өрөөндөрүндө көчүп-конуп жүрүшөт.

Айрым өзгөчөлүктөрүнө карабастан алар алайлыктарга абдан окшош келишет. Алардын көбүнүн жүзү жылуу келип, кара сакал менен көрктөнүп турат.

Памирдик кыргыздар – чыныгы көчмөндөр. Эч нерседен бейкапар, ышкырган тоо шамалынын, ызгаардуу тоо суугунун

[1] *Félix de Rocca.* De l'Alaï à l'Amou-Daria.-Paris,1896.-P.174

арасында жашап жүрүшөт, кышында да кээде жыртык боз үйдө жашашат.

Жайкысын алар бийик тоолорго чыгышат да, жаңы жайыттарды пайдаланышат. Айран, сүт ичишет, быштак жешип, топоздун майлуу сүтүн жакшы көрүшөт.

Памирдиктер нанды күз маалында гана жешет, аны шугнандыктардан тузга алмаштырып алышат. Эт да алардын дасторконунда аз болот. Алардын бардык болгон байлыгы – эки-үч жылкысы, беш-алты жандыгы, көчүп жүрүү үчүн керек болгон унаа катары эсептелген төө же топоздон башка эч нерсеси деле жок. Аларга кээде Кашкар-Ферганадан соодагерлер келишип, кездемелерге, ар түркүн үй-жай эмеректерине жүн, терилерди алмаштырып алып кетишет»[1].

«Памир кыргыздары жоокердик тыңдыгы менен айырмаланып, дайыма өз коңшулары шугнандыктарга, кашкарлыктарга кол салып турушкан. 1868-жылы алар ал учурда Шугнан жана Каратегин менен согушуп жаткан Кокон хандыгынын бийлигине баш ийишкен. Кашкарда Якуб бек бийликке келген соң анын карамагына кошулушкан. Бирок, Кашкар кытайлыктарга кайтарылгандан кийин памирдик кыргыздар кайрадан эч кимге баш ийбей калган. Ошентсе да Кударада жана Кокуй-Бел-Сууда жашаган кыргыздардан башкасы кытайга карап, 1891-жылга чейин үч колбашчыга баш ийип турушкан. Мужи дарыясынын өрөөнүнүн беги Алайчы бек Ыраң-Көлдүн чыгыш жагын башкарса, анын колунда 50гө жакын боз үй болгон. Курумчу бектин кол алдында 150 боз үй болуп Мургаб, Аличур, Пшарт өрөөндөрүн ээлеген. Аксуу жана Ыстык дарыяларынын бойлорунда 100 боз үйү менен Маткасым бек жайгашкан. Анан Сахиб Назарга баш ийген 40 боз үй Кудара, Көк-Жар, Кокуй-Бел-Суу өрөөндөрүнүн ар кайсыл жерлеринде чачкын жайгашкан. Бардыгы болуп алар 340 боз үйдү түзүшкөн – же башкача айтканда, 1700 түтүн эли бар болгон»[2].

---

[1] *Félix de Rocca.* Көрсөтүлгөн эмгек.-P.191

[2] Ушул жерде.- P.192

Ф.Рокка Памирдеги тобур кыпчактын колчок уругунан чыккан Сахиб Назар жөнүндө мындай маалыматтарды берет: «Атактуу Сахиб Назар жөнүндө укпаган эч бир саякатчы же изилдөөчү болгон эмес – анын кол алдында Индиядан, Кытайдан, Туркестандан качып келишкен каракчылар топтолушкан эле. Ал Сахиб Назар Памир аймагын бүт жойлоп бүткөн соң Кудара өрөөнүндө, Мургаб дарыясынын боюнда орун алган.

Анын даңкы жүздөгөн чакырым алыска таркаган. Ал жөнүндө Памир жергесинде көптөгөн уламыштар айтылып жүрөт. Маселен, Соодагер-Төбө деген жерден Сахиб Назар Бадакшандан Кашкарга өткөн соодагерлердин кербенин тосуп, карактап алып турган. Бир жолу ушул жол менен өтүп бараткан бай кербендин жолун тостуруп, буктурмага жигиттерин коёт да, өзү кедейдин кейпин кийип, кербен башыга кызмат кылып жүрүп олтурат, кийинчерээк ал кербен башынын ишенимине аябай кирет да, ага жылкы да кайтартып коюшат. Буктурмага жакындаган соң ал кербендин аттарын бүт айдап кетет да, өзүнүн жигиттерин чакырып келет, соодагерлердин баарын өлтүрүп, мал-мүлкүн талап алат. Анын эр жүрөктүүлүгү, айлакердиги чексиз болгон. Бул жөнүндө дагы бир мындай окуядан билсе болот: орустар Фергана өрөөнүн ээлеп алышкан соң ал он чакты жигити менен Чоң Алай кыргыздарына кол салып, бир нече адамды өлтүрүп, алардын миңге жакын жылкысын кууп кетет.

1891-жылы полковник Громбчевский Сахиб Назарга жолукканда ал чүкөдөй болгон арык, куник чал болуп калган кези экен: ал талап-тоноо үчүн Россия, Кытай, Афганистандан алыс жакка бара албай калганына өкүнүптүр. Акырында кудайга сыйынып, өзүнүн балдарына каракчылык кылууну таштоону буйруптур. Чынында эле ал үч жылча тынч өмүр сүргөн, бирок ошого карабастан ал жашаган жерден алыста болгон талап-тоноолорду да ошонун колунан келген деп айтып жүрүштү.

Коңшулары анын өкүнүчүн алсыздыгы деп билишип, андан мурдагы кылмыштары үчүн өч алууну ойлошот. Бир жолу уулу Кудайназарды алайлык кыргыздар кармап алышып, болуш-

ка алып барышмак болушат. Болушка жетсе аны таанып, аягы жакшылык менен бүтпөсүн билген жаш жигит оңтою келе калганда, өзүн кайтаргандардын биринин кылычын тартып алып, аны чаап өлтүрүп, атын тартып алып, качып кутулуп кеткен. Ошондон тартып Сахиб Назар кайрадан балдарына уурулук менен жашоого, каракчылык кылып талап-тоноого уруксат берген. Ошентсе да ал Громбчевскийдин орус экспедициясына көп жардам берген – аларды узатып жүрүүчү адам кошуп берип, тамак-аш менен камсыз кылган. Андан тышкары ал мурдагы орус экспедициялары – Северцов, Путята жана бир тууган Грумм-Гржимайлолор жөнүндө жакшы сөздөр менен эскерген»[1].

Америкалык этнограф М.Н.Шахрани [M. Nazif Mohib Shahrani] Афганистандын Вахан коридорундагы Улуу жана Кичи Памирде жашаган кыргыздар менен вахандыктарды изилдеп, өзүнүн «Ooганистандагы кыргыздар жана вахтар» (The Kirghiz and Wakhi of Afghanistan, 1979) деген эмгегин жазган.

Бул эмгегинде М.Н.Шахрани Афган Памирлик кыргыздар жөнүндө төмөндөгүдөй маалыматтарды берет: «Кичи жана Чоң Памирде тейит уруусунан 200 түтүн – 1100 адам, кесек уруусунан 112 түтүн – 579 адам, найман уруусунан 8 түтүн – 66 адам, кыпчак уруусунан 5 түтүн – 30 адам жашашат. Кыпчак жана найман урууларынын өкүлдөрү СССР жана Кытай Памиринен келишкен»[2].

Бул уруулардын бөлүнүшүн М.Н.Шахрани төмөндөгүдөй берет:

«Тейит: сары тейит, кара тейит, чал тейит, жаман тейит, карлек, лакай, чапан тейит. Сары тейит: айдар уулу, мама уулу, кутан уулу. Айдар уулу: бука, жаманаң, кочкор, отунчу, бөрү, зариф. Кочкор: моужу, чожа, кулбул, эшбул. Мама уулу: алапа, шайым, нооруз, сайитмат. Нооруз: дүрбөөл, текерең. Кутан уулу: кызыл баш, чогорок, баркы, чегетер, алайчы.

---

[1] *Félix de Rocca.* Көрсөтүлгөн эмгек.-P.193-194

[2] *Shahrani M.* Nazif Mohib. The Kirghiz and Wakhi of Afghanistan.-University of Washington Press.-Seattle and London,1979.-P.152-153

Кесек: кара садак, чоок, мөшкө, кыдырша, шах булут, жегжем, бостон, шалтак, мамачар, куралай, кызыл аяк, кош кулак, таглек. Кыдырша: айтаке, ыңырчак. Бостон: сарбашел, мовлабай. Кызыл аяк: желма, мырза, бакыжан, мета.

Кыпчак: кара кыпчак, сарт кыпчак, чела, кулчак, ?.

Найман: жерде найман, көн найман, жору найман, мырза найман, бова найман, куран найман, босторгой найман, жоон пут найман, көк эчки найман, кийик найман»[1].

Демек, М.Н.Шахрани боюнча Улуу жана Кичи Памирди кыргыздын ичкилик тобуна кирген тейит, кесек, найман жана кыпчак уруулары мекендешет. Негизинен сан жагынан бул жерде тейит уруусу басымдуулук кылат, саны боюнча кесек уруусу экинчи орунду ээлейт, андан кийин наман жана кыпчак турат.

М.Н.Шахрани берген маалымат боюнча бостон жана кыдырша уруулары кесек уруусунун курамында көрсөтүлгөн, балким алар Памирде аз санда болгондуктан, кесек уруусунун курамына киришкендир. Бостон жана кыдырша ичкилик тобуна кирген өзүнчө чоң уруулардан болуп саналат. Ал эми кыпчак уруусунун курамындагы чела жана кулчак (колчок – Н.Т.) тобур кыпчактын майда уруктары. Демек, кыпчак: кара кыпчак, сарт кыпчак жана тобур кыпчак деген уруктарга бөлүнөт.

Франциялык кыргыз таануучу жана түрколог окумуштуу Реми Дор[2] [Rémy Dor] Ооганстандагы кыргыздардын тили жана этнографиясы тууралуу мол маалымат топтоп жарыялаган (Contribution a l’etude des Kirghiz du Pamir Afghan. Paris, 1975).

Р.Дордун ою боюнча, Памирге алгач кыргыздын тейит уруусу XVIII кылымда Кызыларт ашуусу аркылуу Алайдан келишкен. Кийин XIX кылымда кокон ханы Мадалинин кысымы астында каратегиндик кесектер Дарваз жана Шугнан тоо кыркалары аркылуу Памирге келишет. XIX кылымдын аягында кесек уруулары Чоң Памирди мекендешкен. Алар Кызыл-Рабаттын

---

[1] *Shahrani M.* Nazif Mohib. The Kirghiz and Wakhi of Afghanistan.-152

[2] Кара: *Dor R.* Contribution á lätude des Kirghih du Pamir Afgan.-Paris,1975

тегерегинде көчүп жүрүшкөн, ал эми кыштоосу Ак-Суу дарыясынын боюндагы Кош-Агыл болгон[1].

Р.Дор Памирде жашаган кыргыздар боюнча төмөндөгүдөй маалыматтарды берет: «Түпкүлүгүндө кыргыздар жалпысынан: Оң жана Сол канат делип эки топко бөлүнүшөт. Бул бөлүнүш согуш тактикасына карата жайгаштыруу салтына байланыштуу чыгып, ошондон келсе керек да кийинчерээк анча деле чечүүчү ролду ойнобой калгандай. Чындыгында эле бул бөлүнүш ооган-дык кыргыздардын көз карашында алар өздөрүн Оң канатка тиешелүүбүз деп эсептешет. Бирок сол канатка кошулган уруулардан да болсо керек.

Винниковдун айтуусу боюнча ичкиликтер төмөндөгүдөй уруулардан куралат: кыпчак, каңды, бостон, найман, тейит, жоо кесек, урчу, дөөлөс, орчу, ават, нойгут, кесек.

Тогут болсо кыскача тизмени келтирет: кыдырша, кайды, найман, тайыт, кесек, урчу, дөөлөс, кыпчак.

Ооган Памиринде ушул уруулардын ичинен төрт уруусунан турган эл бар деп эсептешет: тейиттер, кесектер, наймандар менен кыпчактар. Мында биз уруулардын саны боюнча катар санап өттүк. Алардын ар бири өздөрүнчө майда уруктарга бөлүнүшөт. Аларды да кезеги менен кыргыздардын өздөрүнүн айтымы боюнча келтирели:

– Тейит: сары тейит, кара тейит, кочкор, шахим, текрең, навруз, алапа, кутан, чегитир.

– Кесек: жыгдым, кызыл аяк, кыдырша, куралай, мамачар, кесек, бостончок, мөшкө, пур баш, кош кулак.

– Найман: мурза, жору, көн, жоон пут, куралай, көк эчки, куран.

– Кыпчак: чела, колчок, мудурук, сарт.

Ооган Памириндеги кыргыздардын оюу боюнча төмөнкү майда уруктар саналган эмес: алапа (тейит), мөшкө, пир баш, кош кулак (кесек), көн, жоон пут, каралай, көк эчки (найман). Памирде кыргыздардан башка дагы алардын ичинде калмактар менен вахандар бар.

---

[1] *Маанаев Э., Плоских В.* На «крыше мира».-Фрунзе,1983.-С.75

Улуу Памирде жашаган жүз түтүндөй кыргыздар кызыл аяк уругунан чыккан Осмон Ажынын жана мурза уругунан Эргешбайдын маалыматтары боюнча төмөндөгүдөй бөлүнүшөт экен: болжол менен 29 түтүн кызыл аяк менен жыгдым уруктарына тиешелүү, кыдырша менен мамычарлар – он беш түтүндөй, бир түтүн бостон, эки түтүн куралай, жети бүлө найман, анын ичинен бери болгондо эки түтүн мурза, эки түтүн куран уругунан. Кыпчактардан үч түтүн, бирөө чала, бирөө – мундук, бири – сарттардан. Үч түтүн тейит уруусунан: үчөө үч уруктан – нооруз, чегитир, кара тейиттерден болушат. Бул жиктелүүлөр так болбогон күндө да тейит менен кесектин ортосундагы жер, жайыт ээлөө жагынан болгон ич ара кызыгууларды туудурат, башка жагынан алып караганда, биз айтып кеткен уруулардын арасынан аталган төрт уруу сан жагынан бир топ үстөмдүк кылат өңдөнөт, алардын ичинен биздин оюбузча кызыл аяк уруусу арбыныраак болсо керек. Элдин оозеки чыгармачылыгын сурамжылап айттырып, жазып алуу боюнча Толубай менен Сары-Мукурдун аралыгында жашагандардан 10 кишиге суроо салганыбызда алардын сегизи кесек уруусуна таандык болду, төртөө кызыл аяк уругунан, экөө мамачар, бирөө жыгдым, бири кыдырша жана экөө найман уруусунан (бири – мурза уругуна, экинчиси – куран уругуна кирет экен). Кичи Памир менен ага жанаша жаткан өрөөндөгү калк тууралуу биз өтө эле аз маалымат чогулта алдык: алардын көпчүлүгүн тейит уруусу түзүп, аларга Сары тейит (хан тукумунан) бийлик кылат экен»[1].

Демек, батыш саякатчылар менен изилдөөчүлөрдүн материалдарында кыргыздын ичкилик тобуна кирген – найман, кыпчак, тейит жана кесек уруулары айтылат. Бул урууларга кирген уруктар төмөндөгүдөй:

– Тейит: сары тейит, кара тейит, чал тейит, жаман тейит, карлек, лакай, чапан тейит, чой. Сары тейит: айдар уулу, мама уулу, кутан уулу. Айдар уулу: бука, жаманаң, кочкор, отунчу, бөрү, зариф. Кочкор: моужу, чожа, кулбул, эшбул. Мама уулу: алапа, ша-

---

[1] *Реми Дор.* Ооган Памириндеги кыргыздар.-Б.,1993.-13-16-б.

йым, нооруз, сайитмат. Нооруз: дүрбөөл, текереӊ. Кутан уулу: кызыл баш, чогорок, баркы, чегетер, алайчы.

– Кесек: кара саадак, чоок, мөшкө, кыдырша, шах булут, жегжем, бостон, шалтак, мамачар, куралай, кызыл аяк, кош кулак, таглек, пур баш,. Кыдырша: айтаке, ыӊырчак. Бостон: сарбашел, мовлабай. Кызыл аяк: желма, мырза, бакыжан, мета.

– Кыпчак: кара кыпчак, сарт кыпчак, чела, колчок, калта байтал, мудурук, тобур-кыпчак.

– Найман: босторгой найман, бова найман, жерде найман, жоон пут найман, жору найман, көн найман, көк эчки найман, кийик найман, куран найман, мырза найман.

Аталган уруу жана уруктар Алайдын – Дараут-Коргон, Жиптик, Туз-Дара, Алтын-Дара, Кашка-Суу, Көк-Суу деген жерлерин, Анжиян, Фергана, Маргалаӊ, Каратегинди, Памирдин – Ак-Суу, Ак-Таш, Аличур, Андаман, Кара-Таш, Кош-Агыл, Көк-Жар, Кудара, Кызыл-Арт, Манжу, Мургаб, Сары-Кол, Тагармага, Тагдумбаш, Ыстык, Чакарагыл, Шатпут, Кызыл Корум, Мукал деген жерлерин, Пшарт, Найза-Таш, Кокуй-Бел-Суу өрөөндөрүн,  Булуӊ-Көл, Кара-Көл, Раӊ-Көлдөрдүн бойлорун, Кичи Памирде, Кытайдын – Булак-Башы, Суу-Башы, Кой-Жол, Көнтөй-Жылга, Пас-Рабат, Чал-Тумак, Чегил-Гүмбөз, Мужи жайлоосун, Тагарма өрөөнүн, Гез, Серес, Чарлуӊ дарыяларынын бойлорун мекендешет.

# СОВЕТ ДООРУНДА ЖАНА СОҢКУ ИЗИЛДӨӨЛӨРДӨГҮ ИЧКИЛИК УРУУЛАРЫ

Совет мезгилинде жана азыркы убакта кыргыз урууларын Б.Солтоноев, А.Сыдыков, С.М.Абрамзон, Я.Р.Винников, Б.Жамгырчинов, Ю.А.Заднепровский, А.Абышкаев, Э.Маанаев, С.Аттокуров, А.А.Асанканов Б.М.Жумабаев, ж.б. изилдешкен.

Е.Г.Грумм-Гржимайлонун Петербург шаарындагы «Орус географтарынын коомунун» архивинен алынган кол жазмаларында төмөндөгүдөй маалыматтар кездешет: «Памир тоо кыркалары 50 000 чакырымды түзөт, ушундай чоң аянтта 565 «боз үй»; кара-кыргыздардын төмөнкү уруулары: Аличурда – дульбар (дүрбөөл – Н.Т.) норус (нооруз – Н.Т.), Мустагда – сары тейит, кара тейит, Чечектиде – кыдырша, Кударда – кыпчактар, Мужу капчыгайында жана Кичи Кара-Көлдө – наймандар, ал эми кызыл аяк, утунчу, кочкара, бустон (бостон – Н.Т.) жана кара саадак баардыгы жогорку Данги-Даранын Сары-Койунда жашашат»[1].

«Ичкилик тобу таит (тейит – Н.Т.), кыдырша, канды, кесек, тулус же туляс (төөлөс – Н.Т.), бостон, кызыл-аяк, орго (оргу – Н.Т.), кипчак жана найман урууларынан турат. Тулус (төөлөс – Н.Т.) уруусу VII кылымдарда болгону менен ичкилик тобу кийинчерээк түзүлүшү мүмкүн, себеби анын курамына канглы, кыпчак, найман, аргын (кесек) уруулары XIII кылымдан эрте эмес кирген»[2] – деп жазат.

Демек, Г.Е.Грумм-Гржимайлонун жазганы боюнча Памирде бостон, кесек, кыпчак, найман, тейит, төөлөс уруулары көчүп-конуп жүрүшкөн.

Б.Солтоноев «Котон шаары менен Яркен шаарынын арасындагы тоолордо: тейит, кесек, кыпчак деген кыргыз уруулары бар. Кыпчакты тору айгыр кыпчак деп дагы айтат. Күн Батыш

---

[1] *Жумабаев Б.М.* Южный Кыргызстан глазами российских путешественников.-Б.,1999.-С.44

[2] *Грумм-Гржимайло Г.Е.* Западная Монголия и Урянхайский край.-Т.II.-Л., 1926.-С.539

Кытайда менин эсебимче эң көбүндө көчмөнү 20 000, отуруктуусу 5 000 чамалуу болуп турган жери Котон тоосунун Сары белинен баштап, Яркен, Кашкар, Марал-Башы, Келпин жана Турпан шаарларынын бүткүл тоолорунда турат. Уруктары тейит, найман, кесек, кыпчак, нойгут ж.б.»[1].

А.Сыдыков «ичкиликтер негизинен канды, тюелес (төөлөс – Н.Т.), тейит, найман, яукесек (жоо кесек – Н.Т.), бостон, найгут (нойгут – Н.Т.), кыпчак, ават урууларына бөлүнөт» деп белгилейт. Ал эмгегинде кесек менен жоо кесек урууларын бириктирип жоо кесек деп берип, кесек менен жоо кесек бир эле уруу деген ойду айтат. Мындан сырткары ал ичкилик тобуна кирген уруулардын ар биринин жашаган жерлерин көрсөтөт[2].

«Кашгарды курчаган тоолуу аймактарда жашашкан, Кашгардын көчмөн калкын кыргыздар түзүшөт. Иркештамдан түштүктө, Кашгардан түштүк-батыш жана түштүгүндөгү Яркент, Каргалин, Кулин, Хотан райондорунан Кызыл-Кыянын кокту колотторунда 4 волост: кесек, найман, теит, кипчак уруулары жашашат. 60 000 жакын жан. Мындан сырткары Ооганстанда кыргыздардын кесек, найман, теит, кипчак уруулары жашашат»[3].

Я.Р.Винников[4] 1953–1954-жылдары Түштүк Кыргызстанда жүргүзүлгөн кыргыз урууларын изилдөө экспедициясынын материалдарына таянып, ичкилик тобунун курамына кыпчак, найман, тейит, бостон, кесек, жоо кесек, канды, нойгут, ават, оргу жана төөлөс урууларын киргизет. Ошондой эле алардын жашаган жерлерин белгилеп, этникалык картасын түзөт. Баяндамачылардын айтканынын негизинде ичкиликтерди оң жана сол канатка бөлөт. Оң канатка тейит, кесек, жоо кесек, бостон,

---

[1] *Белек Солтоноев.* Кызыл кыргыз тарыхы. -1-чи китеп.-Б.,1993.-130-б.

[2] *Сыдыков А.* Родовое деление киргизов//Сб.«Белек».-Ташкент,1927.-С.293-295; А.Сыдыков. Родовое деление киргизов//Курманов З., и др. Абдыкерим Сыдыков – национальный лидер.-Б.,1992.-С.95-96

[3] *Абдыкерим Садыков.*10 февраля 1926 г. г. Ташкент.

[4] *Винников Я.Р.* Родоплеменной состав и расселение киргизов на территории Южной Киргизии//ТКАЭЭ.-Т.I.-М.,1956.-С.157-158

оргу, төөлөс, ал эми сол канатка найман, кыпчак, канды, нойгут, ават урууларын киргизет.

С.М.Абрамзон «XVI кылымда оң канат отуз уул тобуна жана Булгачынын тукумдары болгон уруу топторуна бөлүнсө, бизге бир кыйла жакыныраак мезгилде «отуз уул» деген ат менен кыргыздардын көпчүлүгүн оң жана сол канат бириктирип турган, ал эми Булгачынын тукумдарынан болгон уруулардын тобу, аларга кошулган башка уруулар менен бирге, ичкилик деп аталып калат. Кытай Эл Республикасынын Синьцзян-Уйгур автоном районунда жашаган кыргыздар уруу-урук түзүлүшүн бир аз башкача түшүнүшөт. Сол канатка алар отуз уулдун бардык тобун, ал эми оң канатка – ичкилик тобун таандык кылышат.

Кыргыздардын ичкилик деген ат менен белгилүү болгон үчүнчү тобуна: кыпчак, найман, тейит, кесек, жоо кесек, каңды, бостон, нойгут, төөлөс (дөөлөс), авагат (ават) уруулары кирген. Кээде анын курамына кыдырша тобун да киргизишкен. Кээде жетишээрлик негизи жок болсо да бир нече учурда ичкилик курамында оргу тобуна өз алдынча маани берилген»[1] деп белгилейт.

Ошондой эле С.М.Абрамзон ичкилик урууларынын жашаган жерлерин берет: «ичкилик тобуна кирген уруулар Алай жана Түркстан тоо кыркаларынын бир бөлүгүнүн этектеринде жана аларга танапташ жаткан Фергана ойдуңунун аймактарында, Алай өрөөнүнүн батыш тарабында, Каратегиндин чыгыш тарабында жана чыгыш Памирде, ошондой эле КНРдин Синьцзян-Уйгур автоном районунда: Ак-Тоо, Улугчат, Таш-Коргон уездинде, Кашкар, Янги-Гиссар жана Яркенд шаарларынын батышында жана Куэнь-Лунь тоо этектеринде – Гума уезддеринде жашашкан»[2].

«Ичкилик – өз алдынча болгон 9–10 топтун жалпы аты. Алардын айрымдары өздөрүн ичкиликпиз деп эсептешпейт. Алар түндүктө жашаган кыргыздардын башка топторун «аркалык» деп атаган сыяктуу эле ичкилик деген аталыш да бизге

---

[1] А*брамзон С.М.* Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер.- Б.,1999.-21-б.

[2] Ушул жерде.-23-б.

коңшулар тарабынан берилген деп эсептешет. Өзүнүн курамы боюнча ичкиликтер өтө ар тектүү келет. Алар өз ичине көптөгөн элементтерди, анын ичинде ферганалык жана өзбек элементтерин да камтып турат. Бирок ичкиликтердин курамына киргизилген уруулардын негизги массасы өздөрүнүн түпкү тегин Чыгыш Түркстандын аймагы менен байланыштырышат. Алардын уламыштарында Койбос-Жанбос, Ит-Арка сыяктуу легендалык жергелер гана айтылбастан, ошондой эле Сары-Жон, Каркыра, Көк-Дөбө сыяктуу чыныгы географиялык аталыштар да эскерилет.

Ичкиликтердин өздөрүнүн ата-теги жөнүндөгү түшүнүктөрү карама-каршы келет. Ноокат районунан биз айрымдардын Батыштан келгенбиз дегендерин уктук, бирок биз батыш тарапка улам нарылап жылган сайын, биз Каратегинден же Чыгыш Түркстан менен байланышкан аймактардан келгенбиз деп олку-солку болбой, так кесе айтылган жоопторду улам көбүрөөк жолуктура бердик. Бул топтордун көпчүлүк бөлүгү XVII кылымдын экинчи чейрегинде  Каратегиндин Гиссарга танапташ жаткан жерлерине чейинки бүткүл аймагына барып жайгашып туруп калышкан. Бир канча убакыттан кийин кыргыз калкынын көпчүлүк бөлүгү кайрадан өз жерине жол тарткан, бирок алардын жарымы Каратегинди мекендеп кала беришкен. Негизги бөлүгү болсо чыгышты карай жылып, андан кийин түндүк тарапка ооп, азыркы ичкиликтер жашап турган аймактарга жайгашып туруп калышкан»[1]  деп жазат С.М.Абрамзон.

Кыргыз тарыхчысы Б.Жамгырчинов[2] кыргыз элинин 40 уруудан түзүлүшүн колдоп, аны «эски» уруулар деп атап, аттарын тизмелеп берип, анын ичине ичкилик тобуна төөлөс, тейит, жоо кесек, бостон, нойгут, каңды, кыдырша, кызыл аяк, кыпчак, найман урууларын кийирет. Ошондой эле ичкилик тобун «оң» жана «сол» деген эки чоң канатка бөлүп, оңго – кесек жана тейит, солго – найман, кыргыз-кыпчак, чоңбагыш, төөлөс жана сарт-кыпчак урууларын киргизип, аталган уруулардын курамын

---

[1] Ушул жерде.-634-635-б.

[2] *Джамгерчинов Б.* Присоединение Киргизии к России.-М.,1959.-С.23-26

жана жашаган жерлерин белгилейт. Б.Жамгырчинов кесек уруусунун курамына кыдырша, бостон, канглы, ават (авай кесек деп) урууларын жаңылыш киргизет. Ал эми жоо кесек жана кесек урууларын бир эле уруу деп эсептейт.

Ю.А.Заднепровский ичкиликтерди байыркы юечжи урууларынын урпактары деп жазат[1].

Б.Х.Кармышева мындай деп жазат: «Тажикстандын Жерге-Тал районунда кыргыздын ичкилик урууларынан: бостон, гыдырша (кыдырша), теит, ахтарчи (актачы – Н.Т.), кесек жана кыпчак жашайт.

Кыргыз тарыхчысы А.Абышкаев Каратегиндеги ичкилик урууларын «сол» жана «оң» деп экиге бөлөт. Солго найман менен кыргыз-кыпчакты, оңго кесек менен тейит урууларын киргизет. Өз учурунда кесек уруусун эки чоң топко бөлөт: кыдырша жана бостон деп. Кыдыршага чоок, мушук, таз, боби (баба), казке, шамрак, гунай, атабай, борбаш урук бөлүктөрүн, бостонго дунке, чегетер, уйгур, коңурбай, кошой, чоң-кыргыз, балкы урук бөлүктөрүн кийирет[2] (Схема №4).




*Схема 4.* Каратегиндеги ичкилик урууларынын схемасы (*А. Абышкаев боюнча*)

---

[1] *Заднепровский Ю.А.* Узловые проблемы этнической истории кочевников Кыргызстана древнего периода//Кыргызы: этногенетические и этнокультурные процессы в древности и средневековье в ЦА.-Б.,1996.-С.157

[2] *Абышкаев А.* Каратегинские киргизы в конце XIX – начале XX вв.-Фрунзе,1965.-С.15-16

Профессор Э.Маанаев «Памирдик кыргыздар этникалык составы боюнча ичкиликтер тобуна кирип, негизинен кесек, теит, кыпчак, найман деген төрт уруудан турат. Эгерде ушул урууларды генеалогиялык жактан уруулук схемага бөлүштүрсөк, алар негизинен төмөнкүдөй структураны түзөт:

Теиттер: Сары теит, Кара теит, Чал теит. Сары теит: Айдар, Мама, Кутан. Айдар: Бука, Кочкор, Бөөрү, Отунчу, Жаманан. Мама: Алапа, Шайым, Дурбоол, Норуз, Текрең, Сейтмат, Зарып. Кутан: Кутан, Кызыл баш, Чегитир, Чогрок, Баркы, Чой, Чубулдай. Кара теит: Кара теит, Жаман теит, Чапан теит, Тумак теит, Кесте теит. Чал теит: Алак, Кекүлек, Мешкубар, Куртка, Токум, Согур, Буйлаке, Ай-Темир.

Кесектер: Кадырша, Дункө, Бостон, Ыңырчак, Айдаке, Айтек, Олжочу, Түпкуч, Ийрекчи, Жутаңкы, Кызыл-аяк, Кара саадам, Мөшкө, Жоо кесек, Төөлөс, Байкесек, Таз, Чоок, Аргын, Кызыке, Шамирек;

Наймандар: Көкчө найман, Кара найман, Беш найман, Бөө найман, Көң найман, Көкө найман, Жээрде найман, Жоон бут найман, Көк эчки найман, Боз торгой найман, Чандеки, Мырза найман, Кий найман, Жоору, Кожо;

Кыпчактар: Чыла, Тору айгыр, Товур, Баштык, Көлчөк, Кызыл модурчук, Куу тон, Калта тон, Бөө, Жээрде, Шерекей, Курду, Боз кайышкак (схема № 5).

Эгерде памирдик кыргыздардын уруулук составын бөлөк жердеги кыргыздардын уруулук составына салыштырсак, анда Памир кыргыздары негизинен Кытайдын, Кашгар, Хотан өрөөнүндөгү кыргыздары менен, Тажикстандагы Жерге-Талдык кыргыздары, ошондой эле ферганалык кээ бир кыргыздардын уруулары менен бир уюткуну түзгөндүгүн байкайбыз. Афганистанда жашаган кыргыздар этникалык составы боюнча памирдик кыргыздар менен бирдей уюткуну түзөт»[1] деп жазат.

---

[1] *Маанаев Э.* Кыргызстандан тышкары жашаган кыргыздардын тарыхынан.- Фрунзе,1969.-24-25-б.

Ошондой эле профессор Э.Маанаев Памирдеги ичкилик урууларынын кыштоолору менен жайлоолорунун аталыштарын жана Кытай Памириндеги ичкилик урууларынын географиялык жайгашуусун төмөндөгүдөй берет:

| Уруунун аты | Жайлоолору | Кыштоолору |
|---|---|---|
| Сары теиттер | Ак-Суу дарыясынан Тогуз-Булакка чейин; Ранг-Көлдүн жанындагы Зор-Пилик колоту | Ранг-Көлдүн жанындагы Өгүз-Агыл кыштоосу |
| Кочкор теиттер | Ак-Жылга суусунун бойлору | Кош-Агыл кыштоосу |
| Кыдырша | Ак-Байтал жана Аличор жайлоосу | Мургаб жана Ранг-Көл бойлору |
| Чегитир, чогрек (чогорок) теиттер | Кара-Турук жайлоосу | Терек-Отун кыштоосу |
| Олжочу | Ак-Байтал суусунун бойлору | Сары-Жылга кыштоосу |
| Кесектер | Кызыл-Рабат | Ак-Суу, Кош-Агыл |
| Наймандар жана Кыпчактар | Орто-Бел, жогорку Тагарма жайлоосу | Мук-Суу кыштоосу, Гези талаасынын аягы жана башка бөлүктөрү |

«Кашгар өрөөнүндө, көбүнчө, отурукташкан кыпчактар тобу жашайт. Алардын көчмөн бөлүктөрү тоолуу Айыгарт, Арча-Бель, Бостон-Терек жактарында, жаңы Гиссардын түштүгүндөгү Кенкол, Кароол ж.б. жерлерде көчүп жүрүшөт. Кыпчактардан кийинки орунду наймандар ээлешип, алар Янги-Гиссардын түштүгүндөгү Кызыл-Тоо, Чимген, Арпалык жана Сарыкол тарабында орун алган. Теиттер болсо негизинен Бөрү-Токой, Кызыл-Суу бойлорун, Кара-Таш суусунун жээктерин жана бир аз бөлүгү Сарыкол тарабында жайгашкан. Кесектер уруусу Тас-Рабат коктуларын, Каракол жана Тагарма райондорун ээлешет. Бул төрт уруу негизинен кыргыздын ичкиликтер тобун түзөт»[1].

Профессор Э.Маанаев Н.А.Аристовдун, С.М.Абрамзондун, С.Е.Маловдун, Б.М.Юнусалиевдин, К.И.Антипинанын[2] эмгектерине таянып жана өзүнүн изилдөөлөрүнүн натыйжасында

---

[1] *Маанаев Э.* Көрсөтүлгөн эмгек.-22,27-б.

[2] *Юнусалиев Б.М.* К вопросу о формировании общенародного киргизского языка//Тр. ИЯЛ. АН Киргиз. ССР.-Вып.VI.-Фрунзе,1956.-С.42,43; Малов С.Е. Лобнорский язык.-Фрунзе,1956.-С.4-6; Антипина К.И. Выступление//ТКАЭЭ.-Т.III.-Фрунзе,1959.-С.208,210

«Кыргыздардын ичкиликтер тобу бир миңинчи жылдарда эле Енисейдеги кыргыздар менен катар, алардан бөлүнүү абалында болуп, ар түрлүү убакытка жана тарыхый шартка ылайык Чыгыш Туркестандын ар кайсы жеринде жашап келген деген корутундуга келебиз.

Алардын Енисей кыргыздарынан бөлүнүү абалын жана андан кийинки орун которуу процесстерин төмөнкүдөй болгон деп эсептөөнү туура чечтик.

1) Кыргыздардын «Улуу державалык» доорундагы ээлеген жерлери айрыкча, түштүк батышка кеңейүү менен, Чыгыш Туркестандын айрым райондоруна чейин созулган. Түндүк чыгыш бөлүгү Енисей бойлоруна чейинки аралыкты ээлеген. Ушул учурда, башкача айтканда, Х кылымдын баш ченинде Кытайдын түндүк бөлүгүндө Кидан мамлекети пайда болуп, «Улуу державалуу кыргыз мамлекетине», көп тоскоолдуктар көрсөтүп, кыргыздардын айрым бөлүктөрүн Монголия жана Орхон бойлорунан сүрүп чыкса керек. Андан кийин ээлеген жерлеринен ажыраган кыргыздардын айрым бөлүктөрү Чыгыш Туркестанда белгилүү убакытка чейин болуп, алардын Енисей кыргыздары менен болгон байланышы үзүлөт. Енисей кыргыздары менен Түркестандык кыргыздардын катташпай калышы алардын ортосунда Кидан мамлекетинин түзүлүшүнөн келип чыгат.

2) Ошол учурларда Чыгыш Түркестандагы Тогузгуздар менен Карлуктардын ортосунда согуш болуп, тогузгуздар жеңишке ээ болот. Тогузгуздуктардан чыккан Ягма уруусу Кашгарды басып алат. Ушуга байланыштуу ал жерде жашаган кыргыздар бөлөк уруулар сыяктуу эле, батышка сүрүлсө керек. Х кылымга таандык «Худуд ал-Алам» чыгармасында[1] «Кашгар шаары, Ягма, (Тогузгуз) кыргыз, тибеттиктер жана Кытайдын чек арасы болгон» – деп көрсөтүлөт. Бул чыгарма боюнча кыргыздар тогузгуздардын (Ягманыны) батыш коңшулары[2] катары берилет.

[1] *Худуд ал-Алам.* «Рукопись» Туманского.-Ленинград,1930.-С.24

[2] *Бартольд В.В.* Киргизы. Исторический очерк.-Фрунзе,1943.-С.31

**ПАМИРДЕГИ КЫРГЫЗДАР**

(ичкиликтер)




*Схема 5.* Памирлик кыргыздардын уруулук түзүлүшү

(*Э.Ж.Маанаев боюнча*)

Ошентип батышка сүрүлгөн кыргыздардын бир бөлүгү обочо бөлүнүү абалында, коңшулаш калктардын таасири менен, өзүлөрүнүн коомдук, экономикалык жана маданий өсүү процесстерин башынан өткөзгөн. Алар улуттук өз алдынчалыгын сактоо менен, Памир менен Афганистандын түндүк бөлүгүндө, Тибетке, кийинчерээк Каратегин өрөөндөрүнө жылышып, «ичкиликтер» деп аталган кыргыздардын бир бөлөк тобун түзүшкөн»[1] деген жыйынтыкка келет.

Профессор С.Аттокуров «Ичкиликтер байыркы кыргыз элинин пайдубалы. Узак убакыт бөлүнүп жашаганына карабастан улуттук өзүн-өзү таануу сезими өнүккөн. Алардын жаңы пайда болгон уруулар менен болгон байланышы XIV–XV кылымдарда гана башталган. Ошол себептүү жаңы кыргыздардын көчүнө, жүрүшүнө катышкан эмес. Ушундан улам алар экинчи ирettеги Оң жана Солго кирбей калышкан.

Ичкилик аймактык жана уруу аралык бирдик. Ал Фергана өрөөнүндө жашаган кыргыздардын жана аларга кийин кошулган топтордун союзу. Уруулардын конфедерациясы. Букара жана Кокон хандыгынын ортосундагы буфердик аймак. Ичкиликтер Алай, Памир тоолорун өздөштүргөн дыйканчылык менен малчылыкты айкаштырган кыргыздын түштүк диалектисинде сүйлөгөн чоң этнографиялык топ. Жалпы этностун – кыргыз элинин түзүүчүлөрүнүн бири.

Ичкиликтерге: Ават, Бостон, Жоокесек, Кесек, Нойгут, Тейит, Канды (Канглы), Төөлөс, Найман, Кыпчак, Оргу уруулары кирет. Байыркы кыргыз этносунун өкүлдөрүнө кийин Найман, Кыпчак уруулары кошулган.

Ичкиликтер илгертеден бир аймакта жашагандыктан, бир диалектте сүйлөшкөндүктөн, башка кыргыздарга караганда ислам динин мурда кабыл алышкандыктан, дыйканчылыкка илгери өтүшкөндүктөн, аларда региондук жалпылык пайда болгон. Аларда кан жагынан аралашуу да кылымдарды кучагына алган. Ошол себептүү аларда кыргыз деген аталыш, баарыдан мурда

[1] *Маанаев Э.* Көрсөтүлгөн эмгек.-19-20-б

ичкиликтерди түшүндүрөт. Алардын тажиктер, өзбектер менен болгон байланыштары аркалыктар менен болгонго караганда көбүрөөк. Бул ичкиликтердин заттык жана рухий маданиятына таасир эткен.

Бирок, ичкиликтер өздөрүн байыркы нагыз кыргыз, ал эми башкаларды казак-кыргыз, жаңы кыргыз катары эсептешет. Бул өтө кеңири тараган пикир. Ал эми Фергана, Алай, Памир тоолору, өзөндөрү алмустактан бери алардын жери. Эне-Сай, Сибирь жөнүндө сөз да кылышпайт.

Аймактык бирикмеге, дыйканчылыкка мурда өткөндүктөн, үч элдин орток хандыгы болгон (өзбек, тажик, кыргыз) Кокон мамлекетинин составында болуп калгандыктан, жазуу-чийүүгө мурда карым-катнаш болгондуктан, ичкиликтерде уруулук санжыра кеңири тараган эмес»[1] деп, өзүнүн эмгегинде ичкилик уруулары боюнча жогорудай жыйынтыктарга келет.

Кытайлык кыргыз тарыхчы Анвар Байтур XIV кылымдан XVII кылымдын 80-жылдарына чейинки мезгилдерде «бардык кыргыз уруулары «ичкилик» жана «отуз уул» деген эки чоң элге бөлүнгөн, ичкилик уруулары – кыпчак, найман, тейит, кесек жана алардын бир канча он, ал тургай бир канча жүз тармактарын өз ичине алган. Бул доордогу окуяларда баяндалган тарыхый материалдарга негизделген Кашкар, Жаңышаар, азыркы Ак-Тоо ооданы жана Жаркен тараптарда: тогуз кыпчак, найман, кесек, тейит ж.б. уруулар; Ак-Суу, Үч-Турпан, Ак-Чий тараптарда жана Ысык-Көлдө: төөлөс ж.б.; Фергананын чыгыш жана батыш тараптары, Наманган, Анжиян райондорунда: кыпчак, аргын (кесек), окчу (кара кесек), кара тейит, кыдырча (кыдырша – Н.Т.), думара (жоокесек – Н.Т.); Сарыкол, Тагарма, Бадахшан тараптарда: кыпчак, найман, тейит, кесек деген уруулар, ал эми Карашаар, Лобнор райондорунда болсо ногой, нойгут деген уруулар жашаган»[2] деп жазат.

---

[1] *Аттокуров С.* Кыргыз санжырасы.-Б.,1995.-178-180-б

[2] *Анвар Байтур.* Кыргыз тарыхы.-1-2-чи китеп.-Б.,2003.-260-261-б

Профессор Б.М.Жумабаев[1] Памирде жашаган ичкилик тобуна тейит, кесек, найман, кыпчак урууларын киргизип, алардын уруктук курамын берет. «Памирдеги кесек уруусунун Каратегиндеги жана Фергана өрөөнүндөгү уруулаштары менен уруктук параллелдер болгону менен өз алдынча айырмачылыктарга ээ. Памирлик кесек уруусунун курамынан Ферганалык кесек уруусунун курамында кездешпеген аргын жана таз уруктарын кездештиребиз» – деп белгилейт. Памирдеги кесек уруусунун курамында төөлөс уруусу да көрсөтүлгөн, бирок төөлөс ичкилик тобуна кирген он уруунун бирөөсү.

1947-жылы СССРдин Илимдер Академиясынын этнография жана антропология институту, Кыргыз Республикасынын Илимдер Академиясы Ноокат районуна уюштурган экспедициясынын натыйжасында С.М.Абрамзон бул жерге Кытайдан көчүп келген кыргыздардын маалыматтарынын[2] негизинде төмөндөгү ичкилик тобуна кирген урууларды каттаган: «Кашгар шаарынын батыш жагындагы Айыгарт, Арча-Бел, Чимген, Бостон-Терек тоолуу аймактарында, Янги-Гиссар шаарынын түштүгүндөгү Чумбук, Кеңкол, Чаарлык, Ордолун, Кароол, Гыджек аттуу жерлерде ичкилик тобунун кыпчак уруусунун 750 кожолугу турушат.

Янги-Гиссар шаарынын түштүк жагындагы Кызыл-Тоо, Ой-таг, Гез бөксө тоолуу аймактарында, Тоюнлүк, Чимген, Там, Арпалык, Сөгөт, Капка, Сарай, Кайыз капчыгайларында, Жайтерек, Жайылган айылдарында, Сары-Колдогу Таш-Коргондо жана Тагарма дарыясынын өрөөндөрүндө кыргыздын найман (700 кожолук)[3] уруусу жердешет.

Кашгар шаарынын батыш жагындагы Кызыл-Суу дарыясындагы Бөрү-Токой капчыгайында, Кара-Таш жана Янги-Гиссар шаарынын түштүгүндөгү Чумбус дарыясынын Кан-Терек,

[1] *Жумабаев Б.М.* Памир: Улуу державалардын ортосундагы геосаясий күрөш.-Б.,2009.-38,42,44-45,47-б

[2] *Абрамзон С.М.* Киргизское население Синьцзян-Уйгурской Автономной Области Китайской Народной Республики//ТКАЭЭ.-Т.II.-М.,1959.-С.334-338

[3] 1947-жылдагы маалыматтар

Чимген капчыгайларында, Сары-Колдогу Кара-Көл-Суубашы жана Таш-Коргондо тейит (400 кожолук) уруусу турушат. Пас-Рабат, Кеңкол жана Тагарма капчыгайларында кесек (180 кожолук) уруулары жашашат.

Ошондой эле ичкиликтердин курамына кирген бостон, оргу, меркит уруулары, кыпчак уруусунун тогуз кыпчак, товур кыпчак, кара кыпчак уруктары да Кашкар жергесин мекендешет. Хотан округунун Кулан-Арык, Санджу жерлеринде найман, тейит, кесек, бостон урууларынын 80 кожолугу турушат».

Профессор А.А.Асанканов[1] СУАРда жашаган кыргыз уруулары жөнүндө төмөндөгүдөй маалыматтарды берет: «Тарбагатайдын Дүрбөлжүн районунун Чынмий, Чадыжы, Калажын, Эки-Суу, Оркошар айылдарында ичкилик тобунун найман, керей (төөлөс) уруулары мундуз, баарын, сарыбагыш, сарт, саяк уруулары менен чогуу жашашат.

Ал эми Тарбагатайдын батыш бөлүгүндөгү Илини (Текес) кыргыздын оң, сол жана ичкилик уруулары мекендешет. Оңдон – адигине, азык, бугу, моңолдор, сарыбагыш, саяк, солто, солдон – басыз, кушчу, кытай, мундуз, саруу, ичкиликтен – кыпчак, найман, тейит, төөлөс уруулары.

Ак-Суу аймагынын Жаман-Суу районунун Боз-Дөң айылында, Үч-Турпан районунун (Какшаал) Жаман-Суу айылында да төөлөс уруусунун өкүлдөрү жашашат. Ошондой эле Куча оазисинин Шая деген жеринде төөлөс уруусунан чыккан кыргыздар турушат деген маалыматтар бар.

Ак-Тоо ооданында Булуң-Кол, Суу-Башы, Чакырагыл, Кез (Тар-Капчыгай), Токой (Корук), Можу аттуу кыргыз айылдары бар. Булуң-Колдо найман (жээрде найман, андакул, сайвак) жана тейит (23 кожолук) уруулары, Суу-Башыда найман (жоон бут найман, беш ата найман, абыра), тейит (какыры, кара тейит: майда, чой, чогорок, отунчу, көчкөр (алапа), кыдырша), Чакырагылда найман (кийик найман, шерене, шыйык, карачоро, абыра,

[1] *Асанканов А.А.* Этническая история кыргызов Шинжана КНР//Вестник КНУ им. Ж.Баласагына.-Серия 1. Гуманитарные науки.-Вып.VIII.-Б.,2009.-С.134-136,138-142

дандуулат) уруусу, Кезде найман (оболбек, саргалдак, сарыбел саргалдак, борбаш) уруусу, Токойдо көң найман уругу, Можуда найман (согур, жээрде найман, кайымкан) жана тейит уруулары турушат.

Ошондой эле Кашкар шаарынын айланасындагы Армүдүн айылында найман уруусунун сакоо жана мөшкө жана кыпчактын хан кыпчак уруктары жашашат.

Кашкар вилайетиндеги Таш-Коргон тажик автоном районунун Көк-Жар кыргыз автоном айылында кара тейит (отунчу, кызыл аяк, кочкор, чоок) жана кесек (каракаш бостон, боз чекен бостон) уруулары мекендешет.

Котон аймагынын Сары-Кыя жана Кең-Кыр айылдарында бостон, тейит, найман уруулары жана кара саадак, кыдырша, кошкулак, шааболот уруктары турушат».

Чыгыш Түркстанда бүгүнкү күнгө чейин сакталып калган Абат, Актачы, Бостон-Нор, Бостон-Терек, Оргу-Нор, Меркит топонимдери ичкилик урууларынын ушул аймакта жашагандыгы тууралуу кабар берет.

## АБАТ

Абат кыргыздын ичкилик тобуна кирген белгилүү уруулардын бири.

«Абат» этнониминин аталышын түндүк шор уруусунун аба сөөгү менен салыштырылат. Аба, абалар же «абалык татарлар» деген ат менен XVII кылымдагы орус тарыхый документтеринде белгилүү. Алардын басымдуу бөлүгү Кузнецк талаала-рында көчүп-конуп жүрүшкөн. Абалар XVI–XVII кылымдарда телеуттардын курамына киришкен. Абалык татарлар өз аталышын XIX кылымга чейин сактап келишти. XIX кылымдын экинчи жарымында абалыктар көпчүлүк изилдөөчүлөрдүн белгилегени боюнча түндүк шор уруусунун сөөгү катары же кээде «талаа» шорлору деп аталган.

В.Я.Бутанаев хакастардын сагай уруусунун ичиндеги аба сөөгүн, XVII кылымдагы Аба суусунун боюндагы Кузнецк (Абатур) шаарынын айланасындагы отурукташкан шор уруусунан келип чыккан деп божомолдойт. Изилдөөчүлөр абаларды Том суусунун өрөөнүндөгү шорлордун ата-бабалары катары санашат. Азыркы күнгө чейин алтайлыктар Шорияны «Аба чыш», хакастар «Аба чирі» («Аба жери») деп аташат. «Аба» сөзү «аюу» дегенди билдирип, тотемдик маанидеги этноним. Уруунун мүчөлөрүнө аюуну өлтүрүү, анын терисин үйүндө сактоо, ошондой эле келиндерге «аба» деген атты атоо тыюу салынган[1].

Л.П.Потапов аба сөөгүн VI–VII кылымдардагы теле уруу бирикмесине кирген а-ба уруусунун урпактары катары санайт[2].

---

[1] *Бутанаев В.Я.* Происхождение хакасских родов и фамилий.-Абакан,1994.-С.12

[2] *Потапов Л.П.* Этнический состав и происхождение алтайцев.-Л.,1969.-С.169

С.М.Абрамзон абат этнонимин теле тобундагы аба уруусу менен окшоштурат[1].

Аба уруусу Суй династиясынын (581-618-жж.) жыл баяндарында эскерилет. Алар 603-жылы батыш түрктөрдүн Тату каганына каршы чыккан теле тобунун курамында болгон. VI кылымдын аягында аба уруусу Хангай менен Алтай тоолорунун ортосунда көчүп-конушуп, чыгыш-түрк каганы Мухандын уулу Далобянга баш ийишкен[2].

Ма-дуан-лин теле уруусу а-ба жөнүндө эскерет, бул урууну бир жагынан орхон жазууларындагы апар уруусу жана византий тарыхчыларынын авар (οὐάρ), экинчи жагынан «Тан-шу» жыл баянындагы *а-де* 阿 跌, башкача айтканда, эдиз уруусу менен окшоштурулат[3].

Н.Я.Бичурин «а-ва уруусу А-бо мамлекетинин башкача айтканда, Бо-го хандыгынын элинин бир бөлүгү» – деп жазат. Б. з. ч. II кылымдарга чейин Юнь-нандын аты «Бо-го» – «Ак хандык», алардын эли «бо-мин» – «ак эл» башкача «а-бо» жана «бо-р-цзе» – «ак уулдар» деп аталышкан[4].

Венгр окумуштуусу Ю.К.Немет[5] авар этнониминин байыркы түрк формасы апар дейт.

Авар<абар<апар – этиш аркылуу пайда болгон түрк этноними, «кабыл албоочу, макул болбоочу, көнбөөчү» деген маанилерди өзүнө камтыйт. В.В.Радлов бул этиш тууралуу мындай маалыматтарды берет: аба- түрк, чагатай тилинде «макул болбоо, көнбөө», Шейх Сулейман Бухаринин чагатай-түрк сөздүгүндө: «тыюу салуу, тоскоол, жолтоо кылуу, таштабоо»; Дж.Редхауздун сөздүгүндө: «кабыл албоо»; ава – «тыюу салуу, тоскоол жана жолтоо кылуу, четке кагуу, тануу»[6].

---

[1] *Абрамзон С.М.* Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи.-Фрунзе,1990.-С.65

[2] *Liu Mau-tsai.* Die chinesischen Nachrichten zur Geschichte der Ost-tiirken (T'u-kue).-Bd.II.-Wiesbaden,1958.-S.527

[3] *Грумм-Гржимайло Г.Е.* Көрсөтүлгөн эмгек.-471-б.

[4] *Грумм-Гржимайло Г.Е.* Көрсөтүлгөн эмгек.-28-б.

[5] *Немет Ю.* К вопросу об аварах//Turcologica.-Л.,1976.-С.301

[6] Türkiyede halk ağzından Söz Derleme Dergisi.-I,AD,-Istanbul,1939

Абулгази боюнча Деңиз-хандын үчүнчү уулу Ава деп аталып, тамгасы – . Махмуд Кашгариде Ива (Йыва) тамгасы – , Рашид-ад-Динде Йива тамгасы – .

1900-жылы Н.Ф.Ситняковский[1] абат уруусун абай кесек деп атап, аны кесек уруусунун курамына кошот.

«Манас» эпосунда абат уруусу набат (наабат, абаат) деген ат менен аталып, кыргыздар Алтайдан Анжыянга көчүп келердеги окуяларга байланыштуу айтылат [2].

Я.Р.Винников[3] абат уруусунун курамына кирген төмөндөгүдөй уруктарды белгилейт «жой, беглер, алатакы, чолой, гужен, уста, токмок». Ал эми уста уругуна көк кул, сары кул, токмокко ботоп, тамчы деген урук бөлүкчөлөрүн киргизет. С.Аттокуров[4] жогоруда аталган абат уруктарына эшкара, могол, жанат, казна деген уруктарды кошуп, ботоптон тама жана татар деген эки майда урук бөлүкчөлөрүн чыгарат. Ошондой эле абат уруусунун легендарлуу Инал, Энал деген ата-бабаларын атайт.

Профессор Ш.Жапаров Лейлек районунда жашаган абаттардын чолой, уста, адалакы, бото жанат, токмок, гүжөөн, жой, кыдырша, могол деген уруктарын атап, абаттардын чоң уругу чолой экенин белгилеп, аны шадек, калмак, аюу деген үч тукумга ажыратат. Шадектер эки топко ажырайт – калмама, котоздор; калмактар – помдор, көксөөлөр; аюулар – садыр, тыныш болуп бөлүнөт деп кошумчалайт[5].

Санжырачы Т.Умар уулу жогоруда аталган абат уруусунун курамына кошумча кыдырша деген урукту киргизет[6]. Ал эми С.Р.Саттаров[7] өзүнүн «Абат тарыхы, санжырасы жана ичкилик кыргыздар» деген китебинде абат уруусунун курамына кыдыр-

---

[1] *Ситняковский Н.Ф.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Т.II.-Вып.II.-С.57-58

[2] Манас.-II-китеп. -Фрунзе,1980.-152-б.

[3] *Винников Я. Р.* Көрсөтүлгөн эмгек.-166

[4] *Аттокуров С.* Кыргыз санжырасы.-Б.,1995.-210-б.

[5] *Жапаров Ш.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Алга.-№121,18.10.1967, 4-б; Алга.-03.04.1993, 2-б.

[6] *Турдубай Умар уулу.* Көрсөтүлгөн эмгек.-24-б

[7] *Саттаров С.Р.* Абат тарыхы, санжырасы жана ичкилик кыргыздар.-Б.,2009.-54-б.

ша, уста, чолой, токмок, гужоон, адалакы, ботожанат, могол, жой деген тогуз урукту киргизет.

Демек абат уруусу кыргыз элинин байыркы урууларынан болуп, кытай жана византий булактарындагы жужан, авар (эфталит), VI–VII кылымдардагы теле уруу бирикмесине кирген а-ба, орхон жазууларындагы апар, «Тан-шу» жыл баянындагы а-де уруулары менен этностук жана этногенездик байланышы бар экендигин тануугa болбойт.

*Схема 6*. Абат уруусунун генеалогиялык схемасы



## БОСТОН

Бостон – ичкилик тобуна кирген уруулардын бири.

«Дүйнөнүн чек арасы» (Худуд ал-алам) аттуу X кылымда жазылган араб булагында «Кулан менен Мерке аралыгында үч карлук уруулары жайгашкан. Булар Бистан (Bistan) же Бостон, Хайм (Haym) жана Барыг (Barig)»[1] деп аталат. Бул берилген маалыматтагы карлуктардын ири урууларынын бири Бистанды кыргыз уруусу Бостон менен салыштырсак болот[2].

Карлуктар кытай жыл баяндарында 葛 羅 祿 «гэ-ло-лу» же «гэ-лу», араб жана перс булактарында «харлук», «харлуж», «халлух» деп түшкөн. Карлуктар түрк урууларынын бири. «Карлук» термини алгач орхон-енесай жазма эстеликтеринде кездешет. VII кылымдагы кытай булактарына таянсак, карлук уруусу үч чоң уруу бирикмеден турган: Меуло (Mou-lo (=Булак), Чжиси (Chih-ssû (=Чигил) же По-фу (P’o-fu) жана Ташылы (T’a-shih-li)[3]. VIII–X кылымдардагы кытай баяндамасы «Танхуйяодо» карлук этноними Хэ-лу деп берилип, бул уруунун аттарына басылган тамгасы  берилген[4].

Кытай жыл баяндамасы «Си-юй-ту-чжи» боюнча бостон уруусу басто деген формада берилип, 1759-жылы Бостон уруусу 1300 түтүндөн тургандыгы эскерилет[5]. XVI кылымдагы

---

[1] *Şeşen R.* Islâm coğrafyacılarına göre Türkler ve Türk ülkeleri.-Ankara,2001.-S.65; Peter B.Golden. Türk halkları tarihine giriş.-Ankara,2002.-S.162

[2] История Киргизской ССР.-Т.I.-Фрунзе,1984.-С.435

[3] *Шаниязов К.* Узбеки-карлуки.-Ташкент,1964.-С.5,13

[4] *Зуев Ю.А.* Тамги лошадей из вассальных княжеств//Труды ИИАЭ АН КазССР.-Т. VIII.-Алма-Ата,1960.-С.125-126

[5] *Аристов Н.А.* Труды по истории и этническому составу тюркских племен.-Б.,2003.-С.49

Сайф ад-Дин Аксыкентинин «Тарыхтардын жыйнагында» бостон уруусу ичкиликтердин бири катары баяндалат[1]. 1795-жылы И.Г. Андреев өзүнүн «Орто жүздүн кыргыз-кайсактарын баяндап жазуу» деген эмгегинде Бостон болуштугу жана анын старчыны Ташыбек бий экендиги жөнүндө кабар берет[2].

Ал эми Л.Ф.Костенко Бостон уруусун негизги 20 ичкилик урууларынын бири катары карайт[3].

1900-жылы Н.Ф.Ситняковский[4] бостон уруусун кесек уруусунун курамына кошуп карайт. 1954-жылы Я.Р.Винников[5] бостон уруусунун курамына кирген төмөндөгүдөй уруктарды атайт: «кара орус, тескей, батмунке, токо, сазан, думар, телмин, чаманай, мардай, баймат, гадик, балчи, карджавды, бозала бостон, бабачал, сарымбек». Ал эми карджавды уругуна асалы, бабачалга кошкары, сарымаут, дюйшамбе, сарымбекке байборот, жораш, батыр, азия деген урук бөлүкчөлөрүн киргизет. С.Аттокуров[6] жогоруда аталган бостон уруктарына жандоо уругун жиндөө деп ката жазып кошот.

Кыргыз тарыхчысы Б.Жамгырчинов[7] бостон уруусун ичкилик тобунун оң канатына кийирет.

Изилдөөчүлөр Памирдеги (Кытай жана Афган) жана Каратегинде жашаган бостон уруусун кесек уруусунун курамында карашат[8].

Санжырачы Т.Умар уулу бостон уруусунун курамына бозбала, жазар, ботманке, баймат деген уруктарды киргизет[9]. Ал эми С.Р.Саттаров[10] бостон уруусунун курамын жогорудагыдай

---

[1] *Сайф ад-дин ибн Шах Аббас Аксикенти.* Көрсөтүлгөн эмгек.-65-б.

[2] *Андреев И.Г.* Описание средней орды киргиз-кайсаков.-Алматы,1998.-С.52; Бул жерде Бостон болуштугунун аталышы Бостумакская деп берилген.

[3] *Костенко Л.Ф.* Көрсөтүлгөн эмгек.-372-б.

[4] *Ситняковский Н.Ф.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Т.II.-Вып.II.-С.57-58

[5] *Винников Я.Р.* Көрсөтүлгөн эмгек. -162-б.

[6] *Аттокуров С.* Көрсөтүлгөн эмгек.-196-б.

[7] *Джамгерчинов Б.* Көрсөтүлгөн эмгек.-23-б.

[8] *Абышкаев А.* Көрсөтүлгөн эмгек. -15-16-б.; Жумабаев Б. Памир: Улуу державалардын ортосундагы геосаясий күрөш...-44-б.

[9] *Турдубай Умар уулу.* Көрсөтүлгөн эмгек.-23-б.

[10] *Саттаров С.Р.* Көрсөтүлгөн эмгек.-294-б.

эле берет. Санжырачы С.Жаңыбай уулу Т.Умар уулу келтирген төрт урукка кара деген урукту кошуп, бостон уруусун «сол канат» ичкиликке киргизет[1].

1926–1927-жылдары бостондордун аймактык жайланышын А.Сыдыков берген. Алар Ош округунун Жоо-Кесек-Бостон жана Куршаб болуштуктарында турушкан. Азыркы убакта бостондор негизинен кесек (жоо кесек) уруулары менен чогуу турушат. Алар географиялык жактан Кыргызстандын Баткен, Жалал-Абат, Ош, Чүй областарында турушат. Ошондой эле бостон уруусунун өкүлдөрү Өзбекстанда, Тажикстанда жана КЭРдин СУАРнын айылдарында жайгашышкан. Тажикстандын Жерге-Тал районундагы Кара-Кенже, Сары-Кенже, Сарыгой айылдарында бостон уруусунун базалабостон, каржооду уругунун Аскулу бийден тараган өкүлдөрү мекендешет[2].

Бостон – адигине, саруу урууларындагы урук бөлүкчө[3]. Анын ичиндеги каржооду урук бөлүкчөсү карлук уруусунан кабар берет.

---

[1] *Сапарбай Жаңыбай уулу.* Көрсөтүлгөн эмгек.-15-б.

[2] АТМ.-Т.№3

[3] *Абрамзон С.М.* Этнический состав киргизского населения...-С.111

*Схема 7*. Бостон уруусунун генеалогиялык схемасы



## КЕСЕК

Кесек кыргыз элинин байыркы урууларынын бири. Кесек этнониминин параллелдери бүгүнкү күндө башкырлардын курамында – «кезек табын»[1], венгрлерде – «keszö»[2], казактарда – «кара-кесек», тожулук туваларда – «кезек куулар», «кезек-маады»[3], туваларда – «кезек соян»[4], лакайларда – «кесек каллар», заравшандык өзбектерде – «молла-кесек», «мырза-кесек»[5], заравшандык каракалпактарда жана түркмөндөрдө – «кара-кесек»[6], уйгурларда – «кэса»[7], хакастарда – «кезегет», чулым татарларда – «кецик»[8], кыргыздын саруу уруусунун курамында – «кезек таз» жана «кезек сары», кытай уруусунда – кесектер, кесек кара, жетиген уруусунда – «кезек сары»[9] формаларында кездешет.

Кесек уруктары жөнүндө С.Аксикенти, Ч.Ч.Валиханов, А.П.Федченко, А.А.Кушакевич, Л.Ф.Костенко, Ш.Караваний-лер жазып кетишкен[10].

---

[1] *Кузеев Р.Г.* Происхождение башкирского народа.-М.,1974.-С. 274

[2] *Nemeth G.* Ungarische stammesnamen bei den baschkiren//AL.-T.16.-№ 1-2.-Budapest, 1966.-P.17

[3] *Вайнштейн С.* Тувинцы-Тоджинцы.-М.,1961.-С.40-41

[4] История Тувы.-T.I.-М.,1964.-С.251

[5] *Гребенкин А.Д.* Узбеки//Русский Туркестан.-М.,1872.-С.70

[6] *Гребенкин А.Д.* Көрсөтүлгөн эмгек.-99,106-б.

[7] *Кузеев Р.Г.* Көрсөтүлгөн эмгек.-417-б.

[8] *Радлов В.В.* Из Сибири. Страницы дневника.-М.,1989.-С.92

[9] *Абрамзон С.М.* Этнический состав киргизского населения...-С.75,119; Ушул автор. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер...-706,750-б; Усупбаев А. Кыргыздын сол канатынын, кытай уруусунун нукура тарыхы.-Б.,2011.-6-б.

[10] *Сайф ад-дин Аксикенти.* Көрсөтүлгөн эмгек. -33-б; Валиханов Ч.Ч.-Т.2.-А-А.,1985.-С. 40,44-45; Федченко А.П. Путешествие в Туркестан.-T.I.-Ч.II.-М.,1875.-С.64; Кушакевич А.А. Сведения о Ходжентском уезде.-СПб.,1871.-С.231; Молло Шарап Караваний. Элдин, жердин тарыхы.-Ош,2010.-16-18-б.

М.Тынышпаев казактардын кара-кесек уруусу менен кыргыздардын кесек уруусун байыркы чумугундар менен байланыштырып карайт да, 742–744-жылдарда уйгур жана карлуктардан жеңилгенден кийин батышка карай сүрүлгөн деп божомолдойт[1].

Н.Ф.Ситняковский Фергана өрөөнүндө жашаган кесек уруусунун толук курамын берет да, анын он төрт уруудан тургандыгын көрсөтөт: Кесек, Бай кесек, Кара кесек, Кыдырша, Каңглы, Чоң кыргыз, Бөрү баш, Авай, Ахтачы, Кара саадак, Чүчүк, Алашан, Жоо кесек, Бостон[2]. Бул жерде белгилей кетүү керек, бостон жана кыдырша уруусун көпчүлүк санжырачылар өзүнчө уруу катары караса да, Каратегиндик (Жерге-Талдык) жана Памирлик (Сарыколдук) кыргыздардын арасында ал урууларды кесек уруусунун курамына киргизишет. Н.А.Аристов Ичкилик урууларынын ички уруулук курамын тереӊ изилдебей эле «Ичкиликтердин курамында найман жана кесек урууларынын болушу алардын аралашма экендигин көрсөтөт, наймандардын орто жүзгө кириши, кара кесек уругунун ошол эле жүздүн аргын уруусунун курамында же кичи жүздүн алимулы уруусунда болушу. Мүмкүн кесектер наймандар сыяктуу эле шейбаниддик өзбектер менен келсе керек»[3] – деп божомолдойт.

А.Сыдыков өз эмгегинде бардык кесектерди бириктирип, Жоо кесек деп атайт[4]. «Кесек же яукесек жана бостондор Ош округунун Яукесек-бостон волостун түзүшөт. Мындан сырткары алар Ош округунун Араван жана Наукат волосторунда жана Джалял-Абад округунун Аим волостунда жашашат» деп жазат[5].

Кыргыз элинин этникалык өнүгүүсүн жана калк катары калыптануусун изилдешкен Э.Маанаев менен О.Каратаев кыргыз

---

[1] *Тынышпаев М.* Материалы к истории киргиз-казахского народа.-Ташкент, 1925.-С.24

[2] *Ситняковский Н.Ф.* Перечисление некоторых родов киргиз, обитающих в восточный части ферганской области//Изв. ТОРГО. Т. XI, вып 1.-Ташкент,1900.-С.58-59

[3] *Аристов Н.А.* Опыт выяснение этнического состава…-С. 49

[4] *Сыдыков А.* Родовое деление киргизов//Сб. «Белек».-Ташкент,1927.-С.293-295

[5] *Сыдыков А.* Родовое деление киргизов//Курманов З., и др. Абдыкерим Сыдыков – национальный лидер.-Б.,1992.-С.95-96

элинин калыптануусун үч этапка бөлүп, биринчи жана байыркы катмарын б.з.ч. III – б.з. X кылымдарына таандык кылып, кесек уруусун ушул мезгилдерде кирген этнокомпонент катары карашат[1].

Кесектер кыргыз элинин эң байыркы урууларынын бири болуу менен жана кыргыз элинин түзүлүшүнө ичкиликтер тобу менен киргендиги анык. Бул уруунун Алтай, Сибир этнонимдери менен тыгыз байланыш болгону менен Фергана, Памир-Алай аймактарына енисейдеги «улуу кыргыз» дөөлөтүнөн мурда эле же түрк каганаты мезгилинде келсе керек.

Академик Д.Немет кесе (кесек) этнонимин венгердик байыркы жети уруу менен жакындаштырат. Ал жети уруунун биринин аталышы К.Багрянородный тарабынан Καση формасында берилген. Д.Немет Венгриянын учурдагы топонимиясында кесе (кесек) этноними катышкан 50 учурду көрсөтөт: Kesz, Keszï, Keszö, Keszü…[2] ж. б. Этнонимдин келип чыгышына байланыштуу венгер окумуштуусу анын башаты негизинен түрк урууларына байланыштуу экенин таанууга ийкемдүү. Анын ою боюнча keszöнун байыркы формасы keseү (кесег) болгон жана ал «уруунун алыстаган бөлүгү» деген маанини билдирген[3].

Кесек уруусунун этникалык тарыхынын булактары Борбордук Азиядагы жана Алтайдагы байыркы түрк чөйрөсүндө жоголот. Бул тезис тарыхый айтымдардагы маалыматтар менен бекемделет. Андан тышкары кесек же кесе аталышынын башкыр, венгер, локай, казак, тувин, түркмөн жана кыргыз этнонимияларында кездешиши анын байыркылыгынан кабар берет. Кесек же кесе этноониминин келип чыгышын жана алардын байыркы өкүлдөрүн Борбордук Азиянын түрк-монголдук чөйрөсүнөн, жана ошондой эле б.з. I кылымынын башында Алтайдын түндүк бөлүгүн ээлеген угор-самодий калкы[4] менен тыгыз байланышкан Алтай урууларынан издөө керек. Б.з. I-чи миң жылдыгынын

[1] Кара: *Э. Маанаев.* Этническая история кыргызского народа.-Б.,2008
[2] *Nemeth G.* Көрсөтүлгөн эмгек.-11-б.
[3] *Nemeth G.* Көрсөтүлгөн эмгек.-17-б.
[4] *Потапов Л.П.* Этнический состав и происхождение алтайцев.-Л.,1969

башында жана биринчи жарымында байыркы түрктөр (алардын бирикмесинин курамында эреже катары этникалык жактан ар түрдүү өкүлдөр) өзүнүн курамына Арал бойлору жана батыш Казакстандын түздүктөрүндөгү түрк, угор көчмөн калкын кошуу менен батышка багыт алышкан.

Казактын алгачкы окумуштууларынын бири М.Тынышпаевдин маалыматтары боюнча кесек (жоо кесек) уруусунун бир бөлүгү VI кылымда эле байыркы түрк уруулары менен бирдикте Жети-Сууга жер которгон, алардын ата-бабалары Чүй дарыясынын батышында жашашкан. Жоо кесектер XVI кылымга таандык Сайф ад-Диндин «Мажму ат таварих» эмгегинде эскерилет. Бул эмгекте алардын кыргыздын уруу топторунун составына киргендиги айтылат. Бул этникалык аталыштын параллелдери жогоруда айтылгандай казактарда – «кара кисек», «караук кесек», хакастарда – «кезегет», тувалыктарда – «кезек куу», башкырларда – «кесе-табын» формасында кездешет. Аталган параллелдер бекеринен келип чыкпаса керек. Эң кызыгы кезегет уруусунун курамында кездешкен учурдагы хакас-сагайлар Енисей кыргыздарынын түздөн-түз тукуму болуп саналат. Р.Г.Кузеев башкыр уруусу кесе(к) – табындардын теги саян-алтайлыктар менен байланыштуу экенин белгилеген[1].

Бул илимий аныктаманы белгилүү тарыхчы-этнограф, профессор В.Я.Бутанаевдин аргументтери тактайт. Анын аргументтери боюнча кезегеттер Енисей кыргыздарынын тукуму болуп саналат.

Америкалык этнограф М.Н.Шахрани жана француз окумуштуусу Р.Дор памирлик кыргыздарды изилдешип, памирдеги кесек уруусунун генеалогиялык (уруулук) курамын беришкен[2].

Ал эми кыргыз тарыхчысы Б.М.Жумабаев Памирде жашаган төмөнкү кесек уруктарын белгилейт: жоо кесек, кара кесек, бай кесек, аргын, айдаке, бостон, дүңкө, ийрекчи, кыдырша,

---

[1] *Тынышпаев М.* Көрсөтүлгөн эмгек.-23-25-б.

[2] *Shahrani M.* Nazif Mohib. The Kirghiz and Wakhi of Afghanistan.-University of Washington Press,-Seattle and London,1979.-P.152; Реми Дор. Ооган Памириндеги кыргыздар.-Б.,1993.-14-б.

жутаңкы, болжочу, кызыл аяк, кара саадак, мөшкө, шамирбек, ыңырчак, төөлөс, таз, чоок, кызыке[1]. Бул жерде айдаке, дүңкө, ийрекчи, жутаңкы, болжочу (олжочу – Н.Т.), мөшкө, шамирбек, ыңырчак, чоок – кыдырша уругунун урук бөлүкчөлөрү, ал эми кыдырша ават уруусунун уругу, бостон менен төөлөс ичкилик тобуна кирген уруулар.

Памирлик кыргыздардын курамында «аргын» деген уруктун кездешүүсү жана казактардын Орто Жүзүндөгү аргын уруусунун курамында «кара-кесек» уругунун болуусу бул кокустук эмес. Өзбекстандагы жана Тажикстандагы лакайларды изилдеген Б.Х.Кармышева «лакайлардын Орто жүздүн негизин түзгөн байыркы түрк уруусу аргындар менен байланышы лакайлардын казактар менен болгон этногенетикалык жакындыгын белгилейт»[2] деп жазат. Хакастардын курамындагы «аргын» сөөгү[3] кесектер менен аргындардын енисей кыргыздары менен түз байланышын аныктары шексиз. Монгол династиясынын чыгыш тарыхын чагылдырган кытай булагы «Юань-ши»нин негизинде Н.А.Аристов аргындарды XI–XII кылымдарда наймандардын батышында, кыпчактардын чыгыш жагында же Иртыштан батышыраак жакты мекендешкен[4] – деп белгилесе, профессор О.Каратаев аргындарды кыргыздардын курамына VII–XII кылымдан кеч эмес кирген деп санайт[5].

Памирде жашаган кесек уруусу саны жагынан тейит уруусунан кийин экинчи орунда турат. Кесек жана тейит урууларынан сырткары Памирде кыргыздын кыпчак, найман, бостон жана ават уруктары аталган уруктар менен бирге жашашат.

---

[1] *Жумабаев Б.* Памир: Улуу державалардын ортосундагы геосаясий күрөш.-Б.,2009.-44,45-б.

[2] *Кармышева Б.Х.* Узбеки-локайцы Южного Тажикстана//Труды ИИАЭ.-Т.28.-Вып.1.-Сталинабад,1954.-С.9

[3] Б*утанаев В.Я.* Этническая история хакасов XVII-XIX вв.-М.,1990.-С.81

[4] *Аристов Н.А.* Заметки об этническом составе тюркских племен и народностей и сведения и о их численности//Труды по истории и этническому составу тюркских племен.-Б.,2003

[5] *Каратаев О.К.* Кыргыз этнонимдер сөздүгү.-Б.,2003.-24-б.

Демек жогоруда келтирилген маалыматтардын негизинде Памирде жашаган кесек уруусу – жыгдым (жекжем), куралай, мамачар, кош кулак, кара саадак, шах булут, шалтак, кызыл аяк (желма, мырза, бакыжан, мета), тайлек деген уруктардан турары маалым болду. Памирде жашаган кыргыздын бостон, кыдырша (айдаке, дүңкө, ийрекчи, жутаңкы, олжочу, мөшкө, шамирек, ыңырчак, чоок) жана каңды (борбаш) урууларынын урук бөлүкчөлөрү ал жердеги кесек уруусунун курамына киришет.

Я.Р.Винников XX кылымдын 50-чү жылдарында Түштүк Кыргызстандагы кыргыз урууларын изилдеп жатып баяндамачылардан кесек уруусуна байланышкан төмөндөгүдөй маалыматтарды жазып алган. «Кесек жана жоо кесек уруусунун курамына кирген калдар жана жейдемиш уруктарынын өкүлдөрү азыркы жашап жаткан жерине Кашкардын Итарка, Сарыжел-Сай деген жеринен келишкен. Кийинчерээк аларга телмин, дөмөр, жангылчек уруктары келип, кошулуп жашап калышкан. Кесек уруусу кыргыздын Кызыл уулунун (Ичкилик) курамына кирет. Ичкиликтердин санжырасы боюнча, Ичкиликтер Намрат дегенден тарашат. Анын атасы Кыргызбайдын бир баласы болот. Намраттын Субуханкулу деген баласы болгон, анын биринчи аялынан Пулата жана Шумата. Пулатадан кыпчактар, ал эми Шуматадан наймандар тарайт. Экинчи аялынан Ширмата, анын небереси Надыршадан бостондор, ал эми Султанша аттуу небересинен кесектер жана жоо кесектер тарайт»[1].

Я.Р.Винников кесек жана жоо кесек урууларын өз алдынча уруу катары карайт. Ал кесек уруусунун генеалогиялык таблицасын түзөт. Бул схемасында кесек уруусунун курамына борбаш уругун жаңылыш киргизген, себеби борбаш каңды уруусунун уругу болуп саналат. Лейлекте борбаш уругу кесектин кара молдо уругу менен чогуу жашагандыктан, Я.Р.Винников бул урукту кесек уруусунун курамына кошкондур.

---

[1] *Винников Я.Р.* Көрсөтүлгөн эмгек.-158-б.

Монгол тилинде kesig (кесиг) «кезек, кезектешүү, кезектеги караул (кароол, күзөтчү, сакчы)» деген маанини берет[1]. Kesig (кесиг) деп Чынгыс-хандын атактуу гвардиясы аталган. 8 otoγ'-дон туруп, Түштүк Монголиянын бир аймагын түзгөн монгол уруусунун аты – kesigten[2]. Кобдалык дөрбөтөрдүн арасында кешиктен аттуу урук бар[3].

Академик Д.Немет кесе (кесек) этнонимин байыркы жети мажар урууларынын бирөөсү менен окшоштурат. Анын аталышы К.Багрянородный боюнча Κασή формасында берилет. Д.Немет кесе (кесек) этноними боюнча 50-гө жакын топонимдерди Мажарстандан тапкан. Мисалы Kesz, Keszï, Keszö, Keszü... ж. б.[4]. Ал эми кесе (кесек) этнониминин келип чыгышынын негизи түркчө дейт мажар окумуштуусу. Анын оюн боюнча «keszö»нун байыркы формасы «keseγ» (кесег) болуп, «бир уруунун бөлүгү» дегенди түшүндүргөн[5].

Эгерде венгр изилдөөчүсү Д.Неметтин кесек бул «бир уруунун бөлүгү» же «кесиндиси» деп айтканына таянып, кесек этнонимин кес+сак деп карасак, анда «сак» элинин бир кесиндиси, бир бөлүкчөсү же тобу деген маанини бериши мүмкүн. Кесек (кеъсэк) тофалар тилинде «үйүр», «топ» дегенди билдирет[6].

Казак тарыхчысы Касым Масими печенектер менен кыргыздар жөнүндө өз китебинде минтип жазат: «Жер-жерлердеги көтөрүлүштөрдү басуу жана жазалоо операцияларын жүргүзүү үчүн атайын дайындалган түмөндөр болгон. Алар өзгөчө, атайын терилип алынган, ишенимдүү ак сөөк жоокерлерден турган. Өз милдеттерин өтө так жана кылдаттык менен аткаргандыктан, алар өзүнүн атынан башка атка конушуп, аны менен тарыхка киришкен. Мисалы: «печенек – пачэнэк» жана «кргиз

---

[1] *Владимирцов Б.Я.* Монгольское ongniγud – феодальный термин и племенное название//Доклады АН СССР.-Л.,1930.-№12.-С.222-223

[2] *Мэн-гу-ю-му-цзи.* Записки о монгольских кочевьях.-СПб.,1895.-С.29-30

[3] *Pelliot P.* Notes sur le «Turkestan» de W. Barthold//TP.-Vol. XVII.-1913.-P.27-29

[4] *Nemeth G.* Көрсөтүлгөн эмгек.-P.11

[5] Ушул жерде.-P.17

[6] *Рассадин В.И.* Словарь тофаларско-русский и русско-тофаларский.-СПб., 2005.-С.38

– кыргыз». Биринчиси уйгур тилинде «пачэ», «бөлүк, үзүм, кесим» дегенди, экинчиси «кыр» – «жок кыл» деген маанини берет. Мындан «пачэнэк – печенек – печенег» талкалоочу, сындыруучу, баш ийбести таш-талканын чыгаруучу, ал эми «кыргыз – кргиз» багынбасты – жок кылуучу»[1]. Демек бул айтылгандарга таянсак, менин оюмча кесек, кесүүчүлөр, атайын даярдалган, алар душманга каршы же болбосо көтөрүлүштөрдү басуу жана жазалоо операцияларын жүргүзүү үчүн колдонулуучу аскердик бирдиктин аталышы. Кийинчерээк ал аскерлердин урпактары кесек (жоо кесек) аталышып, аскердик аталыш этнонимге айланып кетиши мүмкүн.

Молло Шарап Карваний кесек этнонимин кесек (катып калган топурак) менен байланыштырат[2].

XVI кылымдагы Сайф ад-Дин Аксикентинин «Тарыхтардын жыйнагы» аттуу эмгегинде жоо кесек алты ичкилик уруусунун бири катары айтылат[3]. Н.Ф.Ситняковский кесек уруусун 14 урукка бөлүп, анын бири жоо кесек деп жазат[4]. Молло Ш.Карваний[5] ичкиликтерди оң жана сол деп бөлүп, сол тобуна – жоо кесек уруусун киргизет. А.Сыдыков кесек менен жоо кесек урууларын бириктирип жоо кесек деп берип, кесек менен жоо кесек бир эле уруу деген ойду айтат[6]. Я.Р.Винников жоо кесек уругун өзүнчө уруу катары карайт. Ал кесек менен жоо кесек урууларын эки башка уруу деп эсептеп, аталган урууларды ичкиликтердин оң канатына киргизет[7]. Б.Жамгырчинов[8] жоо кесек уруусун ичкилик тобунун оң канатына кийирип, жоо ке-

---

[1] *Масими К.* История Уйгурской державы. Голубые тюрки.-Алматы,2000.-С.27

[2] *Молло Шарап Карваний.* Көрсөтүлгөн эмгек.-18-б.

[3] *Сайф ад-дин ибн Шах Аббас Аксикенти.* Тарыхтардын жыйнагы.-Б.,1996.-65-б.

[4] *Ситняковский Н.Ф.* Перечисление некоторых родов киргиз, обитающих восточной части Ферганской долины//ИТО ИРГО.-Ташкент,1900.-Т.II.-Вып.I.-С.92-100; он же. Таблица киргизских родов Ошского уезда//ИТО ИРГО.-Ташкент,1900.-Т.II.-Вып.II.-С.57-58

[5] *Молло Шарап Карваний.* Элдин, жердин тарыхы.-Ош,2010.-24-25-б.

[6] *Сыдыков А.* Родовое деление киргизов//Сб. «Белек».-Ташкент,1927.-С.293-295; Курманов З., и др. Абдыкерим Сыдыков – национальный лидер.-Б.,1992.-С.95-96

[7] *Винников Я.Р.* Көрсөтүлгөн эмгек.-157-158-б.

[8] *Джамгерчинов Б.* Присоединение Киргизии к России.-М.,1959. -С. 23-26

сек жана кесек урууларын бир эле уруу деп эсептейт. Ө.Караев[1] ичкиликтерге кесек жана жоо кесек урууларын өз алдынча уруу катары кошот. Санжырачы С.Закиров[2] «жоо кесек менен кесек бир эле уруу» – деп жазат.

Жоо кесектердин кесектерден бөлүнүп кеткендиги тууралуу 1954-жылы Я.Р.Винников 78 жаштагы колхозчу Жоро Мамбеткуловдон мындай деген уламышты жазып алган: «Илгери Кесектин эки ата өткөн бир тууганы Чанач бий Кесек бий менен чырдаша кетип, өзүнүн 40 түтүн туушкандары менен азыркы Фрунзе (Кадамжай) районунун аймагына көчүп кетет. Бул 1954-жылдан 150 жыл мурда болгон»[3]. Бул кабар кийин 1964-65-жж., КМУнун студенттеринин санжыралоосу боюнча ырасталган[4]. Я.Р.Винников жоо кесек уруусунун төмөндөгүдөй генеалогиялык схемасын берет: Жоо кесек уруусу жангылчек, жейдемыш, тельмен, кырк-уруу, турчак, думар деген уруктардан туруп, турчак кулекей, маметбек, жанкул, кичик, балчи деген майда урук бөлүкчөлөгө бөлүнөт. Балчи өз кезегинде токтамар, исманкул, чирибай, ишбота, нарбота, данybek деген аталарга бөлүнүп кетет.

Кадамжай районуна караштуу Орозбеков айылынын тургуну Кичибаев Низамидин ажы жоо кесек уругунун «жоо кесек» аталып калгандыгын алардын калмактар менен болгон согушуна байланыштырат. Калмактарды жеңгендиги үчүн бул кесектер «жоо кесек» деп аталышат.

Жоо кесектердин курамы кадимки эле кесек уруусунун курамындай. Мисалы бөксө, калдар, кулукей ж.б. уруктар. Изилдөөлөрдүн натыйжасында азыркы убакта жоо кесек уругуна дөмөр, телмин, төрчек, бийтек, калдар, бөксө деген ири урук бөлүкчөлөрү кирери маалым болду. Аталган урук бөлүкчөлөр өз кезегинде майда уруктарга бөлүнөт.

---

[1] Кыргызы. Этногенетические и этнокультурные процессы в древности и средневековье в Центральной Азии.-Б.,1996.-С.23

[2] *Закиров С.* Кыргыз санжырасы.-Б.,1996.-239-б.

[3] *Винников Я.Р.* Көрсөтүлгөн эмгек.-166-б.

[4] *Аттокуров С.* Кыргыз санжырасы.-Б.,1995.-191-б.

М.Тынышпаев казактардын кара-кесек уруусу менен кыргыздардын кара-кесек уруусун байыркы чумугундар менен байланыштырып карайт да, 742–744-жылдарда уйгур жана карлуктардан жеңилгенден кийин батышка карай сүрүлгөн деп божомолдойт[1].

Н.А.Аристов кыргыздын кесек уруусун аргын уруусунан келип чыккандыгы тууралуу өз пикирин айткан. «Ичкиликтер кара-кыргыздардан башка кыпчак, найман жана аргын (кесек уруусу) урууларынан келип чыккандыгы тууралуу»[2] далилдерин көргөзөт.

Памирлик кесектердин курамында «аргын», «кара кесек» деген уруулардын кездешүүсү жана казактардын Орто Жүзүндөгү аргын уруусу жана анын курамында «кара кесек» уруусунун болуусу бул кокустук эмес. Хакастардын курамындагы «аргын» сөөгү[3] кесектер менен аргындардын енисей кыргыздары менен түз байланышын аныктары шексиз. Монгол династиясынын чыгыш тарыхын чагылдырган кытай булагы «Юань-шинин» негизинде Н.А.Аристов аргындарды XI–XII кылымдарда наймандардын батышында, кыпчактардын чыгыш жагында же Иртыштан батышыраак жакты мекендешкен[4] деп белгилесе, профессор О.Каратаев аргындарды кыргыздардын курамына VII–XII кылымдан кеч эмес кирген деп жыйынтыктайт[5].

Алтын Ордонун ичинде коңурат бирдиги болгон, ал бирдикке түрк уруулары менен катар кара-кесек уругу да кирген. Алтын Ордо талкалангандан кийин коңураттардын бир бөлүгү шейбаниддер менен Орто Азияга кетишет, бир бөлүгү казактар менен калышат[6]. Чындыгында эле казактын Орто Жүзүнүн ку-

---

[1] *Тынышпаев М.* Көрсөтүлгөн эмгек.-24-б.

[2] *Аристов Н.А.* Заметки об этническом составе...-С.396; он же. Труды по истории и этническому составу тюркских племен...-С.216

[3] *Бутанаев В.Я.* Этническая история хакасов XVII-XIX вв.-М.,1990.-С.81

[4] Кара: *Аристов Н. А.* Труды по истории и этническому составу тюркских племен.-Б.,2003

[5] *Каратаев О.К.* Кыргыз этнонимдер сөздүгү.-Б.,2003.-24-б.

[6] *Востров В.В., Муканов М.С.* Көрсөтүлгөн эмгек.-77-б.

рамындагы аргын уруусунун ичинде кара-кесек[1], Кичи Жүзүнүн алимулусунун курамында кара-кесек уруктары бар[2]. Ушул эле алимулуна кирген төрт-кара деген уруктун курамында да кара-кесек бөлүкчөсү бар, бул урукту Н.А.Аристов аргындардын курамынан, кийин алчындарга барып кошулган дейт[3].

Г.Н.Потанин кара-кесек жөнүндө төмөндөгүдөй маалыматты берет: «Аргындын баласы Мийрям-софы дегендин төрт уулунун бири Кара-кесек. Кара-кесектин мындай аталышынын себеби денеси кара болгонуна байланыштуу. Анын чын аты Болот-кожо[4].

А.Д.Гребенкин заравшандык каракалпак жана түркмөн урууларынын курамынан кара-кесек уругун каттаган[5].

Кыргыздын элдик санжырасы боюнча Кара Кесек баатыр туугандары менен чырдашып, Ферганадан Таласка көчүп кеткен[6]. Чындыгында эле азыркы убакта Таластагы кыргыздын кытай уруусунун жогору тамгасынын кыйра уругунун курамында кара кесек[7], ал эми ушул эле уруунун жогору тамгасынын төрдөш уругунун курамында кесектер деген урук бөлүкчөлөрүнүн болушу буга далил боло алат[8].

Кыргыз тарыхчысы С.Аттокуров 1995-жылы жарык көргөн «Кыргыз санжырасы» аттуу китебинде кыргыз санжыраларынын негизинде Түндүк жана Түштүк Кыргызстанда жашаган кыргыз урууларынын генеалогиялык схемасын С.М.Абрамзон, Я.Р.Винниковдун жана өзүнүн изилдөөлөрүнө таянып, аларды бириктирип, тарыхый көз караш менен карап, бир системага салууга аракеттенген. С.Аттокуров түзгөн ичкилик урууларынын генеалогиялык схемаларында илимий жана грамматикалык каталары көп.

---

[1] *Аристов Н.А.* Көрсөтүлгөн эмгек.-182-б.

[2] Ушул эле жерде.-199-б.

[3] Ушул эле жерде.-202-б.

[4] *Потанин Г.Н.* Очерки Северо-Западной Монголии.-Вып.IV.-СПб.,1883.-С.15-16

[5] *Гребенкин А.Д.* Көрсөтүлгөн эмгек.-99,106-б.

[6] *Аттокуров С.* Көрсөтүлгөн эмгек.-192-б.

[7] *Усупбаев А.* Кыргыздын сол канатынын, кытай уруусунун нукура тарыхы.-Б.,2011.-6-б.

[8] АТМ

Ал «Кесек уруусу» деген бөлүмүндө байкесек жана сибирги топторун өзүнчө урук катары берет. Ошондой эле можой, чучук, кулчагар, байтоо, түрктоо, кожотоо, мадатоо, бөкшей, жамантуш, индустан, коконды, байтабы, кавалы, тарба, таматар, ичкили, жомансары деген кесек уруктарынын аталыштарын ката берет[1]. Бай кесек жана сибирги бул өзүнчө уруу эмес, ал уруу бирикмелеринин жалпы аталыштары. Ал эми ката аталган уруктардын туура аталышы: мөөжөй, чүчүк, күл чачар, бай тобу, түрк тобу, кожо тобу, мада тобу, башыке, жалаңтөш, ындыстан, кокондук, кавели, торбо, таң атар, эчкили, жамансары.

С.Аттокуров кесек уруусунун курамына ала-тоо, караусун деген уруктарды кошот, тилекке каршы, кесек уруусунун курамында экспедиция убагында мындай уруктар жок болуп чыкты. «Ала-Тоо» бул кесек уруусунун жалпы урааны[2]. Ошондой эле жоо кесек уругун өзүнчө уруу катары карап, анын уруктук схемасын берет. Бул схемада Чанач бийден дубнар, телмен, женделише, жангылчек, туурчак деген уруктарды таратат[3]. Бул жаңылыштык, Чанач бийден жогоруда аталган уруктар тарабайт. Чанач бий Лейлекте жашаган бөксө уругунун бир бөлүгүн азыркы Кадамжай районуна ээрчитип кеткен болот. Бөксө кесек уруусунун сибирги тобуна кирген урук. Ал эми жоо кесек уругуна кирген дөмөр, телмен, жийдемиш, жаңычек, төрчек уруктары бул жерге Каратегинден келишкен.

Жоо кесек уругунун баяндамачыларынын маалыматтарынын жана биздин изилдөөлөрдүн негизинде жоо кесек өзүнчө уруу эмес, ал кесек уруусунун курамындагы урук болуп чыкты.

Кара кесек уругунун өкүлдөрү Ноокат районунун Кара-Таш, Араван районунун Кесек айылдарында жашаары жана Талас облусундагы кытай уруусунун курамында (кесек кара) экендиги аныкталды.

---

[1] *Аттокуров С.* Көрсөтүлгөн эмгек.-193-б.
[2] Ушул эле жерде.
[3] Ушул эле жерде, -194-б.

Изилдөөчүлөр Памирде жашаган кесек уруусунун курамына жоо кесек, кара кесек, бай кесек, аргын, айдаке, айтек, бостон, дүңкө, ийрекчи, кыдырша, жутаңкы, болжочу (олжочу – Н.Т.), кызыл аяк, кара саадак, мөшкө, шамирек, ыңырчак, дөөлөс (төөлөс – Н.Т.), таз, чоок, кызыке (казыке – Н.Т.) уруктарын киргизишет[1]. Ал эми А.Абышкаев кесек уруусун оң канатка киргизип, кыдырша жана бостон деген эки топко ажыратат. Кыдыршага: чоок, муштук (мөшкө – Н.Т.), таз, боби (баба – Н.Т.), казке, шамрак, гунай, атаба, борбаш, бостонго: дүңкө, чегетер, уйгур, коңурбай, кошой, чоң кыргыз, балкы урук бөлүкчөлөрүн кийирет[2]. Бирок бул схемада чыныгы кесек уруктары көрсөтүлбөгөн.

Эгерде биз памирлик жана каратегиндик кесек уруусунун уруктарын салыштырып, талдап көрсөк, анда кесек уруусуна жоо кесек, кара кесек (аргын), бай кесек (кызыл аяк, кара саадак) уруктары кирери маалым. Ал эми бостон жана дөөлөс же төөлөс бул ичкилик тобуна кирген өзүнчө уруулар. Кыдырша ават уруусунун ири уруктарынын бири болуп, схемадагы айдаке, дүңкө, жутаңкы, олжочу, мөшкө, шамирек, ыңырчак, чоок, казыке урук бөлүкчөлөрүнөн турат.

Демек, схемадагы жоо кесек, кара кесек, бай кесек, аргын, кызыл аяк, кара саадак чыныгы кесек уруктары болуп, калган уруктар бостон уруусунун жана кыдырша уругунун урук бөлүкчөлөрү болуп саналышат. Бул схемадагы кетирилген катачылыктарды башка тарыхчылар өз эмгектеринде автоматтык түрдө кайталашкан.

Изилдөөлөрдүн негизинде кыргыздын «ичкилик тобуна» кирген кесек уруусу негизинен «бай кесек», «сибирги», «жоо кесек», «кара кесек» деген чоң төрт топко бөлүнөрү белгилүү болду.

---

[1] *Маанаев Э.* Кыргызстандан тышкары жашаган кыргыздардын тарыхынан.- Фрунзе,1969.-24-25-б.

[2] *Абышкаев А.* Көрсөтүлгөн эмгек.-15-16-б., схема

Бай кесекке бөлөк сары, калдар, карамолдо, кызыл аяк, мала, мөөжөй, сарүсөн, чуулдак уруктары кирет. Ошондой эле бөлөксары: алчаке, атага, башыке, жаманкул, кызылбаш, хожо (кожо), чоот (чобот), эселбай; калдар: бешим, гала, көкмө, үчүм, соломо; кара молдо: беш бала, боз калак, күлчачар; кызыл аяк: кавели, калай баш, митан, таңатар, торбо, чуукай; мала: токон, үмөт, ыманкул; мөөжөй: абыл (аул), ажыбек, убрайым; абыл: акмат (касай), нармат, нурмат, бактыгелди; ажыбек: гүлөтөк, кокондук, төөлөр; убрайым: галча, сартча, котур, дыхан (дыйкан), торбо, мачайы; сарүсөн: байназар, гожош (кожош), жарашкул, карга, мамай, ноорuз, тойчу; чуулдак: айт (аюу), байыт, досмат, сарыкул (чалыштар) деген урук бөлүкчөлөрүнүн турат.

Сибиргиге алтынчы, бөксө, тагайберди, чүчүк, эшкара уруктары кирип, алтынчы: аншай, баба, беглер (бектер), куттук сейит, мырза, олаке, сокур; бөксө: бөксө-калдар, маматолбай, көчөк, он эки; тагайберди: ырысмат, тотобай, байтобу (кожомжар), тилеш; чүчүк: кара саадак, мамат, чаңай; эшкара: айткулу, гожош, жалаңдөш, кенже, ындыстан аттуу урук бөлүкчөлөрүнөн турат.

Жоо кесек – жаңычек, калдар, телмиң, дөмөр, төрчек, шаа улут урук бөлүкчөлөрүнөн турат. Калдар: жейдемыш, кырк уруу, шүкүр, молдо, булут; телмиң: буйлалы, көсөө, торбо; төрчек: кулукей,  жоогашты, кичик; дөмөр: ажы, акбай, атай, орозмат, кара чүйүш, кубат, сазан, чем, шабек деген майда уруктардан турат.

Кара кесек – беш капа, чоң кыргыз деген уруктарга бөлүнөт. Беш капа: акистер, бийлер, калдар, суктар-калдар, орозмат сопу, чоң кыргыз: көк телпек, сары, тору, чөжөлөр, кепшеек, балкы, пакал, көр дөбөт деген майда урук бөлүкчөлөрүнөн турат. Аталган кара кесек уруктары Ош облусунун Ноокат районун Кара-Таш айылында,  Жалал-Абат облусунун Сузак районун Арал, ошондой эле Жерге-Тал районунун (Тажикстан) Чоң-Кыргыз айылдарында турушат.

Кесек уруусунун курамында байыркы хунн, усун, юечжи, түрк урууларынын элементтери болгон алтынчы, аргын, бөлөк-

сары, кара саадак, сарыүсөн,  сибирги, чуулдак, чуукай, чүчүк ж.б. уруктарынын этнонимдеринин сакталып калышы, ошондой эле  анын алтай, башкыр, казак, ногой, тува,  хакас ж.б. түрк элдеринин уруулары менен болгон параллелдери, алар менен болгон этностук жана этногенездик байланышы кесек уруусунун кыргыздын эң байыркы урууларынын бири экендигин тастыктап турат.

*Схема № 8.* Кесек уруусунун уруктарга бөлүнүшү



## КЫДЫРША

Кыргыздын *кыдырша* (гыдырша) уругу башка кыргыз уруктарынан өзгөчөлөнүп, кыргыз санжыраларында өзүнчө уруу катары, ошондой эле ават, каңды, кесек, кыпчак, тейит урууларынын курамына кирген урук катары да айтылат.

*Кыдырша* уругунун аталышы элдик этимологияда төмөндөгүдөй эки багытта түшүндүрүлөт. Биринчиси «*кыдырша*» этноними – «кыдыр» жана «шаа» деген эки сөздөн куралып, анын биринчиси адам атын, экинчиси «падыша» (титул) деген маанини билдирет. Демек, «Кыдыр падыша» деген мааниде туюнтулат. Экинчи вариантта Кыдырша деген аттагы адам, кыдырып жүрүп шаалык (бийлик) жүргүзүп, ошондон улам анын урпактары «*кыдырша*» уругу деген атка ээ болгон[1].

*Кыдырша* «Манас» эпосунда белгилүү уруулардын бири. Алманбет менен Чубактын жол талашкан чатагында Чубак кыдыршалар жөнүндө төмөндөгүдөй оюн билдирет:

А да кыргыз уругу,
Атын уксаң кыдырша
Анжияндын улугу[2].

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Кол жазма фондусунда сакталган документалдык маалыматтарда жана манасчы Б.Сазановдун айтуусунда *кыдырша* уруусу байыркы кырк уруу кыргыздын бир уруусу катары берилет[3].

---

[1] Автордун талаа материалдары.-Тетрадь №3 (мындан ары - АТМ.-Т.). Талаа материалдары автордо сакталууда

[2] «Манас» энциклопедиясы.-Т.I.-Б.,1995.-366-б

[3] *Аттокуров С.* Көрсөтүлгөн эмгек.-54-б

Ал эми тарыхый даректүү жазма булактарда *кыдырша* уруусу алгач XVI кылымдагы Сайф ад-Дин Аксыкентинин «Тарыхтардын жыйнагы» аттуу эмгегинде Салусбек Булгачынын тукумдары болгон алты уруунун бири катары жазылып, *хыдыршах* (кыдырша – Н.Т.) деген ат менен туюнтулат[1].

1763–1770-жылдарда жазылган кытай булагы **西域志** «Сиюй Чжиде» («Батыш жерлердин сүрөттөлүшү») кыргыздар экиге бөлүнөт: кэ-эр-гэ-ци-сы (түндүк) жана то-го-со-хо-лэ (түштүк). Аталган булакта ичкилик уруусуна кирген *кыдырша* уругу жана анын жайгашкан жери эскерилет[2].

Ч.Ч.Валиханов «Кыргыздар жөнүндө кат» деген эмгегинде ичкилик урууларынын катарына кыдырша уругунун киргендигин белгилейт[3].

Чыгыш таануучу, саякатчы, генерал-майор А.Ф.Костенко өзүнүн «Алай жана Памирге болгон аскердик илимий экспедиция» аттуу эмгегинде ичкиликтерди 20 урууга бөлүп, алардын баштоочуларынын бири кыдырша уруусу деп жазат[4]. Ушуга окшогон маалыматты И.П.Минаев өзүнүн «Аму-Дарыянын жогорку агымындагы өлкөлөр жөнүндө маалыматтар» аттуу эмгегинде чагылдырат[5].

Полковник Н.Ф.Ситняковский кесек уруусу 14 уруктан тургандыгын белгилеп, анын курамына кыдырша уругун киргизет[6].

Е.Г.Грумм-Гржимайло ичкилик урууларынын бири катары кыдырша уруусун көрсөтүп[7], «Чечектиде (Мургаб району – Н.Т.) кыдырша уругу жашайт» деген маалыматты кабарлайт[8].

---

[1] *Сайф ад-дин ибн Шах Аббас Аксикенти.* Көрсөтүлгөн эмгек.-65-б

[2] МИКК.-Т.II.-Б.,2003.-201,206,209-б

[3] *Валиханов Ч.Ч.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.40,44-45

[4] *Костенко Л.Ф.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.372

[5] *Минаев И.* Сведения о странах по верховьям Аму-Дарьи.-СПб.,1879.-С.151-152

[6] *Ситняковский Н.Ф.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Т.II.-Вып.I.-С.92-100;-Т.II.-Вып.II.-С.57-58

[7] *Грумм-Гржимайло Г.Е.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.539

[8] *Жумабаев Б.* Южный Кыргызстан глазами российских путешественников.-Б.,1999.-С.44

Орус ботаниги В.Ф.Ошанин Каратегин өрөөнүндө «кара кыргыздардын кара тейит, тупчак (кыпчак – Н.Т.) жана *кыдырша* уруулары турушат» деп өзүнүн эмгегинде белгилейт[1].

Полковник В.Н.Зайцев «Памир өлкөсү – Түркстандын борбору» аттуу эмгегинде Памир болуштугунун Мургаб аминдигинде – текрең, Аличур аминдигинде – айдаке, олжоке, итурчак (ыңырчак – Н.Т.) аттуу кыргыз уруктарын белгилейт[2]. Аталган уруктар кыдырша уруусунун урук бөлүкчөлөрү болуп саналат.

Чыгыш таануучу, генерал-майор А.Г.Серебренников «Памирлик кыргыздар негизинен төмөндөгүдөй төрт урууга тиешелүү: теит, хадырша (кыдырша – Н.Т.), найман жана кыпчак. Алардын биринчи экөөсү Памирдин батыш жана түштүк-батышында, калгандары түндүк-чыгышында көчүп-конуп жүрүшөт» деп жазат[3].

XIX кылымдын 90-жылдарында Памирге келген англис саякатчысы Л.Дунмор «ал жерде жашаган кыргыздарды төрт бөлүккө бөлөт – найман, кыпчак, тейит жана кесек. Кесектер үч урууга бөлүнөт: бостон, кидиршах (кыдырша – Н.Т.), кхандех (канды)»[4].

Америкалык антрополог М.Н.Шахрани өз эмгегинде афган-памирлик кыргыздарды тейит, кесек, кыпчак жана найман деген негизги төрт урууга бөлөт. Ошону менен катар аталган уруулардын уруктук курамын схема түрүндө көрсөтөт. Бул схемада бостон жана кыдырша уруктары кесек уруусунун курамында көрсөтүлгөн[5].

Афганистандын аймагындагы Памир тоосунун бассейнинде жашаган кыргыздардын тарыхын жана фольклорун изилдеген француз окумуштуусу Реми Дор кыргыздарды – тейит, кесек, найман жана кыпчак деп төрт урууга бөлөт. *Кыдырша* уругун кесек уруусунун курамына кошот. *Кыдыршанын* мөшкө урук

---

[1] *Ошанин В.Ф.* Каратегин и Дарваз//ИРГО.-Т.XVII.-Вып.1.-СПб.,1881.-С.23
[2] *Зайцев В.Н.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.76
[3] *Серебренников А.Г.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.141-142
[4] *Lord Dunmore.* Көрсөтүлгөн эмгек.-P.113-122
[5] *Shahrani M.* Nazif Mohib. Көрсөтүлгөн эмгек.-P.152

бөлүкчөсүн ушул эле уруунун жана текрең урук бөлүкчөсүн тейит уруусунун курамында көрсөтөт[1].

Орус генералы Л.Г.Корнилов Кытайдагы (Чыгыш Түркстан) кыргыздарды Жети-Суудагы жана Ферганалык кыргыздардай эле эки чоң топко бөлөт: отуз уул жана ичкилик. Ошондой эле кыргыздын ичкилик урууларынын санын жана географиялык жайгашуусун, Яркенд округунун Тагарма жана Пас-Рабат бектиктеринде кесектин курамында кыдырша уругунун мешке (мөшкө – Н.Т.) урук бөлүкчөсүнүн өкулдөрү жашарын көрсөтөт[2].

Төөлөс уруусунан чыккан молло Шарап Карваний ичкилик урууларын оң жана сол деп экиге бөлүп, солго кыдырша уруусун киргизет[3].

Кыргыздын алгачкы тарыхчысы А.Сыдыков Ош округуна караштуу Куршаб болуштугунун канды уруусунун курамында, Найман болуштугунун тейит уруусунун курамында, Жалал-Абад округуна караштуу Аим болуштугунун кыпчак уруусунун курамында кыдырша уругу бар экендигин белгилейт[4].

Я.Р.Винников 1953–1954-жылдары Түштүк Кыргызстанда жүргүзүлгөн кыргыз урууларын изилдөө экспедициясынын натыйжасында тейит уруусунун курамына кыдырша уругун жаңылыш киргизет[5]. Бул жаңылыштыкты кыргыз тарыхчысы С.Аттокуров жана башка тарыхчылар автоматтык түрдө кайталашат[6].

Кыргыз тарыхчысы, профессор Б.Жамгырчинов кесек уруусунун курамына кыдырша уругун киргизет[7].

Өзбек тарыхчысы К.Ш.Шаниязов 1961-жылы Фергана өрөөнүнө болгон илимий этнографиялык экспедициясынын убагында кыргыз-кыпчактардын курамына хидирша (кыдырша

---

[1] *Реми Дор.* Ооган Памириндеги кыргыздар.-Б.,1993.-14-б

[2] *Корнилов Л.Г.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.235-236

[3] *Молло Шарап Карваний.* Көрсөтүлгөн эмгек.-24-25-б

[4] *Сыдыков А.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.293-295

[5] *Винников Я.Р.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.165

[6] *Аттокуров С.* Көрсөтүлгөн эмгек.-199-б

[7] *Джамгерчинов Б.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.23-26

– Н.Т.) уругун  киргизип, анын кошой, сары урук бөлүкчөлөрүн тастыктайт[1].

Тарыхчы А.Абышкаев Каратегин өрөөнүндө жашаган ичкилик урууларын «сол» жана «оң» деп экиге бөлөт, оңго кесек уруусун киргизет. Өз учурунда кесек уруусун *кыдырша* жана бостон деген эки чоң топко бөлөт. *Кыдыршага* – чоок, мушук (мөшкө – Н.Т.), таз, боби (баба), казке, шамирек, гунай, атабай, борбаш уруктарын, бостонго – дүңкө, чегетер, уйгур, коңурбай, кошой, чоң кыргыз, балкы уруктарын киргизет[2].

Т.Умар уулунун «Кыргыз санжырасы» аттуу китепчесинде кыдырша уругу абат уруусунун курамында берилет[3].

С.Жаңыбай уулунун «Кыргыз санжырасы» аттуу китепчесинде «кызыл уулдун балдары, башкача айтканда, ичкиликтер Лоб жана Кызыл-Суу дарыяларынын оң жана сол жээктеринде мекендешкен, ошондон улам оң жана сол деп ажыратуу келип чыккан. Оң тобуна бөлүнгөн ичкиликтердин курамына кыдырша уруусу кирген»[4].

Кыргыз тарыхчысы, профессор А.А.Асанканов Чыгыш Түркстанда жашаган кыргыз уруулары жөнүндө: «Ак-Тоо оодасынын Суу-Башы айылында кыдырша, Кашкар шаарынын айланасындагы Армүдүн айылында мөшкө уругу, Кашкар вилайетинин Таш-Коргон тажик автоном районунун Көк-Жар кыргыз автоном айылында чоок урук бөлүкчөсү, Котон аймагынын Сары-Кыя жана Кең-Кыр айылдарында кыдырша уруктары турушат» деп жазат[5]. Бул жерде мөшкө жана чоок кыдырша уругунун бөлүкчөлөрү.

М.Өмүрбай өзүнүн макаласында Кытайдын СУАРда жашаган тейит уруусунун курамына кирген кыдырша уругунун чоок урук бөлүкчөсүн белгилейт[6].

---

[1] *Шаниязов К.Ш.* Көрсөтүлгөн эмгек. -С.118-120

[2] *Абышкаев А.* Көрсөтүлгөн эмгек. -С.15-16

[3] *Турдубай Умар уулу.* Көрсөтүлгөн эмгек.-24-б

[4] *Сапарбай Жаңыбай уулу.* Көрсөтүлгөн эмгек.-14-15-б

[5] *Асанканов А.А.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.134-136,138-142

[6] *Макелек Өмүрбай.* Кытайлык кыргыздардагы тейит уруусу//Жолдошев С.Н., Токоев С. И. Тейитхандын урпактары.-Б.,2009.-78-б

Сарыкол (Памир) жана Каратегин өрөөндөрүндө жашаган ичкилик кыргыздарында *кыдырша* уругу бирде кесек уруусуна, бирде тейит уруусуна кошулуп айтылат.

С.Саттаров *кыдырша* уругун ават уруусун түзгөн тогуз уруктун бири катары көрсөтөт[1].

*Кыдырша* Ош облусу, Кара-Суу району, Савай айыл округуна караштуу айылдын аталышы[2].

Кыдырша уругунун эн тамгасы. С.М.Абрамзон *кыдырша* уругунун эн тамгасы «босого тамга» – ⊓ деп берет[3].

*Кыдырша* уругунун тамгасы менен башкыр, ногой урууларынын тамгалары; алтайлыктардын курамындагы иркит, мундус, төөдөш, кергил, кыпчак; хакастардын курамындагы ак хыргыс, белтир, каргин, сагай, сарыг, чыстар, шалошин, хасха, харга; тувалыктардын эхемаа сөөктөрүнүн эн тамгалары; казак элинин курамындагы коңурат, кара кесек урууларынын тамгалары; алимулуна кирген төрт кара деген уруктун курамындагы кара кесек бөлүгүнүн тамгасы; лакайлардын «босого тамгасы» окшош[4].

## Кыдырша уругу жашаган жерлер

Санжырачылар жана баяндоочулар *кыдыршаны* абат уруусунун тогуз уругунун бири деп эсептешет. Лейлек районунун Катыраң айылында XIV–XV кылымдарда Абат хандыгы түптөлөт. Бул хандыктын бийлигинин башына *кыдырша* уруусунан чыккан бийлер тургандыгы жөнүндө уламыштар азыркы мезгилге чейин эл алдында айтылат. Болжол менен XVIII кы-

---

[1] *Саттаров С.Р.* Көрсөтүлгөн эмгек.-54-б

[2] *Кыргыз жергеси.* Энциклопедия (Жер-Суу аттары).-Фрунзе,1990.-175-б;Бараталиев Ө., Дүйшөнакунов М., Мамбетжунушов Т. Кыргызстандагы жер-суу аталыштарынын сөздүгү.-Б.,2004.-161-б

[3] *Абрамзон С.М.* Этнический состав киргизского населения...-С.104

[4] *Кузеев Р.Г.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.189,192,291-292,297,313-314,373; Керейтов Р.Х. Көрсөтүлгөн эмгек.-С.102,105,118-127; Баскаков Н.А. Ногайский язык и его диалекты.-М.-Л.,1940.-С.133-134,139; Каратаев О.К. Кыргыздардын этномаданий байланыштарынын тарыхынан.-Б.,2003.-31,174,185,194-195, 199,203-207-б; Востров В.В., Муканов М.С. Родоплеменной состав и расселение казахов...-С.77; Аристов Н.А. Труды по истории и этническому составу тюркских племен...-С.202

лымдын аягы – XIX кылымдын башында ич ара согуштук аракеттердин негизинде 1 000 түтүн кыдырша урuусу Лейлектен чыгышты көздөй сүрүлгөн. Аларды Лейлек баатыр жетектеген. Мына ушуга окшогон процесстердин негизинде кыдырша уруусу чачыранды болуп жайгашкан.

Азыркы убакта кыдырша уругунун өкүлдөрү Кыргызстандын Баткен облусунун Баткен районунун Самаркандек айылында (50 түтүн дөөлөт тобу)[1], Кадамжай районунун Майдан айылдык өкмөтүнө караштуу Авыстам (20 түтүн), Кереге-Таш (20 түтүн) жана Марказ айылдык өкмөтүнө караштуу Бак, Марказ (20 түтүн) айылдарында (текрең, шамирек урук бөлүкчөлөрү) жашашат.

Жалал-Абад облусунун Сузак районунун Кара-Дарыя айылдык өкмөтүнө караштуу Ак-Мечит айылында кыдыршанын текрең, солтонкелди, шамирек, хан чоок, жору тобунун өкүлдөрү (800 түтүн) турушат.

Ош облусунун Чоң-Алай районун Кашка-Суу айылдык өкмөтүнө караштуу Ачы-Суу, Кашка-Суу; Чоң-Алай айылдык өкмөтүнө караштуу Дароот-Коргон, Жар-Башы; Жекенди айылдык өкмөтүнө караштуу Кара-Мык, Кара-Тейит, Шибе айылдарында кыдырша уругунун шамирек (дүңкө, эшим, акбий) бөлүкчөлөрүнүн өкүлдөрү турушат[2]. Кара-Суу районунун Савай айылдык өкмөтүнө караштуу Кыдырша (50 түтүн), Ноокат районунун Көк-Жар айылдык өкмөтүнө караштуу Борбаш (12 түтүн); Өзгөн районунун Куршаб айылында 20 түтүн; Араван районун айылдарында *кыдырша* уругунун өкүлдөрү жашашат.

Нарын облусунун Ак-Талаа районун Дөрбөлжүн, Ничке-Суу айылдарында *кыдыршанын* көсөө урук бөлүкчөсүнүн өкүлдөрү турушат[3].

[1] Лейлектеги кыдыршалар чыгышка карай сүрүлгөндө күйөөсү өлгөн келинди колундагы баласы менен Баткен районунун Самаркандек айылындагы жой уруусундагы атасына таштап кетишет. Баланын аты Дөөлөт болот. Андан бери 8-9 ата өттү. Бул кыдыршалардан Акмат ырчы, Айтимбет ырчы деген атактуу ырчылар чыккан

[2] АТМ.-Т.№3

[3] *Абрамзон С.М.* Этнический состав киргизского населения Северной Киргизии//ТКАЭЭ.-T.IV.-M.,1960.-С.87; ушул автор. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер.-Б.,1999.-718-б

Тажикстандын Тоолуу Бадахшан автоном областынын Мургаб районуна караштуу Аличор айылында кыдырша уругунун айдаке (айтек), жутаңкы, мөшкө, олжочу, ыңырчак, түпкүч; Баш-Гүмбөз айылында ыңырчак; Кара-Көл айылында чоок, шамирек; Көөнө-Коргондо – айдаке; Кызыл-Рабатта – жутаңкы; Медиян айылында айдаке, олжочу; Мургаб айылында айдаке, дүңкө, жутаңкы, мөшкө, олжочу, түпкүч, шамирек, ыңырчак; Раң-Көлдө айдаке, жутаңкы, олжочу, ыңырчак; Токтомуш жана Шаймак айылдарында шамирек, түпкүч топтору турушат[1].

Тажикстандын Жерге-Тал районуна караштуу Жайылган айылында (350 түтүн), Ак-Сай (Төмөнкү, Жогорку), Ачык-Алма, Гулама, Деп-Шаар, Домбрачы, Дубана, Жаңы-Кайың (30 түтүн), Жыланды, Кара-Сай, Кашат, Кичи-Кара-Мык, Кош-Тегирмен, Кылжуу-Жай, Миң-Булак, Мукур, Саргой, Сары-Талаа (112 түтүн), Чобой (10 түтүн) айылдарында кыдыршанын чоок, Мөк айылында хан чоок тобу (136 түтүн) жашашат[2].

Өзбекстандын Фергана облусунун Фергана районунун Каражантак (220 түтүн), Жабагы (170 түтүн) айылдарында кыдыршанын кошой (көлмө жана калдар тобу) жана текрең (кыяр тобу) бөлүкчөлөрү, Анжиян облусунун Айым районунун Ленинабад (120 түтүн), Дарак (115 түтүн) жана Мукур (110 түтүн) кыштактарында кыдырша уругунун өкүлдөрү жашашат.

Афганистандын Кичи Памиринде кесек уруусунун курамында кыдырша уругунун айдаке жана ыңырчак урук бөлүкчөлөрү турушат[3].

Каратегин, Сарыкол (Памир) жана Кыргызстандын Түштүгүнө болгон илимий экспедициянын натыйжасында кыргыздын кыдырша уругу ийрекчи, кошой, мөшкө, солтонкелди, текрең, түпкүч, чоок, шамирек деген топторго бөлүнөрү анык болду. Өз кезегинде бул топтор майда уруктарга бөлүнөт. Мисалы: шамирек – айдаке, дүңкө, жутаңкы, олжочу, ыңырчак; дүңкө – саманчы, козубай, куу тон, тагай деген майда топторго бөлүнөт.

---

[1] АТМ.-№3
[2] АТМ.-№3
[3] *Shahrani M.* Nazif Mohib. Көрсөтүлгөн эмгек.-P.152

Схема 9. Кыдырша уруусунун генеалогиялык схемасы



## КЫПЧАК

> *«Кыпчак» этнониминин астында ар түрдүү тарыхый кырдаалдарда жана ар башка географиялык аймактарда бири-биринен этникалык айырмаланган урук-уруулардын топтору болушкан...»*
>
> Т.А.Жданко

Көпчүлүк түркологдор б.з.ч. 201 ж. эскерилген «кюеше» же «цзюеше» терминдерин кыпчак этнониминин аталышы катары кабыл алышат. Бирок, С.Г.Кляшторный С.Е.Яхонтовдун консультациясынан кийин бул терминдердин «кыпчак» деп окулбай тургандыгын аныктаган[1].

Кыпчак этноними жөнүндөгү так маалыматтар «Селенга ташында» (759 г.) 𐱅𐰇𐰼𐰜𐰶𐰉𐰲𐰴 – «түрк-кыпчак» формасында кездешет. Чыгыш булактарында кыпчактар алгач Ибн-Хордадбектин (IX к.) түрк элдеринин тизмесинде аталып, кийинки булактарда алар жөнүндөгү маалыматтар кеңири жолуга баштайт. Көпчүлүк булактарда кимак жана кыпчактар тууган уруулар катары эсептелип, X кылымдын аягына чейин Иртыштын ортоңку агымында жана ага коңшулаш чектерде жайгашышкан[2]. «Худуд ал-алам» (X к.) боюнча кыпчактар кимактардан бөлүнүп чыгат. Алар кимактардын батышындагы жерлерди ээлешет[3].

---

[1] *Кляшторный С.Г., Султанов Т.И.* Государство и народы евразийских степей.-СПб.,2000.-С.110

[2] *Кузеев Р.Г.* Происхождение башкирского народа.-М.,1974.-С.170

[3] *Кумеков Б.Е.* Государство кимаков IX-XI вв. по арабским источникам.-Алма-Ата,1972.-С.42-44

XI кылымдан баштап кыпчактар батыш жана түштүк багыттарга карай көчө башташат. Ушул убактан баштап кыпчактар союзу бир нече чоң бирикмелерге бөлүнө баштайт. Алардын ичинен эң чоңу, IX-X кылымдарда Ишим, Тобол дарыяларынын бассейндерин жана Жайык дарыясынын жогорку агымына чейин жердеген, батышка жылып отуруп, бул кыпчактар XI кылымда Урал жана Волга дарыяларынын ортомундагы аймакты ээлешкен – батыш тобундагы кыпчактар. Башка группасы – Сырдарыя бойлорундагы кыпчактар. Алардын негизги жашаган жерлери – борбору Сыгнак шаары болгон Каратау аймагы[1].

Ошентип, «кыпчак» термини менен бир нече этносаясий бирикмелер аталды[2].

Батыш тобундагы кыпчактар отурукташкан жерлеринен батышты көздөй жылып отуруп, Чыгыш Европа (Дунай дарыясына чейин) менен Түндүк Кавказга келип туруп калышат. Алар XII кылымдын башы – XIII кылымда экиге бөлүнүштү: батыш же днепрдик жана чыгыш – дондук[3] деп. Бул уруу бирикмелери кыпчактардын бийлиги астында болушкан. Орус булактарында алар – «половцы» деген ат менен белгилүү болушкан.

Батыш кыпчактарынын курамына: токсоба, иетиоба, бурджогли, ельборили, кангароглы, анджогли, дурут, кулабаогли, джартан, карабиркли жана котан деген 11 уруу кирген[4].

Ал эми чыгыш кыпчактарына (XI-XII кк.): кимактардын – имак, манкуроглу; огуздардын – уз, таг; печенег-башкырлардын – башкурт, баджанак, баджа; асстардын, кумандардын – куманлу, джортан; жана кыпчактардын – борили/ель-борили, токсоба, бурджоглу, иетоба, дуртоба уруулары кирет[5].

---

[1] *Шаниязов К.Ш.* К этнической истории узбекского народа.-Ташкент,1974.-С.52

[2] *Шаниязов К.Ш.* Кыпчаки в узбекской этнической среде в дооктябрьский период//Этнические процессы у национальных групп Средней Азии и Казахстана.-М.,1980.-С.137

[3] *Плетнева С.А.* Кочевники средневековья.-М.,1982.-С.61

[4] *Кумеков Б.Е.* Об этнонимии кыпчакской конфедерации Западного Дешт-и Кыпчака XII – начала XII века//Изв.НАН РК.-1993.N.1.-С.58-70

[5] *Кумеков Б.Е.* Об этническом составе кыпчаков XI – начала XIII вв. По арабским источникам//Проблемы этногенеза и этнической истории народов Средней Азии и Казахстана.-Вып.II.-Серия. История и археология.-М.,1990.-С.122-126

Демек, батыш кыпчактары (Чыгыш Европа) «половцы» деген ат менен, ал эми Чыгыш Дашт-и Кыпчактагылар «кыпчак» деген ат менен аталышкан.

Изилдөөчүлөр монголдор келгенге чейин кыпчак урууларынын 5 группасын белгилешет: ортоазиялык (казакстандык), волга боюндагы (Итил жана Жайык дарыясындагы, кийин саксин деген ат менен белгилүү болгон), түштүк орус (дондук жана днепрдик) жана дунайлык[1].

Кыпчактар башкир, казак, каракалпак, кыргыз, өзбек, татар, Кавказдагы, Түштүк Сибирдеги жана Алтайдагы түрк тилдүү элдердин этногенезинде чоң ролду ойношкон. Алар жөнүндө байыркы түрк, кытай, араб, перс, орус, рүм (византий), грузин ж.б. булактарда маалыматтар кеңири кездешет. Ошондой эле кыпчактар Армения, Венгрия, Византия, Грузия, Египет, Орусия, Румыния, Сирия элдеринин тарыхына өзгөчө таасир тийгизишкен.

Кыпчак этноними кытай жыл баяны «Бейшиде» хэбиси деген формада кездешет, теле урууларынын курамында экендиги айтылат. Аны кытай түркологу Цэн Чжунмян хуннулардын урпактары деп санайт[2]. Демек, VIII кылымда кыпчак уруусу теле тобунун гана ичинде болбостон, ал кытай булактарына кыпчак этнониминин кытайлашкан варианты – хебеси деген ат менен кирет», – деп жазат казак-совет окумуштуусу С.М.Ахинжанов[3].

Араб-перс-түрк тилдүү булактарда – Ибн-Хордадбек (IX к.), «Худуд-ал алем» (X к.), Бейхаки (XI к.), Гардизи (XI к.), Махмуд Кашкари (XI к.), Ахмед-ат Туси (XII к.), Ибн-ал-Асира (XIII к.) жана Рашид ад-Динде (XIV к.), кыпчак этноними: قفچاق қипчāқ, خفچاق қифчāқ, خفشاق хифчāқ, خفچاق хифшāқ[4], кыфчак формаларында кездешет[5].

---

[1] *Кумеков Б.Е.* Указ.соч. -С.43.

[2] *Цэнь Чжуньмянь.* Туцзюе цзиши (Сводная история тюрков).-Т.I.Пекин, 1958.-С.678

[3] *Ахинжанов С.М.* Кыпчаки в истории средневекового Казахстана.-Алматы,1999.-С.65

[4] *Бартольд В.В.* Кипчаки//Сочинения.-Т.V.-М.,1968.-С.550-551

[5] Кара: *Щербак А.М.* Огуз-наме. Мухабад-наме.-М.,1959; Фазлаллах Рашид ад-Дин. Огуз-наме.-Баку,1987




*Карта 4.* Кыпчак өлкөсү

Чыңгызхандын батышка болгон жоортуулунда аны коштоп жүргөн Елюй Чу-цай кыпчактарды «кофуча» деп жазат. Монгол империясынын убагындагы (XIII к.) кытай булактарында кыпчак этноними Юань-чао-пи-шиде «кибча», Юань-шиде жана Кан-муда 欽 察 kin-ch'a («кинча») же K'in-tch'a[1], орус транскрипциясында – циньча (кымчак) деп берилет.

Француз королу Людовик IX монголдорго жиберген элчиси Вильгельм Рубрук кыпчак этнонимин капчат (kaptschat) формасында жазган[2].

XVII кылымдагы орус булагы – «Ярослав Спас чиркөөсүнүн тарыхый актыларына» кыпчактар капчаги деген ат менен түшкөн[3].

Кыпчак атынын келип чыгышы Огуз хандын ит-барак уруусу менен болгон согушка байланыштуу. Уламыш боюнча «бул согушта күйөөсү өлгөн боюнда бар аял толготуп калат. Ал аял ичи бош, көңдөй дарактын ичине кирип, баласын төрөйт... Огузкан баланы алып, атын Кыпчак деп коёт. Бул сөз «кобук» түркчө – «көңдөй, коңулдуу даракты» түшүндүрөт. Бардык кыпчактар ушул баладан тарашат»[4].

Мухаммад Хайдардын «Огуз-намеде» эпосунда башка варианттагы уламышта мындайча айтылат: «Огуз-каган аскерлери менен Итил дарыясына келет. Итил – чоң дарыя. Огуз-каган аны көрүп, мындай дейт: «Итилден кантип өтөбүз?». Аскерлердин арасында Улуг Орду бек деген бирөө бар эле. Ал дарактарды кесип алып, кайык жасап, кайыктарга отурушуп, аркы өйүзгө өтүшөт. Сүйүнгөн Огуз-каган: Бул жерге бек бол, Кыпчак-бек бол» – деп айтат. Ошондон улам андан тарагандар «кыпчак» деп аталып калышат.

---

[1] *Bretschneider E.* Mediaeval Researches from Eastern Asiatic Sources.-Vol.2.-P.68; Pelliot P. Á propos des Comans//JA.-№15.-1920.-P.149

[2] *Иоанн де Плано Карпини.* История Монгалов. Вильгельм де Рубрук. Путешествие в восточные страны...-С. 89

[3] *Попов А.И.* Кыпчаки и Русь//Уч.зап.-ЛГУ.-№112.-Сер.истор. наук.-Вып.14.-Л.,1949.-С.94

[4] Родословное древо тюрков. Сочинение Абуль-Гази, хана Хивинского.-Казань,1906.-С.17

Молдо Ш.Карванийдин санжырасы боюнча кыпчак деген аталыш мындайча пайда болгон: «Полот Үргөнч шаарына аким болгон. Шаамухаммад атасынын алдында турган. Бир кезде Иран падышасы согуш ачып, кыргыздарга кол салганда, Султан Субханкулу кайгыга батып калат. Дал ошол убакта Полот Үргөнч шаарынан бир канча аскер менен келип, согушуп, Иран падышасын багындырып, душманды жеңет. Ошондо атасы Субханкулу: «Эй балам, куп чагында келип, жардам бердиң» – деп анын акысына жакшы дуба кылды. Ошол тууралуу Полоттун балдарына «кыпчак» же «купчак» деген лакап берилди. «Куп убагында келдиң» деген мааниде»[1].

Музапар Үсөн «кыпчак» деген этнонимдик аталыштын элдик этимологиясын «Илгери кыпчактар жоого аттанганда талааны кызыл байрак («байрак» – туу) каптап калчумуш. Ак сыр найзаларына да кызыл кытай шайысын байлап алчумуш. Байрагына кайраштырылган эки бычак тартылып, «кыпчак» деген сөз ошо эки бычактан (эки бычак, кыпчак) келип чыккандыгын, анан дагы канатташ урууларга дайыма көмөктөш болушуп, жоого күтүлбөгөн жерден чагылгандай тийгенде «куп чакта (мезгилинде) келишти» деп, «кыпчак» аталганы ошондон калган деп да айтышчу билермандар» – деп түшүндүрүшөт[2].

Олжас Сулейменов «Кыпчактардын тамгасы – эки таякча, башкача айтканда, «кос-алип», араб алфавитинин биринчи тамгасы. Араб тамгасын кабыл алганга чейин ал башкача аталгандыр. Бул аталыш «кыпчак» этнониминде сакталгандыр? Балким, «эки таякча» деген тамганын аталышы алгач «iki – пчак» (эки-пчак) аталып, кийин «кыпчак» деп өзгөргөндүр» деп жазат[3].

Кыпчак, «qïpčaq» 1) «бош», «ээн талаа», 2) «көңдөй дарак» 3) «ачуулуу», каардуу» деген маанилерди берет[4].

---

[1] *Молло Ш.Карваний.* Элдин, жердин тарыхы.-Ош,2010.-17-б

[2] *Музапар Үсөн.* Улуу Талаа баяндары.-Ош.,2005.-10-б

[3] *Сулейменов О.* Аз и Я.Алма-Ата,1975.-С.160-161

[4] *Махпиров В.У.* Древнетюркская ономастика.-Алма-Ата,1990.-С.55

А.Абдрахманов кыпчак этониминин төмөндөгүдөй этимологиясын берет: кыпшак<кыбшак<кубшак<куб(а)шак<куба – саргыч, аксаргыл деген түстүк маанилер менен байланыштырат[1].

Г.В.Костачков кыпчак этнонимин кып (кый)[2] жана чак деп экиге бөлүп, анын биринчи бөлүгүн енисей-кет урuусу киба~-кыба (аюу), ошондой эле төөлөс конфедерациясына кирген киби уруусу менен байланыштырат. Ал эми анын экинчи бөлүгүн орто кылымдардагы атактуу чик уруусунун бир бөлүгү менен байланыштырат. Ал чик этнонимин кет тилинде «чи:к» деген «куу»[3] дегенди билдирет деп, кыпчак деген бул кып (аюу) жана чик (куу) енисей-кет урууларынын кошулуусунан келип чыккан уруу деп эсептейт. Бул эки уруунун бирикмеси кыпчактар Батышка кеткенде булардын бир бөлүгү болгон шорлордун кый, кобый, кызай, карга, хакастардын хый, хобый, хызай, харга жана койбал уруктары байыркы мекенинде азыркы күнгө чейин жашашат.

Жогоруда келтирилген материалдар «кыпчак» этнониминин этимологиясын канааттандырарлык ачып бере алган жок, «кыпчак» термининин айланасындагы талаш-тартыштар азыр да болсо токтоло элек.

Кыпчак этноними алтай, башкыр, венгр, казак, каракалпак, ногой, өзбек, түркмөн элдеринин курамында кеңири таралган.

Алтайлыктарда кыпчак сөөгү – «алтай кижи», «чүй кижи» (теленгит) жана телеуттардын курамындагы сөөк (уруу – Н.Т.)[4].

Орус тарыхчысы Е.Е.Ямаева алтайлык-кыпчактардын келип чыгышын алардан жазып алган уламыш боюнча бөрү менен байланыштырат. Алтайлык-кыпчактар – монгол-кыпчак, тумат-кыпчак, казак-кыпчак, тарга-кыпчак, барс-кыпчак, таади-кып-

---

[1] *Әбдірахманов А.* Қазақстан этнотопонимикасы.-Алматы,1979.-128-б

[2] Кара: *Костачков Г.В.* Этимология шорско-хакасских этнонимов кый (хый) и кобый (хобый)//Хакасия и Россия. 290 лет совместного развития.-Абакан,1998

[3] *Старостин С.А.* Праенисейская реконструкция внешние связи енисейских языков//Кетский сборник.-Л.,1982.-С.161

[4] *Радлов В.В.* Көрсөтүлгөн эмгек.-96-б.

чак, сары-кыпчак, ак-кыпчак, кара-кыпчак, сурас-кыпчак, кутус-кыпчак деген уруктарга бөлүнөт[1].

Алтайлыктардагы кыпчак сөөгү алтайлык мундуз жана төөлөс сөөктөрү менен бир тууган деп саналып, алардын ортосунда никеге тыюу салынган[2].

Башкырлардын курамындагы кыпчактарды Р.Г.Кузеев: 1) кара-кыпчак (карый-кыпчак), 2) герей-кыпчак, карагай-кыпчак, 3) ак же түркмөн-кыпчак деп үч топко бөлөт[3].

Казактардын курамындагы кыпчактар негизинен «кара-кыпчак, сары-кыпчак, кытай-кыпчак, кулан кыпчак жана торы-кыпчак деген топторго бөлүнүшөт. Булардын ичинен сан жагынан кара-кыпчактар басымдуулук кылышат. Кара-кыпчактардын курамында торайгыр, кара балык, ж.б. урук бөлүкчөлөрү бар. Мындан сырткары көк бөрү кыпчак, түйшике кыпчак, көлденең кыпчак, танабугу, узун кыпчак деген этнонимдер бар. Урааны «Ойбас», тамгасы – || «кос алип»[4]. Атактуу Кобланды баатыр кара-кыпчак уруусунан чыккан.

Т.А.Жданко каракалпактардын курамындагы кыпчактарды (кыпшак) канглы, алты ата, жети коше деген топторго бөлүп, алты атага: санг-мурын, естек, канжыгалы, шунак, басар, толыс; жети кошеге: жабы (ябы), арык, жагалтай, баганалы, майлы-балта, жадик, салыр урук бөлүкчөлөрүн киргизет. Каракалпактардын курамындагы кыпчактардын тамгасы – / «алип», урааны «Токсоба»[5].

Ногой этнографы Р.Х.Керейтов ногойлордун курамындагы кыпчактардын (кыпшак) төмөндөгүдөй уруктарын атайт: костамгалы (же кара костамгалы) кыпчак, отекайлы-кыпшак, буйрабас-кыпчак, казан-кулак кыпшак, түркмөн-кыпшак, кыпызкыпшак, кыпшак-кыпшак, кыпчак-кыпчак, орман-кыпшак, тик

---

[1] *Ямаева Е.Е.* Родовые тамги алтайских тюрок (XIX – XX вв.).-Горно-Алтайск,2004.-С.14

[2] *Потапов Л.П.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.38

[3] *Кузеев Р.Г.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.178-183

[4] *Востров В.В., Муканов М.С.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.75

[5] *Жданко Т.А.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.45

муйиз кыпшак, кытай-кыпшак, шабайлы-кыпшак, маматакайлы-кыпшак, тизгиншекли-кыпшак, аювшы-кыпшак, ягалбайлы-кыпшак[1].

Өзбек тарыхчысы К.Ш.Шаниязов өзбек кыпчактарды тогуз уруу, жети уруу, парча-кыпчак, ак-кыпчак, кара-кыпчак, сары-кыпчак, кыпчак-сарай ж.б. деп бөлөт[2].

Түркмөн элинин курамындагы кыпчактар алили жана гаравул урууларынын курамында «гыпжак» деген аталыш менен белгилүү[3].

Н.Ф.Ситняковский[4] 1900-жылы кыпчак уруусун кыргыз-кыпчак деп атап, анын курамына: жаманаң, омонок, таз, шердэн, кармыш, тор айгыр, ахтачи, кожом шукур, жарты баш, алтыке, сакоо кыпчак, кызыл аяк деген уруктарды киргизип, кыргыз-кыпчак уруусун ичкиликтердин «сол канатына» кийирет.

XIX кылымдын аягы XX кылымдын башында Фергана өрөөнүндөгү кыпчактар төрт чоң топко бөлүнүшкөн: «кыпчактар (таза кыпчактар), кыргыз-кыпчак, кытай-кыпчак жана сарт-кыпчак». Алар төмөндөгүдөй уруктардан турушкан: кугай, бугач, күмүшай, улмас, яшык, жайдак, пучугай, элатан, бугаз, огим, таз, сирмок, жети-кашка, кутлук-сейит, черик, көк моюн, торы-айгыр, төрт-тай, табылды, чонгаракчи, чиял, кулан, ак-бура, кара-боор, башкырт, тикен, кара-тикен, сары-кыпчак, кара моюн[5].

Я.Р.Винников[6] өзүнүн изилдөөлөрүнөн кийин кыпчак уруусунун курамына кирген төмөндөгүдөй уруктарды атайт: «кызыл аяк, таз-кыпчак, алтыке, жартыбаш, ахтачы, ширден, кармыш, жаманаң, омонок, ходжашукур, тору-айгыр. Ошондой эле кызыл аяк, жартыбаш, ахтачы уруктарынан башкаларын урук бөлүкчөлөргө бөлөт.

---

[1] *Керейтов Р.Х.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.31-32
[2] *Шаниязов К.Ш.* Көрсөтүлгөн эмгек.-118-120-б.
[3] *Атаниязов С.* Шежере.-Ашгабат,1992.-130-б.
[4] *Ситняковский Н.Ф.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Т.II.-II-чыгар.-57-58-б.
[5] *Шаниязов К.Ш.* Көрсөтүлгөн эмгек.-123-124-б.
[6] *Винников Я.Р.* Көрсөтүлгөн эмгек.-160-б.

Ушундай эле кыпчак уруусунун курамын С.Аттокуров берет, ал ага сакоо кыпчак уругун кошумчалайт[1].

С.М.Абрамзон «Кыргызстандын түндүгүндө жашаган көпчүлүк кыпчактар өздөрүнүн кайсы уруктан экендигин унутушкан. Чүй өрөөнүндөгү (Орок, Чоң-Арык) жана Ат-Башы районундагы Төш-Булак айылындагы кыпчактар өздөрүн тору айгыр уругуна таандык кылышат. Орок айылындагылар кудаке, акбото, тосой, Чоң-Арыктагылар тараанчы жана жети айгыр деп бөлүнүшөт. Төш-Булак жана Терек (Ак-Талаа району) айылындагылар Туйгундун, ал эми Ала-Кулун (Нарын району) айылындагылар анын бир тууганы Тайлактын тукумдарыбыз дешет. Бардык кыпчактар өздөрүн Түштүк Кыргызстандан чыкканбыз дешет» деп жазат[2].

С.М.Абрамзон «Өзбекстанда жашап жаткан сарт-кыпчактардын курамындагы урук аталыштары менен дал келишкен аталыштардын жоктугу кыргыздын кыпчактары таптакыр өз алдынча келип чыккан болуу дегенге далил боло алат. Ошондой эле, кыргыз-кыпчактарда алардан (сарт-кыпчактардан) башка, өзүнчө келип чыгышы тууралуу ой алардын аң сезиминде катуу сакталган» дейт[3].

Санжырачы Турдубай Умар[4] уулу жогоруда аталган кыпчак уруктарына таймат, ак кыпчак, бөө кыпчак, кара кыпчак, көк кыпчак, кыргыз кыпчак, кытай кыпчак, сары кыпчак жана сарт кыпчак уруктарын кошот. Ал эми С.Р.Саттаров[5] кыпчак уруусунун курамын жогорудагыдай эле берип, Казакстанда, Кытайда жана Өзбекстанда жашаган кыпчак уруктарынын курамын кошумчалайт.

Өзбек тарыхчысы К.Ш.Шаниязов[6] 1961-жылы Фергана өрөөнүнө болгон илимий этнографиялык экспедициясынын

[1] *Аттокуров С.* Көрсөтүлгөн эмгек.-185-б.

[2] *Абрамзон С.М.* Этнический состав киргизского населения Северной Киргизии...-С.86-87

[3] ТКАЭЭ.-Т. III.-Фрунзе,1959.-С.224

[4] *Турдубай Умар уулу*. Көрсөтүлгөн эмгек.-24-б.

[5] *Саттаров С.Р.* Көрсөтүлгөн эмгек.-300-б.

[6] *Шаниязов К.Ш.* Көрсөтүлгөн эмгек.-118-120-б.

убагында кыргыз-кыпчактардын төмөндөгүдөй уруктарын ачып көрсөтөт: таз, ходжамшүкүр, шердан, омононг, джамононг, кармыш, жартивош, хидирша, торы-айгыр, овот, кызыл аяк, ахтачи, алтика. Ал эми джамононг (жаманаң – Н.Т.) уругуна элатан, тейликул, текай, галча, кулвой, жолика, рай, чоквой, акбарак, умар, хидирша (кыдырша – Н.Т.) уругуна кошой, сары, канды, тору-айгыр уругуна эшмат, курмат, ковалы, казах, азберди, кызыл аяк уругуна коңгурбай, тати (же тат), жеткан, хормачи, кочачи, быйло урук бөлүкчөлөрүн киргизет.

Генерал Л.Г.Корнилов[1] Кытайдагы (Чыгыш Түркстан) кыпчак уруусунун кызыл аяк-кыпчак, кара-кыпчак, тогуз-кыпчак, сарт-кыпчак уруктарынан кабар берет.

Тарыхчы, профессор А.А.Асанканов[2] Чыгыш Түркстанда жашаган кыпчак уруусунун сакоо жана хан кыпчак уруктарын белгилейт.

Француз окумуштуусу Р.Дор жана америкалык этнограф М.Н.Шахрани памирлик кыргыздарды изилдешип, памирдеги кыпчак уруусунун генеалогиялык (уруулук) курамын беришкен[3].

Профессор Э.Маанаев памирлик кыпчактардын: чыла, тору айгыр, товур, баштык, көлчөк, кызыл модурчук, куу тон, калта тон, бөө, жээрде, шерекей, курду, боз кайышкак деген уруктарын схемада көрсөтөт[4]. Бул жерде көлчөк уругунун туура аталышы колчок. Аталган келте (калта) тон, куу тон, чыла, баштык, шерекей, колчок – тобур кыпчак уругунун урук бөлүкчөлөрү, шерекей баштык урук бөлүкчөсүнүн ичиндеги майда топ. Ал эми бөө, жээрде, курду, боз кайышкак – найман уруусунун уруктары. Демек, Памирде кыпчак уруусунун тору кыпчак, тору айгыр, тобур кыпчак уруктары турушат.

---

[1] *Корнилов Л.Г.* Көрсөтүлгөн эмгек.-235-23-б.

[2] *Асанканов А.А.* Көрсөтүлгөн эмгек.-141-б.

[3] *Реми Дор.* Көрсөтүлгөн эмгек.-14-б; Shahrani M. Nazif Mohib. Көрсөтүлгөн эмгек.-152-б.

[4] *Маанаев Э.* Кыргызстандан тышкары жашаган кыргыздардын тарыхынан.-Фрунзе, 1969.-25-б.

Тарыхчы Б.М.Жумабаев[1] Памирде жашаган кыпчак уруусунун курамына хан кыпчак, тору кыпчак, келте (калта) тон, куу топ, чыла, тору айгыр, тобур, кызыл шоодургуч, баштык, шереке, жээрдэ, курду, колчок уруктарын киргизет. Бул жерде кызыл шоодургуч уругунун туура аталышы кызыл модурчук, ал эми куу топтуку – куу тон. Аталган келте (калта) тон, куу тон, чыла, баштык, шереке, колчок – тобур кыпчак уругунун урук бөлүкчөлөрү, шереке баштык урук бөлүкчөсүнүн ичиндеги майда топ. Ал эми жээрде, курду найман уруусунун уруктары. Демек, Памирде кыпчак уруусунун хан кыпчак, тору кыпчак, тору айгыр, тобур кыпчак уруктары турушат.

Г.Абдрахманов жана Ж.Айдартеги китебинде Баткен районундагы кыпчактардын таралышын Кан Шырдактын санжырасы аркылуу беришет. Кан Шырдактан эки уул: Каражан жана Сарыжан. Каражандан – Кожомүшкүр, Таз, Шерден. Кожомүшкүрдөн – Жартыбаш. Сарыжандан – Жаманаң, Кармыш, Атыке, Омокон. Торайгыр уругун аларга тең ата кылып көрсөтөт.

Жогоруда айтылган «кожомшүкүр» уругун, булар «кожомүшкүр» деп аташып, «мүшкүр» – деген «аалым, философ» дегенди түшүндүрөт дешет. Айтылгандарга кошумча Кожомүшкүрдөн жартыбаштан башка эшмат тобу, надыр тобу, калдар тобу, казактар тобун, ал эми калдар тобуна кожомжар, атабий, дос, эркул, канкул, ак козу, кара козу урук бөлүкчөлөрүн киргизишет[2].

---

[1] *Жумабаев Б.* Көрсөтүлгөн эмгек.-38-б.

[2] *Абдрахманов Г., Айдартеги Ж.* Манас айкелинин курулуш таржымалы жана анын гене-алогиялык санжырасы.-Б.,2008.-68-74-б.

*Схема 10.* Кыпчак уруусунун генеалогиялык схемасы



## НАЙМАН

*«XI–XV кылымдардын аралыгындагы тарыхта маанилүү ролду ойношкон байыркы түрк тилдүү уруулардын бири наймандар».*

Ч.Ч.Валиханов

*«Кучлук менен келген наймандардын калган бөлүгү, албетте Памирде жашаган кыргыз наймандары болуп саналат».*

А.Х.Маргулан

Кыргыздын найман уруусу ичкилик тобуна кирген байыркы уруулардын бири болуп саналат. Наймандардын өз алдынча мамлекети болуп, мамлекеттин башында хан турган. Ал эми аскер түзүлүшү жалпы эле көчмөндөрдүн аскердик-башкаруу принциптерине окшош болгон – он башы, жүз башы, түмөн сыяктуу. Алгач найман мамлекетинин башында легендарлуу Наркыш-Таян жана Эниат-каан турган[1]. Мамлекеттин өз алдынча жазуусу болуп, ал уйгур алфавитинин негизинде жүргүзүлгөн. Ошол жазууну кийинчэрээк Чыңгыз хан монголдорго киргизген[2].

X кылымда түндүк Кытайда күчтүү кидан Улуу Ляо (916–1125-жж.) империясы түзүлөт. Кытай жыл баяндамасы «Ляо шиде» – «Ляо династиясынын тарыхы» 984–985-жылдары батышка жөнөтүлгөн кидандардын колу цзуцбу деген көчмөндөрдүн тобун талкалайт, бул согушта алардын «далай-хан» деген

[1] *Рашид-ад-Дин.* Сборник летописей.-Т.I.-Кн.1.-С.135
[2] *Бартольд В.В.* Көрсөтүлгөн эмгек.-108-б.

титулду  алып жүргөн кол башчысы курман болот»[1] – деп айтылат.

Фэн Шэн-шун цзуцбу терминин – ортоазиялык элдердин жалпы аталышы деп санайт. Чыгыш цзуцбулар, анын оюу боюнча – жалаир менен татарлар, батыштагы цзуцбулар – наймандар, түндүктөгү цзуцбулар – кереиттер[2].

Ван Го-вей «цзуцбу – кидандардын татар деп аталышы, себеби бул аталыш кидандар менен бирге жоголот»[3] – дейт.

Л.Л.Викторова «цзуцбу – хундардын урпактары болгон өзүнчө түрк эли»[4] болушу мүмкүн дейт.

Кытайлыктар «токой элдеринен» башка талаа көчмөндөрдү «цзуцбу» дешкен.

X кылымдарда цзибулар менен кидандардын ортосунда карама-каршылык күчөп олтуруп, 1069-жылы көчмөндөр Ляо империясынын аскерлерин талкалайт, бирок көчмөндөрдүн мамлекети улам начарлай берип, 1092-жылы керейит, наймандардын ханы Маргуз II колго түшүрүлүп, өлтүрүлөт да, наймандар Ляо империясынын курамына киргизилет. 1125-жылы Улуу Ляо империясы талкалангандан кийин наймандар өз алдынча мамлекет куруукга жетишип, анын башында Инанчы-билге-Буку-хан турган.

Академик С.Л.Тихвинский бул жөнүндө мындай деп жазат: «Ар кандай татар-монгол урууларынын – монголдордун, керейиттердин, ойроттордун, наймандардын, татарлардын жана башкалардын XII кылымдын аралыгындагы күч кубаттуулугунун өсүшү, алардын ичинен эң ирилери болгон наймандар менен керейиттерде алгачкы феодалдык мамлекеттик түзүлүшкө алып келген»[5] – деп белгилеген. XII кылымдын орто ченинде

---

[1] *Wittfogel K.A.,* Fêng Hsia-shèng. History of Chinese Sosiety Liao.-Philadelphia, 1949.-P.581

[2] Ушул эле жерде.-102-б.

[3] Ушул эле жерде.-50-б.

[4] *Викторова Л.Л.* Ранний этап этногенеза монголов.-Л.,1961.-С.12.Автореферат кадидатской диссертации

[5] *Тихвинский С.Л.* Татаро-монгольские завоевания в Азии и Европе//Татаро-монголы в Азии и Европе.-М.,1977.-С.3

наймандар керейит мамлекетинин батыш жагында, батыш Монголиянын жана Казахстандын түз мейкиндиктерин ээлеген.

Наймандардын мамлекетинин ээликтери жана алардын жайгашкандыгы жөнүндө Н.А.Аристов «наймандар алгач Катун дарыясынын куймасы Найма суусунун боюнда жашашып, ... кийин түз эле түштүккө өтүшүп, батыш Монголияда туруп калышат, ...алар Монголияда Орхондон Кара Иртышка чейин жашашкан»[1] – дейт.

Перс тарыхчысы Рашид-ад-Дин өзүнүн «Жылнаамалар жыйнагы» деген эмгегинде найман уруусу мекендеген жерлер жөнүндө мындай деп жазат: «Бул найман уруулары көчмөн болушкан, айрымдары өтө тоолуу аймактарда, ал эми кээ бирлери түздүк жерлерди мекендешет. Алар отурукташкан жерлер Чоң (Екэ) Алтай, Угедей хан тургузган керемет сарай турган Каракорум түздүгү, Элуй-Сирас жана Көк- Ирдыш тоолору»[2].

Папа Иннокентий IV 1245-жылы Улуу монгол ханына жиберген элчиси Плано Карпини наймандар «Хангай менен Алтаин-нуру тоо кыркаларынын ортосундагы кең мейкиндикте, Кара-Иртыш дарыясынын өрөөнүндө жана Зайсан-Нор көлүнүн тегерегинде көчүп-конуп жүрүшөт»[3] – деп жазат.

Г.Е.Грумм-Гржимайло «Наймандар өздөрүнүн конуштары менен Хангай тоолорун, Алтаин-нуру кырка тоосунун эки бетин, Кара-Иртыш өрөөнүн жана Зайсан-Нор көлүн ээлешип, чыгышта – кереиттер, түндүктө кыргыздар, батышта – канглдар жана түштүктө – Уйгурстан менен чектешет»[4] – дейт.

Наймандар жөнүндө француз окумуштуусу К.д'Оссон «Көп сандаган наймандар жогорку Иртыш дарыясы агып өткөн аймактарда жана Чоң Алтай тоолору кесип өткөн жерлерди мекендешкен, батыштан аларды түрк-уйгурлардан чөл, түндүктөн түрк-кыргыздардын жана кем-кемчжуттардын мекенинен Кичи

---

[1] *Аристов Н.А.* Заметки об этническом составе тюркских племен...-С.361 ; он же. Труды по истории и этническому составу тюркских племен...-С.182

[2] *Рашид-ад-Дин.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Т.I.-Кн. 1. -136-137-б.

[3] Путешествия в восточные страны Плано Карпини и Рубрука. -М.,1957.-С.25,196

[4] *Грумм-Гржимайло Г.Е.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Т.II.-411-б.

Алтай жана чыгыштан Онондун башатынан жана Керуленге чейин созулган керейиттердин мекенинен Каракорум тоолору бөлүп турган»[1] – деп жазган.

Монгол изилдөөчүсү Ш.Садаг акыркы илимий изилдөөлөрдүн негизинде «Наймандардын ээликтери чыгыштан батышка карай – Селенга менен Орхондун жогорку агымынан Тарбагатайга чейин; түндүктөн түштүк-чыгышка карай – Танну-Оладан Алтайдын чыгыш тоо тармактарына чейин созулган»[2] – деген жыйынтыкка келген.




*Карта 5.* Жети-Суулук Наймандардын мамлекети (1211-1218-жж.)

XII кылымдын аягы – XIII кылымдын башталышында найман мамлекети начарлай баштайт. Эниат-каандын эки уулу, Таян хан менен Буйрук хандын ортосундагы талаш-тартыш, ич ара келишпестик найман мамлекетинин өсүп-өнүгүшүнө тескери таасир тийгизип, найман мамлекетинин эки хандыкка бөлүнүшүнө алып келет. Рашид-ад-дин «Таян хан менен Буйрук хан

[1] *д'Оссон К.* От Чынгызхана до Тамерлана.-Алматы, 1996.-С.32-33

[2] *Садаг Ш.* Образование единого монгольского государства и Чингисхан//Татаро-монголы в Азии и Европе.-М.,1977.-С.24

бир тууган эле, ал эми экөөнүн ортосундагы ынтымак, биримдиктин жок болгондугунан Алла-таала алардын тагдырын өзгөрттү»[1] – деп жазат.

Тарыхий булактарда белгиленгендей, найман хандарынын ортосундагы биримдиктин жоктугу, монгол аскерлеринин аларды бир-бирден талкалоосуна шарт түзүп берген. 1204-жылы Чынгызхан Таян ханды талкалагандан кийин анын уулу Кучлук хан наймандардын бир бөлүгү менен Иртыш дарыясынын боюна чегинген меркиттерге кетет. 1208-жылы Субудай баатыр Иртыштын боюнда найман жана меркит аскерлерин талкалайт. Бул согушта меркиттердин кол башчысы Токта-Беки курман болуп, анын балдары кыпчактарга качып кетишет. Ал эми Кучлук хан калган наймандар менен Жети-Сууга жер которот[2].

Кара кытайлардын гурханы Чжулху Кучлук ханды жылуу-жумшак тосуп алат, себеби ага хорезмшах Махмуд менен согушууга Кучлук хандын аскерлери керек эле. Бир аз убакыттан кийин Кучлук хорезмшах Мухаммед менен бирге союз түзүп ага каршы жүрүшкө чыккан. М.Дулати мындай жазат: «Кучлук чагылгандай Гурхандын аскерине тийип, аны өзүнө каратып, анын ээликтерин басып алып, кыздарынын бирин аялдыкка сурады»[3].

Кучлук Кара-кытай мамлекетин ээлеп алуу менен аны 1211–1218-жылдары башкарган. 1218-жылы жылы Чынгыз хан Кытайга боло турган жортуулунан баш тартып, таланттуу кол башчысы Жэбэ нойонду ага каршы аттандырат. Жэбэ аскери менен Кучлуктун колун кууп, Сары-Колго (Памир) чейин жетип, ошол жерде талкалайт[4].

Наймандардын келип чыгышы тууралуу маселе көп жылдардан бери талаш-тартыштарды жаратып келүүдө. Бул маселе боюнча эки көз караш өкүм сүрүүдө.

---

[1] *Рашид-ад-Дин.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Т.I.-Кн.1.-136-б.

[2] *Гумилев Л.* Поиски вымышленного царства.-М.,2002.-С.183,187

[3] *Мирза Мухаммад Хайдар.* Та'рих-и Рашиди.-Ташкент,1996.-С.363-364

[4] *Ата-Мелик Джувейни.* Чингисхан. История Завоевателя Мира.-М., 2004.-С.43-44,554

Н.Я.Бичурин, И.Н.Березин, В.П.Васильев, В.В.Бартольд, Б.Я.Владимирцов, Б.Д.Греков, А.Ю.Якубовский, И.П.Петрушевский жана Н.П.Шастина сыяктуу окумуштуулар наймандарды батыш монголдор деп эсептешет[1]. Наймандарды монгол тектүү деп жактаган окумуштуулар өздөрүнүн теориясын найман уруусунун монголчо «найман» – сегиз, башкача айтканда «сегиз уруунун союзу» деген аталышка негиздешет.

Бирок XIX кылымдан баштап наймандардын түрк тектүү экендиги жөнүндө ойлор айтылган. Акыркы жылдары наймандар түрк этносуна тийиштүү экендигин көптөгөн аргументтер менен толукталып жатат. Н.А.Аристов, Г.Е.Грумм-Гржмайло, Л.Лигети, С.Мураяма, Х.Ховорс, П.Поуха, Л.Л.Викторова, М.С.Муканов, С.А.Аманжолов сыяктуу окумуштуулар наймандардын байыркы кытай булактары жана орхон-енесай жазууларында сакталып калган энчилүү аттарын жана титулдарын (даражаларын) анализдеп көрүшүп, наймандарды түрк тектүү эл деген жыйынтыкка келишкен[2].

Наймандарды белгилүү немис окумуштуусу П.Рачневский моңголдорго эмес түрктөргө кошот, алардын «найман» деген аты моңголчо түрктөрдүн «сегиз өгүзүн» түшүндүрүш керек дейт[3].

---

[1] Кара: *Бичурин Н.Я.* Записки о Монголии.-Т.I-II.-СПб.,1828; Березин И.Н. Очерки внутреннего устройства улуса джучуева...; Васильев В.П. История и древности восточной части Средней Азии от X до XIII века.-СПб.,1857; Бартольд В.В. Сочинения.-Т.V.-М., 1968; Владимирцев Б.Я. Общественный строй монголов. Монгольский кочевой феодализм.-Л.,1934; Греков Б.Д., Якубовский А.Ю. Золотая Орда и ее падение.-М.,1952; Петрушевский И.П. Рашид-ад-Дин и его исторический труд. Вводная статья в кн.: Рашид-ад-Дин Сборник летописей.-Т.I.-М.-Л.,1952; Шастина Н.П. Путешествия на восток П.Карпини и Г.Рубрука. Вступительная статья в кн.: Путешествия в восточные страны Плано Карпини и Рубрука.-М.,1957

[2] Кара: *Аристов Н.А.* Көрсөтүлгөн эмгек.-СПб.,1896; Грумм-Гржимайло Г.Е. Көрсөтүлгөн эмгек.-Л.1926; Лигети Л. Рецензия на книгу Санжиева Г.Д. Сравнительная грамматика монгольских языков.-М.,1953//ВЯ,1955,№5; Murayama S. Sind die Naiman Türken oder Mongolen?//CAJ.-The Hague-Wiesbaden,1959; Howorth H.H. History of the Mongols from the 9 th to the 19 th centure, pt. III. -London, 1888; Poucha P. Die Geheime Geshichte der Mongolen als Geshichtsquelle und Literaturdenkmal//AOS.-IV.-Praha,1956; Викторова Л.Л. Монголы.-М.,1980; Муканов М.С. Этнический состав и расселение казахов Среднего Жуза.-Алма-Ата,1974; Аманжолов С.А. Вопросы диалектологии и истории казахского языка.-Алма-Ата,1959

[3] Кыргыздар: Он төрт томдук.-Т.II.-Б.,2011.-510-б.

Кытай тарыхчысы, моңгол тарыхы жана Юань династиясы боюнча адис Хань Жу-линь наймандарды кыргыз урууларынын бири деп эсептейт. Чынында эле наймандардын «Манаста» дайыма кыргыздар менен чогуу жүргөнүн, Манастын бешик тоюна чакырылган элдин арасынан көрөбүз. «Юань династиясынын тарыхынын» авторлору наймандар Х кылымдын биринчи жарымындагы «Тан династиясы кыйрагандан кийин түштүккө ооп кеткен кыргыздардын бир бөлүгү болуш керек» – деп жазат[1].

Кидан, татар (шивей), хи (татаби) ж. б. уруулардан айырмалаган, уруу атын белгилеген «найман» этноними алгач, Х кылымдын ортосунда кытай жыл баяндамасы «Ляо-шиде» пайда болот.

Кыргыздар кеткенден кийин Монголия менен Тарбагатайда калган түрк «сегиз огуз» урууларын монгол тилдүү кидандар «найман» же болбосо «сегиз огуз» деп аташкан.

Профессор И.Н.Березин наймандар жөнүндө минтип жазат: «... найман аталышы бул монгол сан атоочу «найман» – сегиз, албетте сегиз уруунун союзун билдирет» . И.Н.Березиндин айтканын ырастап, академик В.В.Бартольд «найман сөзү монголчо «сегиз» дегенди билдирип, бул элдин сегиз урууга бөлүнөөрүн көрсөтөт»[2] – деп жазат.

Монгол таануучу Л.Л.Викторова «найман» сөзүнүн келип чыгышын мындайча түшүндүрөт: «...монгол тилдүү кидандардын тилинен түркчөгө которгондо «секиз окуз» (сегиз огуз) деп которулат»[3] – дейт.

Профессор Г.И.Рамстедт тарабынан 1909-жылы Селенга дарыясынын боюнан табылган уйгур ханы Моюн-Чурга арналган эстеликте  – «säkiz oқuz» уруусу тогуз татарлар менен катар айтылат[4]. Г.И.Рамстедт аталган эстеликте эскерилген Тай-

---

[1] Ушул эле жерде.

[2] *Березин И.Н.* Очерки внутреннего устройства улуса джучуева//ТВОИАО.-Ч.V.-СПб.,1858.-С.267

[3] *Викторова Л.Л.* К вопросу о найманской теории происхождения монгольского литературного языка и письменности XII–XIII вв.//Ученые записки ЛГУ.-№305.-Серия востоковедческих наук.-Вып.12.-Л.,1961.-С.149

[4] *Малов С.Е.* Памятники древнетюркской письменности Монголии и Киргизии.-М-Л.,1959.-С.30,31,35,39

Билге-Тутукту Моюн-Чурдун улуу баласы деп, аны «сегиз огуздар» менен «тогуз татарлардын» ябгусу болгон дейт[1].

«Азыркы күнгө чейин «сӓкиз» сөзүнүн алгачкы мааниси тактала элек. Анын негизинде сӓк жана – из деген көптүк сандын аффикси жатат. I миң жылдыктын аягында «сӓкиз» аты «сегиз уруу» бирикмеси сыяктуу «сегиз» деген түшүнүктү берген. Наймандарды сегиз-огуздардын «сегиз уруу» тобу менен окшоштуруу, аталыштардын дал келүүсүнө негизделген. Бул көз караштрі кубаттап, тогуз огуздардын эки чоң тобунун бири болгон «сегиз огуздарды» найман катары кабыл алабыз»[2] – дейт кыргыз тарыхчысы К.И.Петров.

Ал эми Н.А.Аристов «наймандардын аты Катун дарыясынын куймасы Найма суусунун атынан келип чыгышы мүмкүн, себеби алгач алар ошол жерде жашашкан»[3] – дейт.

Япон окумуштуусу С.Мураяма «найман» этнониминин негизинде монголдун «найман» – «сегиз» деген сөзү эмес, анын негизинде inan (ынан) «ишенүү», «ишеним» деген түрк сөзү жаткандыгын айтат[4].

Найман этноними алтай, башкыр, казак, ногой, өзбек, түркмөн элдеринин курамында кеңири таралган.

Алтайлыктарда майман (найман) сөөгү «алтай кижи» жана телеуттардын курамына кирген сөөк[5]. Алтайлыктардын курамындагы «майман» этноними «найман» этноними экендигин азыркы убакта окумуштуулар далилдеген. Алар кара майман, кёгёл найман, ябыр найман деген уруктардан турат. Наймандардын жалпы тамгасы –  «кочкор мүйүз». Алтайлык уламыш-

[1] *Бернштам А.Н.* Социально-экономический строй орхоно-енисейских тюрок VI–VIII веков. -М.-Л.,1946.-С.51

[2] *Петров К.И.* Көрсөтүлгөн эмгек.-72-б.

[3] *Аристов Н.А.* Заметки об этническом составе тюркских племен...-С. 361 ; он же. Труды по истории и этническому составу тюркских племен…-С.182

[4] *Murayama S.* Sind die Naiman Türken oder Mongolen?//CAJ.-The Hague-Wiesbaden,1959.-Vol.4.-№ 3.-P.191

[5] *Радлов В.В.* Көрсөтүлгөн эмгек.-96-б.

тар боюнча найман (майман) сөөгү өздөрүнүн ата-бабалары катары итти эсептешет[1].

Казактардын Орто Жүзүнүн курамында найман уруусу бар. Найман уруусу ак найман, бура найман, болатшы найман, кара керей найман, терс тамгалуу найман, төрт аул найман, көк жарлы найман, ергенекти найман, семиз найман, баганалы найман, садыр найман деген 11 уруктан турат[2]. Урааны «Каптагай», жалпы тамгасы – V.

Ногой элинин курамында найман уруусу ак мечит найман, арс найман, ашамайлы найман, багана найман, бакай найман, бакай уулы найман, биюк найман, каза найман, калемберди найман, кара найман, карналык найман, келеаул найман, кучук найман, кылыш найман, мойнапа найман, онгар найман, тараклы найман, тогыншы найман, шокиш найман, челек найман, шорша найман, эргенек найман деген уруктар менен белгилүү[3].

Кыргыз элинин курамындагы наймандар жөнүндө М.Тынышпаев «Алайда калган наймандар кыргыз элинин катарына кошулду жана ушу күнгө чейин ал жерде жашашат»[4],– деп жазат. Ушундай эле ойду В.В. Востров менен М.С.Мукановдор: «Наймандардын бир бөлүгү Кушлук менен Памирге кетип, Памирдин кыргыз калкын түзөт»[5] – деп айтышат.

Кыргыз тарыхчысы Б.М.Жумабаев «Кыргыз элинин курамына кирген наймандардын бөлүгү дал ушул жерден Чыгыш Түркстан, Памирден тарагандыгы чындыкка жакын»[6] – дейт.

Н.Ф.Ситняковский[7] 1900-жылы найман уруусунун курамына: босторгой, базар-балдар, чандаке, утай, кул найман, кожо найман, бөө найман, мырза найман, киик найман, жоонпут найман, куран найман, камаркул найман, жээрде найман деген

---

[1] *Ямаева Е.Е.* Көрсөтүлгөн эмгек. -17-18-б.
[2] Кара: Казак шежiресi.-Алматы,1994
[3] *Керейтов Р.Х.* Көрсөтүлгөн эмгек.-48-б.
[4] *Тынышпаев М.* Көрсөтүлгөн эмгек.-15-б.
[5] *Востров В.В., Муканов М.С.* Көрсөтүлгөн эмгек.-65-б.
[6] *Жумабаев Б.* Көрсөтүлгөн эмгек.-41-б.
[7] *Ситняковский Н.Ф.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Т.II.-Вып.II.-57-58-б.

уруктарды киргизип, найман уруусун ичкиликтердин «сол канатына» кошот.

Я.Р.Винников[1] өзүнүн изилдөөлөрүнөн кийин найман уруусунун курамына кирген төмөндөгүдөй уруктарды атайт: «чапкылдык, ширгоо, нарай найман, үркүнчү, кара найман, туума тукум, босторгой, көкө найман, ходжо найман, бөө найман, көн найман. Ал эми босторгой уругуна базар болду, чандыке, отой найман, беш найман деген урук бөлүкчөлөрүн киргизет.

Ушундай эле найман уруусунун курамын С.Аттокуров[2] да берет, бирок бул курамга ал мырза найман жана кийик найман деген уруктарды кошумчалайт.

Профессор Ш.Жапаров Лейлек районунда жашаган наймандардын дөөлө жана беш бала деген эки уругун атап, дөөлө: адил, айдар, айбаш; беш бала: кулек, ак бото, чолеке деген топторго ажырарын белгилейт[3].

Санжырачы Т.Умар уулу найман уруусунун курамын төмөндөгүдөй берет: байболот, бобуй, боз, бозторгой, боткочу, бөө, жанбол, кандыке, кара найман, кожо, көкө, кудайменде, сарыбай, тентек, туума, үркүнчү[4]. Ал эми С.Р.Саттаров[5] найман уруусунун курамын мындайча берет: бабуй, байбол, беш бала, боз, бозторгой, боткочу, бөө, дооло, жанбол, кандыке, кара, көжө, көкө, кудайменде, сарыбай, тентек, туума, үркүнчү.

Жогоруда келтирилген найман уруусунун курамы негизинен Кыргызстандын Түштүгүндө жашаган найман уруктарына тиешелүү.

Эми биз Памирлик (Ооганстан жана КЭР) кыргыздардын ичиндеги найман уруусунун курамын карап көрөлүк.

XIX кылымдын аягында Памирге келген англис саякатчысы Лорд Дунмор[6] ал жерде жашаган найман уруусунун төрт уру-

[1] *Винников Я.Р.* Көрсөтүлгөн эмгек.-164-б.

[2] *Аттокуров С.* Көрсөтүлгөн эмгек.-189-б.

[3] *Жапаров Ш.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Алга.-№121,18.10.1967, 4-б; Алга.-03.04. 1993,2-б

[4] *Турдубай Умар уулу.* Көрсөтүлгөн эмгек.-23-б.

[5] *Саттаров С.Р.* Көрсөтүлгөн эмгек.-308-б.

[6] *Lord Dunmore.* Көрсөтүлгөн эмгек.-113-122-б.

гун атайт: кон (көн), бустургас (бос торгой), мирза (мырза), кияк (кийик).

Француз окумуштуусу Р.Дор жана америкалык этнограф М.Н.Шахрани памирлик кыргыздарды изилдешип, памирдеги найман уруусунун генеалогиялык (уруулук) курамын беришкен[1].

Генерал Л.Г.Корнилов Кытайдагы (Чыгыш Түркистан) кыргыздардын найман уруусу ой-тагчы, найман сугурлук, гезчи, куприк-артчи, тугайчи, куран найман, кийик найман, жерде найман, жоон пут найман, мырза найман[2] уруктарынан турарын көрсөтөт.

Профессор А.А.Асанканов[3] Чыгыш Түркстанда жашаган найман уруусунун абыра, андакул, беш ата найман, борбаш, дандуулат, жоон бут найман, жээрде найман, кайымкан, карачоро, кийик найман, оболбек, сайвак, саргалдак, сарыбел саргалдак, согур, шерене, шыйык деген уруктарын белгилейт.

Кыргыз тарыхчысы Б.М.Жумабаев[4] жогоруда келтирилген Афган жана Кытай Памириндеги найман уруусуна көкчө найман, көкө найман, көк кутан найман, гүрдү найман, гожо найман, боз кыйышкак найман, чандеки найман деген уруктарды кошумчалайт.

Биздин изилдөөлөрдүн негизинде Я.Р.Винниковдун схемасындагы нарай-найман уругу бул төөлөс уруусунун курамындагы нарай уругу болуп чыкты. Жогоруда аталган беш ата найман же беш найман, отой найман, туума тукум, чандеки[5] бул босторгой уругунун урук бөлүкчөлөрү болуп саналат. Кара найман уругу сарыбай, тентек, боткочу уруктарынан турат. Ак барак, жан барак, байбол, жанбол урук бөлүкчөлөрү көн найман уру-

[1] *Реми Дор.* Көрсөтүлгөн эмгек.-14-б; Shahrani M. Nazif Mohib. Көрсөтүлгөн эмгек.-P.152

[2] *Корнилов Л.Г.* Көрсөтүлгөн эмгек. -235-236-б.

[3] *Асанканов А.А.* Көрсөтүлгөн эмгек.-140-б.

[4] *Жумабаев Б.* Көрсөтүлгөн эмгек.-42-б.

[5] Бул урук Я.Р.Винников жана С.Аттокуровдо чандыке, Т.Умар уулу менен С.Саттаровдо кандыке деп туура эмес көрсөтүлгөн. Б.Жумабаев бул урукту чандеки деп туура жазган

гуна киришет. Бөө найман уругу жылды бөө, котур бөө, кызыл өӊ бөө, шоранда бөө деген бөлүкчөлөрүн өзүнө камтыйт. Негизинен Кыргызстандын Түштүгүндө жашаган найман урууcу бозторгой, бөө найман, кара найман, кожо найман, көкө найман, көн найман, сары найман, үркүнчү деген 8 (сегиз) уруктан туруп, ага кошумча Кытай, Памирде жашаган боз кыйышкак найман, жоон бут найман, жору найман, жээрде найман, кийик найман, көкчө найман, көк кутан найман, көк эчки найман, гүрдү найман, куран найман уруктары кирет.

*Схема 11.* Найман уруусунун генеалогиялык схемасы



## НОЙГУТ

*«Нойгут кыргыз элинин түпкү-*
*лүктүү урууларынын бири».*
Үсөн Ажы

Нойгут кыргыздын ичкилик тобуна кирген уруулардын бири.

Нойгут уруусунун келип чыгыш тарыхы байыркы хунн дооруна барып такалат. Хунндарды сяньбилер б. з. 155-жылы талкалагандан кийин алар төрт бутакка бөлүнүшөт. «Бири сяньбилерге багынышты, экинчилери Кытайга кетишти, үчүнчүлөрү – «багынбастар» – сяньбилер менен согушуп отуруп, Жайык менен Волга дарыяларынын бойлоруна чегиништи, төртүнчүсү – «кубаты аздар» – Тарбагатай жана Саур тоолорун таянышып, кийинчерээк Жети-Суу менен Жунгарияны басып алышып, Юебань мамлекетин түзүшөт. Бул акыркылар башка хунндардан айырмаланып көпкө жашашат. Алардын бир бөлүгү Алтайдагы кыпчактар менен аралашып куман (половец) элин пайда кылышат, бир бөлүгү Кытайга кайтып келишип, X кылымга чейин жашашкан майда хандыктарды негиздешти. Булар «түрк-шато» деп аталышкан, алардын урпактары – «онгуттар», XIII кылымда монголдор менен аралашты[1]. Онгуттардын бир бөлүгү азыркы убакта кыргыздын ичкилик тобуна кирген нойгут уруусу болуп саналат.

[1] *Гумилев Н.Л.* Тысячелетие вокруг Каспия.-СПб.,2002.-С.93

Н.А.Аристов онгут уруусун түрк тилдүү эл деп санайт. Ал мындай деп жазат: «Чыгышта туңгуз урууларына тиешелүү болгон жана түштүк Манжурстанда жашаган кидандарга жакын, Шара-мурендин тегерегинде татабилер көчүп-конуп жүрүшкөн, алар кытайларда кумохи же хи деген ат менен белгилүү болушкан. Орхон жазууларында кидандар менен татабилер дайым чогуу эскерилгендей эле, кытай булактарында кидандар менен хилер да бирге эскерилет. Кээ бир булактар боюнча бул хилер, тюкюлөр менен бир урууга таандык болушкан, башкача айтканда, түрк болушкан. Чынгызхандын убагында ушул эле хилер ак тата, ал эми кытайларда онгут деген ат менен пайда болушат. Моңголдордо ошол эле жерде азыркы убакта моңголдошкон ониют (онгут – Н.Т.) аймагы бар»[1]. Демек Н.А.Аристов боюнча онгут уруусу түрк элдерине кирип, этнонимдин аталышы кытайча кумохи же хи кийинчерээк онгут, түркчө татаби же ак тата деген аталыштар менен орхон жазууларында жана кытай булактарында белгилүү болушкан.

Рашид-ад-Дин онгут уруусун кераит, кыпчак, найман уруулары менен катар «ар биринин өз алдынча ханы жана уруу башчысы болгон түрк муундарына» кошот[2].

Хива ханы Абул-Газы онгутту унгут деп атап, онгут уруусу жөнүндө мындай маалыматтарды берет: «Кытайлыктар өздөрүнүн мамлекетинин чек арасын бойлотуп сепил курушту, анын эки бүткөн аягын деңизге чейин алып келишти....Мындай сепилди арабдар сядд, түрк элдери бур-курга, кытайлыктар унгу дешет... Бул кытай сепилинде дарбазалар бар; дарбазаларды кайтарыш үчүн кытайлыктар бир нече түрк уруулары менен сүйлөшүп, келишим түзүшүп, ага кароол коюшат... Бул кайтаруучу кароолдор унгут деп аталышат. Кытайлыктар сепил дубалды унгу, ал эми аны кайтаргандарды унгут деп аташты... Чынгызхандын убагында алар 4 000 үй-бүлө болушкан. Алар-

---

[1] <u>*Аристов Н.А.*</u> Заметки об этническом составе тюркских племен...-С.294-295; он же. Труды по истории и этническому составу тюркских племен…-С.116

[2] *Рашид-ад-Дин.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Т.I.-Кн.1.-140-141-б.

дын князы Алакуш-тегин эле. Чыңгызхан Кытайга жоортуул жасар алдында, Алакуш-тегинге чабарман жөнөтүп, андан ага баш ийүүсүн талап кылат. Ал Чыңгызханга баш ийип, аны тосуп алып, дарбазаны ачып, Чыңгызхан менен кошо Кытайга жоортуулга барат»[1].

Демек, Абул-Газы боюнча онгут уруусу Улуу кытай сепилин кайтарган түрк урууларынын бири, уруу аталышын ошол сепилди кайтарган кароолчу кесибине байланыштуу «унгут» – «сепилчи» же «дубалчы» деген сөздөн алат.

«Манас» эпосунда нойгут кыргыз уруусу экендиги, андан чыккан Акбалта бий, Чубак баатыр жөнүндө айтылат[2].

Кыргыз этносунун курамына нойгуттар же ойгуттар (онгут) XII–XIV кылымдарда кошула баштаган деген божомол бар.

Я.Р.Винников[3] өзүнүн изилдөөлөрүнөн кийин нойгут уруусунун курамына кирген төмөндөгүдөй уруктарды белгилейт: мауканай (муңканай – Н.Т.), чинатар, тага (шага – Н.Т.), кара моюн, таздар, мамаш тукум (манас тукум – Н.Т.), акназар, чардалай, сакы. Ал эми таз уругуна газды, кара саадак, чалтак, чаилчи, жавай, чардалайга мамабек, сакыга хожояр, досой, бай бол, кул бол, ботояр, атаяр деген урук бөлүкчөлөрүн киргизет. С.Аттокуров[4] жогоруда аталган нойгут уруусунун курамын эч өзгөрүүсүз берип, бул урууну ичкилик тобуна кошпойт.

Санжырачы Турдубай Умар уулу[5] нойгут уруусунун курамына лагман, чери, бөжө деген уруктарды киргизет. Биздин изилдөөлөрдөн кийин нойгут уруусунун курамы төмөндөгү схемада көрсөтүлдү.

---

[1] *Абуль-Гази.* Родословное древо тюрков.-Казань,1906.-С.42-43
[2] Манас.-I-китеп.-Фрунзе,1978.-41,441-б.
[3] *Винников Я.Р.* Көрсөтүлгөн эмгек.-167-б.
[4] *Аттокуров С.* Көрсөтүлгөн эмгек.-173-б.
[5] *Турдубай Умар уулу.* Көрсөтүлгөн эмгек.-23-б.

*Схема 12.* Нойгут уруусунун генеалогиялык схемасы



## ОРГУ

Я.Р.Винников өзүнүн изилдөөлөрүнөн кийин оргу уруусунун курамына кирген төмөндөгүдөй уруктарды атайт: сары, чеборе, бай боре, манак, чаши, чабаче, челекче, ит кулы, көк чанак[1].

У.Гулматов[2] «Тактек баяны» аттуу китебинде оргу уруусунун божомолдуу бөлүнүшүн берет. Оргу баатырдан Кереге баатыр, андан Канчайиш. Канчайиш жамгыр, мырза найман (соголо), чапан, гөөзан деген төрт урукка бөлүнөт. Жамгыр: сары (каратай, шамурза, бай бөрү, чөө бөрү), көгөй, бөйрөк, мырзанайман: манак, сары, чөжө, алдаш, жөнөкөй манак деген майда урук бөлүкчөлөрүнөн турат.

Кызыл-Кыя шаарына караштуу Караван айылынын тургуну К.Пакыров Оргу уруусуна иткулу, чапан, бөлтүрүк уруктарын кошот. Ошондой эле Иткулуну: жээнбек казыначы, тилемчи бай, сапар мерген, чапанды: мырза чапан, бок жубар чапан, беш буудай чапан, бөлтүрүктү: саманчы, айбаш, чайбаш деген уруктарга бөлөт.

Оргу~оргун~оркун – орк + ун, индоевропа тилинде orka, οὐργοi, vrkan деген сөздөр «бөрү» деген маанини беришет[3]. Буга кошумча далил катары оргу уруусунун курамындагы Бай бөрү, Чөө бөрү, Ит кулу, Бөлтүрүк аттуу урук аталыштар мисал боло алат. Кыргыздар мекендеген Оркун дарыясынын аталышы да

---

[1] *Винников,*1956.-С.166
[2] *Гулматов У.* Тактек баяны.-Ош,2010.-14-15-б
[3] *Гамкрелидзе,*1984,Ч.2,492-493

«бөрүнү» туюнтат. Демек Оргу уруусу – Бөрү уруусу дегенди билдирет.

1953-1955-жылдардагы Кыргыз археология-этнографиялык экспедициясынын натыйжасында Я.Р.Винников Түштүк Кыргызстандагы Төөлөс уруусунун курамына бөлтүрүк уругун кошот[1]. Изилдөөлөрдүн натыйжасында кээ бир санжырачылар бөлтүрүк уругун Төөлөс уруусуна кошсо, башкалары аны Оргу уруусуна кошушат. Кызыл-Кыя шаарына караштуу Караван айылынын тургуну К.Пакыров бөлтүрүк уругун Оргу уруусуна кошот. Аталган айылда иткулу, чапан, бөлтүрүк уруктарынын өкүлдөрү турушат. Бул үч урукту бир тууган дешет, бирок санжырачылар алардын жалпы атасын таба алышкан жок. Я.Р.Винниковдун түзгөн схемасында иткулу жана чапан уруктары Оргу уруусунун курамында көрсөтүлгөн[2]. Ал эми бөлтүрүк уругу бул схемада чагылдырылбай, жогоруда айтылгандай Төөлөс уруусунун схемасында Айтамганын курамында көрсөтүлгөн. Жалпысынан алганда бөлтүрүк уругунун өкүлдөрү өздөрүн кайсыл урууга таандык экендигин так билишпеди.

«Бөлтүрүк» деп кыргыздар карышкырдын баласын айтат. Бөрү, карышкыр, гурт//курт, мөжөк//мачак, чоно//чино синонимдеш сөздөр. Борбордук Азияны мекендеген байыркы уруулар (хуннулар, түрк-монгол тилдүү уруулар) өздөрүнүн башатын бөрүдөн деп түшүнүү менен, ага касиеттүү күч катары сыйынышкандары маалым.

---

[1] *Винников Я.Р.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.136-181.-Рис.19.

[2] Ушул эле жерде

*Схема 13.* Оргу уруусунун генеалогиялык схемасы



## ТЕЙИТ

Тейит ичкилик тобуна кирген байыркы уруулардын бири.

Казак тарыхчысы М.Тынышпаевдин кабары боюнча тейит уруусунун түпкү дүмүрү VI кылымда түрктөр менен Орто Азияга келген. Чумугундар (Чумакей) менен тыгыз байланышат. Алар батыш түрк каганатынын ядросун түзгөн имиш. Кытайлардын, карлуктардын соккусу астында алар чачырап, бир бөлүгү Кашгарга, бир бөлүгү батышка кетишкен. Дал ошолордун насилдери доит-тейиттер, кара-кесектер болушу божомолдонот. Бул кабарда Тейит байыркы түрктөрдүн бир уруусу катары, ал гана түгүл кара тейиттердин казактардагы бир уругунун байыркы урааны «Доут-Тейит» экендиги баяндалат[1].

Тейит этноними алгач XVI кылымдагы С.Аксыкентинин «Тарыхтардын жыйнагы» аттуу эмгегинде өз алдынча уруу катары Булгачы (Ичкилик) тобунун курамында эскерилет[2].

Ошондой эле тейит уруусу «Манас» эпосунда тейит жана кара тейит формасында «Чоң казатка» катышкан уруулардын бири катары айтылат[3].

Тейит уруусунун келип чыгышы тууралуу суроого биринчилерден болуп Г.Е.Грумм-Гржимайло кайрылып, өзүнүн «Кыргыздар» деген макаласында мындай деп жазат: «...азыркы убакта ичкилик тобуна кирген, өтө көп сандагы тейит уруусу, VIII кылымдарда Түркстанда отурукташып калган, тай – чоң араб уруусунун калдыгы болушу мүмкүн». Андан ары мындай дейт:

---

[1] *Тынышпаев М.* Көрсөтүлгөн эмгек.-24-б.

[2] *Сайф ад-дин ибн Шах Аббас* Аксикенти. Көрсөтүлгөн эмгек.-65-б.

[3] Манас. II-китеп.-Фрунзе,1980.165,230-б.

«...өзүнүн курамына кызыл баш аттуу жаш сөөктү камтыган тейит уруусу, XVI кылымдан эрте эмес түзүлүп болуп, тяньшань кыргыздарынын курамына кириши мүмкүн»[1]. Г.Е.Грумм-Гржимайлонун мындай ою башка изилдөөчүлөр тарабынан колдоого алынбаган.

С.М.Абрамзон «тейит деген уруунун атын (кол жазмаларда «таит» түрүндө да жолугат) тайы (курмандык чалуу) этиши менен байланыштырып кароо керек»[2] дейт, ошондой эле «тейит менен уйгурдун урааны бир» дегендин негизинде, тейит уруусун уйгур менен жакындаштырып, аларды тектеш эл катары белгилейт[3]. Бирок Абрамзон бул суроого кийинки эмгектеринде кайрылган эмес.

Кыргыздардын уруулук курамы тууралуу белгилүү болгон маалыматтарда тейит уруусу ар дайым ичкилик тобуна кирген уруулар менен бирге айтылат. Мунун негизинде перс тарыхчысы Рашид-ад-Дин кабардаган маалымат кызыгууну жаратат. Мында найман уруусу менен тикин уруусу тектеш эл катары айтылат. Бул уруунун башчысы Кадыр-Буйрук, анын ээликтери найман, кереит хандарынын ээликтеринен чоң болуп, алардан даңктуу жана урматтуу болгон. Чынгызхан текин уруусун багынткандан кийин онгут уруусуна кошуп, өзүнүн уруусуна алардан кыздарды алып, ал уруудан онгут уруусуна да берип турган. Алардын кыздары сулуулугу жана сымбаттуулугу менен белгилүү болушкан[4]. Рашид-ад-Дин текин уруусун «ар биринин өз алдынча ханы жана уруу башчысы болгон түрк муундарына» кошот. Бул уруунун түрктөрдөн келип чыккандыгын анын «тикин» аталышы көрсөтүп турат, ал жалпыга белгилүү болгон байыркы түрк титулу «тегин» менен дал келишет.

Француз чыгыш таануучусу П.Пельо «тегин» титулун аварлардыкы дейт. Себеби «тегин» титулу алгач эфталиттердин титулу катары пайда болуп, VII кылымдардын аягында Борбордук

---

[1] *Грумм-Гржимайло Г.Е.* Киргизы//ИГГО.-Т.LXVI.-Вып.I.-М.,1934.-С.180-181

[2] *Абрамзон С.М.* К семантике киргизских этнонимов//СЭ.-№3.-1946.-С.131

[3] *Абрамзон С.М.* Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи.-Л.,1971.-С.43;ушул эле китеп.-Фрунзе,1990.-С. 54

[4] *Рашид-ад-Дин.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Т.I.-Кн.1.-139-140-б.

жана Орто Азиядагы түрк урууларынын ичинде кеңири таралган[1]. П.Пельо «тегин» терминин «тигин» деген сөздөн келип чыккан деп, «тегин» титулунун көптүк саны «тегит» болот деген жыйынтыкка келет[2].

Тарыхчы А.Мокеев П.Пельонун айткандарынын негизинде кыргыздын «тейит» этноними жогоруда аталган «тикин» (тикин>тегин>тегит>тейит) этнониминин көптүк мааниси болушу мүмкүн дейт. Ал өзүнүн бул оюн кыргыз тилиндеги үнсүз г жана к тамгалары кээде кыска үндүү й тамгасына өтөт деген эрежеге негиздейт. Мисалы: таг+ата=тайата, таг+аке=тайаке, ток+от=-тойут ж.б. Жогоруда келтирилген бул аргументтер «кыргыздын тейит уруусунун келип чыгышы байыркы түрк уруусу текин менен байланышкан, алар алтай кыргыздарынын курамына XIII кылымдан кеч эмес кирип, ошондон бери Ичкилик тобунун эң ири урууларынын бири болуп саналат» – деген бүтүмгө келет[3].

Тейит уруусунун аталышын байыркы даи уруусунун аталышы менен окшоштурсак болот. Алгач даилер «daha» (даха) формасында «Авестада» учурайт[4].

Дахаларды В.Гайгерден баштап көптөгөн изилдөөчүлөр грек булактарындагы даилер менен окшоштуруп, байланыштырышат[5].

Геродоттун мезгилинде даилер көчмөн уруулары болушкан[6]. Байыркы дүйнөнүн авторлору даилерди (даха) Орто Азия менен Ирандын ар кайсы жерлерине жайгаштырышат, бирок азыркы тарыхчылар аларды Түркмөнстандын (Мангышлак) территориясына жайгаштырышат[7].

---

[1] *Pelliot P.* L' origine de T'ou-Kue, nom Chinoi des Turcs//TP.-Paris,1915.-P.687-689; Pelliot P. Neuf notes sur des questions d'L'Asie Centrale//TP.-Vol.XXVI.-Paris,1929.-P.250; Kafesoğlu İ. Türk millî kültürü.-Istanbul,2006.-S.86

[2] *Pelliot P. et Hambis L.* Histoire des campagnes de Gengis Khan. Cheng-Wou Ts'in-Tcheng lou.-T.I.-Leiden,1951.-P.176

[3] *Мокеев А.* Кыргызы на Алтае и на Тянь-Шане.-Б.,2010.-С.113-116

[4] *Авеста,* Яшт,XIII,144

[5] *Geiger W.* Ostiranische kultur im Altertum.-Erlangen,1882.-S.200

[6] Геродот.-I,125

[7] *Дьяконов И.М.* История Мидии.-М.-Л.,1950.-С.267,382, прим.2

Даилердин Окс жана Каспий деңизинин аралыгында жашаган чоң уруу бирикмесинен келип чыккандыгы тууралуу күбөлөндүргөн маалыматтар бар[1], кийинчерээк алар Каспий деңизинин түштүк-чыгыш жээктерине көчүшкөн. Алар качандыр бир убакта сармат (сайрима) урууларына коңшу жашашкан, себеби сарматтар «Авестада» даха, художн арийя, тура уруулары менен жакын жашагандыгы эскерилет[2].

Даилердин байыркы өлкөсүн Страбон Каспий жана Арал деңиздеринин жогору (түндүк) жагына жайгаштырат. Страбон «Көпчүлүк скифтер, Каспий деңизинен баштап даи (Δάοι) деп аталышат. Алардан чыгышта жашаган урууларды массагет жана сак деп аташат»[3] деп жазат. Страбон боюнча даилер чоң уруу тобу болушкан, ага апарна (Απαρνοι), ксанфия (Ξάνιοι), жана писсур (Πίσ□οωροι) деген уруулар кирген. Апарналарды ксандий жана пария деп да аташкан[4].

Байыркы дахи~даи урууларын А.Марцелин «аландардын ата-бабалары болушкан» деп жазат, башкача айтканда, кийинчерээк тарыхта дахи~даилер алан деген этникалык аталыш менен белгилүү болушкан.

Тейит уруусунун аталышы төмөндөгүдөй келип чыгышы мүмкүн: дахи~даи~дай~тай~тей + ит (монгол тилинде көптүк мүчө) = тейит. Жогоруда келтирилген материалдарга таянсак, анда даха~даи уруулары кыргыздын тейит уруусунун этногенезинде чоң ролду ойногондугу көрүнүп турат. Буга далил катары: а) тейит уруусунун аталышы; б) тейит уруусунун курамындагы таканай, такаба этнонимдериндеги «така» деген бөлүгү «теке» деген сөздүн варианты, аба (оба) – «уруу, эл» дегенди билдирет. С.П.Толстов теке этнонимин даха этнониминин дериватасы деп санайт. Демек, С.П.Толстовго таянсак, таканай, такаба этнонимдери «теке уруусу, эли» же болбосо даха уруусун туюнтат; в) тейит уруусунун курамындагы алак уругунун аталышы алан этнониминин варианты болуп саналат, себеби түрк тилдерин-

---

[1] *Дьяконов М.М.* Очерки истории древнего Ирана.-М.,1961.-С.180

[2] *Алиев И.* История Мидии.-Т.I.-Баку,1960.-С.101,прим.7

[3] *Страбон.* География.-XI,VIII,2

[4] *Страбон.* Көрсөтүлгөн эмгек.-XI,IX,3

де н-к аффикстери бири-бирине өтүп айтыла берет. Ошондой эле тейит уруусунун курамындагы алапа, арык, асан жана сары урук аталыштары да тейит уруусун даи, сармат, алан уруулары менен байланыштырып турат.

1900-жылы Н.Ф.Ситняковский тейит уруусунун курамына: кара тейит, сары тейит, чал тейит, бай тейит, арык тейит, чоң тейит, уйгур тейит, жаман тейит, чапан тейит, айтемир тейит, токум тейит, чегитир тейит, чоң кыргыз деген уруктарды киргизип, тейит уруусун ичкиликтердин «оң канатына» кийирет[1].

Я.Р.Винников өзүнүн изилдөөлөрүнөн кийин тейит уруусунун курамына кирген төмөндөгүдөй уруктарды атайт: «кыдырша, чапан тейит, уйгур, сары тейит, токум-тейит, кара тейит, арык тейит, чал тейит, бай тейит[2].

Ушундай эле тейит уруусунун курамын С.Аттокуров[3] да берет.

Молло Ш.Карваний тейит этнонимин «тоййыб» (таза) деген мааниде түшүндүрүп, аны Надыршах дегенден таратат. «Надыршахтын тогуз уулу болот: 1. Оймат. 2. Баймухаммад. Андан Лакай. Лакайдан Калдык. 3. Ойрош. 4. Майруш, Майруштан Чапан тейит. Чапан тейиттен Жойчигинер. 5.Оңкелди. Оңкелдиден Өтүкчү жана Кочкор. 6. Күнтуумуш. Күнтуумуштан Чал тейит. 7. Каракач көнчү. Андан Кара тейит. 8. Катима Мухаммадкулу. Андан Арык тейит. 9. Кансатыбалды. Кансатыбалдыдан Сары тейит. Ушул тогуз уулдан тогуз уруу тейит таралган»[4] – дейт. Булардын ичинен бизге белгилүүлөрү Чапан тейит, Кочкор тейит, Чал тейит, Кара тейит, Арык тейит, Сары тейит.

Профессор Ш.Жапаров Лейлек районунда жашаган тейит уруусунун бай, куталы, чал, чапан деген уруктарын атап, бул уруулардын географиялык жайгашуусун көрсөтөт[5].

---

[1] *Ситняковский Н.Ф.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Т.II.-Вып.II.-57-58-б.

[2] *Винников Я.Р.* Көрсөтүлгөн эмгек.-165-б.

[3] *Аттокуров С.* Көрсөтүлгөн эмгек.-199-б.

[4] *Молло Шарап Карваний.* Көрсөтүлгөн эмгек.-19-б.

[5] *Жапаров Ш.* Лейлек районунун территориясындагы уруулардын бөлүнүшү// Алга, №121, 18.10.1967.4-б.; ушул эле автор. Лейлектеги кыргыз уруулары//Алга.03.04.1993.2-б

Санжырачы Т.Умар уулу тейит уруусунун курамын төмөндөгүдөй берет: «арык тейит, бай тейит, галча, кара тейит, кочкор тейит, кызыл баш, сары тейит, чал тейит, чапан тейит»[1] – деп тогуз урукту санайт. Ал эми С.Р.Саттаров тейит уруусунун курамын мындайча берет: «арык, бай тейит, баркы, баян, галча, зарип, кара тейит, кочкор тейит, кызыл баш, кашка, куталы, кутуке, нооруз, сары тейит, чал тейит, чапан тейит»[2].

Сырдарыялык тейиттерде төмөндөгүдөй уруктар катталган: ак чал тейит, бай тейит, жаман тейит, жуман тейит, кара тейит, кесек тейит, кыпчак тейит, найман тейит, сары тейит, уйгур тейит, хан тейит, чапан тейит ж. б. Ошондой эле бай тейит: арык, кутуке, кутаалы, абай-манак, кашка деген уруктардан туруп, булардын ичинен арык тейит улуусу болуп саналат. Аталган бай тейиттин беш уругуна эл арасында берилген мүнөздөмө бар. Ал мындай айтылат: «Кутукенин баласын мылтык берип зоого кой. Абай менен Манакты маңдайлашкан жоого кой. Кашкаларды чечилбес кара доого кой. Кутаалынын жигитин чалкалатып ашка кой, же болбосо чара менен башка кой». Тейиттер «сары тейитти» «чоң тейит» деп да аташат. Сырдарыялык кыргыздардын бул жакка келип калышы 200 жылдан 500 жылга чейинки убакытты ичине камтыйт[3].

«Сырдарыялык тейиттердин уруулук курамы Лейлек, Каратегиндик тейиттердин уруулук курамы менен дал келет» – деп жазат профессор Э.Ж.Маанаев[4].

Жогоруда келтирилген тейит уруусунун курамы негизинен Кыргызстандын Түштүгүндө жашаган тейит уруктарына тиешелүү. Эмесе, биз памирлик (Ооганстан жана КЭР) кыргыздардын ичиндеги тейит уруусунун курамын карап көрөлүк.

XIX кылымдын 90-жылдарында Памирге келген англис саякатчысы Л.Дунмор[5] ал жерде жашаган тейит уруусунун эки уругун атайт: кара тейит жана сары тейит.

---

[1] *Турдубай Умар уулу.* Көрсөтүлгөн эмгек.-23-б.

[2] *Саттаров С.Р.* Көрсөтүлгөн эмгек.-308-б.

[3] *Алымбаев А.* Үркөр, үркөр топ жылдыз//Бишкек шамы.-№171.-04.09.1990.3-б.

[4] *Маанаев Э.Ж.* Кыргызстандан сырткары жашаган кыргыздардын тарыхынан.-Фрунзе,1969. -15-б.

[5] *Lord Dunmore.* Көрсөтүлгөн эмгек.-113-122-б.

Американлык этнограф М.Н.Шахрани жана француз окумуштуусу Р.Дор памирлик кыргыздарды изилдешип, памирдеги тейит уруусунун генеалогиялык (уруулук) курамын беришкен[1].

Генерал Л.Г.Корнилов Кытайдагы (Чыгыш Түркистан) кыргыздардын тейит уруусу чал тейит, кара тейит, жаман тейит уруктарынан турарын көрсөтөт[2].

Кыргыз тарыхчысы, профессор А.А.Асанканов Чыгыш Түркстанда жашаган тейит уруусунун какыры, кара тейит: майда, чой, чогорок, отунчу, көчкөр (алапа), кыдырша, кочкор, чоок деген урук жана урук бөлүкчөлөрүн белгилейт[3].

М.Өмүрбай өзүнүн макаласында Кытайда жашаган тейит уруусунун курамына кирген кара тейит (кежир), сары тейит, чал тейит, майда тейит, кызыл баш тейит, кочкор тейит, кутан тейит, бөрү тейит, алапа тейит, согур тейит, тору тейит, күрдү тейит, куран же кыраан тейит, чоок тейит, кайышкак тейит, отунчу тейит, дүрбөөл тейит, сейитмат тейит деген уруктарды атайт[4].

С.М.Абрамзон тейит уруусунун курамындагы уйгур этноними жөнүндө мындай деп жазат: «Түштүк Кыргызстанда катталган уйгур этноними да кыргыздардын уйгурлар менен этникалык мамилелеринин чагылышы катары кызмат кылат. Көпчүлүк баяндамачылардын маалыматтары боюнча, уйгурлар – тейит уруусунун өз алдынча турган бөлүкчөсү. Башка бир маалыматтар боюнча, уйгур – ошол эле уруунун чал тейит бөлүкчөсүнүн же болбосо сары тейит бөлүкчөсүнүн бир бөлүгү. Ата-теги боюнча өзүлөрүн уйгур тобуна таандык кылгандар тейит уруусу менен жакын тектеш экендигин белгилешет: тейит менен уйгурдун урааны бир, башкача айтканда, тигилердин да, булардын да урааны бир. Уйгур тобу ошондой эле кыдырша, канды, кесек жана нойгут топтору менен теги бир деп кошум-

---

[1] *Shahrani M.* Nazif Mohib. Көрсөтүлгөн эмгек.-152-б.; Dor R. Contribution á lätude des Kirghih du Pamir Afgan.-Paris,1975

[2] *Корнилов Л.Г.* Көрсөтүлгөн эмгек.-235-236-б.

[3] *Асанканов А.А.* Көрсөтүлгөн эмгек.-140-б.

[4] *Макелек Өмүрбай.* Кытайлык кыргыздардагы тейит уруусу//Жолдошев С.Н., Токоев С.И. Тейитхандын урпактары.-Б.,2009.-78-б.

чалашат. Бирок анын буйга төөлөс менен да жакын тектештик байланышы бар экендигин билдирген далилдер да бар»[1]. Ушул себептен тейит уруусунун курамындагы уйгур урук бөлүкчөсүн тактоо зарыл.

Тейит уруусунун уруктарынын аталыштары менен каракалпак, коңурат, лакай, катаган, түркмөн уруктарынын параллелдери көп кездешет. Каракалпак жана тейит уруктарынын аталыштарынын параллелдери төмөндөгүдөй: айдарбек/айдар, асан/асан, гежекул/генжегул, есен/эсен, жаман/жаманаң, жансары/жансары, жумагул/жумагул, казакы/казак, кара/кара, кареке/караке, көрпө/көрпө, омыр/омур, сары/сары, сүйүндүк/сүйүндүк, тагай/тагай, туманай/туманай, туркмен/түркмөн, уйгыр/уйгур[2] ж.б.

Б.Х.Кармышева Түштүк Тажикстан менен Өзбекстандын райондорун изилдеп жатып, коңурат уруусунун курамынан айбаш, аррик, бакши, калча, казак, кал, калляр, кызыл баш, сарык, тагайбай, тентак, хожа, чагыр, чал, чууллак, лакай элинин ичинен мырзагул, алтымыш, казак, каратума, ноуруз, сакоо, чал, катагандардын арасынан сары, сакоо, дурмендерден казак аттуу уруктарды каттаган[3]. Жогоруда саналган уруктардын аталыштары кыргыздын тейит уруусунун уруктарынын аталыштарынын параллелдери болуп саналып, алардын каракалпак, коңурат, лакай, дурмен уруулары менен этникалык байланыштары бар экендин тастыктап турат.

Түркмөндөрдө гөклең, кызылбаш, сары, эрсары аттуу уруулар бар. Ошондой эле кыргыздын тейит уруусунун аттарынын параллелдери алак/алаша (сарык), арык/арык, арыктар (ата, ёмут, салыр, теке) бакшы/бакшы (ата, гөклең, сакар, салыр, сарык, теке), бүркүт/бүркүт (эрсары), казак/газак (гөклең,), күчүк/гүжүк (ёмут), эшен/ишан, ишанлар (ата, сакар), казы/казы, казылар (ата, нохурлы), кал/кал, калдар (ата, ёмут, сакар, сарык,

[1] *Абрамзон С.М.* Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи.-Фрунзе,1990.-С.54; ушул автор. Көрсөтүлгөн эмгек.-Б.,1999.-32-33-б.

[2] *Жданко Т.А.* Көрсөтүлгөн эмгек.-161,162,165,166-167-б.

[3] *Кармышева Б.Х.* Көрсөтүлгөн эмгек.-90-93,100,105-б.

теке, нохурлы), кожо/кожо (нохурлы), көсө/көсө, көсөлөр (ёмут, нохурлы), өгүз/өкүз (ата, ёмут), сары/сары, сарык, сарылы (алили, ёмут, теке, эрсары), туума/туумач (ёмут), чакыр/чакыр (алили, гөклең, эрсары), чал/чал (теке), чалыш/чалыш (гөклең, эр сары), жаманаң/чаманак (теке), чапан/чопан (алили) деген этнонимдер түркмөн урууларынын арасында кеңири кездешет[1]. Бул уруу аталыштары түркмөн уруулары менен тейит уруусунун этникалык байланыштарын чагылдырып турат.

Жогорудагы келтирилген материалдардын жана изилдөөлөрдүн негизинде кыргыздын тейит уруусу байыркы дахи~даи урууларынын бир бөлүкчөсү болгон даха~така (таканай, такаба), алан (алак, алапа) уруктарынан; байыркы хунн доорундагы гөклең, чумугун, чуе урууларынын бөлүкчөсү көкүл (гөклең), чуулдай, чой уруктарынан; алтай-түрк-уйгур-кыпчак урууларынын бөлүгү: арык, сары, уйгур, токсоба, жаманаң уруктарынан; түрк-монгол урууларынын бөлүгү:  байырку, баргут, бөрү, бука, кочкор, тумат уруктарынан; XV кылымдардагы чогорок, кызыл баш уругунан; Алтын Ордонун курамындагы уруулардын бөлүгү: дүрбөөл, отунчу  уруктарынан жана коңшулаш өзбек жана тажик элдеринин бөлүгү болгон гача, калча урук бөлүкчөлөрүнөн турары белгилүү болду.

Ошондой эле кыргыздын тейит уруусунун алтай, башкыр, бурят, казак, ногой, монгол, өзбек, түркмөн, уйгур, хакас элдеринин уруу-уруктары менен болгон параллелдери, этностук жана этногенездик байланыштары далилденди.

Тейит уруусунун курамын изилдөөлөрдүн натыйжасында төмөндөгүдөй катачылыктар табылды. Я.Р.Винников боюнча тейит уруусунун уйгур уругунун курамында калмак, гача, текрең, досек, казак, жору, байке урук бөлүкчөлөрү бар. Мында Я.Р.Винников тейит уруусунун уйгур уругунун курамына калмак, гача, текрең деген урук бөлүкчөлөрүн жаңылыш кошот[2]. Себеби калмак, гача төөлөс уруусунун толуман жана дүкөн

---

[1] Атаныязов С. Шежере...-248-281-б.

[2] Винников Я.Р. Көрсөтүлгөн эмгек.-165-б.-16-сүр.

уругунун курамындагы урук бөлүкчөлөр, ал эми текрең ушул эле схемада тейит уруусуна туура эмес киргизилген кыдырша уругунун урук бөлүкчөсү болуп саналат. Кыдырша ават уруусунун тогуз уругунун бири. Текрең урук бөлүкчөсүнөн тараган Канказбек, Кенжесары, Избасар ж.б. аталар төөлөс уруусунун айтамга уругунун аталары. Булар текреңге туура эмес кошулган. Изилдөөлөрдүн натыйжасында тейит уруусунун уйгур уругу байке, досек, жору, казак деген төрт урук бөлүкчөдөн турары такталды. Ошондой эле сары тейит уругунун курамында «уйгур тобу» бар экени маалым болду.

Я.Р.Винников каңды уруусунун курамына (схемасына) айтемир, каратума, култай деген тейит уруусунун уруктарын[1], ал эми тейит уруусунун кара козу урук бөлүкчөсүн «караказы» деген туура эмес аталыш менен төөлөс уруусунун курамына жаңылыш киргизген[2]. Аталган катачылыктар бул уруулардын жакын жайгашкандыгынан келип чыгышы мүмкүн.

«Лейлек тейит»[3], «Жинжиген»[4] деген урук аталыштар тейит уруусунун курамында жок болуп чыкты. Жин-Жиген жана Кичи-Жин-Жиген Баткен обулусунун, Кызыл-Кыя шаар башкармалыгына караштуу айыл аттары.

Изилдөөлөрдүн натыйжасында кыргыздын тейит уруусу арык тейит, кара тейит, сары тейит, бай тейит, уйгур тейит, чал тейит деген ири уруктардан турары маалым болду. Калган урук бөлүкчөлөр аталган негизги алты уруктан тарашат, анын негизинде биринчи жолу Кыргызстанда, Тажикстанда жана Өзбекстанда жашаган тейиттердин уруктук курамынын схемасы толукталып, жалпы генеалогиялык схемасы түзүлдү.

---

[1] *Винников Я.Р.* Көрсөтүлгөн эмгек.-161-б.-13-сүрөт

[2] *Винников Я.Р.* Көрсөтүлгөн эмгек.-168-б.-19-сүрөт

[3] *Каратаев О.К.* Кыргыз этнонимдер сөздүгү.-Б.,2003.-132-133-б.

[4] *Аттокуров С.* Көрсөтүлгөн эмгек.-199-б.; Каратаев О.К. Көрсөтүлгөн эмгек.-74-б.

*Схема 14.* Тейит уруусунун генеалогиялык схемасы



## ТӨӨЛӨС

*«Оң да өзүм, сол да өзүм.*
*Оңго, солго, тең көзүм».*
Эл сөзү

*«Төөлөс төрүн бербейт,*
*өлсө көрүн бербейт».*
Эл сөзү

Кыргыздардын этникалык топторунун ичинен эң байыркылардын бири болгон төөлөс уруусу өзгөчө орунду ээлеп, белгилүү болгон кыргыз уруу-урук структурасы боюнча ичкилик тобуна таандык.

Төөлөс уруусунун келип чыгышын изилдөөчүлөр байыркы динлин жана теле уруулары менен байланыштырышат. Динлиндердин көпчүлүк бөлүгү б. з. ч. III–II кылымдарда Байкал көлүнөн түштүгүрөөк жана батыш тарабындагы чоң райондордо жашашкан да, хунндук союздун составына кирген.

Биздин эранын башында хунндардын ички саясий күрөштөрүнүн күчөшүнөн улам Динлиндер түштүккө, учурдагы батыш Кытайдагы провинциялар Ганьсу менен Хэбэйдин аймагына орун которушкан. Жергиликтүү жашоочулар аларды динчжуолук, чжуньшандык жана бэйдинлик динлиндер деп аташкан. Экинчи негизги бөлүгү МНРдин территориясында кала беришкен да, кытайлардын байыркы айтылышы боюнча теклэ (тенле), цилэ жана тэлэ деп аталышкан. Кийинчерээк кытай тарыхчылары этнонимдин түркчө аталышын тагыраак мүнөздөө үчүн теле деп жаза башташкан[1]. Ал эми динлиндер өздөрүн башында

[1] Сыхай. -Шанхай, 1979.-С.10

туглук, андан кийин тура деп аташкан[1]. Байыркы заманда тура уруулары жашаган өлкө Туран деп аталган.

Кыргыздын төөлөс уруусу алгач «дөөлөс» формасында XVI кылымдагы Сайф ад-Дин Аксикентинин «Тарыхтардын жыйнагы» аттуу эмгегинде өз алдынча уруу катары Булгачы (ичкилик) тобуна кирген алты уруунун бири катары эскерилет[2].

1763–1770-жылдарда жазылган кытай булагы «Сиюй Чжи»-де 西域志 төөлөс уруусун то-го-со-хо-лэ (түштүк) кыргыздарына кошот. Ошондой эле «Кокондон 3-5 күндүк жерде, толуу өрөөндөрдө бурут (кыргыз) уруусу төөлөстөрдүн конуштары жайгашкан» деген маалыматтар кездешет[3].

Ч.Ч.Валиханов[4] «Кыргыздар жөнүндө кат» деген эмгегинде төөлөс уруусун ичкилик урууларына таандык кылат.

Чыгыш таануучу, генерал-майор А.Ф.Костенко өзүнүн «Алай жана Памирге болгон аскерий-илимий экспедиция» аттуу эмгегинде 20 негизги ичкилик урууларынын катарында тулус (төөлөс – Н.Т.) уруусун белгилейт[5].

Полковник Н.Ф.Ситняковский[6] ферганалык кыргыздарды отуз-уул жана ичкилик деп эки топко бөлөт. Ошондой эле ичкилик тобун «оң» жана «сол» деп бөлүп, төөлөс уруусун «сол» канат ичкиликке киргизет. Н.Ф.Ситняковский төөлөс уруусунун айтамга, коштамга, карагайлуу (кара койлуу – Н.Т.), нуркут (муркут – Н.Т.), кара тегинчи, агачке (ак эчки – Н.Т.), меркит уруктарын атайт.

А.Сыдыков өз эмгегинде тюелес (төөлөс – Н.Т.) уруусун ичкилик тобуна кошуп, анын додоң, толман, докан (дүкөн), кенже тукум, меркет (меркит), меркут (муркут) уруктарын атап, алар

---

[1] *Чэнь Хуа, Го Пинлян, Ван Чжилай.* Краткая история Синьцзяна.-Т.I.-Урумчи,1984.-С.141

[2] *Сайф ад-дин ибн Шах Аббас Аксикенти.* Көрсөтүлгөн эмгек.-65-б.

[3] Материалы по истории кыргызов и Кыргызстана...-Т. II.-201,205-б.

[4] *Валиханов Ч.Ч.* Собрание сочинений в пяти томах.-Т.II.-Алма-Ата,1985.-С.45. Ал төөлөс уруусунун аталышын туяляс деп берген.

[5] *Костенко Л.Ф.* Көрсөтүлгөн эмгек.-372-б.

[6] *Ситняковский Н.Ф.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Т.II.-Вып.I.-92-100-б.;-Т.II.-Вып.II.-57-58-б.

Ош округунун Өзгөн жана Ичкилик волосторунда турушат деп жазат[1].

Я.Р.Винников 1953–1954-жылдары Түштүк Кыргызстанда жүргүзүлгөн кыргыз урууларын изилдөө экспедициясынын материалдарына таянып, ичкилик тобун оң жана сол канатка бөлөт. Ал төөлөс уруусун оң канатка киргизип, анын жашаган жерин белгилеп, этникалык картага түшүрөт.

Түштүк Кыргызстандагы Төөлөс уруусунун курамы Я.Р. Винников боюнча төмөндөгүдөй: Төөлөс уруусу экиге бөлүнөт: «Айтамга жана коштамга. Айтамгадан: буйга, дукун (дүкөн – Н.Т.), толуман, кенже тукум, додон, кураш; буйгадан: кошкара (кашкары – Н.Т.), чала, байке, карынчы, калдар; коштамгадан: шорон, герей, муркут, меркит, бөлтүрүк, качканак, шапандар; шорондон: кысроо, буралар, жору; герейден: арыкбай, даркы, кочкор, торутай, токтамат; торутайдан: караказы, алашан; муркуттан: чулетатыр, андан каратегенчи, кенже тукум; меркиттен: чулебатыр»[2].

С.М.Абрамзон «төөлөс» этнонимин «дөөлөс» формасында берет. Ал «дөөлөс уруусу өзгөчө көңүл бурууга татыктуу, анткени анын аталышы (мүмкүн түпкү теги да) алтайлык уруулардын тобу менен байланышы бар экени шексиз» деп, төөлөс уруусун алтайлык төөлөс уруулары менен байланыштырат.

Ал Түндүк Кыргызстандагы төөлөс уруусунун курамын төмөндөгүдөй берет: «Төөлөстөн – толуман, андан: карасакал (акжол), барат, ак эчки, чулум кашка, кызыл аяк, кызыл курт, керейит; карасакалдан: карагул, жаманкул, жаан бала, сарт; чулум кашкадан: замбул, булбул, абышка, кармыш; замбулдан: мендеке, андан кудайкулу, жаный, олжотой; булбулдан: сатыке, алыйлар; абышкадан: итбок, тагай, казанбак, чыгырык; жаныйдан: кудаш, барак; кудаштан: жолуке, байболот; бароктан: бакшан, жоруп; бакшандан: майна, андан абыл, түлкү, шергазы, чүң-

---

[1] *Сыдыков А.* Көрсөтүлгөн эмгек.-293-295-б.;-Б.,1992.-95,106-107-б.

[2] *Винников Я. Р.* Көрсөтүлгөн эмгек.-166-б.-19-сүрөт.

көй, эсенгул, кебек, токоч; абыл менен түлкүнүн тукумдарын он жети үй дешет, жоруптан эмил»[1].

Кыргыз тарыхчысы Б.Жамгырчинов[2] кыргыз элинин 40 уруудан түзүлүшүн колдоп, аны «эски» уруулар деп атап, аттарын тизмелеп берип, ичкилик урууларын «оң» жана «сол» деген эки чоң топко бөлүп, акыркысына төөлөс уруусун кийирет.

С.Аттокуров[3] өзүнүн «Кыргыз санжырасы» аттуу эмгегинде Я.Р.Винников менен С.М.Абрамзон түзгөн төөлөс уруусунун генеалогиялык схемаларын бириктирип, бул схемага жаңылык катары Алангар жана Көлөнгөр деген этнонимдерди киргизет. Ошону менен катар Я.Р.Винников жана С.М.Абрамзон кетирген каталарды автоматтык түрдө кайталайт.

Төөлөс уруусунан чыккан молло Шарап Карваний[4] төөлөс уруусун ичкилик тобунун оң канатына кийирет. Ал «Төөлөс калкы ичкиликтердеги чоң уруулардын бири» – деп, анын меркит, муркут, керайит, шорон, айтамга, додоң уруктарын санайт жана муркут уругу экиге бөлүнөт: бир бөлүгү Боролдой деп, анын алты топко бөлүнөрүн айтат.

Төөлөс уруусунун азыркы (Төөлөс айыл округу) отурукташкан жерине качан келгендиги тууралуу төмөндөгү маалыматтарды берет: «Төөлөс уруусунун башка жерден көчүп келгендигине, ушул жерде эл-журт болуп туруп калгандарына божомол менен 400 (төрт жүз) жылча убакыт өтсө керек. Муркут жана Меркит экөө ага-ини болгон экен. Булар мурда Самарканддан ары, Нур-Ата деген жайда жашашкан. Жүлгө[5] топурагына илгери баарынан мурда Айтамга, Толмандардын бабалары келген экен. Булар Абшыр сай, Көк-Жар сай, Жылгын сай, Жинжиген сай, Жабылуу ата аттуу жерлерди ээлешкен. Айтамгалардан ки-

---

[1] *Абрамзон С.М.* Этнический состав киргизского населения...-С.83-84.-Рис.23. Структура племени дөөлөс; ушул автор. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы...-714-715-б.

[2] *Джамгерчинов Б.* Присоединение Киргизии к России.-М.,1959.-С.23-26

[3] *Аттокуров С.* Көрсөтүлгөн эмгек.-204-б.

[4] *Молло Шарап Карваний.* Көрсөтүлгөн эмгек.-25-27-б.

[5] Азыркы Төөлөс айыл өкмөтүнүн территориясы

йин керайит, шорон келген. Алардын артынан муркуттун бабасы Мухаммадамин бий көчүп келген. Анда аларга Кубатбектин жогорураагындагы чукур келген лейлек кушу уялаган, токойлуу жерлерди көрсөтүп беришкен. Муркуттун бир бөлүгү, Ноокаттагы Ойталга көчүп кеткен. Ошол жерде отурушкан. Азыркы күндө ал жерде Муркут дөбө деген дөбө бар. Меркит-муркуттун тамгалары «кош тамга» экен. Ошондуктан, буларга «кош тамга» деген наам коюлган» – деп жазат.

Т.Умар уулу төөлөс уруусун ичкилик (кызыл уул) тобуна киргизип, анын кызыл аяк, көк аяк, төлмон, чулум, кудаш, байболот, жолуке, ажы, абышка, жаный, барак, кудайкул аттуу уруктарын атайт[1].

С.Жаңыбай уулу[2] төөлөс уруусун кыргыздын Сол канатына киргизет. Ал мындай деп жазат: «Куу уулдан эки бала: кушбак, куунак. Куунактан эки уул төрөлөт: канды, төөлөс». Төөлөс уруусунун курамын Т.Умардыкындай эле берет.

Э.Төрөкан уулу[3] төөлөс этнонимин «дөөлөс» деп берип, төөлөс уруусунун келип чыгышы тууралуу бир нече вариант уламыштарды келтирилет. Ошондой эле төөлөс уруусунун курамы, жашаган жерлерин көрсөтүп, Кыргызстандын түндүгүндөгү төөлөс уруктарынын генеалогиялык схемасын берет.

«Манас» эпосунда жана ошондой эле «кырк уруу кыргыздын» тизмесинде да төөлөс уруусу айтылат[4].

Памирде жашаган төөлөс уруусу кесек уруусунун курамында көрсөтүлгөн, ошондой эле сары тейит уругунун курамына кирген дүрбөөл төөлөс уруусунун уругу болуп саналат[5].

Кытайлык кыргыз тарыхчысы Анвар Байтур «теле уруу бирикмесин» «төөлөс уруу бирикмеси» – деп жазат[6].

---

[1] *Турдубай Умар уулу.* Көрсөтүлгөн эмгек.-22-24-б.

[2] *Сапарбай Жаңыбай уулу.* Көрсөтүлгөн эмгек.-16,18-19-б.

[3] *Эсенкул Төрөкан уулу.* Сол канат кыргыз.-3-чү китеп.-Б.,1995.-153-157,165-172-б.

[4] Манас. -Т. II. -Фрунзе, 1980. -94-б (С. Орозбаковдун варианты боюнча)

[5] *Жолдошев С.Н., Токоев С.И.* Көрсөтүлгөн эмгек. -89-б.

[6] *Анвар Байтур.* Кыргыз тарыхы. -I-китеп. Б.,1992.-75-б.

Орус генералы Л.Г.Корнилов[1] төөлөс уруусун найман жана кыпчак уруулары менен бирдикте 170 түтүн болуп, Янги-Гиссар уездинин Кызыл-Таг бектигинде жашарын белгилейт.

Профессор А.А.Асанканов Чыгыш Түркстанда жашаган төөлөс уруусу жөнүндө төмөндөгүдөй маалыматтарды берет: «Тарбагатайдын Дүрбөлжүн районунун Чынмий, Чадыжы, Калажын, Эки-Суу, Оркошар айылдарында керей (төөлөс) уруусу кыргыздын мундуз, найман, баарын, сарыбагыш, сарт, саяк уруулары менен чогуу жашашат.

Ал эми Тарбагатайдын батыш бөлүгүндөгү Илиниде (Текес) жашаган кыргыздын ичинде да төөлөс уруусу бар.

Ак-Суу аймагынын Жаман-Суу районунун Боз-Дөң айылындагы кыргыздардын 70%ын төөлөс уруусу түзөт. Бул жердеги төөлөстөр өздөрүн Чулум кашканын урпактары катары санашып, Анжиян тараптан келгенбиз дешет. Аталган айылда төөлөстөрдөн башка бугу, моңолдор, сарбагыш, саяк, черик уруулары да турушат, бирок алар 30%ын гана түзүшөт.

Үч-Турпан районунун (Какшаал) Жаман-Суу айылында да төөлөс уруусунун өкүлдөрү жашашат. Аталган айылда төөлөстөрдөн башка бугу, жоош, коңурат, кушчу, моңолдор, мундуз, саруу, черик уруулары да турушат, бирок айылда төөлөс жана черик уруулары басымдуулук кылышат.

Ошондой эле Куча оазисинин Шая деген жеринде төөлөс уруусунан чыккан кыргыздар жашашат деген маалыматтар бар»[2].

Азыркы убакта төөлөс уруусунун өкүлдөрү Баткен, Жалал-Абат, Нарын, Ош, Чүй, Ысык-Көл облустарынын айылдарында турушат. Төөлөс уруусунун жана анын уруктарынын аталыштары Ош облусу, Ноокат районунда Төөлөс айыл өкмөтүнүн, Герей-Шорон, Меркит, Муркут, Нарай айылдарынын, Өзгөн районунун Төөлөс айылынын, Чүй облусу, Ысык-Ата районунда Барат айылынын аталыштарында сакталып калган.

---

[1] *Корнилов Л.Г.* Көрсөтүлгөн эмгек.-235-б. Корнилов төөлөс уруусун аталышын тойлясь деп берет.

[2] *Асанканов А.А.* Көрсөтүлгөн эмгек.-134-135,138-140-б.

Төөлөс этноними байыркы «ди» же «дили» урууларынын аталышынан пайда болушу мүмкүн. Буга мисал катары төөлөстөрдүн ичинде төмөндөгүдөй уламыш бар: «Жер жаралгандан бери кандайдыр бир эл болуптур, алар акырындап жок боло башташат. Бул элден жети уруу калат – жети-сары, төөлөс...» Уламыштарга таянсак, алтайлыктар урууларга бөлүнүп жатканда, жети бир тууган кечигип калып, сөөк жетпей калат. Аталган жети бир тууган таз болгондуктан буларды «жети таз» деп аташат. Г.Н.Потанин «төөлөстөрдүн чыныгы аты «джиты тас» (титас)»[1] – дейт. Бул жерде сөздүн уңгусу «ди» (ди+тас), аталган уңгу сөз «ди», «дили» этнонимдерин чагылдырып турат. «Ди», «дили» уруулары кийин теле деп аталат. Ал эми теле этнониминин көптүк саны (с) аффиксинин жардамы менен телес этноними пайда болгондугун биз жогоруда айтып кеткенбиз.

«Төөлөс» этноними «төр» же «төрө» деген сөздөн келип чыгышы мүмкүн. «Төр» же «төрө» термини «бийик, тоонун чокусу, боз үйдүн ичиндеги ардактуу же сыйлуу орун, уруу башчы» деген маанилерди берет, ошондой эле бул терминдер менен Саян-Алтай аймагындагы жашаган динлиндерди аташкан. Өзүңүздөргө белгилүү болгондой, төөлөстөрдүн ата-бабалары дили урууларынан болушкан. Төлөстөр ак сөөк уруу экендигин көптөгөн изилдөөчүлөр белгилеген[2]. Ага далил катары төөлөс уруусу жөнүндө эл арасында мындай лакаб сөздөр бар: «Төөлөс төрүн бербейт, өлсө көрүн бербейт», «Төөлөстүн кыздары ханыша болуп саналат»[3], «Төөлөс жаман атка минбейт, жаман катын албайт», «Төөлөстөн өткөн асыл урук жок, төөдөн өткөн ыйык мал жок».

«Төөлөс» этноними «төө» деген сөздөн келип чыгышы да мүмкүн. Төөлөс жана төө терминдери дайыма фонетикалык

---

[1] *Потанин Г.Н.* Очерки Северо-Западной Монголии.-Вып.IV.-СПб.,1883.-С.9

[2] *Калачев А.* Поездка к теленгитам на Алтай//ЖС.-Вып.III-IV.-СПб.,1896; Потапов Л.П. Алтайские телесы в этническом отношении//Проблемы происхождения и этнической истории тюркских народов Сибири.-Томск,1987.-С.53-71

[3] Төлөстүн аялдары жана кыздары эркектери согушта жүргөндө калган элди башкарышкан.

жактан уйкаш, бул бекеринен эмес. Ал төмөндөгүдөй уламышта чагылдырылган: биринчи уламышта «үч бир тууган атасынын мурасын бөлүп жатканда төөлөстүн ата-бабасы Төөлөскө ашыкча төө тийип калат». Элдик этимологиянын семантикасы боюнча төөлөс деген «төөлөрү бар» дегенди билдирет[1]. Экинчи уламышта «абдан кыйынчылык убакта төөлөстөр төөнүн жардамы менен аман калышат». Бул уламыш төөлөстөрдүн этногезин көрсөтүү менен бирге, төөлөстөрдүн ата-бабаларынын Борбордук Азиянын талаа мейкиндигинде үстөмдүк орунду ээлешип, төөлөрдү өстүрүшүп, аларды тотем катары тутушкан[2]. Буга далил катары төөлөс уруусунун айтамга жана шорон уруктарындагы буура (төө) деген урук бөлүкчөсүнүн болушу бекеринен эместир.

Демек, төөлөс этнониминин мааниси «ак сөөк, төрө, башчы, башкаруучу» деген маанилерди билдирет.

Төөлөс этноними этнотопоним катары Сузак жана Өзгөн райондоруна караштуу Төөлөс айылдарынын, Ноокат районунун Төөлөс айыл округунун аталыштарында сакталып калган.

Ошондой эле төөлөс уруусунун курамына кирген айтамга, меркит, муркут, толуман, додоң, керейит, шорон этнонимдеринин аталыштары Ноокат районуна караштуу Айтамга, Меркит, Муркут, Толуман, Додоң жана Керей-Шорон деген айыл аттарына – этнотопоним болуп айланган.

Изилдөөлөрдүн негизинде кыргыздын Төөлөс уруусу 5 (беш) чоң уруктан турары белгилүү болду. Алар: Ай тамга, Меркит, Муркут, Герейит, Шорон. Булар өз учурунда 2 (эки) чоң топко бөлүнүшөт: «Ай тамга» жана «Кош тамга» деп. «Кош тамга» тобуна Меркит, Муркут, Герейит, Шорон уруктары кирет. Герейит уругунан Нарай урук бөлүкчөсү тарагандыгы маалым болду.

---

[1] Наречия тюркских племен, живущих в Южной Сибири и Джунгарской степи// Образцы народной литературы, отд.1, /Сост. В.В.Радлов/.-СПб.,1886.-С.183-184

[2] *Ямаева Е.Е.* Көрсөтүлгөн эмгек.-20-б.

Көпчүлүк санжыраларда Нарай уругу жөнүндө эч кандай маалыматтар айтылбайт. Бул урукту Я. Р. Винников найман уруусунун курамына жаңылыш кошкон[1]. Ошондой эле нарай урук бөлүкчөсүн санжырачылар «Нарай  Найман бир тууган» дешип, Найман уруусунун курамына кошушкан. Изилдөөлөрдүн натыйжасында Нарай уругу Төөлөс уруусунун уругу болуп чыкты. Нарай уругунун өкүлдөрү «Кош тамга» уруктары менен бирге, жакын жашагандыктан, ошондой эле алардын санжырачыларынын маалыматтарына таянып, биз Нарай уругун «Кош тамга» тобуна коштук.

Ал эми «Ай тамгага» Ай тамга кирип, өз кезегинде Айтамга, Толуман, Додоң, Дүкөн, Кенжетукум деген уруктарга бөлүнүп, «беш топ» «Ай тамга» тобун түзүшөт.

Төөлөс уруусунун курамына кирген уруктардын этнонимдик параллелдери алтай, башкыр, казак, лакай, монгол, ногой, өзбек, тува, түркмөн, хакас элдеринде кеңири кездешет. Ал эми төөлөс этноними бир гана кыргыз жана алтай элдеринде гана кездешет.

«Арык бою герейит», «какыр герейит», «арык бою котурак», «чүңкөй котурак», «Кум-Арыкчы котурак», «буйга айтамга», «буйга дүкөн», «Каратегинчи» деген аталыштар, этноним эмес, бул жер аттарына байланышкан географиялык аталыштар болуп саналат.

1900-жылы Н. Ф. Ситняковский[2]  оштук төөлөстөрдүн курамында «ак эчки» уругун каттаган. 1953-1955-жылдардагы Кыргыз археолого-этнографиялык экспедиция убагында С.М. Абрамзон жана Я.Р.Винниковдор оштук төөлөстөрдүн курамынан «ак эчки» уругун жолуктура алышкан эмес[3], бирок С.М.Абрамзон «ак эчки» уругун ысык-көлдүк төөлөстөрдүн курамынан

---

[1] Кара: *Винников Я. Р.* Родо-племенной состав и расселение киргизов...С. 164. Рис. 15. Структура родо-племенного деления группы найман

[2] Кара: *Ситняковский Н. Ф.* Перечисление некоторых родов киргиз, обитавших в восточной части Ферганской области//Известия Туркестанского отдела Русского географического общества. Выпуск 1. Т. II.  Ташкент, 1900.

[3] *Абрамзон С. М.* Этнический состав киргизского населения...С. 84; ушул эле автор.  Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы...715-бет

тапкан. Биздин изилдөөлөрдүн натыйжасында төөлөс уруусунун курамында эчки урук бөлүмү такталды, ал өз кезегинде ак эчки, кара эчки жана сары эчки деген майда урук бөлүкчөлөрүнө бөлүнөрү белгилүү болду. Төөлөс уруусунун «ак эчки» уругунун өкүлдөрү Ош облусунун Өзгөн районунун Кашка-Терек, Куршаб, Кызыл-Кырман жана Жалал-Абад облусунун Сузак районунун Ачы (Чангет) айылдарында турушат. Ошондой эле информаторлордун маалыматтарына караганда Өзбекстандын Анжиян облусунда «Ак эчки» аттуу айыл бар экендиги маалым болду. Аталган айылдардагы «ак эчки» уругунун өкүлдөрү өздөрүнүн ата-бабалары ошол Өзбекстандагы Ак эчки айылынан ушул жерлерге көчүп келгендигин айтышат.

Мындан сырткары изилдөөлөрдүн натыйжасында төөлөс уруусунун курамына кирген «аксылык», «ак мурут», «кара койлуу» аттуу урук бирикмелери, ошондой эле төөлөстөрдүн санжырасындагы Толумандын тогуз уулунун бири, Керкашканын урпактары азыркы убакта Жалал-Абад облусуна караштуу Тогуз-Торо районунун борбору Казарман айылында турушары белгилүү болду. Ал жерде алар Керкашканын кыскартылган варианты «Кашка» уругу деп аталышат.

Эгерде биз Я. Р. Винниковдун 1953-1955-жылдардагы Кыргыз археология-этнографиялык экспедициясынын натыйжасында түзүлгөн Түштүк Кыргызстандагы төөлөс уруусунун уруу-уруктук схемасына[1] көңүл бурсак, анда ал жерде көптөгөн катачылыктар бар.

Бул схемада Винников төөлөс уруусунун бөлүнүшүн ката көрсөтөт. Ал Айтамгадан Дүкөндү жана Буйганы чыгарат. Өз кезегинде Дүкөндөн Толман, Кенжетукум, Додоң, Кураш урук бирикмелерин, ал эми Буйгадан Кошкара, Чала, Байке, Карынчы, Калдар урук бирикмелерин чыгарат.

Буйга деген урук жок, ал жердин аты, б.а. географиялык аталыш. Кошкара бул Кашкарынын ката жазылышы. Кашкары

[1] *Винников Я. Р.* Родо-племенной состав и расселение киргизов...С.166. Рис. 19. Структура родо-племенного деления группы төөлөс.

меркит, муркут, толман уруктарынын курамындагы майда урук бирикменин аталышы. Байке бул тейит уруусундагы уйгур уругунун урук бөлүкчөсү. Карынчы дүкөн уругунун курамындагы майда урук. Калдар (кəлдар) додоң, дүкөн, кенжетукум, муркут, шорон уруктарынын курамындагы майда урук тобунун аталышы.

Я.Р.Винников төөлөс уруусунун курамына бөлтүрүк уругун кошот[1], изилдөөлөрдүн натыйжасында Бөлтүрүк уругу оргу уруусуна тиешелүү урук болуп чыкты.

Ал эми Герейиттин курамына Торутай менен Токтоматты туура эмес кошот. Ушул эле жерде Торутайдан Караказы менен Алашанды чыгарат. Караказы – тейит, алашан – канды урууларынын курамындагы уруктар болуп саналат. Торутай менен Токтомат булар Шорон уругунун курамындагы майда уруктар. Торутай бул Алайматтын лакап аты.

Ошондой эле Я.Р.Винников Муркуттан Чулетатырды, андан Каратегинчи, Кенжетукумду чыгарат. «Каратегинчи» бул этноним эмес, бул «айтамга» уругунун өкүлдөрү, Каратегинге көчүп барып, ал жакта жашап, кайта өз жерине келгенден кийин берилген ат. Бул аталышты Я.Р.Винников туура эмес төөлөс уруусунун схемасына киргизген. Кенжетукум этноними муркут уругунун курамында жок. Бул этноним «Айтамга» уругунун курамында.

Схемада Я.Р.Винников Шорон уругунан түз эле Бууранын чыгырган. Буура бул Шоронго кирген Кысыроонун майда бир тобу.

Я.Р.Винников тейит уруусунун уйгур уругунун курамына калмак, гача, текрең деген урук бөлүкчөлөрүн туура эмес кошот[2]. Себеби калмак, гача төөлөс уруусунун толуман жана дүкөн уругунун курамындагы урук бөлүкчөлөр, Текрең урук бөлүкчөсүнөн тараган Канказбек, Кенжесары, Избасар ж.б. аталар

[1] Ушул эле жерде.

[2] *Винников Я. Р.* Родоплеменной состав и расселение киргизов...С.165. Рис. 16. Структура родоплеменного деления группы тейит.

төөлөс уруусунун айтамга уругунун аталары. Булар текреңге туура эмес кошулган.

Эми биз С.М.Абрамзондун 1953-1955-жылдардагы Кыргыз археология-этнографиялык экспедициясынын натыйжасында түзүлгөн Түндүк Кыргызстандагы төөлөс уруусунун уруу-уруктук схемасына[1] көңүл бурсак, анда ал жерде да катачылыктар жок эмес.

Аталган схема боюнча Дөөлөстөн (Төөлөстөн) – Толуман, андан Карасакал, Барат, Ак эчки, Чулумкашка, Кызыл аяк, Кызыл курт, Керейит. Балким Абрамзон информаторлордун берген маалыматтарынын натыйжасында төмөндөгүдөй каталактарды кетиргендир. Себеби ысык-көлдүк санжырачылар жана информаторлор, көл аймагында жашаган бардык төөлөс уруусунун өкүлдөрүн Толумандан же болбосо Чулумкашкадан тараган дей беришет, бирок ал андай эмес. Бул жерде көрсөтүлгөн «ак эчки» урук бөлүкчөсү төөлөс уруусунун курамындагы Меркит уругунуна кирген урук бөлүкчө. Ошондой эле Керейит же Герейит, бул «Кош тамга» тобуна кирген ири урук. Ысык-Көл областы, Жети-Өгүз районунда жашап жаткан керейиттер өздөрүн кайсы керейиттен чыгарын унутканына байланыштуу, биз аларга шарттуу түрдө «көлдүк керейит» деген ат берип, жалпы керейиттердин схемасына киргиздик.

Ал эми схемадагы «Он жети үй» майда урук аталышы бул шарттуу гана аталыш. Изилдөөлөрдүн натыйжасында «Он жети үй» майда урук аталышы бул «айтамга» уругунун курамындагы «Кошеке» анын ичинен Бийчоконун урпактары экендиги далилденди. Биз С.М.Абрамзон түзгөн схемадагы төөлөс уруусунун курамындагы кызыл аяк, кызыл курт уруктарын төөлөстөрдүн арасынан кездештире албадык. Демек, аталган уруктар С.М.Абрамзон өзү айткандай[2], төөлөс уруусунун курамына кирбегендиги такталды.

---

[1] *Абрамзон С. М.* Этнический состав киргизского населения...С. 84; ушул эле автор. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы...715-б.

[2] *Абрамзон С. М.* Этнический состав киргизского населения...С. 86; ушул эле автор. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы...717-бет

Ал эми кыргыз тарыхчысы С. Аттокуров өзүнүн «Кыргыз санжырасы» аттуу эмгегинде Я.Р.Винников менен С.М.Абрамзон кетирген каталарды автоматтуу түрдө кайталайт.

Санжырачы жана информаторлордун маалыматтарын, ошондой эле топтолгон материалдарды анализдеп, анын негизинде биринчи жолу Түштүк жана Түндүк Кыргызстанда жашаган төөлөстөрдүн уруктук курамынын схемасы оңдолуп, толукталып, жалпы түзүлдү.

Схема 15. Төөлөс уруусунун генеологиялык схемасы



# ИЧКИЛИК ТОБУНУН ТОТЕМДИК ЖАНА ТҮСТҮК БЕЛГИЛЕРИ

Кыргыз урууларынын ар биринин тотемдик белгилери бар. Кыргыздын Оң канатынын тотеми – багыш/бугу, Сол канатыныкы – бука/уй, ал эми Ичкиликтики – бөрү/ит болуп саналат.

Бөрү/ит тукуму – сактоочу, коргоочу, күч-кубаттын, чыдамдуулуктун символу, жоокердик тотем. Орто кылымдагы кыргыз аскеринин тотеми – Кызыл ит (Барс) болгондугу жөнүндө кытай булактарында айтылат. Кыргыздар «ит тукумуна»: арстанды – «ак ит», «жүндүү ит» – барак, «чоң ит»; жолборсту жана илбирсти – «кызыл ит», «сары ит»; кабыланды – «кара ит», «көк ит»; бөрүнү – «көк ит», «көк жал», карышкыр» деп киргизишкен. Бөрүнүн баласынан башка баарынын балдарын «күчүк», карышкырдыкын «бөлтүрүк» деп аташкан.

Түрк каганатынын курамына кирген төөлөс уруулары – бөрүнүн тукумдары болушкан[1]. Түрк каганы А-шина ушул төөлөс урууларынын жардамы менен улуу мамлекет түзүп, төөлөс (түрк) урууларынын атын алып, өздөрүн жана мамлекетин Түрк аты менен атаган. Ал жөнүндө «алар төөлөс урууларынын күчү менен «түндүктүн талааларында» көптөгөн эрдиктерди жаратышты»[2] – деп кытай булактарында жазылган.

Туранды бийлеген хандар Күн хандан тараган. Күн хандын Геродот жазган аты – Колоксай. Колоксай хан катары дайым кызыл кийинип жүргөн. Бул түстү ыйык түс катары кечеги күнгө чейин кыпчактар сактап келди. Ал эми ичкилик ордосунун хандары жана атактуу кол башчылары дал ушул уруудан чыкканы санжыраларда, дастандарда айтылып келет.

Тарыхый булактарда «кермихион» деген перс аталышта түрк уруусу кездешет. Кермихион термини эки бөлүктөн ту-

[1] «Түрк» деген сөз «бөрү, карышкыр» дегенди билдирет.

[2] Бичурин Н.Я. Көрсөтүлгөн эмгек.-Ч.I.-Отд.1.-СПб.,1851.-С.373-374;-Ч.I.-М.-Л.,1950.-С.301

рат: керми/херми/ерми + хион, керми «кызыл», перс. «хион», индо-евр. «khuon», байыркы кыт. «k'iwen», кидан., монг. «kion» «ит, дөбөт» дегенди билдирет. Демек кермихион деген «кызыл-ит» деген маанини берип, бул уруунун тотемдик атын билгизет. Булардын кийип жүргөн баш кийимдери, соот-шаймандары жана желеги кызыл болгондуктан «кызыл» деген атка ээ болушкан[1].

Ичкиликтердин өз аты – «сколоттор» – «падыша скифтер» экенин Геродот жазып калтырган. Скифтер жөнүндө эң алгачкы эскерүүлөр б.з.ч. VI кылымдын 70-жылдарында падыша Ассарходондун ассириялык жазууларында кездешет[2]. Аларды байыркы еврейлер «ашгуз», гректер Σκυθαι «скифтер», перстер «сака», кытайлыктар «саи» же «саи-ванг», ассириялыктар «аш-гу-за-ай», вавилондуктар «иш-гу-зай» деп жазышкан жана айтышкан[3]. Ашгуз же ишгуз деген «иш-огуз» же «ич-огуз» деген сөз[4]. Ал эми «ичкилик» деген «ич-огуз» дегендин бир варианты.

Жогоруда айтылган сколот термини түрк тилинде ыскы~с-ко-ло-т деп бөлүнөт. Сколо бул скыты~скыт~скит[5] ~скиф~скуз деп чечмеленип, «ич-гуз» ~ «ич-огуз» деген маанини берет.

Байыркы кытай жылнаамасы «Шан-хай-цзинде» төмөндөгүдөй уламыш бар: «Кытайдан түндүк батышта улуу чөлдө Жун-фу-шан деген тоо бар. Ал тоодон Шун-шуй дарыясы агып чыгат. Кээде ушул дарыянын аталышынан Жун-фу-шан тоосу Шун-шан деп да аталат. Ушул аталган жерлерде Цюан-жун (ит-жундар) деген эл жашайт. Булардын келип чыгышын

---

[1] *Marquart J.* Historische Glossen zu dem Alttürkischen Inschriften//Wiener Zeitschrift für die Kunde des Morgenlandes.-Bd.XI.1898.-P.196-197; Bailey H.W. Hārahūṇa/Asiatica. Festschrift F.Weller.-Leipzig,1954.-P.13-14

[2] *Гасанов З.* Царские скифы.-Нью-Йорк,2002.-С.25

[3] *Алексеев С.В., Инков А.А.* Скифы: исчезнувшие владыки степей.-М.,2010. -С.34; З.Гасанов. Көрсөтүлгөн эмгек.-С.124; Ilhami Durmuş. Iskitler (Sakalar).-Ankara,1993.-S.26; Дьяконов И.М. История Мидии.-М.-Л.,1956.С.242-243;

[4] *Книга моего деда Коркута.*-С.15,31,35; Сулейменов О. Аз и Я.-Алма-Ата,1975.-С.269

[5] *Мизиев И.М.* Шаги к истокам этнической истории Центрального Кавказа.-Нальчик,1986.-С.48

төмөндөгүдөй түшүндүрүшөт. Император Хуан-диден (б. з. ч. 2697–2597-жж.) Мяо-лун, андан Жун-у. Жун-удан Бяо-мин, андан Бай-цюачя (ак ит). Иттерден экөө болгон: дөбөтү жана ургаачысы, булардан Цюан-жундар (ит-жун) келип чыгат. Алар эт менен тамактанышып «кызыл» болушкан»[1].

Бул уламышта Чи-ди (кызыл-ди) уруусунун алгачкы мааниси жатат. «Чи-ди негизи байыркы ит уруусунун урпактары, ди 狄 иероглифи «ит» дегенди түшүндүрөт»[2].

Демек, теле урууларынын ата-бабалары болгон Чи-ди – кызыл-ди уруусунун аталышы кыргызча «кызыл-ит» деген маанини берип, тотемдик атты билдирет.

Ичкилик урууларынын аталыштары негизинен анын тотеми болгон «бөрү»/«ит» маанисин түшүндүрөт. Мисалы: Бостон этноними бос+тон деген эки бөлүктөн турат. Анын биринчиси «боз же бос» деген түстүк маанини берсе, экинчиси тон, тери деген мааниде, боз тери. Мында адам кийген боз тон эмес, бул жерде тотемдик маани жатат. Бостон деген бул боз бөрү же карышкыр деген түшүнүктү берет. Бөрү дайым боз түстө эмеспи. Бостон этнониминин этимологиясы «боз же көк бөрү» деген түшүнүктү берет»[3].

Кaңды уруусунун курамындагы акбарак, жун, итбок, түркмөн аттуу урук аталыштары да жогорудагы маанини түшүндүрөт.

Кесек этнонимин ке(с)+сак деп карасак, анда ал «сак» элинин бир кесиндиси дегенди билдирет. Перс тилинде «сак» – «сакчы, ит» дегенди туюнтат.

Ал эми кыпчак урууларынын башкы тотеми боз бөрү болгон. Мисалы, бөрү уруусунан чыккан половец ханы Боняк венгрлер менен согушар алдында, түн жарымында талаага чыгып улуйт,

---

[1] *Поздеев Д.* Көрсөтүлгөн эмгек.-2-б.

[2] Ушул жерде. -3-б.

[3] *Сулейменов О.* Көрсөтүлгөн эмгек.-55-б.; Гордлевский В.А. Что такое «босый волк»?//Известия АН СССР. Отделение литературы и языка.-Т.VI.-Вып.4.-М.1947.-С.320

аны коштоп карышкырлар да улушат. Муну жакшы белги катары кабыл алышат. Ал бөрүлөргө кыпчак уруусунун өкүлдөрү катары кайрылат, себеби кыпчактардын ата-бабалары бөрүлөр болушкан[1]. Анжияндык кыпчактар аялдын төрөтүн жеңилдетиш үчүн, төрөп жаткан аялга кургатылган бөрүнүн жүрөгүнөн бир үзүм беришкен[2].

Найман – «нейма» монгол тилинде – «сегиз» («сакз»). XII-XIII кылымдарда «сакз» аттуу түрк уруулары белгилүү болушкан[3]. Сак + з түрк тилинде з/с көптүк мүчөнү билдирет, демек «сак» – «ит», ал эми «сакз» – көптүк мааниде. Ошондой эле алтайлык уламыштар боюнча найман сөөгү өздөрүнүн ата-бабалары катары итти эсептешкен[4].

Нойгут~ногой~нохой монг. тилинде «ит» деген маанини берет[5].

Оргу~оргун~оркун = орк + ун, индоевропа тилинде orka, οὐργoi, vrkan деген сөздөр «бөрү» деген маанини беришет[6]. Буга кошумча далил катары оргу уруусунун курамындагы Байбөрү, Чөөбөрү, Бөлтүрүк аттуу урук аталыштар мисал боло алат. Кыргыздар мекендеген Оркун дарыясынын аталышы да «бөрүнү» туюнтат. Демек «оргу» – «бөрү».

Тейит этноними – дахи~даи~дай дегенден келип чыгат, Δάοι (даи) грек тилинде «бөрү» деген маанини берет[7].

Төөлөс уламышы боюнча бөрүдөн келип чыккан, демек «бөрү». Буга кошумча далил катары төөлөс уруусунун курамындагы Барак, Избасар, Иттыйбас, Итбок, Итэмген аттуу урук аталыштар мисал боло алат.

---

[1] *Ахинжанов С.М.* Көрсөтүлгөн эмгек.-279-б.

[2] *Потапов Л.П.* Волк в старинных народных поверьях и приметах узбеков// КСИЭ.-№30.-1958.-С.138

[3] *Акеров Т.* Көрсөтүлгөн эмгек.-183-б.

[4] *Ямаева Е.Е.* Көрсөтүлгөн эмгек.-17-18-б.

[5] *Поппе Н.Н.* Монгольский словарь Мукаддимат ал-адаб.-Ч.I-II.-М.-Л., 1938.-С.259

[6] *Гамкрелидзе Т.В., Иванов В.В.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Ч.2.-С.492-493

[7] *Гамкрелидзе Т. В., Иванов В.В.* Индоевропейский язык и индоевропейцы.-Кн. II.-Тбилиси, 1984.-С.495

Ичкилик тобунун түстүк символикасы – кызыл түс. Бул түс Ичкилик тобунун өзүнүн – Кызыл уул деген аталышында жатат. А.К.Акишев «Кызыл – Күндүн жана Алтындын, социалдык элиталардын кийиминин жана белгисинин түсү»[1] – дейт. Кызыл түстөгү кийимдерди хандар, вазирлер, кол башчылар кийишкендиги бардыгына маалым. Ал эми ичкилик урууларынын желегинин түсү кызыл экендигин Махмуд Кашгарлык да жазып кеткен[2].

Демек Ичкилик тобунун жалпы тотеми бөрү/ит (барс), түстүк сиволикасы «кызыл» түс.

---

[1] *Акишев А.* Искусство и мифология саков.-Алма-Ата,1984.-С.127-145

[2] *Короглы Х.Г.* Из истории древнетюркской поэзии//Средневековый Восток.-М.,1980.-С.162

# ИЧКИЛИК ТОБУНУН ТАМГАЛАРЫ ЖАНА УРААНДАРЫ

«Уруулук эн тамгаларды тотем сыяктуу эле уруу-уруктарды, этникалык топторду бирин экинчисинен айырмалоочу белгилер катары кызмат кылган этникалык мүнөздөгү маанилүү булак катары карасак болот»[1] – деп жазат түркмөн этнографы С.Атаниязов.

Ар бир кыргыз уруусунун өз тамгасы жана урааны болгондугу тарыхый булактарда жана санжыраларда айтылат. Ал тамга алгач малдарга басылып, белгилүү мааниге ээ болгон. Кийинчерээк тамга ошол уруудун өздүк тамгасына айланышы мүмкүн. Уруулардын жалпы жонунан бир тамгасы болгон менен, ички урук бөлүнүшүндө өзүнчө белгилери – тамгалары да болгон.

Кыргыз урууларынын эн тамгаларын алгач илимий чөйрөгө сунуштаган С.М.Абрамзон болгон. Ал негизинен Кыргызстандын түндүгүндө жашаган кыргыз урууларынын эн тамгалары эле[2]. Түштүк Кыргызстандагы кыргыз урууларын изилдеген Я.Р.Винников бул уруулардын эн тамгаларын өз эмгегинде берген эмес[3].

Төмөндө кыргыздын ичкилик урууларынын тамгалары биздин изилдөөлөрдүн негизинде такталды (Тиркеме 1. Таблица 3).

*Абат уруусунун тамгасы*

С.Саттаров[4] абат уруусунун тамгасы жөнүндө мындай маалыматтарды берет: «Абат тамгасы –  (ача тамга) бийиктиктин, улуулуктун, айкындыктын белгиси. Абат тамгасы кылымдар бою калыптанып, өнүгүп туюнтмага айланган. Абат туюнтмасы[5] (свастика) – абат тамгасынын (ача) төртөөнөн

[1] *Атаниязов С.* Словарь туркменских этнонимов.-Ашха¬бад,1988.-С.29

[2] *Абрамзон С.М.* Этнический состав киргизского населения Северной Киргизии//ТКАЭЭ.-Т.IV.-М.,1960.-С.99-104

[3] *Винников Я.Р.* Родоплеменной состав и расселение киргизов на территории Южной Киргизии//ТКАЭЭ.-Т.I.-М.,1956.-С.136-181

[4] Ушул эле жерде,-19-20-б.

[5] Абат туюнтмасы абат уруусунун өкүлдөрү туруктуу жашаган жерлердеги таштарга чегилген жазууларда кошо берилген (Лейлек районундагы Өзгөрүш капчыгайындагы орто кылымдардагы жазуу)

бириктирип түзүлгөн. Тогуз уруктун түбөлүк биримдигин түшүндүрөт.

Ача тамганы – └┬┘ абат уруусунан башка кыргыздын адигине, багыш, баарын, сарбагыш уруулары алып жүрүшөт.

*Кыдырша уруусунун* эн тамгасы «босого тамга» – П (С.М.Абрамзон боюнча)[1].

*Каңды уруусунун тамгалары*

Санжыраларда каңды уруусунун эн тамгаларынан «орок тамга», «үч ок тамга», чырак тамга» деген аталыштар айтылып келет. Тарыхчы О.Каратаев аталган тамгаларды Эне-Сай чөлкөмүндө табылган жазуулардагы Е 127 тамгасы жана хакастардын курамындагы хыргыс уруусунун тамгасы менен окшоштурат[2].

Ногойлордун[3] курамындагы канглылардын тамгасы «алип тамга» – | , башкырлардагы[4] канлылардын тамгасы – |, казактардын курамындагы кангы-лылардын тамгасы «косеу тамга» – |, каракалпак каңлы тамгасы[5] «алип тамга» – | , өзбектердин[6] курамындагы канглы уруусунун тамгасы «алип тамга» – |.

Демек, канглы уруусунун жалпы тамгасы «көсөө тамга» – |, ал эми кыргыздын каңды уруусунун азыркы убакта «орок тамга» – , «үч ок тамга» – ⋜ жана «чырык тамга» – Λ̇ сакталып калган.

*Кесек уруусунун тамгалары*

Азыркы убакта кыргыздын кесек уруусунун үч тамгасы сакталып калган. Биринчиси кесек уруусунун жалпы эн тамгасы «босого тамга» – П, кээ бир булактарды аны эшик, капка, үй-тамга жана журт-тамга деп да аташат. Кесек уруусунун уруктарынын да тамгалары болгон, тилекке каршы алар жоголгон,

---

[1] *Абрамзон С.М.* Көрсөтүлгөн эмгек.-104-б.

[2] *Каратаев О.К.* Кыргыздардын этномаданий байланыштарынын тарыхынан.-Б.2003.-103,117,125,194-б

[3] *Керейтов Р.Х.* Этническая история ногайцев.-Ставрополь,1999.-С.38

[4] *Кузеев Р.Г.* Происхождение башкирского народа. Этнический состав, историческое расселение.-М.,1974.-С.370

[5] *Жданко Т.А.* Очерки исторической этнографии каракалпаков.-М.-Л.,1950.-С.45

[6] *Шаниязов К.Ш.* К этнической истории узбекского народа.-Ташкент, 1974.-С.151-152

бирок кесек уруусунун курамына кирген кара саадак урук бөлүкчөсүнүн тамгасы –  «кара саадак тамга»[1] жана чуулдак уругунун –  «жебе» тамгалары сакталып калган.

Орус аалымы С.Е.Малов «босого тамга» жөнүндө мындай деп жазат: «Босого тамга» бул татаал фигура жана түрк урууларынын арасынан сейрек кездешет. Ал эми орхон алфавитинин тамгаларынын арасынан «босого тамга» кездешпейт»[2]. «Босого тамгасын» Алтын Ордонун ак сөөк мырзалары, казактын «султандары», коңурат, керей (герей) уруулары алып жүрүшкөн. Ошондой эле кыргыздын саруу, кесек, коңурат, кыдырша уруулары, ал эми ават, адигине, багыш, баарын, сарбагыш уруулары анын вариантын азыркы убакка чейин сактап алып жүрүшөт.

Башкыр окумуштуусу Р.Г.Кузеев «босого тамганын» таралышын XIII кылымда Алтын Ордого коңурат жана кереит урууларынын келиши менен байланыштырып, ал жерден алар түрктөшкөндөн кийин Орто Азиянын жана Чыгыш Европанын элдеринин курамына кирип ал тамганы кошо ала келишкен»[3] – дейт.

Кесек уруусунун тамгалары менен Түштүк Чыгыш башкырлардын манас (монаш), бошман-кыпчак, суун-кыпчак, санкем-кыпчак, карагай-кыпчак урууларынын, Түндүк Чыгыш башкырлардын ай, дуван, кудей, мырзалар, дуван-табын урууларынын, Түштүк Батыш башкырлардын миң (суби, кубоу, саралы, уршак) уруусунун, Түндүк Батыш гайна, гэрэ, дуван, каршин, кыргыз жана уран урууларынын тамгалары окшош[4].

Кесек уруусунун тамгалары менен ак ногойлордун курамындагы коньырат, орак, шаббаз-мырза, доьрмен, балта-мырза уруктарынын, кара ногойлордун курамындагы къыпшакъ куьп, Кубань ногойлорунун санлыбай, доьрмен, калмык, ындрали,

---

[1] *Абрамзон С.М.* Көрсөтүлгөн эмгек.-104-б.

[2] *Малов С.Е.* Памятники древнетюркской писменности.-М.-Л.,1951.-С.17; Соколов Д.Н. О башкирских тамгах//ТОУАК.-Т.XIII.-Оренбург,1904. Приложение таблица башкирских тамг

[3] *Кузеев Р.Г.* Көрсөтүлгөн эмгек.-180-181-б.

[4] *Кузеев Р.Г.* Көрсөтүлгөн эмгек.-189,192,291-292,297,313-314,373-б.

там, коньырат, суншали, абаз, коькай, кобаншы, абиш, туган уруктарынын, ошондой эле Санглибаев, Дюрменов, Калмыков, Индралиев, Тома, Кумратов, Сулчалиев, Абазов, Кукаев, Кубанов, Абишев, Туганов, Мамбетов, Матакаев, Бекжанов, Пшнатов, Жантемиров, Мижиев жана Картуков фамилияларын алып жүргөн ногойлордун, Румыниядагы ногойлордун кантар уругунун тамгалары окшош[1].

Кесек уруусунун тамгалары менен алтайлыктардын курамындагы иркит, мундус, төөдөш, кергил, кыпчак, хакастардын курамындагы ак хыргыс, белтир, каргин, сагай, сарыг, чыстар, шалошин, хасха, харга, тувалыктардын эхемаа сөөктөрүнүн эн тамгалары[2], казак элинин курамындагы коңурат уруусунун тамгасы[3], казактын курамындагы кара-кесек уругунун тамгасы (А.И.Добросмыслов боюнча), алимулуна кирген төрт-кара деген уруктун курамындагы кара-кесек бөлүкчөсүнүн тамгасы[4], лакайлардын «босого тамгасы»[5], Эне-Сай чөлкөмүндө табылган Е14 тамгасы кесектин кара саадак урук бөлүкчөсүнүн тамгасына –  окшош[6].

Нарын облусунун Кочкор районуна караштуу Кара-Суу айылына жакын Бөйрөк-Булак, Көк-Сай, Төө-Карын деген жерлерден табылган таш эстеликтерде рун тамгалары менен жазылган «Эр атым Адык, Он Ок», «Эр атым Он Ок Кутлуг», «Эр аты Кесик» деген жазуулар кездешет, ал жазуулардын жанындагы уруулук тамгалар –  [7], кесек уруусунун тамгаларына –  ,  окшош.

---

[1] *Керейтов Р.Х.* Көрсөтүлгөн эмгек.-102,105,118-127-б.; Баскаков Н.А. Көрсөтүлгөн эмгек.-С.133,134,139

[2] *Каратаев О.К.* Кыргыздардын этномаданий байланыштарынын тарыхынан.-Б.,2003.-31,174,185,194-195,199,203-207-б

[3] *Востров В.В., Муканов М.С.* Родоплеменной состав и расселение казахов.-Алма-Ата, 1968.-С.77

[4] *Аристов Н.А.* Труды по истории и этническому составу тюркских племен.-Б.,2003.-С.202

[5] *Каратаев О.К.* Көрсөтүлгөн эмгек.-43-б

[6] Ушул эле жерде,-103-б

[7] *Табалдиев К., Белек К.* Памятники письменности на камне Кыргызстана.-Б., 2008.-С.53,54,75

Ошондой эле Кыргызстандын Алай, Кочкор, Ысык-Көл аймактарынан табылган белги-тамгаларга[1] кесек уруусунун тамгаларына –  окшош.

*Кыпчак уруусунун тамгалары*

Кыргыздын кыпчак уруусунун эн тамгасы С.М.Абрамзон[2] боюнча «кыпчак тамга» – + . Ногойлордун (ак жана кара ногой) курамындагы кыпчактардын (кыпшак) тамгасы[3] «кош тамга» – ||, крым татар[4], башкыр[5] жана казактардын курамындагы кыпчактардын тамгасы «кош алип» – ||, мындан сырткары көрсөтүлгөн тамганын мындай //, =, \\ варианттары кездешет. Каракалпак кыпчактарынын (кыпшак) тамгасы[6] «алип тамга» – |, өзбектердин[7] курамындагы кыпчак уруусунун тамгасы «кош алип тамга» – ||, ал эми алтайлык кыпчактардын тамгасы – +, бул тамга кыргыз кыпчактарынын тамгасы менен окшош, ошондой эле алтайлык кыпчактардын ичиндеги уруктардын ар биринин өзүнчө тамгалары бар –  [8].

*Найман уруусунун тамгалары*

Кыргыздын найман уруусунун эн тамгасы «чөмүч тамга» – V.

Ногойлордун ичиндеги найман уруусунун ичинде негизинен төмөндөгү тамгалар таралган:  – «тарак же хан тамга», **T** – «шугуш (балка) тамга», **Y** – баганайлы (бакан) тамга, **+** – «кирес тамга». Ногойлук наймандар менен казактын курамындагы найман уруусунун тамгалары окшош келет[9].

Казактын Орто Жүзүнүн курамындагы найман уруусу терс

---

[1] Ушул эле жерде.-С.5

[2] *Абрамзон С.М.* Көрсөтүлгөн эмгек.-104-б.

[3] *Керейтов Р.Х.* Көрсөтүлгөн эмгек.-31-б.

[4] *Навширванов З.Ш.* Предварительные заметки о племенном составе тюркских народностей, пребывавших на юге России и в Крыму//ИТОИАЭ.-Т.3.-Симферополь, 1929.-С.83

[5] *Кузеев Р.Г.* Көрсөтүлгөн эмгек.-173-б.

[6] *Жданко Т.А.* Көрсөтүлгөн эмгек.-45-б.

[7] *Шаниязов К.Ш.* Көрсөтүлгөн эмгек.-151-152-б.

[8] *Ямаева Е.Е.* Родовые тамги алтайских тюрок (XIX – XX вв.).-Горно-Алтайск, 2004.-С.29

[9] *Керейтов Р.Х.* Көрсөтүлгөн эмгек.-48-49-б.

тамгалы, сары жомарт жана толегетай деген үч чоң уруктарга бөлүнүшөт. Терс тамгалылардын тамгасы жана , сары жомарт уругунун урпактары , эргенек тамганын атынан эргенекты найман деп аталып калышкан. Эргенекты найман уругунун дагы бир тамгасы – ай. Кээ бир найман уруктарынын аталыштары тамганын маанисинен келип чыккан. Баганалы уругунун тамгасы «бакан» – , , (Н.И.Гродеков боюнча), , (М.Тынышпаев боюнча), , , (С.А.Аманжолов боюнча). Балталы уругунуку «балта тамга» – жана . Башка найман уруктары кара керей – , матай – , садыр – тамгаларга ээ болушкан, бирок казактын Орто Жүзүндөгү найман уруусунун жалпы тамгасы – болгон[1]. Ал эми алтайлык наймандардын ичиндеги уруктардын ар биринин өзүнчө тамгалары бар – .[2]

Бостон уруусунун тамгасы «бөрү тамга» – , нойгут уруусунун тамгасы «жаа тамга» – , оргу уруусунун тамгасы «күн тамга» – .

*Тейит уруусунун тамгалары:* кез эн – , кумурска эн, көзөө эн – , топчу эн – , чапма эн, сырга эн – , тилик эн, жагалмай эн – же сыяктуулар болгон.

Төөлөс уруусунун эн тамгалары[3]: «ай тамга» – жана «кош тамга» – . Төөлөс этноними кыргыздарда, алтайлыктарда жана тувалыктарда сакталып калган. Алтайлык төөлөстөрдө –  тамгалары сакталып калган[4].

Жогоруда келтирилген материалдар кыргыздын ичкилик урууларынын тамгалары негизинен алтай, башкыр, казак, ногой, тува ж.б. элдер менен параллель болуп, бул уруулардын аталган элдер менен болгон этностук жана этногенездик жалпылыктарын тастыктап турат.

[1] *Востров В.В., Муканов М.С.* Көрсөтүлгөн эмгек.-65-66-б.
[2] *Ямаева Е.Е.* Көрсөтүлгөн эмгек.-29-32-б.
[3] *Абрамзон С.М.* Көрсөтүлгөн эмгек-104-б.
[4] *Ямаева Е.Е.* Көрсөтүлгөн эмгек.-22-23-б.

# ИЧКИЛИК УРУУЛАР ЖАШАГАН АЙМАКТАР

## Абат

Абат уруусу адалакы, ботожанат, гүжөөн, жой, кыдырша, токмок, могол, уста, чолой деген чоң уруктардан турат. Лейлек районунда абаттын адалакы, ботожанат, уста, чолой жана аз санда гүжөөн, могол уруктары жашашат. Ал эми абаттын жой, кыдырша, токмок уруктары Баткен районунун айылдарында абаттын калган уруктары менен чогуу турушат. Ошондой эле абат уруусунун өкүлдөрү Кыргызстандын башка райондорунда жана ага коңшулаш республикаларда жашашат.

Лейлек районунун Кулунду, Катыраң айылында адалакы, ботожанат, уста, чолой уруктары; Өзгөрүш айылында адалакы, ботожанат, могол, уста, чолой уруктары; Ак-Арык айылында адалакы, ботожанат, могол, уста, чолой уруктары; ошондой эле абат уруусунун өкулдөрү Достук, Жаштык, Интернационал, Кара-Суу, Лейлек айылдарында, Исфана жана Сүлүктү шаарларында турушат.

## Бостон

Бостон уруусу Баткен облусунун Кадамжай районунун Ак-Турпак жана Бирлик айыл аймактарында, Айдаркен, Жаңы-Коргон, Жал, Жоошук, Кичи-Айдеркен, Кызыл-Коргон, Моло, Орозбеков (Охна), Ормош, Өтүкчү, Сары-Камыш, Сырт, Тутек, Эшме айылдарында жашашат.

Жалал-Абат облусунун Ноокен районунун Бостон, Ош облусунун Өзгөн районунун Бостон айылдарында турушат.

## Каңды

Кыргыздын каңды уруусунун өкүлдөрү Жалал-Абад облусунун Ала-Бука районунун Сары-Талаа (130 түтүн), Тельман (20 түтүн), Көк-Серек (60 түтүн), Кашкалак айылдарында каң-

ды уругунун өкүлдөрү турушат. Ал эми Аксы районунун Кара-Жыгач айыл аймагынын Тор-Камыш, Кызыл-Туу айыл аймагынын Кызыл-Туу айылдарында сары кaңды уругунун өкүлдөрү жашашат. Базар-Коргон районунун Бешик-Жон айыл аймагынын Бай-Мундуз (25 түтүн) жана Жон (10 түтүн) айылдарында каранай кaңды уругунун өкүлдөрү турушат. Алар өздөрүн Кара-Дарыялык каранай кaңдылар менен тууганбыз дешет.

Сузак районунун Кара-Дарыя айыл аймагынын Арал (каранай – 140 түтүн, алашан – 45 түтүн, сары кaңды – 40 түтүн), Барпы айыл аймагынын Кaңды (чырак тамга – 200 түтүн, каранай), Кыр-Жол (чырак тамга – 15 түтүн, сары кaңды – 4 түтүн), Маркай (каранай) айылдарында турушат.

Ош облусунун Араван районунун Төө-Моюн айыл аймагынын Ак-Шар (борбаш – 10 түтүн), Эркесары айыл аймагынын Какыр (алашан – 12 түтүн) айылдарында жашашат.

Кара-Суу районунун Ак-Таш айыл аймагынын Жылкелди (Когошун-Талаа) айылында сары кaңды уругунун, ал эми Жаңы-Арык айылында каранай кaңды уругунун өкүлдөрү турушат.

Өзгөн районунун Мырза-Аке айыл аймагынын Мырза-Аке (25 түтүн), Кандыба (15 түтүн) айылдарында чырак тамгалар турушат, Семиз-Көл, Көлдүк айылдарында да аз санда кaңды уруусунун урпактары бар.

Кара-Кулжа районунун Кара-Кочкор айыл аймагынын Кара-Кочкор (30 түтүн) айылында сары кaңды уругунун Райынан тарагандар турушат.

Ноокат районунун Бел айыл аймагынын Бел-Өрүк (алашан – 400 түтүн), Кайырагач (алашан – 80 түтүн, уйлар – 80 түтүн, каранай – 70 түтүн, түркмөн кaңды – 50 түтүн, сары кaңды – 15 түтүн, кaңды – 18 түтүн), Зулпуев атындагы айыл аймагынын Кашкалдак (алашан – 20 түтүн), Көк-Жар айыл аймагынын Алашан (алашан – 300 түтүн), Ак-Өтөк (алашан – 40 түтүн), Борбаш (борбаш), Дедекбүбү (сары кaңды – 20 түтүн) Жийде (алашан – 300 түтүн, түркмөн кaңды – 100 түтүн) Каранай (каранай – 600 түтүн), Көк-Жар, Сарыкaңды (сары кaңды – 300 түтүн, көк

карга – 120 түтүн) айылдарында, Кыргыз-Ата айыл аймагынын Тельман (сары каңды – 70 түтүн) айылында жашашат.

Баткен облусунун Кадамжай районунун Кадамжай шаарчасында (каранай, сары каңды), Халмион айыл аймагынын Таш-Дөбө (чырак тамга), Ноогардан (түркмөн каңды (сабалак), Чечелик (сары каңды – 350 түтүн, каранай – 25 түтүн), Бүргөндү айыл аймагынын Өрүкзар (сары каңды – 40 түтүн) айылдарында жашашат.

Баткен районунун Чоң-Кара (сары каңды – 30 түтүн), Кара-Бак айыл аймагынын Дөбө (30 түтүн), Чет-Кызыл (50 түтүн), Кара-Бак айылдарында сары каңды уругунун Ниязынан таралгандар турушат. Алар өздөрүн Ноокат районун Көк-Жар айыл аймагынын Сарыкаңды айылындагы сары каңдылар менен байланыштырышат.

Лейлек районунун Баул, Самат, Кулунду айылдарында түркмөн каңды, борбаш, сары каңды уруктарынын өкүлдөрү жашашат.

Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районунун Боз-Бешик (2 түтүн), Кызыл-Суу (5 түтүн), Светлая Поляна (2 түтүн) жана Чоң-Кызыл-Суу (10 түтүн) айылдарында «чырак тамга» каңды уругунун өкүлдөрү турушат.

## Кесек

Азыркы убакта кесек уруктары негизинен Баткен облусунун Лейлек районун мекендешип, ал жерде жашаган элдин 70% түзөт. Аталган райондун Айбике айылында кесек урууcунун сарыүсөн, кызыл аяк, чуулдак; Айкөл айылында бөксө, калдар, бөлөк сары; Ак-Булак айылында алтынчы; Ак-Суу айылында чүчүк, бөксө; Ак-Терек айылында эшкара, алтынчы; Арка айылында алтынчы, бөксө, чүчүк (кара садак), эшкара; Беш-Бала айылында карамолдо (беш бала); Голбо айылында бөксө; Гордой айылында бөксө, калдар; Достук айылында алтынчы, бөксө, бөлөк сары, калдар, кызыл аяк, мала, мөөжөй, тагайберди,

чуулдак, эшкара; Жеңиш айылында бөксө; Калта-Кол айылында карамолдо; Кара-Булак айылында мөөжөй, бөлөк сары; Кара-Даван айылында бөксө; Кара-Камар айылында алтынчы; Кара-Суу айылында эшкара; Кара-Таш айылында карамолдо, калдар; Коргон айылында эшкара, бөксө; Көк-Таш айылында чүчүк; Кулунду айылында эшкара; Лейлек айылында эшкара; Миң-Жыгач айылында бөлөк сары, калдар; Мырза-Патча айылында бөксө; Раззаков айылында кызыл аяк, мала; Самат айылында карамолдо, калдар; Сары-Дөбө жана Сумбула айылдарында тагайберди; Тайлан айылында бөксө, алтынчы; Чимген айылында эшкара, калдар, алтынчы; Исфана жана Сүлүктү шаарларында кесек уруусунун уруктарынын бардык өкүлдөрү турушат.

Ошондой эле кесек уруусунун өкүлдөрү Бел айыл аймагынын Бел-Өрүк айылында – 160 түтүн кесек (чүчүк (мамат: көкчө, мада, өбөйүт, чил, чөө, эркесары; чаңай: бегэлек); Кайрагач айылында – кесек (чүчүк: көнчө, мада, чил, чөө, чыбла, эркесары) Кара-Таш айыл аймагынын Чечме-Сай айылында – 15 түтүн кесек (чүчүк); Көк-Жар айыл аймагынын Ак-Өтөк айылында – 7 түтүн чүчүк; Жаңы-Ноокат айыл аймагынын Нойгут айылында – кесек (чүчүк: бай бөрү, эркесары, чилдер, мада), 15 түтүн жоокесек, кызыл аяк; Т.Зулпиев атындагы айыл аймагынын Кашкалдак айылында – кесек (чүчүк: эркесары); Т.Кулатов атындагы айыл аймагынын Кожо-Арык айылында – – кесек (чүчүк: өбөйүт, чил, эркесары) уруктары турушат.

Жоо кесектердин курамы кадимки эле кесек уруусунун курамындай. Мисалы, бөксө, калдар, кулукей ж.б. уруктар. Изилдөөлөрдүн натыйжасында азыркы убакта жоо кесек уругуна дөмөр, телмин, төрчек, бийтек, калдар, бөксө деген ири урук бөлүкчөлөрү кирери маалым болду. Аталган урук бөлүкчөлөр өз кезегинде майда уруктарга бөлүнөт.

Дөмөрлөр Катраң тоосунан түшкөн тогуз сайда жашашат: 1. Жан-Булак, 2. Эчки-Тал, 3. Канжар бул кичине үч сайлар (Үч-Кол) биригип Шыбран-Сай деп аталат. Бул жерде дөмөрдүн ажы, орозмат, шабек, кубат деген топтору, 4. Сазан-Сай, 5. Коёнду-

Көл биригип Кара-Даңги деп аталат. Бул жерде дөмөрдүн сазан, ак бай деген топтору, 6. Жаңы-Арык, мында дөмөрдүн тыныке тобу, 7. Кең-Колдо дөмөрдүн кара чүйүш, 8. Тар-Колдо дөмөрдүн атай, чем, 9. Шаматалы-Сайда дөмөрдүн чем деген топтору турушат. Аталган тогуз сайда жашаган эл Тогуз-Сай-Дөмөр деп аталат. Азыркы убакта дөмөр урук бөлүкчөсү жогоруда айтылгандай: ажы, акбай, атай, орозмат, кара чүйүш, кубат, сазан, чем, шабек деген майда уруктардан турат. Өз кезегинде атай урук бөлүкчөсү тыткен, жинди тобу, кара чүйүш урук бөлүкчөсү кокусбай, калдар, бай тобу, актачы, дилдеберди, кошон деп бөлүнөт.

Телмин буйлалы, көсөө, торбо, деген майда уруктардан турат.

Азыркы убакта телминдер Айдаркен айыл аймагына караштуу Шак-Шак, Көк-Таш айылдарында турушат.

Төрчек урук бөлүкчөсү кулукей, жоогашты, кичик деген уруктарга бөлүнөт. Кулукей өз кезегинде кожомкул, балчы, полотбек, данабек, маматбек деген аталарга бөлүнүп кетет.

Азыркы убакта төрчек урук бөлүкчөсүнүн өкүлдөрү Орозбеков айыл аймагына караштуу Охна-Күлдү, Халмион, Абсамат айылдарында, Өзбекстандын Фергана облусунун Ташлак районуна караштуу Гарба кыштагында турушат. Жоо кесек уругунун шаа улут тобунун өкүлдөрү Тажик Республикасынын ТБАОнын Мургаб районунда жашашат.

Кара кесек уругунун өкүлдөрү Жалал-Абад облусу, Сузак району, Кара-Дарья айыл округуна караштуу Арал (50 түтүн), Дөш (35 түтүн) жана Чангыр-Таш (30 түтүн), Ош облусу, Ноокат району, Кара-Таш айыл аймагынын Чечме-Сай айылында – 650 түтүн кара кесек (беш капа: акистер, бийлер, калдар, суктар калдар, чоң кыргыз), Араван районуна караштуу Кесек, Талас облусунун Кара-Буура районунун Аманбаев, Көк-Сай, Шекер айылдарында турушат. Ошондой эле Тажикстандын Жерге-Тал жана Мургаб райондорундагы кыштактарда жашашат.

Ошондой эле кесек, жоо кесек, кара кесек уруктары:

Өзбекстандын Наманган жана Фергана облустарынын: Нарын районунун Думар, Актевелик, Чанкул айылдарында, Алты-

Арык районунун Жаңы-Арык айылында, Фергана районунун Чекшура, Шура, Ак-Арык айылдарында, Куйбышев районунун Калават, Жайылма айылында, Кува-Сай районунун Бостон, Каранкул айылында, Кува районунун Телмен айылында, Ахунбабаев районунун Дурман айылында, Ташлак районунун Белкыштак, Буткачи, Рамадон, Жарва айылдарында, Вуадил районунун Халмион, Коргончо, Ханкиз айылдарында турушат. Сыр-Дарыя облусундагы кесектер – булар негизинен бай кесектер (бай кесектер кесектердин арасынан эң чоң топ болуп эсептелет). Алар он эки уруктан турат: чүчүк, тагайберди, кызыл аяк, кара кесек, кара молдо, сибирчи, таздар, бөксө, ават, найман, чапкылдак, чувулдак.Сырдарыялык кесектердин аталган урук түзүлүшү толук түрдө Баткендик, Лейлектик жана Каратегиндик кесектердин урук түзүлүшүнүн аталыштары менен дал келет.

Тажикстандын Жерге-Тал районунун Ак-Жар, Балхы-Бүтөө-Көл, Долоно, Жаңы-Шаар, Жар-Мазар, Жол-Терек, Кашка-Терек, Кошой, Чоң-Кыргыз-Бүтөө-Көл айылдарында жашашат.

Кесектердин Чыгыш Түркестанда жашай тургандыгы да белгилүү,[1] Пас-Рабат, Кеңкол жана Тагарма капчыгайларында кесек (180 кожолук) уруулары, Хотан округунун Кулан-Арык, Санджу жерлеринде найман, тейит, бостон уруулары менен кошо кесек уруусунун өкүлдөрү жашашат.

Кашкар вилайетиндеги Таш-Коргон тажик автоном районунун Көк-Жар кыргыз автоном айылында кесек уруусунун – кызыл аяк, Котон округунун Сары-Кыя жана Кең-Кыр айылдарында кара саадак, кошкулак, шаа булут уруктары турушат»[2] .

---

[1] *Абрамзон С.М.* Киргизское население Синьцзян-Уйгурской Автономной Области Китайской Народной Республики//ТКАЭЭ.-Т.II.-М.,1959.-С.334-338

[2] *Асанканов А.А.* Этническая история кыргызов Шинжана КНР//Вестник КНУ им. Ж.Баласагына.-Серия 1. Гуманитарные науки.-Вып.VIII.-Б.,2009.-С.134-136,138-142

## Кыдырша

Санжырачылар жана баяндоочулар кыдыршаны абат уруусунун тогуз уругунун бири деп эсептешет. Лейлек районунун Катыраң айылында XIV–XV кылымдарда Абат хандыгы түптөлөт. Бул хандыктын бийлигинин башына кыдырша уруусунан чыккан бийлер тургандыгы жөнүндө уламыштар азыркы мезгилге чейин эл алдында айтылат. Болжол менен XVIII кылымдын аягы – XIX кылымдын башында ич ара согуштук аракеттердин негизинде 1 000 түтүн кыдырша уруусу Лейлектен чыгышты көздөй сүрүлгөн. Аларды Лейлек баатыр жетектеген. Мына ушуга окшогон процесстердин негизинде кыдырша уруусу чачыранды болуп жайгашкан.

Азыркы убакта кыдырша уругунун өкүлдөрү Кыргызстандын Баткен облусунун Баткен районунун Самаркандек айылында (50 түтүн дөөлөт тобу), Кадамжай районунун Майдан айылдык өкмөтүнө караштуу Авыстам (20 түтүн), Кереге-Таш (20 түтүн) жана Марказ айылдык өкмөтүнө караштуу Бак, Марказ (20 түтүн) айылдарында (текрең, шамирек урук бөлүкчөлөрү) жашашат.

Жалал-Абад облусунун Сузак районунун Кара-Дарыя айылдык өкмөтүнө караштуу Ак-Мечит айылында кыдыршанын текрең, солтонкелди, шамирек, хан чоок, жору тобунун өкүлдөрү (800 түтүн) турушат.

Ош облусунун Чоң-Алай районун Кашка-Суу айылдык өкмөтүнө караштуу Ачы-Суу, Кашка-Суу; Чоң-Алай айылдык өкмөтүнө караштуу Дароот-Коргон, Жар-Башы; Жекенди айылдык өкмөтүнө караштуу Кара-Мык, Кара-Тейит, Шибе айылдарында кыдырша уругунун шамирек (дүңкө, эшим, акбий) бөлүкчөлөрүнүн өкүлдөрү турушат. Кара-Суу районунун Савай айылдык өкмөтүнө караштуу Кыдырша (50 түтүн), Ноокат районунун Көк-Жар айылдык өкмөтүнө караштуу Борбаш (12 түтүн); Өзгөн районунун Куршаб айылында 20 түтүн; Араван районунун айылдарында кыдырша уругунун өкүлдөрү жашашат.

Нарын облусунун Ак-Талаа районунун Дөрбөлжүн, Ничке-Суу айылдарында кыдыршанын көсөө урук бөлүкчөсүнүн өкүлдөрү турушат.

Тажикстандын Тоолуу Бадахшан автоном областынын Мургаб районуна караштуу Аличор айылында кыдырша уругунун айдаке (айтек), жутаңкы, мөшкө, олжочу, ыңырчак, түпкүч; Баш-Гүмбөз айылында ыңырчак; Кара-Көл айылында чоок, шамирек; Көөнө-Коргондо – айдаке; Кызыл-Рабатта – жутаңкы; Медиян айылында айдаке, олжочу; Мургаб айылында айдаке, дүңкө, жутаңкы, мөшкө, олжочу, түпкүч, шамирек, ыңырчак; Раң-Көлдө айдаке, жутаңкы, олжочу, ыңырчак; Токтомуш жана Шаймак айылдарында шамирек, түпкүч топтору турушат.

Тажикстандын Жерге-Тал районуна караштуу Жайылган айылында (350 түтүн), Ак-Сай (Төмөнкү, Жогорку), Ачык-Алма, Гулама, Деп-Шаар, Домбрачы, Дубана, Жаңы-Кайың (30 түтүн), Жыланды, Кара-Сай, Кашат, Кичи-Кара-Мык, Кош-Тегирмен, Кылжуу-Жай, Миң-Булак, Мукур, Саргой, Сары-Талаа (112 түтүн), Чобой (10 түтүн) айылдарында кыдыршанын чоок, Мөк айылында хан чоок тобу (136 түтүн) жашашат.

Өзбекстандын Фергана облусунун Фергана районунун Каражантак (220 түтүн), Жабагы (170 түтүн) айылдарында кыдыршанын кошой (көлмө жана калдар тобу) жана текрең (кыяр тобу) бөлүкчөлөрү, Анжиян облусунун Айым районунун Ленинабад (120 түтүн), Дарак (115 түтүн) жана Мукур (110 түтүн) кыштактарында кыдырша уругунун өкүлдөрү жашашат.

Афганистандын Кичи Памиринде кесек уруусунун курамында кыдырша уругунун айдаке жана ыңырчак урук бөлүкчөлөрү турушат.

Каратегин, Сарыколго (Памир) жана Кыргызстандын Түштүгүнө болгон илимий экспедициянын натыйжасында кыргыздын кыдырша уругу ийрекчи, кошой, мөшкө, солтонкелди, текрең, түпкүч, чоок, шамирек деген топторго бөлүнөрү анык болду. Өз кезегинде бул топтор майда уруктарга бөлүнөт. Мисалы: шамирек – айдаке, дүңкө, жутаңкы, олжочу, ыңырчак; дүңкө – саманчы, козубай, куу тон, тагай деген майда топторго бөлүнөт.

## Кыпчак

Кыпчак уруусу негизинен Баткен облусунун Баткен районунда чогуу жайгашкан. Аталган райондун Кара-Булак (900 түтүн), Бужум (2500 түтүн), Жаңы-Бак (15 түтүн), Орто-Сай (35 түтүн), Ак-Турпак (250 түтүн), Кара-Бак (300 түтүн), Кызыл-Бел (100 түтүн), Достук (70 түтүн), Чоң-Талаа (350 түтүн), Зар-Таш (170 түтүн), Ак-Өтөк (90 түтүн), Чет-Кызыл (100 түтүн), Боз-Адыр (200 түтүн), Кара-Токой (80 түтүн), Апкан (100 түтүн), Айгүл-Таш (50 түтүн), Самаркандек (250 түтүн), Паскы-Арык (230 түтүн), Миң-Өрүк (90 түтүн), аз санда Үч-Дөбө, Көк-Таш, Миң-Булак, Бөжөй айылдарында жана Баткен (5000 түтүн) шаарында жашашат.

Чоң-Алай районунда негизинен кыпчак уруусунун «тору айгыр» уругунан чыккан Сарыбийдин Мөнкөбек жана Айсабек деген уулдарынан тарагандар. Анын өкүлдөрү Жекенди айыл округуна караштуу Жекенди (мөнкөбек) Кара-Мык (айсабек), Шибээ (айсабек), Кашка-Суу айыл округуна караштуу Ачы-Суу, Кабык-Сай айылдарында жашашат.

Кыпчак уруусунун өкүлдөрү Ноокат районунун Т.Зулпиев атындагы айыл аймагынын Кашкалдак айылында кыпчак уруусунун актачы уруктары турушат.

## Найман

Найман уруусунун өкүлдөрү Көк-Жар айыл аймагынын Жийде (80 түтүн) айылында – кожо найман, жинди найман, чочко найман; Он-Эки-Бел айыл аймагынын Нарай (215 түтүн) жана Он-Эки-Бел айылдарында – мырза найман: жоон пут, кагаз, кайышкак, кий, таз; Жаңы-Ноокат айыл аймагынын Темир-Торук (35 түтүн) айылында; Кадамжай районунун Ак-Терек, Ак-Сай, Кайрыма, Кара-Дөбө, Кара-Жантак, Кара-Жыгач, Кара-Кол, Кара-Кыштак, Көл, Кызыл-Кыштак, Орозбеков (Охна), Майдан, Марказ, Чукур-Кыштак, Суукана, Шыгай айылдарында – бөө найман, мырза найман уруктары турушат.

Чоң-Алай районун найман уруусунун бөө-найман, кара-найман, көн-найман, көкө-найман жана кожо-найман уруктары мекендешет. Аталган уруунун өкүлдөрү Кашка-Суу айыл округуна караштуу Ачы-Суу (көкө-найман), Чоң-Алай айыл округуна караштуу Жар-Башы (көн-найман жана көкө-найман), Кара-Шыбак (көкө, көн), Кулчу (көн-найман), Сары-Булак (көн-найман)  айылдарында турушат. Райондун борбору – Дароот-Коргон айылында бөө-найман уругунун бай тобу, чурулдай, эсет, калдар жана пас-бөө деген майда уруктары жашашат.

## Нойгут

Нойгут уруусунун өкүлдөрү Баткен облусунун Кадамжай районунун Ак-Турпак, Бүргөндү, Ак-Тилек айылдарында, Баткен районунун Кара-Бак айылында (сакы, бакы), Зардали айылында (сакы, бакы), Ош облусунун Ноокат районунун Кара-Таш айыл аймагынын Нойгут айылында (20 түтүн), Жалал-Абат облусунун Ноокен районунун Бүргөндү, Ноокен айылдарында нойгут уруктары турушат.

## Оргу

Оргу уруусунун өкүлдөрү негизинен Ош облусунун Ноокат районунун Ынтымак айыл аймагында отурукташкан. Аталган айыл аймактын Авиз айылында – шамурза, көгөй, бөйрөк; Ак-Шар айылында – сары; Арык-Бою айылында – сары, чөө бөрү, чөжө, манак; Бешбуркан айылында – сары, манак, чөжө, алдаш; Дөң-Кыштак айылында – сары, алдаш; Мөңгү-Каш айылында – чөжө, аз санда сары; Ничке-Суу айылында – каратай, шамырза; Олуя-Ата айылында – шамырза, көгөй; Челекчи айылында – манак; Таш-Булак айылында – бай бөрү, чөө бөрү уруктары турушат. Ошондой эле коңшулаш Баткен облусунун Кадамжай районунун Үч-Коргон, Кызыл-Кыя шаарынын Караван айылдарында да оргу уруусунун өкүлдөрү жашашат.

## Тейит

Тейит уруусунун өкүлдөрү негизинен Ош, Жалал-Абад, Баткен облустарынын шаар жана айылдарында жашашат.

Баткен облусунун Баткен районунун Чоң-Кара (400 түтүн) айылында сары тейиттин кутан уругунун чуулдай деген тобунан тараган өкүлдөрү турушат.

Кадамжай районунда тейит уруусунун сары тейит жана уйгур тейит уруктарынын өкүлдөрү жашашат. Сары тейиттин кызыл баш, чогорок, чой, чуулдай уруктары – Айдаркен, Чогорок, Чоң-Кара, Кара-Кыштак (чой – 10 түтүн), Кара-Жыгач ( чой – 10 түтүн) айылдарында турушат.

Уйгур тейит уругунун байке (молдо байке, кочкул байке), жору (досек, кашкары, казак), дөөрөй урук бөлүкчөлөрү Кадамжай районунун Майдан айыл округуна караштуу Авыстам (казак – 20 түтүн), Арпасай (уйгур тейит – 30 түтүн), Кереге-Таш (жору – 20 түтүн), Кароол (казак – 10 түтүн), Кара-Кыштак (байке – 30), Майдан (байке – 20 түтүн), Кара-Жыгач (досек, байке – 20), Пум (кашкары), А. Масалиев атындагы айыл округуна караштуу Алыш (байке – 25, казак – 25, досек – 15 түтүн), Олагыш (байке – 60, казак – 60, досек – 20, дөрөй – 30 түтүн), Кара-Дөбө (жору – 30, казак – 20, дөрөй – 30 түтүн), Марказ айыл округуна караштуу Гүлпиян, Бак (казак – 30 түтүн), Көк-Таала (кашкары – 50 түтүн), Үч-Коргон айыл округуна караштуу Чавай (байке – 10 түтүн), айылдарында жашашат.

Лейлек районунда тейит уруусунун негизинен бай тейит (кашка, куталы), аз санда арык тейит жана чал тейит уруктарынын өкүлдөрү турушат. Бай тейит (кашка) уругунун өкүлдөрү, негизинен Баткен облусунун Лейлек районунун Кулунду айыл округуна караштуу Ак-Арык (80 түтүн), Булак-Башы (170 түтүн), Сүлүктү шаар башкармалыгына караштуу Кароол (8 түтүн), Кольцо (120 түтүн) айылдарында жана Исфана (250 түтүн), Сүлүктү (200 түтүн) шаарларында турушат. Сүлүктү шаар башкармалыгына караштуу Кароол, Кольцо айылдарында бай

тейит уругу менен бирге аз санда арык тейит жана чал тейит уруктары турушат.

Жалал-Абад облусунун Сузак районунун Атабеков айыл округуна караштуу Социализм айылында (кара тейит), Барпы айыл округуна караштуу Барпы айылында (чал тейит, кара тейит), Кара-Дарыя айыл округуна караштуу Арал айылында (чал тейит, сары тейит), Ырыс айыл округуна караштуу Тейит айылында (арык тейит), Ырыс айылында (чал тейит: алак) турушат.

Нарын облусунун Ат-Башы районунун Ак-Муз айылында жана Нарын шаарында (бай тейит) турушат.

Ош облусунун Араван районунун Төө-Моюн айыл округунда, Ноокат районунун Т.Кулатов атындагы айыл округуна караштуу Ак-Чал, Алак (Кош-Төбө), Баглан, Жансарык, Кулуштан (Таш-Булак), Кум-Майдан, Кызыл-Булак айылдары, Жаңы-Ноокат айыл округуна караштуу Кызыл-Тейит айылдарында Бел айыл округуна караштуу Кайрагач, Т.Зулпуев атындагы айыл округуна караштуу Кашкалдак, Кеңеш айыл округуна караштуу Шаң-Кол, Кара-Таш айыл округуна караштуу Калинин айылдарында, Кызыл-Кыя шаарында жана шаар башкармалыгына караштуу Жинжиген, Байтейит айылдарында, Өзгөн районунун Куршаб, Жалпак-Таш, Кароол айыл округуна караштуу Мырзы-Арык, Кароол, Шерали айылдарында, Ийри-Суу айыл округунда кара тейит уругунун өкүлдөрү турушат.

Чоң-Алай районунда тейит уруусунун сары тейит, кара тейит жана чал тейит уруктарынын өкүлдөрү жашашат. Аталган уруктардан бул райондо сары тейит уругунун өкүлдөрү басымдуулук кылат.

Сары тейит уругунун өкүлдөрү Кашка-Суу айыл округуна караштуу Ачы-Суу (кызыл баш 7 түтүн), Кабык-Сай (кызыл баш – 15 түтүн), Кашка-Суу (350 түтүн) айылдарында, Чоң-Алай айыл округуна караштуу Жаман-Жар (нооруз – 60 түтүн), Жаш-Тилек (баркы, зарип, нооруз, чогорок – 350 түтүн), Кара-Шыбак (кызыл баш – 6 түтүн), Куу-Талаа (кызыл баш – 60 түтүн), Кызыл-Эшме (баркы, нооруз, зарип – 300 түтүн) Чак (бар-

кы (алапа), нооруз, аз санда зарип – 400 түтүн), айылдарында, Жекенди айыл округуна караштуу Шибээ айылында (жаманаӊ – 30 түтүн) турушат.

Чал тейит уругунун өкүлдөрү, негизинен Кашка-Суу айыл округуна караштуу Кара-Кабак (айтемир, жансарык (дүйшө/дос, чакыр) – 90 түтүн) айылында, Кашка-Суу (70 түтүн) айылында жана Жекенди айыл округуна караштуу Кара-Тейит (40 түтүн) айылында жашашат. Мындан сырткары чал тейит уругунун өкүлдөрү аз санда Дароот-Коргон, Кызыл-Туу айылдарында турушат.

Кара тейит уругунун ыйнык, касым уруктарынын өкүлдөрү негизинен Жекенди айыл округуна караштуу Кара-Тейит (110 түтүн) айылында жашашат. Мындан сырткары кара тейит уругунун өкүлдөрү аз санда Ачы-Суу (12 түтүн), Дароот-Коргон (50 түтүн), Жайылма (2 түтүн), Кабык-Сай (17 түтүн), Кара-Кабак (4 түтүн), Кашка-Суу (20 түтүн) айылдарында жана Талас облусунун Кара-Буура районунун айылдарында турушат.

Чүй облусунун Чүй районунун Чым-Коргон айыл округунун Чым-Коргон айылында (чал тейит:орозай) турушат.

Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районунун Жаргылчак айыл округунун Чычкан (Жеӊиш) (300 түтүн) айылында чал тейиттин орозу (орозай) уругунун өкүлдөрү турушат. Мындан сырткары бул уруктун өкүлдөрү Кызыл-Суу, Оргочор айылдарында, Кара-Кол, Балыкчы шаарларында жана Ысык-Көл районунун Ж.Абдырахманов айыл округуна караштуу Жаркынбаев (Таштак) айылында турушат.

Ошондой эле, Өзбекстандын айылдарында жанаТажикстандын Жерге-Тал районунун Жолборсту (чегилтир – 16 түтүн), Жолболот (чегилтир – 100 түтүн), Калдар (чегилтир – 150 түтүн), Сөгөт (чегилтир – 100 түтүн), Чар (чегилтир – 40 түтүн), Жар-Мазар (сары тейит – 200 түтүн), Кашка-Терек (сары тейит – 10 түтүн), Чоӊ-Кыргыз (сары тейит – 70 түтүн), Шилбили (чегилтир – 20 түтүн), айылдарында, ошондой эле Тажикстандын Тоолуу Бадахшан Автоном Облусунун Мургаб районунун

(Сары-Кол) Кара-Көл, Токтомуш (сары тейит, чал тейит – 150 түтүн), Шаймак, Мургаб, Чеч-Төбө (нооруз, дүрбөөл – 10 түтүн), Раң-Көл (сары тейит, кара тейит, чал тейит) айылдарында турушат.

## Төөлөс

Төөлөс уруусунун өкүлдөрү, негизинен Ош облусунун Ноокат районунун Төөлөс айыл аймагында, Баткен облусунун Кадамжай районунун жана Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районунун айылдарында жыш отурукташкан.

Ош облусунун Ноокат районунун Төөлөс айыл аймагынын Меркит (604 түтүн – меркит), Муркут (650 түтүн – муркут), Герейит (490 түтүн – керейит), Шорон (584 түтүн – шорон), Жайылма (540 түтүн – кенже тукум), Додоң (242 түтүн – додоң), Айтамга (508 түтүн – айтамга (түлөберди), Толман (314 түтүн – толман) айылдарында; ушул эле райондун Он-Эки-Бел айыл аймагына караштуу Нарай (310 түтүн – нарай), Он-Эки-Бел (124 түтүн – додоң, дүкөн, шорон), Живпром (кереит) айылдарында; Бел айыл аймагына караштуу Бел-Өрүк (500 түтүн – айтамга, додоң, дүкөн), Кайрагач (420 түтүн – шорон) айылдарында; Көк-Таш айыл аймагына караштуу Борбаш (10 түтүн – шорон), Жийде (200 түтүн – айтамга, дүкөн, толуман) айылдарында; Т.Кулатов атындагы айыл аймагына караштуу Апшыр-Ата (150 түтүн – дүкөн) айылында; Кара-Таш айыл аймагына караштуу Кара-Таш (90 түтүн – кереит (андагул), Чечме-Сай (170 түтүн – толуман) айылдарында; Жаңы-Ноокат айыл аймагына караштуу Кызыл-Тейит (90 түтүн – меркит (нооруз), Нойгут (40 түтүн – төөлөс) айылдарында; Кыргыз-Ата айыл аймагына караштуу Камал-Ата (80 түтүн – айтамга), Айбек (5 түтүн – айтамга), Кош-Таш (30 түтүн - меркит) айылдарында жашашат.

Өзгөн районунун Кашка-Терек (423 түтүн – ак эчки, дүрбөөл, кара койлуу, айтамга), Төөлөс (40 түтүн – меркит), Кызыл-Кырман ( 35 түтүн – меркит), Кызыл-Дыйкан (25 түтүн – Толу-

ман), Куршаб (30 түтүн – меркит), Мырзаке (25 түтүн – меркит), ошондой эле аз санда Алтыбай, Балык-Көл, Бостон, Жыланды, Заргер, Кароол, Кутурган, Кыймыл айылдарында чачкын турушат.

Араван районунун Авиз (60 түтүн – толуман), Мангыт (25 түтүн – айтамга), Найман (200 түтүн – меркит) жана Сары-Таш (20 түтүн – додоң) айылдарында турушат.

Кара-Суу районунун Жаңы-Арык, Кара-Дөбө, Правда айылдарында төөлөс уруусунун кара койлуу уруктары жашашат.

Баткен облусунун Кадамжай районунун Алыш (200 түтүн), Гүлпиян (40 түтүн), Кара-Жыгач (200 түтүн), Кара-Кыштак (120 түтүн), Кароол (100 түтүн), Майдан (100 түтүн), Марказ (100 түтүн), Олалыш (40 түтүн) айылдарында айтамга, Пум (160 түтүн) айылында дүкөн уруктары, ошондой эле Көк-Талаа, Питомник айылдарында төөлөс уруусунун өкүлдөрү жашашат.

Жалал-Абад облусунун Сузак районуна караштуу Ачы (150 түтүн – кереит, меркит, Кыр-Жол (130 түтүн – кереит, меркит), Ырыс (110 түтүн –айтамга), Барпы 200 түтүн – кереит, меркит), ошондой эле Боз-Чычкан, Кыргыз-Абат, Жийде, Жар-Кыштак айылдарында турушат.

Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районунун Ак-Дөбө Аң-Өстөн Боз-Бешик Жалгыз-Өрүк Кызыл-Суу Светлая Поляна Чоң-Кызыл-Суу Оргочор айылдарында жана Каракол шаарында; Ысык-Көл районунун Сары-Камыш, Бактуу-Долоноту, Сары-Ой айылдарында жана Балыкчы шаарында төөлөстүн айтамга (чулумкашка), керейит, меркит уруктары турушат. Ал эми Нарын облусунун Ат-Башы районуна караштуу Казыбек (110 түтүн), Ат-Башы айылдарында жана Нарын шаарында карасакал уругунун өкүлдөрү жашашат.

Чүй облусунун Ысык-Ата районунун Жайылма (60 түтүн) Барат (170 түтүн) жана Кант (30 түтүн) шаарында барат, назар уруктары турушат. Чүй районунун Онбир-Жылга айылында жана Токмок шаарында айтамга уруктары жашашат.

Чоң-Алай районунун Кашка-Суу айыл округуна караштуу Кашка-Суу айылында төөлөс уруусунун айтамга тобунун өкүлдөрү жашашат. Ошондой эле төөлөс уруусунун өкүлдөрү Өзбекстан, Тажикстан жана КЭРсын мекендешет.

Ичкилик тобуна кирген уруулар жашаган айылдар жалпыланып таблица катары берилди.

# КОРУТУНДУ

Жогорудагы келтирилген материалдардын жана изилдөөлөрдүн негизинде кыргыздын «ичкилик тобу» алгач «бурут» деп аталып, байыркы кытай булактарына булу (пу-лу)~бо-лу (по-лу)~бо-лю (по-лю)~фу-ли деген аттар менен түшкөн. «Бурут» – «бөрү» деген маанини туюнткан. «Бөрү» кыргыздын ичкилик тобунун жалпы тотеми. Ал эми булгачын, ихирет, кермучин урууларынын жалпы аталышы «бурят~бурут» болгон. Баргужин-Токумдагы булгачын, ихирет, кермучин жана хоритумат урууларынын бир бөлүгү «бурят» деген жалпы аталыш менен азыркы бурят элин түзүп, бир бөлүгү «булгачын» жана «кермучин» деген аталыш менен Тянь-Шанга жер которушуп, ал жерде төөлөс, найман, кыпчак уруулары менен аралашып «ичкилик тобун» түзүшкөн.

«Ичкилик» деген аталыш алгач ички бөлүктө (ички тарапта) жашаган уруулардын Ички деген жеринин аталышынан келип чыгат. Согуш мезгилинде бул уруулар бириккен аскер кошунунун ортоңку – «борбор» бөлүгүндө жайгашкандыгынан, ошондой эле жалпы «мамлекет-эл» көчкөндө – орто, ич тарапта көчкөндүктөн «ичкилик» деп аталат. Кийин тынчтык мезгилде бул уруулар ордодо, хандын тегерегинде калып, хандыктагы жергиликтүү элди башкарып, отурукташкан эл менен аралашып «ичкилик» деп аталып, кыргыз эли түптөлгөн мезгилде ушул аталыш менен анын курамына кириши мүмкүн.

Ичкилик тобунун түстүк символикасы – кызыл түс. Бул түс ичкилик тобунун өзүнүн – «Кызыл уул» деген аталышында жатат. Ичкилик тобунун жалпы тотеми бөрү/ит (барс), буга далил катары кыргыздардын келип чыгышы тууралуу уламыштар, ураандары жана бул топко кирген уруулардын аталыштары «бөрү»/«ит» маанисин берет. Ошондой эле калмактар жана кытайлар кыргыздарга берген «бурут» этноними да бөрүнү түшүндүрөт.

Кыргыздын ичкилик тобун 10 уруу: ават, бостон, канды, кесек, кыпчак, найман, нойгут, оргу, тейит, төөлөс түзүп, булар

өз ара «оң» жана «сол» болуп экиге бөлүнүшөт. Оңго – бостон, кесек, оргу, тейит, төөлөс, солго – ават, каңды, кыпчак, найман, нойгут, уруулары кирет. Белгилей кетүүчү нерсе жогоруда далилденгендей, кесек менен жоо кесек бир эле уруу. Кыргызстандагы кыдырша уругу ават, тейит урууларынын, ал эми Памир, Каратегинде кесек уруусунун курамына кирген урук.

Алгач кыргыз уруулары эки гана канаттан турушкан, кийин алар мамлекет курушуп, ордо күткөн убакта, алар оң канаттан беш, сол канаттан беш урууну мамлекетти башкаруу үчүн бөлүшөт. Ошого байланыштуу ичкилик урууларынын эс-тутумунда «оң» жана «сол» деп экиге бөлүнүү сакталып калгандай.

Ичкилик тобуна кирген уруулар өзүнүн курамына: 1. Сакусун доорундагы даха~даи, алан, кангар, уйсун, сак урууларынын бөлүкчөлөрү: така, таканай, алак (тейит), каңды, сака (нойгут), сары уйсун (кесек) урууларын; 2. Хунн доорундагы хунн, жужан (авар), теле урууларынын бөлүкчөлөрү: жун, алашан, төөлөс, нойгут, уйгур (тейит) урууларын; 3. Алтай-Түрк уруулары – апар, чумугун, текин, карлук, төрдөш, чулум, толуман, нараба бөлүкчөлөрү: ават, бостон, тейит, каржооду, кесек, кыпчак, додоң, нарай, толман, чулум урууларын; 4. XII–XV кылымдардагы Энесай менен Иртыш дарыяларынын ортолугундагы жана Түндүк-Батыш Монголияда жашаган түрк-монгол элдеринен жана урууларынан кереит, кыпчак, меркит, могол (абат), найман, нойгут, сиберги, тума (тумат), булгачи, баргут (баркы), урууларын; 5. XV–XVI кылымдардагы Алтын Ордо чачылгандагы эчки, кара койлуу, ак койлуу урууларынын бөлүкчөлөрү: ак эчки, кара эчки, сары эчки, кара койлуу, ак койлуу, дүрбөөл урук бөлүкчөлөрүн; 6. XVII кылымдардагы калмак урууларынын бөлүкчөлөрү: калмак, калмакы, ошондой эле коңшу жашаган өзбек жана тажик элдеринин гача, калча аттуу майда уруктарын камтыйт.

Ичкилик тобу – «он уул» деп да аталат. «Он уул», «он ок будун», «он огуз», «он оглан», «он огур», «ондар-уйгур» (туваларда), «ханхан-ондар», «кыргыс-ондар», «онлар» (башкырларда) «ондар аз кыпчак» деген уруулардын бири-бири менен, байыр-

кы түрктөр (бөрү түкуму) жана ошондой кыргыздын ичкилик уруулары менен болгон этногенездик байланышытары зор.

Изилдөөлөрдүн натыйжасында кыргыздын ичкилик тобуна киген уруулар негизинен Кыргызстандын Баткен облусунун Лейлек, Кадамжай, Баткен райондорун, Ош облусунун Ноокат, Араван, Өзгөн, Чоң-Алай, Жалал-Абат облусунун Сузак районун, аз санда Ысык-Көл, Чүй, Нарын облустарынын айылдарын, ошондой эле Кытайдын СУАРын ичкилик тобунана кирген кыдырша, бостон, кесек, кыпчак, найман, нойгут, тейит жана төөлөс уруулары, ал эми Афган Кичи-Памирин, Памир жана Каратегинди тейит, кыдырша, кесек, найман, кыпчак жана төөлөс уруулары мекендешээри маалым болду.

*Таблица 1.*

Ичкилик тобунун тамгалары, ураандары, тотеми

| № | Уруу аталышы | Тамга белгиси | Тамганынын аталышы | Ураны, тотеми |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Абат |  | ача тамга | кушу туйгун |
| 2. | Бостон |  | бөрү тамга | тотеми бөрү |
| 3. | Кесек |  | босого тамга, саадак тамга, жебе тамга | ураны “Ала-Тоо” |
| 4. | Каңды |  | орок тамга, үч ок тамга, чырак тамга | тотеми бөрү |
| 5. | Кыпчак |  | кош тамга | ураны “Айбаш”, “Манас” тотеми көкбөрү |
| 6. | Найман |  | чөмүч тамга | тотеми ит |
| 7. | Нойгут |  | жаа тамга | ураны “Акбалта”, тотеми ит |
| 8. | Оргу |  | күн тамга | тотеми бөрү |
| 9. | Тейит |  | сырга тамга, көзөө тамга, жагалмай тамга | Ураны “Тейит”, тотеми бөрү |
| 10. | Төөлөс |  | ай тамга, кош тамга | тотеми көк бөрү |

*Схема 16.* Ичкилик тобунун канаттарга бөлүнүшү




**Ичкилик тобунун параллелдери**

*Таблица 2.*

| Уруу жана уруктардын аталыштары | Кыргыз | Казак | Өзбек | Каракалпак | Ногой | Башкыр | Түркмөн | Монгол, калмак | Бурят | Татар | Крым татар | Хакас | Алтай | Якут | Тува | Лакай |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Кыпчак | + | + | + | + | + | + | + | | | + | + | | + | | | |
| Канглы | + | + | + | + | + | + | | | | | + | + | | + | | |
| Кесек | + | + | + | + | | + | + | | | | | + | | | + | + |
| Найман | + | + | + | + | + | + | | + | | + | + | | + | | | |
| Кереит | + | + | + | + | + | + | + | + | + | | + | | + | | + | |
| Меркит | + | | + | | + | + | + | + | + | | | | + | | | + |
| Дөрбөн | + | | + | | + | + | | + | + | | | | + | | | + |
| Төөлөс | + | | | | | | | | | | | | + | | + | |

# КАНДЫ

# КАҢДЫ

*«Кангюй текебердүү, тайманбаган, орой жана биздин элчилерге жүгүнүп таазим кылууга эч бир макул болбойт; наместниктен ага жөнөтүлгөн кызматчыларды, усундардын элчилеринен төмөн отургузат».*

Чжан Цянь, б. з. ч. II к.

*«Алар күчтүү жана даңктуу уруу болушкан. Стамбулдагы Осмон түрктөрү каңдылардын түкуму».*

Шаакерим Кудайберди уулу

Кыргыздын каңды уруусунун аталышы XVI кылымдагы **Сайф ад-Дин Аксыкентинин** *«Тарыхтардын жыйнагы»* аттуу эмгегинде ичкилик тобун түзгөн алгачкы алты уруунун бири катары айтылат»[1].

Бирок көпчүлүк изилдөөчүлөр *каңды* энонимин XI-XII кылымдарда пайда болгон *канглы* этнониминин варианты деп санашат. Түрк тилинин закондору боюнча *д* тыбышы *л* болуп, бири-бирине өтүп айтыла берет. Ал эми окумуштуулар канглы этнонимин печенектердин *κάγγαρ (кангар)* деген аталышы менен байланыштырышат.

Рум императору **Константин Багрянородный:** «… печенектер Кангар (Κάγγαρ) деп да аталышат, бирок бардыгы эмес, алардын үчөөсү: Жабдыэртим, Куэрчичур жана Кабукшингила, башкалардан айырмаланып эр жүрөк, кайраттуу жана асыл эл-

[1] ККТБ.-Т.I.-295,296 б.

дер, ошондуктан алар Каңгар деген атак атка ээ»[1] деп жазат. Демек, бул ордолордун башчылары: Ваицу (бороон), Куел (күчтүү эл) Куркута (бөрү), печенек жериндеги эң атактуу жана кубаттуу кандар болгон»[2].

Эгерде окумуштуулардын мындай божомолдору туура болсо, анда Кангар этноними Азияда байыркы замандан бери кездешет. Бул тууралуу маалыматты б.з.ч. VI кылымдын аягы – V кылымдын башындагы шынаа сымал **байыркы перс жазууларынан** жолуктурабыз. Алардын эң байыркысы, Дарий I-нин Чоң Бехустан жазуусунда – Gandāra, Дарий I-нин Персеполь жазуусунда – Gadāra, Дарий I-нин Нахш-и Рүстөм жазуусунда – Gadāra, Ксеркс I-нин жазуусунда – Gadāra формасында кездешет[3].

**Геродот** кангарлар жөнүндө: «бул атчан чабарман кабарчыларды перстер «ангарейон» (ἁγγαρεῖον) дешет. Аталган сөз *хангар~кангар* деген түрк этнониминен жаралган. Хангарлар перстердин арасында чабарман катары кызмат кылышкан, ошол себептен перс тилинде «чабарман» деген мааниде «хангар» деген сөз сакталып калган»[4] деп жазат.

Геродоттун эмгегинде Ахемен империясына кирген өлкөлөр менен элдердин эки толук тизмеси бар. Гандарийлер (Γανδάριοι) империянын VII сатрапына башка үч эл менен кошо кирген. Ал гандарийлер жөнүндө мындай деп жазат: «...гандарийлер үч башка эл (саттагид, дадик, апарит) менен бирге Дарий I-ге, 170 талант салык төлөп турушат. Алар Ксеркстин аскеринде Артабан уулу Артифийдин кол башчылыгынын астында парфян, хорезм жана согдылыктар менен бирге болуп, жеңил чуштугуй калпак кийишип, кыска найза жана жаа менен бактриялыктардай куралданышкан»[5]. Демек гандарийлер хорезмдиктер жана согдылар менен чектеш жерде жашашкан.

---

[1] *Константин Багрянородный.* Об управлении империей.-М.,1989.-С.159

[2] *Плетнева С. А.* Половцы.-М.,1980.-С.17.

[3] *Хлопин И.Н.* Историческая география южных областей Средней Азии.-Ашхабад,1983.-С.5-6

[4] *Геродот.* История в девяти книгах.-Л.,1972.-С.402.(VIII,98.). Ἀγγαρεῖον (перс. хангар) – «падышанын чабарманы» дегенди түшүндүрөт

[5] *Геродот.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.168,333 (III,91;VII,66)

Ал эми **Плиний** жана **Птолемей** аларды Кардарлар же Кандарлар, дагы бир окулушу Гандарлар деп аташат. Птолемей буларды, Гигон жана Сигон дарыяларынын аралыгына, Бактриянын курамына кирген Согдианада жайгаштырат [1]. Птолемейде аталган Гигон жана Сигон дарыялары бул азыркы Сыр жана Аму-дарыялар. Демек, кандар/гандар эли аталган эки дарыя аралыгында жашашкан.

**Гезихий** өзүнүн VI кылымда жазылган «Грек лексикону» деген эмгегинде «гандарийлер Индияга жакын, тоодо турушат. Ошондой эле Индияда гангариддер (Ганг дарыясынын аты боюнча) деген эл бар. Гандарийлер букаларга окшоп өтө кубаттуу жана кайраттуу»[2] деп жазат. Ошондой эле «жылкы өстүрүүчүлүк менен атагы чыккан гандхар эли Кабул дарыясынын өрөөнүн мекендешет»[3].

Б.з. IV кылымында **Аммиан Марцеллин** «...аландардын жашаган жерлери Ганга дарыясына чейин созулат» деп жазат[4]. Бул жерде ал Кангюйгө караган аландар жашаган Янцай деген ээликти айтып жатат. Ал айткан Гангды Индиядагы дарыя менен чаташтырбагыла, сөз Канг (Сыр – Н.Т.) дарыясы жөнүндө болуп жатат.

Кыргыз санжырачысы **О.Айтымбет** кангарлар жөнүндө минтип жазат: «Тээ илгерки доорлордо ушул эле Сыр боюнан Эки Дарыя аралыгына ооп кеткен илгерки көчмөндөрүбүздү тияктагы башка элдер «какгар» же «кеңгер» деп атаса, алар эзелки дүйнөнүн тарыхына «шумгэр» деген ат менен түшкөн»[5].

Чынында эле Шумердин алгачкы аты «Кенги» болуп, байыркы дүйнөдө Кенгир цивилизациясы болгондугун археологдор тастыктайт. Бара бара *«Кенги» «Шумир»* деген ат менен алмаштырылат. Ал эми семит элдери Шумерди толук басып

[1] *Сум П.Ф.* Исторические рассуждения о происхождении народов, населявших в средние века Польшу, Россию и земли между Каспийским и Черным морем, также европейскую Турцию на север от Дуная.-М.,1846.-С.6

[2] *Сум П.Ф.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.7

[3] *Рагозина З.А.* История Индии.-СПб.,1905.-С.357

[4] *Аммиан Марцеллин.* Римская история.-М.,2005. Книга XXXI,16.-С.541

[5] *Орозбек Айтымбет.* Кара Кыргыз. Үчүнчү китеп.-Б.,2007.-410 б.

алгандан кийин, «Кенгини» мекендешкен кенгерлердин бир бөлүгү Индияны карай бет алышат. Буга далил катары ири шумер таануучу **С.Н.Крамердин** айтканын мисал келтирсек болот. Ал мындай дейт: «… шумерийлердин (семиттердин – Н.Т.) катуу кысымы астында обеид доорундагы элдер Месопатамиядан Инд өрөөнүнө бет алышты, кийин ал жерде жаңы цивилизациянын өнүгүшүнө түрткү болду». Мындан башка далил, Месопатамиядан Индияга чейин *Кан, Канди, Кандры, Канговар, Кандагар, Гандар, Гандхара* деген топонимдер кездешет[1]. Демек байыркы «кеңгерлер» менен кийинки «каңгарлардын» ортосунда этникалык өтө терең байланыш бар экендиги айкын.

Б.з. V–VI кылымдардагы санскрит тилинин эстелиги болгон **«Махабхаратада»** падыша Юдхиштхирге белек алып келген элдердин арасында *«канка»* деген эл эскерилет. Анда мындай деп айтылат: «анын (падыша Юдхиштхир) эшигинин алдында башка элдердин арасында сактар, тохарлар жана канкалар, чачтары узун муруттары бар адамдар, баштары мүйүздөр менен кооздолгон жана колдору белектерге толгон: жүндөн, рангудан, жибектен токулган кездемелер, патта дарагынан алынган жиптен жасалган миңдеген тармал маталар, сейрек кездешүүчү жиптен, пахтадан, кой жүнүнөн токулган кийимдер, жумшак аң-терилер, мизи курч узун кылычтар, канжарлар, темир найзалар, балталар, өзгөчөлөнгөн курч балталар, ичимдиктер, түрдүү татымалдар, миңдеген асыл таштар...»[2]. Канка эли Орто Азияда жашаган сактар жана тохарлар менен бирге айтылып жаткандыгына байланыштуу, алар Яксарттын бойлорунда жашаган элдер болуш керек.

К.Лассен «Махабхаратадагы» Канканы Тибетте, В.В.Григорьев Чыгыш Түркстанда жайгаштырат, Раулинсон Канка – Таш-Коргон (СУАР) деп санайт. Ф.Юсти аны Ташкент аймагына,

---

[1] Кара: Рагозина З.А. История Халдеи.-М.,1998; Бонград-Левин Г. М., Ильин Г. Ф. Индия в древности.-М.,1985; Галлямов С. Древние арии и вечный Курдистан.-М.,2007

[2] Древние авторы о Средней Азии.-Ташкент,1940.-С.133

Ж.Дарместетер Хорезмде, В.В.Бартольд Сырдарыянын ортонку агымында жайгаштырышат[1].

Көпчүлүк изилдөөчүлөр канка элин б.з.ч. III–I кылымдардагы кытай булактарындагы Канцзюй, Авестадагы कङ्क Kanká, «Шах-намедеги» Канга менен байланышта карашат.

Кытай булактарындагы 康居 Кангюй (Канцзюй) мамлекети: «Кангюй мамлекетинин башкаруучусу Битянь шаарында жашайт. Шаар Тяньчи көлүнө жакын, ошондон анын атын алган. Битянь Чанъандан [Китайдын борбору] 12300 ли аралыкта, Батыш аймактын [кытай] наместнигине баш ийбейт. Княздын кышкы башкармалыгы Лёюань жерине көрсөтүлгөн шаардан ат менен 7 күн, жайында башкаруучу турган баш ийген жерге чейин 9104 ли. Калкы 120 000 түтүн, эли 600 000, тандалма аскери 120 000 адам. Чыгышта төрөнүн кан сарайына чейин 5550 ли. Каада-салты Чоң юечжилерге окшош. Жылуу өлкө, тунг (дриандр) дарагы, мажүрүм тал, жүзүмгө мол, кара мал, койлору көп, жакшы аттарды өстүрүшөт, чагышта сюннулардын көзөмөлүндө жана аларга кызмат кылышат... Кангюйде 5 кичи княздык бар, алар Сусйе, Фумо, Юйни, Цзи жана Ао (Юе) цзянь. Бул беш княздык Кангюйге баш ийишет»[2].

**А.Н.Бернштам** боюнча Кангюй жана ага баш ийген 5 княздыктын жерлери – Шаштын тегерегинен баштап, Сыр-Дарыянын агымы менен 800-900 км., дарыянын эки жээги менен Хорезмге жана Арал деңизине чейин созулат[3].

Б.з.ч. III–I кылымдарда Кангюй мамлекетинде болгон кытайлык саякатчылардын маалыматтарына караганда кангюй-

---

[1] Кара: Ferdinand Justi. Beiträge zur alten Geographie Persiens. 2 parts, Marburg: Marburger Universitätsprogramme 1869 und 1870; Christian Lassen. Indische Alterthumskunde.-2., verbesserte und sehr vermehrte Aufl.-Bd.1: Geographie, Ethnographie und älteste Geschichte.-Leipzig: Kittler; London: Williams & Norgate,1867.-VII, 1034, XLIX s.; James Darmesteter. Points du contact entre le Mahäbhärata et leShähnämeh.-IA, vol. II. Paris: Imprimerie nationale,1887.

[2] *Бичурин Н.Я.* Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена.-Т.II.-М.,1950.-С.184-186; Кюнер И.В. Китайские известия о народах Южной Сибири, Центральной. Азии и Дальнего Востока.-М.,1961.-С.175,179-180

[3] *Бернштам А.Н.* Проблемы древней истории и этногенеза Южного Казахстана// Изв. АН КазССР. Сер. археол.,1949.-Вып.2

лердин элдик үрп адаты жана каада-салты аландарга жакын болуп, алар бийик дубалдар менен курчалган үйлөрдө жашашып, зороастризм динин тутушуп, күнгө, айга, жаныбарларга ж.б. сыйынышкан. Түрк тилинде сүйлөшүп, усундарга жакын болушкан. Ошондой эле алардын тили кыпчак тилине да өтө жакын. Буга далил катары орто кылымдаргы «Тиббийүн эл-лугат ат-түрки эла – лисан эл каңлы» (Канглы тилинин сөздүгү) деген эмгек күбө боло алат[1].

Тарыхчылар белгилегендей кангюйлер өзүнүн антропологиялык белгилери менен андронов маданиятынын өкүлдөрүнө жакын болуп, ак жуумал жүзү, көгүлтүр көздөрү менен айырмаланышкан.

**Л.А.Боровкова** «кангюйлер кебете-кейипи, үрп-адаты жана кийими боюнча давандыктарга окшош, алар «Ши цзы» жана «Хан шунун» билдирүүлөрүндө европеид болуп, отурукташып дыйканчылык кылышкан. Бирок ошол убакта эле мал чарбачылыгы менен да алектенишкен[2] дейт.

**А.М.Мандельштам** археологиялык изилдөөлөрдүн натыйжасында «кангюйлер алгач бул жерде (Орто Азияда) жашаган сак урууларынын түздөн-түз урпактары болуп саналат»[3] деген бүтүмгө келет. Ал эми **Б.А.Литвинский** «Согдунун ары жагындагы сактарды» кангюлердин ата-бабалары деп эсептеп, кангюй деген аталышты сак этноними катары карайт [4].

Кангюй мамлекети б.з. V кылымынын экинчи жарымында тарыхый аренадан кетет.

V кылымда *кангар* этноними пайда болот. **Б.И.Вайнберг**[5] «кангар этнониминин пайда болушун Орто Азия-Казакстан аймагынын чыгыш чектеринин алгачкы түрктөшкөн этабы менен байланыштырат. Бул жаңы этноним Канг дарыясынын же Канг

---

[1] *Мухамедова З.Б.* Исследование по истории туркменского языка XI–XIV вв.-Ашхабад,1973.-С.14

[2] *Боровкова Л.А.* Царства «западного края» во II–I веках до н.э.-М.,2001.-С.312

[3] *Мандельштам А.М.* К восточным аспектам истории ранних кочевников Средней Азии и Казахстана //КСИА,1978.-Вып.154.-С.24

[4] *Литвинский Б.А.* Кангюйско-сарматский фарн.-Душанбе,1968.-С.20-21

[5] *Вайнберг Б.И.* Этнография Турана в древности VII в. до н.э. – VIII в. н.э.-М., 1999.-С.284




*Карта 6.* Кангюй мамлекети
(«Хоу Хань шу» боюнча б.з.ч. I – III б.з. кк.)

аймагынын, а балким, Сырдарыянын, Канг деп аталган байыркы дельтанын бардык районунда жашаган ар түрдүү түрктөшкөн этносторго карата айтылган» деп жазат.

Рум элчиси **Зимарх** 569-жылы түрк каганына элчиликке бара жатып, *холиат* аттуу элди жолуктурат, француз тарыхчысы Дегинь холи бул «кангар» деген аттын бузулуп айтылышы» дейт[1].

618-жылы Чыгыш Түрк каганатынын каганы Шиби-каган Кытайга жөнөткөн элчиликтин башчысынын аты Кан-хэ-ли болгон. Япон окумуштуусу **Х.Мацуда** кан-хэ-ли деген аталышты «кенгерес» деп окуйт[2]. Бирок бул жерде «с» деген көптүк аффикси жок. «Танхуйяодо» (IX к.) эскерилген «кан-хэ-ли» элинин аталышын кытайтаануучу **Ю.А.Зуев** kan-γat=kang-γat-lji (kang-γat-lyi), kangγatly =kangarlyγ (кангарлыг) деп окуп, аны канглы этноniminин эң алгачкы варианттарынын бири деп санайт[3]. Кангар эли ошол мезгилдерде Чыгыш Түрк каганатына баш ийип, кагандын ордосуна жакын жерде көчүп-конуп жүрүшкөн.

**П.Карпини** 1246-жылы Гүюк хандын ордосу – Каракорумга бара жатканда канглылардын жеринен өтөт. Аны ал мындайча сүрөттөйт: «Командардын жеринен кийин биз Кангиттердин жерине келдик. Көпчүлүк жерде суу жоктугу, аздыгы билинип турат, суунун аздыгына байланыштуу анын элинин саны да аз... Команиядай эле биз бул жерде өлгөн адамдардын көптөгөн баштарын жана сөөктөрүн жолуктурдук... Бул кишилер бутпарас, Командар да, Кангиттер да жер иштетишпейт, мал-чарбасы менен оокат кылышат, алар үйлөрдү курушпай, чатырларда турушат. Татарлар буларды да кырышты, аман калгандарын кулга айлантып, алардын жеринде жашашат»[4] деп жазат.

---

[1] *Аристов Н.А.* Труды по истории и этническому составу тюркских племен.-Б.,2003.-С.125

[2] *Matsuda H.* The Geo-historical Studies on ancient Tien-Shan region.-Tokyo: Waseda University Press,1955.-P.7

[3] *Зуев Ю.А.* «Тамги лошадей из вассальных княжеств»//ТИИАЭ АН КазССР.-Т.8.-Алма-Ата, 1960.-С.127

[4] *Иоанн де Плано Карпини.* История Монгалов. Вильгельм де Рубрук. Путешествие в восточные страны.-СПб.,1911.-С.50

**В.Рубрук** 1253-жылы Каракорумга болгон миссиясынан кайтып келип: «бул жерде командардын туугандары болгон канглылар жашашат»[1] деп жазат. П.Карпини канлыларды «кангит», ал эми В.Рубрук «канглы» деген аталыштар менен аташат.

Алгачкылардан болуп **П.В.Голубовский** Абылгазынын, Рубруктун, П.Карпининин, монгол тарыхчыларынын жазгандарын жана араб булактарын анализдеп чыгып, *канглы, кангли, кангит* жана *kangar* (κάγγαρ) бир эле уруунун аталышы деген ойго келет[2].

**И.Маркварт** өзүнүн изилдөөлөрүнүн натыйжасында орхон рун жазууларындагы (712-ж.) – *кенгерес* (𐰾𐰼𐰭𐰚 - käŋäräs) этнонимин kangar аталышы менен салыштырып, мындай бүтүмгө келет: Kängäräs (кенгерес) Константин Багрянородныйдагы Kangar (Κάγγαρ) этнониминин варианты, кангар-кенгерестер VIII кылымдарда Сыр-Дарыянын төмөнкү агымында жана Арал бойлорунда жашашкан. Сыр-Дарыянын Шаштан кийин, төмөнкү агымы «Кангар дарыясы» деп аталган[3]. И.Маркварттын бул бүтүмүн академик В.В.Бартольд колдоого алып, *кангарды* Сырдарыянын төмөнкү агымы – Канг менен байланыштырат[4].

**С.Г.Кляшторный** рун жазууларындагы «Кӓнгӱ-Тарбан» деген жердин аталышын Канг менен байланыштырып, анын борбору араб булактарындагы Турарбанд-Отрар деп санайт. Бул жерде жашаган кенгерестерди кангар этноними менен байланышта карап, аны «Канг эрлери же адамдары» деп чечмелейт[5].

**Б.И.Вайнберг** «Авестадагы» Кангха, «Шах-намедеги» Канга, Кытай булактарындагы Кангюй жөнүндөгү маалыматтарды, ошондой эле С.П.Толстовдун, С.Г.Кляшторныйдын ж.б. изилдөөчүлөрдүн эмгектерин ализдеп чыгып, төмөндөгүдөй бүтүм-

---

[1] Ушул жерде.-С.101

[2] *Голубовский П.В.* Об Узах и Торках//ЖМНП.-Ч.CCXXXIV.-СПб,1884.Июль.-С.19-20

[3] *Marquart J.* Die Chronologie der Alttürkischen Inschriften.-Leipzig,1898.-S.3-10

[4] *Бартольд В.В.* Новый труд о половцах//Русский исторический журнал Российской Академии наук.-Кн.7.-Петроград,1921.-С.152

[5] *Кляшторный С.Г.* Кангюйская этнотопонимикав орхонских текстах//СЭ.1951. №3.-С.63




*Карта 7*. Кангар өлкөсү

гө келет: «Канг, Кангха – Сырдарыянын төмөнүндөгү дельта аймагынын аталышы, ал Чу, Сарысу жана Сырдарыяларынын дельталарын камтыйт. Бул жерде биз азыркы Дарыялык-такырдын ордуна Ворукаш көлүн жайгаштырабыз, ага жакын Турандын борбору байыркы Кангха шаары жайгашкан. Анын атынан Канг дарыясынын аталышы келип чыгат. Бул аталыш Чу дарыясына да колдонулушу мүмкүн»[1] деп жазат.

XI аягында – XII кылымдын башында кангар аталышынын ордуна канглы этноними пайда болот. Канглы уруу бирикмесинин келип чыгышы боюнча XIX кылымдын акырынан бери эки илимий көз караш бар. Биринчиси, канглы уруу союзу XI–XII кылымдарда Арал боюндагы чөлдөрдө печенек-огуздардын негизинде пайда болот. «Канглы» этноними печенегдердин байыркы аты *кангар* менен жакындаштырылат. Ошондой эле канглдардын этникалык түзүлүшүнө кыпчактардын ролу чоӊ экендигине басым жасалат. Бул көз караш В.В.Бартольд жана П.В.Голубовский тарабынан негизделген, кийин аны С.П.Толстов жана Т.А.Жданколор өркүндөтүшкөн[2].

Экинчи гипотеза Н.А.Аристов тарабынан иштелип чыккан. Аны Н.А.Бронников колдогон[3]. Канглдар, бул концепция боюнча, Сырдарыяга жана ага чектеш болгон жерлерге Кангюй мамлекетин түзгөн, кангюйлердин этникалык орун басуучусу. Канглдардын кангүйлерден келип чыгыш идеясы, көпчүлүк археологдор (А.Н.Бернштам, ж.б.) тарабынан кабыл алынып, акыркы убакта В.В.Востров жана М.С.Мукановдор өркүндөтүшкөн.

**С.П.Толстов** «кангар» атынын «канглы» болуп өзгөрүшүн, XI кылымда кыпчактар менен огуз-печенек урууларынын бир

---

[1] *Вайнберг Б.И.* Этнография Турана в древности VII в. до н.э. – VIII в. н.э.-М.,1999.-С.283

[2] Кара: *Голубовский П.* Печенеги, торки и половцы до нашествия татар.-Киев,1884; Бартольд В.В. Новый труд о половцах//РИЖ.-Кн.7.-С.152; Толстов С.П. Древний Хорезм.-М.,1948; Жданко Т.А. Очерки исторической этнографии каракалпаков.-М.-Л.,1950

[3] Кара: *Аристов Н.А.* Заметки об этническом составе тюркских племен...; Бронников Н.А. Кангюй, Канглы или Канн и Юечжи (к исторической географии Русского Туркестана)//Записки Московского археологического института.-Т.XXXV.-М.,1914

бөлүгү ассимиляция болгондугу менен байланыштырат[1]. Бул жөнүндө **М.Кашкарлык** мындай деп айткан: «Канглы – кыпчактардан чыккан атактуу адамдардын бири».

**В.В.Востров** жана **М.С.Муканов** изилдөөлөрүндө кангүйлөрдү түрк тилдүү эл катары эсептешип, мындай деп жазышат: «канглылар баягы эле б.з.ч. II кылымдагы кангүйлер»[2].

**М.Тынышпаев**дин пикири боюнча Тимурдун убагында, XIV кылымдын аягында кангылар Сырдарыя менен Талас дарыясынын ортосунда жашашып, Жучу-хандын улусунун бир бөлүгүн түзүшкөн. XVII кылымдын башында Ташкент уезинде жашаган канглылар менен катагандарды кыргыздын Турсун ханы башкарган[3].

Казактардын «элдик» этимологиясынын көз карашынан алганда канглы этнонимин түшүндүргөн уламыш XIV кылымга таандык кылууга болот, анда мындай деп айтылат: «Канглы элинин аталышы байыртадан бери келе жатат, бирок ал Тимурдун убагынан тартып атак-даңкка ээ болгон, анын тарыхы мындай: катуу салгылаштан кийин Тимур жарадар болуп, кансыраган атчан аскерди көрөт жана «Бул кайсыл канглы? деп сурайт. Ага жоокер: «Ал сенин кулуң канглы» деп жооп берет[4].

Могулстан мамлекети түзүлгөндөн кийин канглылар могулдардын курамына кирет. **В.П.Юдин** «Канглы аймагы Тоглук-Тимур Мавераннахрды басып алуу үчүн жөнөткөн аймактардын ичине кирет. Анын башында Бекчик турган. Белгилүү болгондой, бул бир көпөстүн аты, ал адам Тоглук-Тимур Аксудагы дохтуй уруусуна, Пуладчи эмирине бара жаткан жолдо ага жардам көрсөткөн экен. Тоглук-Тимур өзүнө жардам берген адамдарды бийлик бутагында жогорулаткан, кийин алардан жаңы могол

---

[1] *Толстов С.П.* Древний Хорезм.-М.,1948.-С.23-24

[2] *Востров В.В., Муканов М.С.* Родоплеменной состав и расселение казахов.-Алма-Ата,1968.-С.32

[3] *Тыныштпаев М.* Материалы по истории Киргиз-Казакского народа.-Ташкент,1925.-С.6-7

[4] *Диваев. А.* Предание о Хазряти-Исмаил-Ата//Туркестанские ведомости.-Ташкент,1901.-№20,24,25

уруулары уланышкан. Тоглук-Тимур өлгөндөн кийин булактарда канглы этноними жоголуп, анын ордуна бекчик деген жаңы уруунун аты пайда болот.

«Тарих-и Рашиди» белгилегендей, Вейс-хан өлгөндөн кийин 1428-жылы «бекчиктер» Исан-бугудан кетип, алардын башчысы Мир Хак-Берди бекчик Ысык-Көлдөгү Кой-Сууга жайгашат, өзүнүн адамдарын аралга жайгаштырат жана Сайрам менен Түркстанга кол сала баштайт. Бекчиктер Султан Саид-хандын аскерлеринин тандалма бөлүктөрүнүн тизмесинде да айтылат. Кийинки мезгилдерде алардын өкүлдөрү бүткүл Могулстанда аракеттенишкен»[1].

В.П.Юдиндин пикири боюнча, канглылар түрк элдерине киргендигинде талаш жок, могулдар (анын курамына кирген уруулар) кыпчак тибиндеги, казак жана кыргыз тилдерине жакын болгон түрк тилинде сүйлөшкөн»[2].

Кытайтаануучу Ю.А.Зуев kang-dih терминине түрк аталыштарынын ичинен эң жакыны кыргыздын каңды уруусунун аталышы»[3] деп баса белгилейт.

Тарыхчы **Р.А.Абдуманапов** «кангды уруусу кыргыздардын курамына XV кылымга чейин, кыргыздар менен түштүк алтайлыктар бирдиктүү коомчулук болуп турган кезде кирген. Рашид-ад Диндеги маалыматтар боюнча Иртыштын жогорку агымында XIII кылымда наймандарга коңшу жашаган канглдарды кыргыз элинин курамына кирип, каңды уруусун түзгөн» деп жазат[4].

---

[1] *Юдин В.П.* Центральная Азия в XIV–XVIII веках глазами востоковеда.-Алматы,2001.-С.74

[2] *Юдин В.П.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.83-84

[3] *Зуев Ю.А.* Ранние тюрки: очерки истории и идеологии.-Алматы,2002.-С.101

[4] *Абдуманапов Р.А.* К вопросу происхождения кыргызского племени кангды// Известия Томского политехнического университета. Тематический выпуск: «Сибирь в евразийском пространстве».-Томск: Издательство ТПУ,2002.-Вып.7.-С.28 (С.19-31)

# КАНГЛЫ/КАҢДЫ ЭТНОНИМИНИН ЭТИМОЛОГИЯСЫ

Тарыхый булактарда «канглы» этноними XII кылымдын башында пайда боло баштайт. Этнонимдин чечмелениши жөнүндө көптөгөн көз караштар бар.

**В.Томашек**[1] жана **Ф.Хирттин**[2] ою боюнча Кангүй байыркы иран тилинде «Канг» – «Согдунун түшүмдүү түздүгү» деген маани берип, ал алгач Заравшан ойдуңуна тиешелүү болгон.

Раулсон «канглы» этнонимин «асман» деп чечмелейт.

Б.А.Литвинский *канка* хотан-сак сөзүнүн маанисин «тери», «тон» менен байланыштырып, кангюй деген аталышты сак этноними катары карап, аны «булгары кийим кийген элдер» деп чечмелейт[3].

**Э.Пуллибланк** кангюй сөзүн тохар тилиндеги канк – «таш» деген сөздөн чыгарат.

Изилдөөчүлөрдүн бир тобу канглы/каңлы этнонимин «араба», «араба жасоочу» менен байланыштырышат. Фарси тарыхчысы **Рашид ад-Дин** (XIV к.) Огуз-ханга байланышкан уламышты келтирип, этнонимди «канг» – «араба» деген мааниде берет[4]. Ушундай эле версияны Хива ханы **Абулгази Бахадур хан** (XVII к.) өзүнүн «Түрк шежиреси» деген китебинде мындайча берет: «...Огуз хан барып татарды чапты. Татар ханы көп аскерлери менен согушту. Огуз хан аны жеңип, аскерлерин кырды. Бул кезде Огуз хандын колуна сансыз көп олжо түштү. Аны жүктөп кетүүгө унаа жетпей калды. Булардын ичинде бир билимдүү адам бар эле, ал ойлоп олтуруп бир араба жасады, башкалар муну көрүп араба жасоого киришти. Алар олжого түшкөн мал, дүйнөсүн ушул арабаларга жүктөп кайтты, бул арабага «каңк» деп ат койду. Андан илгери араба дегендин аты да, заты

---

[1] *Tomashek W.* Cental Asiatische Studies I. Sogdiana // SPAW. Wien, 1877. Vol. LXXXVIII

[2] *Hirth Fr.* Nachworte zur Inschrift des Tonjukuk.-Strassburg,1900.

[3] *Литвинский Б.А.* Кангюйско-сарматский фарн.-Душанбе,1968.-20-21

[4] *Рашид-ад-Дин.* Сборник летописей.-Т.I.-Кн.1.-М.-Л.,1952.-С.84

да болбогон. Муну «каңк» деп атоонун себеби, бул арабалар жол жүргөндө «каңк-каңк» деген добуш чыгып турган. Арабаны жасаган адамга «Каңклы» (Канглы) деп ат койду, кийинки каңгылы эли дал ушул адамдын урпактары болуп эсептелет»[1].

**С.А.Аманжолов** жана **Н.К.Антонов** канглы/канлы этнонимин канк – «араба» дегенден чыгарышат[2]. **Ш.Кудайберди** уулы казактардагы канлы уруусун Орто Жүзгө киргизип, анын аталышын «араба» башкача айтканда «араба колдонуучулар» деп жазат[3]. Изилдөөчү **А.Ш.Кадырбаев** кытай жыл наамасы «Юань шиден» (XIV к.) жогоруда келтирилген уламышка окшогон уламышты жолуктурган, анын негизинде «Хань (б.з.ч. 206 ж. – б.з. 220 ж.) доорунда Канглы (Канли) Гаочэ-го деп аталып, бийик арабалар өлкөсү дегенди түшүндүргөн[4].

**Э.Паркер** «канкали» деген сөздү кытайлыктарга хунну доорунда белгилүү богон динлин, Тоба-Вей империясында «бийик арабалар», түрктөрдүн убагындагы «уйгур», монголголдордун убагында канкли деген элдин аталышын белгилеп, түрк сөзү канкли – «араба» дегенди билдирген деп жазат[5].

**А.Г.Кайдаров** «Бирок, бардык байыркы түрк жазма эстеликтеринде, ошондой эле «Алтындын кооздугу» Сутрасында жана Рабгузинин «Пайгамбарлар тарыхында» жана кийинки орто кылымдардагы жазма эстеликтерде «араба» деген түшүнүк qanlï/qanja (мындан qanlïčï – арабачы)сөзү менен берилген. Бул сөздөрдүн структурасында биздин оюбузча ээ болуу –лы аффикси жана ошондой эле башка форманттагы кесибин көрсөтө турган элемент жок» деп бул көз караштты сынга алат.

Изилдөөчүлөрдүн экинчи тобу канглы/каңлы этнонимин

---

[1] *Абульгази*. Родословное древо тюрков.-Казань,1906.-С.42; Кононов А.Н. Родословная туркмен, сочинение Абу-л-Гази хана хивинского.-М.-Л.,1958.-С.43

[2] *Аманжолов С.А.* Вопросы диалектологии и истории казахского языка.-Алма-Ата,1959

[3] *Шакарим Кудайберди уулы.* Родословная тюрков, казахов, киргизов. Династии ханов.-Алма-Ата,1990.-С.70

[4] *Кадырбаев А.Ш.* Тюрки и иранцы в Китае и Центральной АзииXIII-XIV вв.-Алма-Ата, 1990.-С.21

[5] *Паркер* Э. Татары. История возникновения великого народа.-М.:2010.-С.119-120

дарыя менен байланыштырышат. Даниялык тарыхчы **П.Ф.Сум** *кангар* деген атты Ганг дарыясынын аты менен байланыштырып, аларды Индиядан келип чыккан дейт. Ал «кангар» перс тилинин «кандавар» – «күчтүү», «эр» деген сөзүнөн пайда болгондугун айтат[1].

**Н.А.Аристов** канглыларды Авеста менен Магабхараттагы «канка» жана кытай булактардагы «кангюй» менен байланыштырып, этнонимидин аталышын Алтайдагы Кан дарыясынын атынан келип чыккан дейт.

**Т.Жанузаков** казактардын бир уруусу болгон канлынын (канглы) аты Кан (Алтай) дарыясынын аталышына барат. Байыркы түрктөр  Енисей дарыясын Кан же Тян деп аташкан; азыркы убакта чыгыш-түрк тилдеринде «кан» деген сөз – «дарыя» деген түшүнүктү берет[2]  деп жазат. Ономаст **Р.А.Агеева,** Т.Жанузаковдун «Канлы» – Кан дарыясынын негизинде келип чыккан топоэтноним деген пикирин колдойт[3].

**Ал-Идриси** (XII к.) мындай деп жазат: «Бул абдан зор көл... анда балык абдан көп – ал ошол жердеги элдин негизги тамагы... ал жерде ханга-кишилерге таандык жайыттар жана түшүмдүү жерлер көп. Бул гуздардын ар дайым курал-жарак алып жүргөн топтору, алар абдан аяр, сак жана алар менен коңшу жашаган түрк урууларына караганда кайраттуу келет»[4]. Мына ушул аталышта алардын байыркы «канг» деген этноними «канга-киши» – «Кангдын адамдары» деген формада чагылдырылып турат.

Археолог С.П.Толстов да, «канг» сөзүнүн этимологиясын Ганг дарыясы менен байланыштырат[5]. Ал эми И.Маркварт болсо, кангар этнонимин канг + äр, башкача айтканда  «канг эли» деп карап, аларды орхон-рун жазууларындагы кенгерес менен

---

[1] *Сум П.Ф.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.7

[2] *Жанузаков Т.Ж.* Этюды о казахских этнонимах//Ономастика Средней Азии.-Фрунзе,1980.-С.20-21

[3] *Агеева Р.А.* Страны и народы: Происхождение названий.-М.,1990.-С.72

[4] *Кляшторный С.Г.* Древнетюркские рунические памятники.-М.,1964.-С.178

[5] *Толстов С.П.* Древний Хорезм.-М.,1948.-С.24

байланыштырып, кангар менен кенгерес Яксарттын байыркы аты Канг менен байланышы бар экендиги жөнүндөгү ойду айтат[1]. Мындай пикирди К.Менгест да өз убагында айткан[2].

А.Г.Кайдаров бир топ маалыматтарга таянып, этнонимди Канг/Кан/Каӊ – Сыр-Дарыянын байыркы аталышын чагылдырган этноним деген жыйынтыкка келген. Демек, Кан – «дарыя» маанисин туюнтуп, канглы/каӊлы – «Кан дарыясын ээлеген уруулар, элдер» же «дарыя боюн мекендеген уруу» деген маанини берет[3].

Ал эми **С.Г.Кляшторный** жана С.П.Толстовдор этнонимди «Канг адамы», «Канг адамынын тукумдары» деген варианттарда чечмелешет[4].

**Э. М. Мурзаев** канг деген сөздүн уӊгусу «кан» болуп, өзбек, тажик тилдеринде канал дегенди тюнтуп, «арыктар өлкөсү» деген маанини бериши мүмкүн. Кан деген терминдин ганг, конг, канг, кянг ж.б. варианттары «дарыяны» түшүндүрөт деп, Канга, Кан, Кандава, Ган, Ганга, Абакан, Хан, Ханган, Меконг ж.б. дарыяларга байланышкан топонимикалык аталыштарды мисал келтирет[5]. Кыргызстанда Кан, Кандыба, Канды, Канды арык ж.б. аталыштар сакталып калган.

* * *

Канглылар башкыр, казак, каракалпак, монгол, ногой, өзбек, хакас жана якут элдеринин этногенезинде чоӊ ролду ойношкон.

Башкырлардын курамындагы каӊлылар актау-каӊлы – тамгасы ∠; идел-каӊлы – тамгасы I, II; кыр-каӊлы – тамгасы T; юрактау-каӊлы – тамгасы X, Y деп бөлүнүшөт[6].

Казактардын курамындагы каӊлылар *сары-каӊлы* жана

[1] *Marquart J.* Die Chronologie der Alttürkischen Inschriften.-Leipzig,1898.-P.10

[2] *Кайдаров А.Т.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.45-46

[3] *Кайдаров А.Т.* К историко-лингвистической характеристике канглы/каӊлы// Тюркская ономастика.-Алма-Ата,1984.-С.47

[4] *Кляшторный С.* Кангюйская этнотопонимикав орхонских текстах//СЭ.1951. №3.-С.54-63

[5] *Мурзаев Э.М.* Словарь народных географических терминов.-М.,1984.-251-252

[6] *Кузеев Р.Г.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.370

*кара-каңлы* деп эки чоң топко бөлүнөт. Географиялык жайланышы боюнча Сыр-Дарыялык жана Жети-Суулук каңлылар деп бөлүнөт. Сыр-Дарыялык сары-каңлылар беш ата: аңбота, акынкожа, телкожа (ак каңлы, кызыл каңлы), омыртка, миям жана кара-каңлылар алты ата: тогузбай, оңбай, тоганай, бака, бадырак, кара. Жети-Суулук сары-каңлылар алты ата: элсейит, акбарак (шоңпар, түрке), куюшкансыз, бозым, ешкили, шанышкылы[1] жана кара-каңлылар алты ата: ерезен, каспан, еңке, танта, оразымбет, бака. А.Кайдаров Жети-Суулук каңдылар Сыр-Дарыялык каңдылардан тараган деген корутундуга келет. Ал «сары каңлы», «кара каңлы», «кызыл каңлы», «ак каңлы» деген этнонимдер түстүк мааниде эмес, географиялык мааниде – уруулардын жайгашуусун көрсөтөт. Түрк топонимиясында «кара» сөзү батышты, «сары» – жогорку, түштүк, «кызыл» – бийик, борбордук, «ак» – чыгышты билдирет. Демек, «сары каңлы» – жогорку, түштүк канглылар, башкача айтканда Сырдарыянын жогорку агымында, түштүктө, Зарафшан өрөөнүндө жана Кашка-Дарыяда, «кара каңлы» – батыш аймакта, Сырдарыянын төмөнкү агымында, «кызыл каңлы» – борбордук аймакта (Кангюй мамлекети) жана «ак каңлы» – чыгышта жашаган каңлылар болот[2].

Канглылардын урааны «Байтерек», «Айрылмас», тамгасы – «көсөө тамга».

Ногойлор ак ногой жана кара ногой деп бөлүнүшөт. Ак ногойлордун курамындагы канъглылардын тамгасы – «къанъглы тамга» , ал эми кара ногойлордогу канъглы уруусуна: бугысай, орманшы, ыргаклы, абагым, пискекли деген майда уруктар кирет. Мындагы канъглы уруусуна тамгасы – «ай тамга»  [3].

[1] Катагандын кан Турсунунун аскерлери каңлы жана катаган урууларынан турган. 1627-28-жылдары кан Турсун менен Эр Эшимдин согушунда, катагандар талкаланып, анын шанышкылы деген уругу каңлылардын курамына кирип кетет

[2] *Кайдаров А.Т.* К историко-лингвистической характеристике этнонима канглы/каңлы// Тюркская ономастика.-Алма-Ата,1984.-С.41-42

[3] *Баскаков Н.А.* Ногайский язык и его диалекты.-М.-Л.,1940.-С.133,136

Жалпысынан алганда ногойлордун[1] курамындагы канъглылардын тамгасы «алип тамга» – |, башкырлардагы[2] каңлылардын тамгасы – |, казактардын курамындагы кангылылардын тамгасы «косеу тамга» – |, каракалпак каңлы тамгасы[3] «алип тамга» – |, өзбектердин[4] курамындагы канглы уруусунун тамгасы «алип тамга» – |. Демек, канглы уруусунун жалпы тамгасы «көсөө тамга» – | болуп эсептелинет.

В.О.Долгихтин сөзү боюнча якут элинин негизин (ядросун) кангаластар түзүп, алардын яха/саха деген уруулук аталышы бардык элдин аты болуп калды. Биринчилерден болуп Г.В.Ксенофонтов ханалас этнонимин орто кылымдардагы канглы уруусунун аталышы менен жакындаштырып, аларды кангаластардын ата-бабалары болот деп санаган. Мунун негизинде В.В.Ушницкий өзүнүн изилдөөлөрүнүн натыйжасында канглылар кангаластардан келип чыккан деген бүтүмгө келет[5].

Монголдордо жана буряттарда хангин (ханглин) этноними катталган. Канглылардын кереит уруусу менен болгон байланыштары да тарыхый булактарда сакталган.

Кангылардын Орхондун орто агымындагы жана Түндүк Монголиянын Онгин дарыясынын бассейниндеги Тола дарыясынын жанындагы жерлерди ээлеп турган Торгулхандын кераит улусу менен тыгыз, а балким генетикалык да байланышы болгон. Канглынын төбөлдөрүнүн өкүлдөрү, мисалы, «Юань-ши»де айтылган Кайранбай деген киши кераит хандарынын сарайында кызмат кылган, ал эми кытайлардын «Менуэр-шицзы» деген жазмасында алардын тууганчылыгы тууралуу тикелей эле жазат: «Кераиттер канглылардын бабалары болуп саналат. Батыштагылары канглы деп, чыгыштагылары кереиттер деп аталган»[6].

---

[1] *Керейтов Р.Х.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.38

[2] *Кузеев Р.Г.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.370

[3] *Жданко Т.А*. Көрсөтүлгөн эмгек.-С.45

[4] *Шаниязов К.Ш.* К этнической истории узбекского народа.-Ташкент, 1974.-С.151-152

[5] *Ушницкий В.В*. Канглы – предки кангаласов//Г.В.Ксенофонтов: Возвращение к себе: Сб. науч. ст.-Якутск: ИГИ АН РС(Я),1998. -С.63-71

[6] *Кадырбаев А.Ш.* Тюрки и иранцы в Китае и Центральной Азии XIII-XIV вв.-Алма-Ата,1990.-С. 35-36

Демек, тарыхый булардарда kanká, гандар, кан-ли, κάγγαρ (кангар), 𐰚𐰭𐰼𐰾 - käŋäräs (кенгерес), хангакиши الخَنْغا كِشى, кäнгÿ-оглу قنغر, кангар-оглы قنغرُ اَغلى, канглы قنكلى, канглин, канлы, кангит, канкли/канглы деген варианттардагы аталыштар менен белгилүү болгон этнонимдер бир эле элдин аталышы болуп, түрк элдеринин (башкыр, казак, кыргыз ж.б.) этногенезинде чоң ролду ойноп, азыркы убакта башкырлардын курамында – канлы, казак, каракалпак, өзбек, крым татар, гагауз жана ногойлордун курамында – канглы, монголдордун курамында – ханггид, хакас жана якуттардын курамында – кангалас, кыргыздарда – каңды формаларда сакталып келет.

Каңды этнониминин уңгусу «кан» – «дарыя» маанисин туюнтуп, каңды – «Кан дарыясын ээлеген уруулар, же «дарыя боюн мекендеген уруу» деген маанини берет.

Көпчүлүк илимпоздордун пикири боюнча, канглылар түрк элдерине кирип, кыргыз-кыпчак тилдерине жакын болгон түрк тилдеринде сүйлөшкөн.

# КЫРГЫЗДЫН КАҢДЫ УРУУСУ

1900-жылы Н.Ф.Ситняковский[1] кыргыздын каңды уруусун канглы деп атап, аны кесек уруусунун курамына кошот.

1953-1954-жылдары Я.Р.Винников[2] өзүнүн изилдөөлөрүнөн кийин каңды уруусунун курамына кирген төмөндөгүдөй уруктарды атайт: *«караканды, сарыканды, айтемир, кара туума, култай, ургу, кара саадак, чырак тамга»* ж.б. Ал эми чырак тамга уругуна *алашан, чоң аке, көк карга, уйлар, каранай* жана *түркмөн* деген урук бөлүкчөлөрүн киргизет. Ушундай эле каңды уруусунун курамын С.Аттокуров[3] да берет. Бирок, аталган уруктардын ичиндеги *айтемир, кара туума, култай* – тейит уруусунун, *кара саадак* – кесек уруусунун уруктары, ал эми ургу оргу урусуунун бурмаланып аталашы болуп саналат.

Санжырачы Т.Умар уулу жогоруда аталган каңды уруктарына *орок тамга, үчөк тамга, уман канды, уйгур булга* жана *шаран* деген уруктарды кошот[4]. Бул жерде уйгур булга – тейит уруусунун уйгур тейит уругу, шаран – төөлөс уруусунун шорон уругу болуп саналат.

Каңды уруусунун эн тамгалары О.Каратаев боюнча «орок тамга» – , «үч ок тамга» –  жана «каңды тамга» – . Тарыхчы О.Каратаев көрсөтүлгөн тамгаларды Эне-Сай чөлкөмүндө табылган жазуулардагы Е 127 тамгасы жана хакастардын курамындагы хыргыс уруусунун тамгасы менен окшоштурат[5].

Профессор Ш.Жапаров Лейлек районунда жашаган каңдылардын *көк чабы, чапан, ит бак, сары каңды, кашкар каңды* деген уруктарга ажырарын белгилеп, «элдик маалымат боюнча каңдылар Алдаярбектен тараганбыз дешет. Өз кезегинде Ал-

---

[1] *Ситняковский Н.Ф.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Т.II.-Вып.II.-С.57-58

[2] *Винников Я.Р.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.161

[3] *Аттокуров С.* Көрсөтүлгөн эмгек.-208-б

[4] *Турдубай Умар уулу.* Көрсөтүлгөн эмгек.-22-б

[5] *Каратаев О.К.* Кыргыздардын этномаданий байланыштарынын тарыхынан.-Б.2003.-103,117,125,194-б

даярбек түркмөн каңдыдан, ал эми түркмөн каңды Чырак тамгадан тараган. Каңдылар аймактын Баул, Кулунду айылдарында жашашат» деп кошумчалайт[1].

## Каңды уруусунун миграциясы

Кыргыздын каңды уруусу алгач учурдагы Лейлек районунун Баул деген жерин мекендешкен. Баткен облусунун Кадам-Жай районунун Халмион айыл аймагына караштуу Таш-Дөбө айылынын тургуну Орозбаев Камилдин айтуусу боюнча Баулга каңдыларды Сыр-Дарыя бою, Хорезмден кичи-Куту бий баштап келген.

Каңдылар Баул жергесинде турушуп, ал жерде көбөйүшүп Кыргызстандын Баткен, Кадам-Жай, Ноокат, Сузак ж.б. райондордун жерлерине көчүшкөн. Алгач алардын алашан, каранай, түркмөн жана сары каңды уруктары азыркы Ноокат районунун Көк-Жар айыл аймагынын территориясына көчүп келишет. Бул жерде алар азыркы Алашан, Борбаш, Жийде, Каранай, Сарыкаңды айылдарын негиздешет. Кийин Жийде айылындагы каңды уруктарынын бир бөлүгү Кайрагач, ал эми Көк-Жардагы каңдылардын бир бөлүгү Бел-Өрүк айылыдарына көчүп келишет. Ал эми Ноокат районунун Кара-Таш айылына каранайдан чыккан Сагындык менен Кубандык Көк-Жардын Каранай айылынан көчүп келишет. Ал жердеги каранайлар алардын урпактары. Ошондой эле аталган айылда каранайлар менен бирге каңдынын «чырак тамга» уругунун өкүлдөрү да турушат. Алар 1895-жылы бул жакка азыркы Кадамжай районунун Чимийан деген жеринен көчүп келишкен. Бул жердегилер аларды шарттуу түрдө «чимийанчылар тобу» деп аташат, бирок алар «чырак тамга» уругунун өкүлдөрү.

Баяндоочулардын айтымында Ноокат районунун Кыргыз-Ата жана Калинин айылдарына сары каңдылар 1810-1816-жыл-

---

[1] *Жапаров Ш.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Алга.-№121,18.10.1967, 4-б; Алга.-03.04. 1993,2-б

дары түз эле Баулдан келишкен эки бир тууганцан тарашарын айтышты.

1920-жылы азыркы Кара-Суу районунун Жаңы-Арык айылына Дөнө, Таш-Арык айылына Жолдош дегендер Ноокат районунун Каранай айылынан көчүп келип туруп калышат. Аталган айылдардагы каңды уруусунун өкүлдөрү каранай уругунан болушат.

1763-жылдары Көк-Жар айыл аймагындагы каңды уруусунун бир нече ата-бабалары Кара-Дарыяга, азыркы Сузак районунун Кара-Дарыя айыл аймагынын Арал айылына жер которушат. Учурда бул жерди алардан тараган алашан, каранай жана сары каңды уруктарынын өкүлдөрү мекендешет. Бул жерден сары каңды уругунун бир бөлүгү азыркы Кара-Суу районунун Жылкелди (Когошун-Талаа) айылына көчүп кетишет. Ошондой эле бул жерден каранайдын Танайынан тарагандар Сузак районунун Маркай айылында, ал эми Устаян козудан тарагандар Базар-Коргон районунун Бай-Мундуз жана Жон айылдарына көчүп келип туруп калышкан. Кара-Дарыялык сарыкаңды уругунан чыккан Полоттун Мырзагул, Жээнкул, Таймат деген үч уулу 1830-жылдары Аксы тарапка жер которушат. Мырзагул азыркы Ала-Бука районунун Кызыл-Ата, Таймат – Көк-Серек, ал эми Жээнкул Аксы районунун Кара-Жыгач деген жерлерине келип туруп калышат. Мырзагул, менен Тайматтын урпактары азыркы убакта Ала-Бука районунун Кызыл-Ата, Сары-Талаа, Кашкалак жана Көк-Серек айылдарында турушат. Жээнкулдун урпактары Аксы районунун Кара-Жыгач айыл аймагына караштуу Тор-Камыш, Кызыл-Туу айыл аймагынын Кызыл-Туу айылында жашашат.

Көк-Жарлык сары каңды уругунан чыккан мергенчи Нияз деген жигит Зардалыга келип, бул жерде нойгуттун сакы деген ургундагы кызга үйлөнүп, бул жерде сары каңдылардын бир бутагын улайт. Зардалыдан анын урпактарынын бир бөлүгү Миң-Булак ашуусу аркылуу Каратегинге өтүп, ал жерде жашап, көбөйүшөт. Алардын бир бөлүгү андан ары Дүйшөнбүдөн 10 км.

алыстыктагы Жабан деген жерге келип туруп калышат. Кийин Тажикстандагы граждандык согушка байланыштуу Чаткалга (Кыргызстан) көчүп келишет. Бул жерде көпкө тура алышпай, Чүй облусунун Жайыл районуна караштуу Сосновка, Баткен облусунун Кадамжай районунун Ак-Калпак (Өрүкзар) жана Баткен районунун Кара-Бак, Чет-Кызыл, Дөбө айылдарына көчүп кетишет. Ал эми Каратегинде (Жерге-Тал) калган бөлүгү Алай аркылуу Ноокат районунун Көк-Жар айыл аймагынын Дедекбүбү айылына жер которушат. Жогоруда айтылган Баткен районунун Кара-Бак айлына 1958-1960-жылдары Зардалыда калган Нияздын урпактары жер реформасына байланыштуу көчүрүлгөн эле. Ошентип сары каңдынын Ниязынан тарагандар кайрадан бир айылга чогулушту.

Мындан 250-жыл мурда Айбаштын (сары каңды) Калмат деген баласы Каратегинге кетип, ал жакта Раимкул, Каримкул деген эки балалуу болот. Тарыхый кырдаалдарга байланыштуу Каратегинден Кожешкенге бет алат. Жолдо Калмат, аялы жана Каримкул курман болушат. Аман калган Раимкул Кара-Кушкана ашуусу аркылуу атактуу Кожешкенге келип, Чакүш деген жерге келип отурукташып калат. Бул жерде үйлөнүп, сары каңды уругу көбөйүшөт. Кийин 1959-1964-жылдары сары каңдылар Кожешкенден Баткен районунун Чоң-Кара айылына көчүрүлөт, азыркы убакта Раимкулдан тараган сары каңды уругунун өкүлдөрү ушул жерде турушат.

1958-1959-жылдары Баулдан Лейлек районунун Ленин (Разаков), Кулунду айылдарына каңды уруусунун түркмөн жана сары каңды уруктары жер реформасына байланыштуу көчүрүлөт. Бир жылга жетпей Ленин айылындагы түркмөн каңдылар Кулунду айлына көчүрүлөт. Ошентип азыркы убакта Кулунду айылында каңды уруусунун түркмөн каңдынын ит бок, көк чабы, гүлжумур, чапан, чом уруктарынын жана сары каңды уругунун өкүлдөрү турушат.

Ал эми каңдынын «чырак тамга» уругу Баулдан азыркы Халмион айыл аймагынын территориясына 1650-1670-жыл-

дары жер которушкан. Азыр Халмион айыл аймагынын Таш-Дөбө, Чекелик айылдарында чырак тамга, каранай жана сары каңды уруктарынын өкүлдөрү турушат. Бул жерден алардын Жузукеден тарагандары Сузак районунун Барпы айыл аймагына караштуу Каңды айылына келип туруп калышкан.

Кара-Кулжа районун Кара-Кочкор айыл аймагынын Кара-Кочкор айылындагы сары каңды уругунун баяндоочулары өздөрүн азыркы Өзбекстандын Асаке шаары жактан XVII кылымдарда келгенбиз дешет. Ал эми С.С.Губаеванын изилдөөлөрүндө Асаке шаарына каңдылар Чыгыш Түркстандын Янгишаар деген жеринен көчүп келишкен экен.

Мындан башка Өзгөн районунун Мырза-Аке, Кандыба, Төөлөс айылдарында каңдынын «чырак тамга» уруктарынын өкүлдөрү жашашат. Булар отурган жерлерине болжолдо 1730-жылдарда Ысык-Көл тараптан сүрүлүп келишкен. Буга далил катары азыркы мезгилде Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районунун Боз-Бешик, Кызыл-Суу, Светлая Поляна, Чоң-Кызыл-Суу айылдарында каңдынын «чырак тамга» уругунун Сарыкүчүк дегенинен тараган өкүлдөрү жашашат.

# КАҢДЫ УРУУСУНУН УРУКТАРЫ

Кыргыздын каңды уруусу азыркы убакта караканды, сарыканды, чырак тамга, алашан, каранай, түркмөн жана борбаш каңды деген ири уруктардан турат. Алар өз кезегигде майда урук бөлүкчөлөргө бөлүнүп кетишет.

## АЛАШАН

**Алашан** – каңды уруусунун курамындагы ири урук.

Алашан Батыш Кытайдагы тоо кыркалардын аталышы катары белгилүү[1]. Кыргыздар байыртадан Алашан, Тибетке чейинки аймактарды мекендеп келишкени маалым. Тарыхчы О.Каратаев «алашан» этнонимин «алаш+н; алаша – сулуу, татынакай, келбеттүү; -н мүчөсүн бир катар изилдөөчүлөр байыркы түрк тилдеринде көптүк маанини түшүндүрөрүн белгилешет»[2] – деп жазат.

Алашан этноними «ала» жана «шан» деген сөздөрдөн турат. Анын «ала» деген биринчи бөлүгү «улуу», ал эми экинчи «шан» деген бөлүгү кытай тилинен которгондо «тоо» деген маанини берет. Демек «алашан» этнониминин мааниси «улуу тоо» дегенди түшүндүрөт. Буга далил катары Ош облусунун Ноокат районун Көк-Жар айыл аймагына караштуу Алашан айылынын аталышы[3], аталган айылдын жанындагы тоо – «Улуу-Тоо» деп аталат.

Алашан этноними тарыхый булактарда *алшын, алачын, алачан, алазын, алачын, алак* деген формаларда кездешет. Н.А.Аристов аны чыгыш бома же пома «ала эл» менен байланыштырат. Мындай көз карашты Ю.А.Зуев колдойт, анын ою боюнча «бома» бул «ала ат» этнониминин кытайча айтылышы.

---

[1] *Владимирцов Б.Я.* Общественный строй монголов.-Л.,1934.-С.189
[2] *Каратаев О.К.* Кыргыз этнонимдер сөздүгү.-Б.,2003.-21-б
[3] СГНК,1988,23

Кийинчерээк бул термин алачи, алак-булак, алка-булак, булакай, алан, алакчин формаларында белгилүү болгон[1].

Алгачкы жолу алакчындар жөнүндөгү маалыматтар б.з. IV кылымында, кытай жазма булактарында пайда боло баштайт. Алар кытай жылнаамаларында 驳马 бо-ма, 弊剌 бице-бики, 遏罗支 олочже ж.б. аттар менен белгилүү болушкан. Бо-малардын дисцы уруусунан тарагандыгы жөнүндө маалыматтар бар. Сыма Цянь[2] бо-маны ди уруусунун бир бөлүгү катары өз эмгегинде эскерет. Б. з. ч. 118 жылы дисцы бо-малар кытайлар тарабынан багындырылып, алардын ээлеген жеринен Ву-ду-цзюнь аскер-округу түзүлөт[3]. Аларды Ли фамилиясындагы князьдар башкарган. Бул князьдыктын борбору Лё-ян шаары болчу. Ли-тэ князынын мезгилинде «ба-ди»лер Лянь-чжоу менен Чжэн-ду-фуну ээлешти. Ли-тэнин мураскору Ли-сюн 306 жылы өзүн император деп жарыялайт. Бирок 40 жыл өткөндөн кийин бул падышачылык кулап, анын ордуна дисцилердин «бо-ма» мамлекети күч ала баштайт. Бул бо-маларды кытайлыктар, Алтай тоо-кыркаларында жашаган түндүк бо-малардан айырмалап, «батыш бо-малар» деп аташкан. Алардын аттары жазылуучу иероглифтер да башкача болгон: биринчиси «ак ат»[4] дегенди түшүндүрсө, экинчиси «ала ат»[5] дегенди түшүндүргөн. Бирок башка тарыхый булактарда жогоруда айтылган «бо-ма» мамлекетинен айырмаланып, башка «бо-ма» мамлекети эскерилбейт. Демек түндүк жана батыш бо-малар бир элдин эки бөлүкчөсү экендигинде эч шек жок.

Бо-манын башкача аты о-ло-чже (анын фр. берилиши ngo-lo-tche), б. а. анын аты, Сары дарыясынын башында жашаган, нголок уруусунун атына окшош. Нголокту (галык) М.Ф.Гренар,

---

[1] Ономастика Средней Азии.-Вып.2.-Фрунзе,1980.-С.22

[2] *Chavannes Ed.* Les pays d'Occident d'aprés le Wei-lio//TP.-II serie,VI,1905.-P.528.

[3] Азыркы Гань-су пров. Цзе-чжоу обл., Чэн-сянь уезди

[4] *Chavannes Ed.* Көрсөтүлгөн эмгек.-P.521.

[5] *Schott W.* Ueber die ächten Kirgisen//APAW.-Berlin,1864.-P.472; Chavannes Ed. Documents sur les Tou-kiue occidentaux»//Сборник трудов орхонской экспедиции.-VI, 1903.-С.29

дансян[1] элинин урпактары катары эсептеп, аларда динлиндердин элементтери басымдуулук кылганын белгилейт[2].

Орто кылымдардагы «Бо-ма» – алакчындар конфедерациясына кирген уруулар жөнүндө негизинен төмөнкү кытай жылнаамаларынан маалымат алсак болот, бул: «Вэньсян тункая», «Синь Тан шу», «Тун дянь», «Тай-пин хуаньюй цзи», «Тан хуэйяо» жана «Цзю Тан шу».

Биз атаган кытай тарых булактарда, көбүнчө сибир уруулары жөнүндө айтылат. Ал булактардагы маалыматтар бирин-бирин кайталашат да, ошол эле мезгилде бирин-бири толуктап турушат. Учурдагы изилдөөчүлөр жогоруда аталган булактарды (орто кылымдардагы иероглифтерди) которгон убакта, кээ бир сөздөрдү, сүйлөмдөрдү жана абзацтарды башкача маани берип которушат.

Эмесе, жогоруда аталган кытай булактарын карап көрөлү.

«Синь Тан шуда» мындай деп айтылат: «Бо-ма, башкача аты Била же Элочжи, тюрк туцзюэлердин түндүк жагында жайгашкан, борбордон 14 000 ли. Сууга жана жайытка байланыштуу көчүп жашашат, бирок тоодо жашаганды жакшы көрүшөт. 30 000 талдалма аскери бар. Алардын өлкөсүндө дайым көп кар түшүп, дарактар жалбырактарын таштапшайт. Жерди аттын жардамы менен айдашат, аттарынын түсү ала, ошол себептен өлкөсү (Бо-ма) да ошентип аталат. Алардын өлкөсү түндүктө деңизге чейин созулат. Аттарды өстүргөнү менен, ат минишпейт, кымызды тамак катары колдонушат. Кыргыздар менен тез-тез согушуп турушат, сырткы түрү, кебетеси кыргыздарга окшош, бирок бири-биринин тилдерин түшүнүшпөйт. Бардыгы чачтарын кырып, кайыңдын кабыгынан жасалган калпак кийишет. Төрт бурчтуу кылып, жыгачтан кесип үй салып, үстүн кайыңдын кабыгы ме-

---

[1] *Grenard M.F.* Dutreil de Rhins – Mission scientifique dans la Haute Asie, op. cit, II,-P.330.

[2] *Грумм-Гржимайло Г.Е.* Описание путешествия в Западный Китай.-Т.III.-СПб,1899.-С.36

нен жаап жашашат. Ар бир урук аксакалдар менен башкарылып, бири-бирине баш ийишпейт»[1].

«Тай-пин хуаньюй цзиде» бо-малар жашаган жерлер төмөнкүдөй толукталат: «Бо-ма цзйегудан (кыргыздар) түндүктө жайгашкан. Алардын өлкөсү Түндүк деңизге жакын. Чаңандан (кытайдын борбору) 14 000 ли алыста турат»[2].

Ошондой эле толуктамалар «Тунь дяньда» бар: «Бо-ма мамлекетин эркин башкарат, туцзюэлерден (түрктөр) эч нерсеси менен өзгөчө айырмаланбайт. ...Өлкөнүн узундугу чыгыштан батышка карай бир айга созулат, түштүктөн түндүккө карай 50[3] күндүк жол, ...эгин айдашат. Аңчылыкты жана балык кармаганды жакшы көрүшөт. Кармалган балык, элик, кундуз, киш ж.б. жаныбарлардын этин жешет, терисин кийимге колдонушат; (өлкөдө) темирден жасалган эмерек, буюмдар аз, тамак бышырганда чоподон жасалган идиш-аяктарды колдонушат. Үйүндө жерге чөп салып, үстүнө кийиз төшөп олтурушат жана жатышат; туруктуу жашаган жери жок, чөп (жайыт) түгөнгөндө башка жакка көчүп кетишет. Улуу Тан империясын Юн-хуэй (650-656 жж.) башкарып турган мезгилде, ордого элчилерин белектер менен жөнөтүшкөн[4].

«Вэньсянь тункая» төмөнкүлөрдү билдирет: «Туцзюэлер, бо-ма жөнүндө сөз болгондо, аларды хэла (же хэцы), ошондой эле алардын мамлекетин Хэла дешет. Алардын өлкөсү Түндүк (Байкөл) деңизине жакын. Туцзюэлердин беш урууларынан өтүп, бо-маларга жетесиң. 300 000 баш жылкысы бар. Мамлекети сыгин менен башкарылат. Өлкөсүнүн кеңдиги чыгыштан батышка бир айлык, түштүктөн түндүккө – 15 күндүк атчан жүрүүгө созулат. Алардын өлкөсү абдан суук»[5].

---

[1] *Малявкин А.Г.* Танские хроники о государствах Центральной Азии.-Новосибирск,1989.-С.106

[2] *Кюнер Н.В.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.53

[3] Эгерде 1 күндүк жол төө менен жүрсө 50 км; Н.Я.Бичуриндин котормосу боюнча «бо-ма» мамлекети чыгыштан батышка 1500 км, ал эми түштүктөн түндүккө 2500 км созулган (Бичурин Н.Я. Көрсөтүлгөн эмгек.-Т.1.-М.-Л.,1950.-С.383).

[4] *Малявкин А.Г.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.104-105

[5] *Кюнер Н.В.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.52

«Тай-пин хуаньюй цзиде» бо-ма эли боюнча кээ бир толуктамалар кездешет. Мында Гуй мамлекетин сүрөттөп жатып, «... ал бо-мадан батышка карай 60 күндүк жол. Бо-мадан түштүккө карай 30 күн жүрсөң туциши (тюргештер), 20 күн жол жүрсөң яньмо, няньду жана люцюесыцзинь урууларына жетесиң. Бо-ма жана яньмо бука, уй, кой ошондой эле мүйүздүү мал кармашпайт. Алар туцзюэлер менен кыз берип, алышып турушат. Эки өлкөдө тең карагай, кайыңдар көп. Жылына аксакалдарга белек тартуу үчүн, кундуз, ак жана боз киштердин терилерин салык катары жыйнашат. Тан империясын Юн-хуэй (650-656 жж.) башкарып турган мезгилде (бо-ма жана яньмо) биргелешип, кытай ордосуна элчилерин белектер менен жөнөтүшкөн[1].

Изилдөөчүлөр, бо-ма жөнүндөгү маалыматтарды анализдеп, аны этноним жана мамлекет катары Сибирдин ар түрдүү географиялык аралыктарда жайгаштырышкан.

Г.Е.Грумм-Гржимайло «бомалар ак жуумал эл болушуп, Саян-Алтайдын түндүк жантайыгында жашашкан» деп жазат[2]. Л.Н.Гумилев «бомалар чачкын топтор менен Алтайдан Байкөлгө чейин таралышкан»[3] деп, кийинки эмгектеринде аларды Эне-Сайдагы азыркы Красноярск шаарынын айланасына жайгаштырат[4]. Ушундай эле ойду С.И.Илюшенко да айтат[5], Д.Г.Савинов менен А.В.Харинский бо-маларды байыркы түрк доорунда Енисей-Ангара дарыялар аралыгына же түндүк-батыш Байкал жээгине жайгаштырышат[6]. Бул уруунун өкүлдөрү Алтайда Суй

---

[1] Ушул эле жерде.-С.54-55

[2] *Грумм-Гржимайло Г.Е.* Западная Монголия и Урянхайский край.-Т.II.-Л., 1926.-С.51,59

[3] *Гумилев Л.Н.* История народа хунну.-М.,2004.-С.43-44

[4] *Гумилев Л.Н.* Древние тюрки. -М.,1993.-С.217,263

[5] *Илюшенко С.И.* К вопросу о нахождении и культурной принадлежности алатов во второй половине I тыс. н.э.//Древний и средневековый Восток.-Ч.I.-М.,1985.-С.127-138

[6] *Савинов Д.Г.* Основные этапы этнической истории алатов//Историческая этнография.-Л.,1985; Савинов Д.Г. Государства и культурогенез на территории Южной Сибири в эпоху раннего средневековья.-Кемерово,1994.-С.127; Харинский А.В. Предбайкалье в кон. I тыс. до н. э. – сер. II тыс.н.э.: генезис культур и их периодизация.-Иркутск,2001.-С.15,-рис.1

династиясынын мезгилинде Обь дарыясынын жогорку агымында, ал эми цзинь жана монгол (Юань) доорунда Ортонку Эне-Сайда турушкан» деп жазат А.Г.Селезнев[1]. Ю.А.Зуев эрте орто кылымдардагы кытай аталыштагы Бома облусун Нарым дарыясынын боюна жайгаштырат[2].

Түндүктөн Ордоско көчүп келген он тогуз түштүк хунн уруусунун тогузунчусу болуп «хэлай» (алат) аталат. Түрк каганаты мезгилинде алардын негизги жашаган конуштары болуп Байкөлдүн батыш жагындагы аймак эсептелинет[3]. Хунн уруусунун бири ала сяньбилердин курамына кирет. Ошентип, сяньбилердин Хэлань уругунун аты Алашандагы Хэлань тоосунун атынан келип чыгат[4]. Ал эми Хэлань (Алашань) тоосу өз атын хунн уругу *ала'*дан алышы мүмкүн.

Геродот б.з.ч. V кылымдарда Кара деңиздин бойлорунда скиф уруулар бирикмесине кирген ализон уруусу жашагандыгын белгилейт[5]. Бул тарыхый маалыматтар алашан этнонимин ализон уруусунун фонетикалык варианты болушу мүмкүн деген ойго алып келет. Биздин оюбузча алашан этноними алазон этнониминин өзгөрүлгөн формасы. Байыркы алазон уруу аталышы өз алдынча болгон эки компоненттен турат, ал ала+зон. Биринчиси «ала» көпчүлүк түрк тилдүү элдерде – «чоң», «эбегейсиз зор», «улуу», экинчиси «зон» (шан) монгол, тунгус-манчжур жана түрк тилдеринде «эл», «уруу» деген маанилерди берет[6]. Демек «алашан» этнониминин дагы бир чечмелениши «улуу эл же улуу уруу» деген маанини берет.

Байыркы алазон уруусунун аталышын мидиялык аризанту уруусунун аталышы менен салыштырсак болот. Arya-zantu

---

[1] *Селезнёв А.Г.* Барабинские татары: истоки этноса и культуры.-Новосибирск,1994.-С.63-65,69

[2] *Зуев Ю.А.* Ранние тюрки: очерки истории и идеологии.-Алматы,2002.-С.236

[3] *Зуев Ю.А.* Из древнетюркской этнонимики по китайским источникам (бома, яньмо, гуй)//Тр. ИИАЭ АН КазССР.-Т.15.-Алма-Ата,1962.-С.108-116

[4] *Малявкин А.Г.* Танские хроники о государствах Центральной Азии.-Новосибирск,1989.-С.323

[5] *Геродот*. История в девяти книгах.-Л.,1972.-IV,17,52

[6] Ономастика Средней Азии.-Вып.2.-Фрунзе,1980.-С.23

(аризанту) иран тилинен которгондо – «арий уруусу» дегенди билдирет[1]. Аризанту уруусунун аты Ригведада арисене деп берилет. Арисена – ari – «арий», «sena» – аскер, башкача айтканда арий уруусу же аскери деген маанини берет[2]. Демек, мидиялык аризанту же Ригведадагы арисена уруусунун аталышы, иран тилиндеги r>l (р>л) тыбыштарынын алмашуу фонетикалык законун эске алганда, б.з.ч. V кылымдарда Геродот эскерткен скиф-сармат урууларынын бири ализон уруусунун аталышына ылайык келет – аризанту>ализон.

Жогоруда келтирилген маалыматтардын негизинде каңды уруусунун курамындагы «алашан» этноними «улуу эл же улуу уруу» деген маанини берип, кытай булактарындагы «бома» же «ала эл», хуннулардын «ала», сянбилердин «хэлан», Геродоттун алазон, мидиялыктардын аризанту, Ригведадагы арисене уруулары менен этногенездик жактан байланышы болгон.

Этнонимдин параллелдери Махмуд Кашгариде (XI к.) ала-йундлуг, Рашил-ад-динде (XIV к.) ала-йунтлы, Абулгазиде (XVII к.) ала-йонтлы, жана Языджи-оглу Алиде (XVIII к.) ала-йундлу формаларында[3], казактарда – алач, алача, алчын, алшын, катагандарда – алчын[4], түркмөндөрдө (сарык) – алаша, алачык, алчи[5], ногойлордо – алач, алчин, өзбектерде – алчин, эвенктерде – алагир, кыргыздын саруу уруусунда – алакчин[6], тейит уруусунда – алак[7] формаларында белгилүү.

---

[1] *Дьяконов И. М.* История Мидии от древнейших времен до конца века до н. э.-М.-Л., 1956.-С.147

[2] Г*алямов С.* Древние арии и вечный Курдистан.-М.,2007.-С.247

[3] *Kaşgârî Mahmud.* Divân-ı lugâti't-Türk.-S.21.Besim Atalay. Divanu lugat-it-turk tercemesi.-Cilt I.-Ankara,1999.-S.58.; Kâzım Mirşan. Anadolu Prototürkleri.-Ankara,1985.-S.134; Tarih-I âl-I Selçuk.-Topkapı Sarayı,Revan Köşkü kip.,nr.1390.-S.21-24; Faruk Sümer. Oğuzlar.-Istanbul,1999.-S.229-231; Рашид-ад-дин. Сборник летописей. История монголов //ТВОИАО.-Ч.5.-СПб,1858.-С.25-29; он же. Сборник летописей.-Т.I.-Кн.1.-М.-Л.,1952.-С.88-90; Кононов А.Н. Родословная туркмен. Сочинение Абу-л-Гази хана Хивинского.-М.-Л.1958.-С.53-54.

[4] *Кармышева Б.Х.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.105

[5] *Атаниязов С.* Шежере туркмен.-С.44-46

[6] *Абрамзон С.М.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Т.IV.-М.,1960.-С.106; ушул автор. Көрсөтүлгөн эмгек.-Б.,1999.-737-б

[7] *Винников Я.Р.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.163,рис.16

| | Мидия уруусу | Ригведада | Геродотто | Кытай булактарында | М. Кашгари | Рашид-ад-Дин | Абулгазы | Языджи-Оглу-Али | Саруу | Тейит | Канды |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Уруунун аталышы | Аризант | Арисена | Алазон | Гэ-ло-чжи, Э-ло-чжи, a-la-tsie Бо-ма Би-ла | Ала-йондлуг | Ала-йонтлы | Алаюнтлы | Ала-йодлу | Алакчын | Алак | Алашан |
| Тамга | | | |  |  |  |  |  |  | | |

Алашан уругу *маркабий, жүн, нооруке, жетиген, маш, калдар* деген майда урук бөлүкчөлөрдөн турат.

## Марка бий

Марка бий – алашан уругунун курамындагы ири урук бөлүкчө. Этнонимдин аталышы «марка» жана «бий» деген сөздөрдөн турат. Аталган этнонимдин биринчи бөлүгү Алтайдагы Марка көлүнүн аталышын элестетип, бул урукту карлык уруусунун марка деген атын алып жүргөн уругу менен байланышы бар экендигин көрсөтөт. Карлыктар батыш Тянь-Шанга түштүк-батыш Алтайдан келишкен. Алар Алтайдагы Марка көлүнүн аталышын бул жакка ала келиши мүмкүн. Этнонимдин параллелдери казактын жалайыр уруусунда – *ак-марка, кара-марка*[1], заравшандык өзбектерде – *марка*[2], кыргыздын адигине (баргы), бугу (желдең) урууларында – *маркаш*[3], кесек уруусунда – *маркабай*[4] формаларында кездешет.

[1] *Аристов Н.А.* Труды по истории и этническому составу...-С.22

[2] *Гребенкин А.Д.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.56

[3] *Абрамзон С.М.* Этнический состав...-С.124; ушул автор. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы...755-б.

[4] *Нурбек Туран.* Кесек: санжыра жана тарых.-Б.,2012.-253-б

## Жүн

Жүн – алашан уругунун курамындагы урук бөлүкчө. Этнонимдин аталышын байыркы жун уруларынын аталышы менен салыштырсак болот.

Жун 戎 - Чжоу империясынын (1123–254-жж.) түндүк жана түндүк-батыш чектеринде жайгашкан уруунун аталышы. Этникалык жактан кимге таандык экендиги белгисиз. Аларды протомонгол жана прототангут уруулары деп санашат. Бирок байыркы кытайлар аларды ак жуумал, көк көз, сары сакалчал кадимки европалык элдердей сүрөттөшкөн. Бул белгилер б.з. III–IV кылымдарына чейин болгон, кийин монгол тиби үстөмдүк кыла баштайт.

Бичуриндин котормолорунда жун жана ди уруулары бир эл катары – жун-ди деп берилет. Буга далил катары чиди жана цюань-жундар бир атадан чыккандыгы тууралуу уламыш бар[1]. Жундар жана дилер бири-биринен аз айырмалангандыгынан кытайлыктар дилердин кээ бир урууларын батыш жундар деп аташкан. Алардын чыгыштагы, Хинган менен Иньшандын этектеринде жашаган уруусун шаньжун же тоолук жундар деп аташкан. Булар негизги жундардан алыс жашагандыгына байланыштуу алардын бир бөлүгү чыгыш монголдор – дунху, бир бөлүгү – хуннулар менен аралышып, кошулуп кетишкен[2]. Ошондой эле алар кытайлыктар менен, ал эми батышта тибеттиктер менен аралашышкан. Тибеттиктер менен аралашкан бөлүгүнөн азыркы убактагы тангут эли келип чыккан.

Мак-Говерн жун менен дини хуннулар деп эсептейт[3], Латтимор жун менен дини ички Кытайда отурукташкан тоолуктар деп санап, алардын кайсыл расага тиешелүү экендигин айтпайт[4]. Расалык жактан жундарда андрондук тип үстөмдүк кылган.

---

[1] *Грумм-Гржимайло Г.Е.* Западная Монголия и Урянхайский край.-Т.II.-Л.,1926.-С.15

[2] *Грумм-Гржимайло Г.Е.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.85

[3] *McGovern.* The early empires of Central Asia. London,1939.-P.87

[4] *Lattimore Owen.* Inner Asian Frontiers of China. New York, 1940.-P.340-349

Н.Н. Чебоксаров эч кандай жун маселеси жок дейт[1], бирок «Цзинь шунун» 97 бапында хуннулар батышта алты жун уруулары менен чектешет деп жазат[2], бул хунну менен жундардын бири-биринен айырмалаган эл экендигин көрсөтөт.

Б.з.ч. X-VI кк. жундардын бир бөлүгү «цзян-жун», ал эми Лишань тоосунун айланасында жашашкан жундар «лижун» деп аталышкан. Мындан башка жун урууларынын көптөгөн аталыштары болгон. Кытайдагы падышачылыктар жундардын күчүн өздөрүнүн максатына жетүү үчүн саясий күрөштөрдө колдонушкан.

Кытай тарыхчысы Сыма Цянь б.з.ч. VII-VI кк. Монголияда жашаган көчмөн урууларды алгач – жун, кийинчерээк – ху деп атаган. Ички Моголия менен Түштүк Маньчжуриянын талааларында жана Улуу Хингандын этектеринде шаньжундар (тоолук жундар) жана дунхулар жашашкан. Алар бирде байыркы кытай мамлекеттерине каршы, бирде алар менен союздаш болуп коңшу мамлекеттер менен согушуп турушкан.

Сыма Цянь аларды төмөндөгүдөй сүрөттөйт: «Жун менен дунхулардын бирдиктүү саясий бирикмеси болгон эмес, алардын баары тоолуу өрөөндөрдө өз алдынча жашашып, ар бир уруунун кол башчысы болгон, кээде жүздөн ашык уруулар чогулганы менен, алар бирдиктүү болуп уюша албаган. Малдары менен жакшы жайыт жана сууну издеп, туруктуу отурукташпай дайыма бир жерден экинчи жерге көчүп жүрүшкөн. Эшиги чыгышка караган тоголок боз үйлөрдө жашашат. Эт менен тамактанышып, кымыс ичишет, жүндөн токулган түрдүү түстөгү кийимдерди кийишет. Баатыр, күчтүү жана акылман, көрөгөч адамдарды уруу башчы кылып шайлашат. Мураскорлук бийликти билишпейт. Ар бир кичи уруунун башчысы бар. Жүздөн миңге чейинки боз үй общинаны түзөт. Уруу башчыдан баштап жөнөкөй адамга чейин өз малын өздөрү багып, камкордук көрүшөт, кулчулук дегенди билишпейт. Аскердик иштеги масе-

[1] *Чебоксаров Н.А.* К вопросу о происхождении китайцев//СЭ.-1947.№1.-С.30-70
[2] *Бернштам А.Н.* Очерк истории гуннов.-Л.,1951.-С.219

лелерди эркектер чечишет, калган ар бир иште аялдардын оюн угушат. Согуш ишин маанилүү деп эсептешет».

## Нооруке

Нооруке – алашан уругунун курамындагы урук бөлүкчө. Антропоэтноним. Этнонимдин параллели казактарда «нурбике» формасында кездешет[1].

## Жетиген

Жетиген – алашан уругунун курамындагы урук бөлүкчө.

Жетиген санжырасынын башталышы Тоголок Молдонун вариантында мындайча берилет:

Дагы Сол деп аталат,
Жетиген деген элибиз.
Сол болбоско бир себеп,
Эки түрлүү шегибиз.
Кээ бир түрдө Кытайдан,
Жети бала келген дейт
Адегенде Таласка,
Кутчуларды көргөн дейт.
Каратал багып чоңойтуп
Катын алып берген дейт.
Ал жетөөнүн тукуму
«Жетиген» болгон себеби
Жетөө жети шаардан
Келген үчүн дегени.
Биринчи шаар – Чымыген,
Экинчиси – Наманген,
Үчүнчүсү – Майкенден,
Төртүнчүсү – Жаркенден,

[1] *Джанузаков Т.Д.* Очерк казахской ономастики.-Алма-Ата,1982.-С.171

Бешинчиси – Ташкенден,
Алтынчысы – Бийкенден,
Жетинчиси – Ноокенден.
Мына ушул тууралуу
Жети шаар бар экен.
Бул себептен жетөөнү
«Жетиген» деп койду дейт.
Жетиген, кушчу мааниси
Себеби ушул болду дейт.

Тоголок Молдо мындан ары эл оозундагы экинчи бир айтымды баяндайт. Ал боюнча саяктардын Байболот деген баатыры жортуулдап жүрүп ичкеридеги шаарлардын биринен окуп жүргөн бир жаш баланы ала качат. Максаты бияктан да бала окутуу, элди агартуу. Ошол бала чоңоет. Жашынан китепке, билимге көңүлү төшөлүп калган бала айткандай кийин молдо чыгат. Элди окутат. Бир көзү карык бала экен, ошондон улам аты Эшен Карык атыгып кетет. Эшен Карык кийин үйлөнүп жайланып төрт уулдуу болот. Төртөө тең окумал молдо чыгат. Аттары: Чекир молдо, Жусуп молдо, Ыбрайым молдо, Сыдык Молдо. Эшен Карыктын үчүнчү уулу Молдо Ыбрайым жети уулдуу болот. Уулдары кушчулардын ичинде турат. Ушул жети уулдун тукумдары кийин «жетиген» деп айтылып кетти деп баяндайт санжырачы[1].

Түрк тилдеринде «жетиген» сөзүнүн төмөндөгүдөй этимологияларын мисал келтирсек болот: Татар сөзү «dzidigan», байыркы түркчө «jadigan» – «jatigan» же «jattagan» – «jattigan», ортокылымдагы чагатайча «jatigan» – «жети жылдыз» деген маанини берет.

Алтайча «djetiqaan» – «жети хан» деп которулат.

М.У.Искаков кыргыздарда жана балкарларда «жетиген» аталыш – «жети бөрү» деген маанини берет деп эсептейт.

[1] *Жумабаев Б., Өмүралиев Ч.* Куттуу айыл Куланак.-Б.,2007.-134-б

Ал эми кытайтаануучу Ю.А.Зуев «жетиген» деген сөздүн маанисин изилдеп, анын байыркы мааниси «араба» дегенди түшүндүрөт деген тыянакка келет. Эгерде биз анын айткандарына таянсак, анда «жетиген» деген аталыш «канглы» – «арабачылар» дегендей эле түшүнүк берет.

Биздин оюбузча каңды уруусунун курамындагы «жетиген» уругу менен Сол канаттагы жетиген уруусунун байланышы болушу мүмкүн, балким алар жетиген уруусунун каңдынын ичиндеги бир бөлүкчөсүдүр. Алар өздөрүнүн чоң уруусунун аталышын сактап калышкан.

## Маш

Маш – алашан уругунун курамындагы урук бөлүкчө.

## Калдар

Калдар – алашан уругунун курамындагы урук бөлүкчө.

Этнонимдин келип чыгышы, анын мааниси жөнүндө бирдей көз караштар жок. Калдар уругунун баяндоочуларынын айтымында «калдар» деген аталыштын келип чыгышы төмөндөгү элдик варианттарда берилет:

1. Манас эпосунда Калдар эпизоддук кейипкер, балбан. Манас туулгандагы тойдо чоң күрөштө калмактын Карасман деген балбанын жыгып, чоң байгеге ээ болот. Мына ошол Калдар баатырдан, палбандан тарагандар «калдар» деп аталып калган деген божомол бар.

2. Жоокерчилик доордо атайын устара менен чачтарын тасырайта кырып, эр жүрөктүүлүк менен ат үстүндө салгылашчу экен. Ошол жоокерлерди «калдар» деп аташып, андан тарагандар «калдар» уруусу аталып калган дешет.

Ал эми тарыхый фактыларга кайрыла турган болсок, анда алтайлык теленгиттердин (телут, теленгут) ичинде чедибер (чедебес) сөөгү бар. «XIX кылымда чедиберлердин Кондом дарыя-

сынын Мундыбай деген куймасынын боюнда жашаган бөлүгү белгисиз себептен өздөрүн калдар деп атап калышты. Ушундай эле аталыш менен алар шор уруусунун ичине киришкен»[1] – деп жазат Л. П. Потапов.

Г.И.Карпов кул уруу жана уруктарынын аталышынын негизин монгол тилинен издеп, түркмөндөрдөгү кул уругун сойоттор менен торгаутордун курамындагы кул уругу менен жакындаштырып, этнонимдин маанисин «курама», «ар кошкон» деп түшүндүрөт»[2].

Башка ой пикирди Л.П.Потапов[3] сунуштап, кал–кол–кул деген уңгулуу этнонимдер койбал тили тарабынан этимологизацияланууга ийкемдүү деп, куле – *карга* деген маанини берерин айтат. Потаповдун бул көз карашын В.Ф.Генинг[4] кубаттап колдоп, унгусу *кал-кол-кул* болгон этнонимдер сибир элдеринде, анын ичинде түрк, угор жана самодийлерде кеңири кездешерин белгилейт[5].

Башка гипотезаны Л.Р.Кызласов түзгөн: кул тувин этнонимин ал уйгур уругунун аталышы *кулин* менен салыштырат, анан ошонун негизинде тувин-кулиндерди уйгурлардан келип чыккан деп эсептейт[6].

Жогорудагы келтирилген ар түрдүү көз караштарга карабай, изилдөөчүүлөр унгусу кал-кол-кул болгон этнонимдеринин келип чыгышын Монголия, Алтай жана Түштүк Сибирь аймактары менен байланыштырышат.

Кал-кол-кул уруу-уруулук топтору түрктөрдүн алгачкы миграциялык толкунунда алар менен кошо Сырдарыянын бойлоруна орун которушуп, кийинчерээк алар Орто Азиянын жана Чыгыш Европанын элдеринин этногенезине катышышкан.

---

[1] *Потапов Л. П.* Этнический состав и происхождение алтайцев...-С.86

[2] *Карпов Г.И.* Родословная туркмен//Туркменоведение.-№ 1,1929.-С.70

[3] Кара: *Потапов Л.П.* Происхождение и формирование хакасской народности.-Абакан, 1957

[4] Кара: *Генинг В.Ф.* Мазунинская культура в Среднем Прикамье//Вопросы археологии Урала.-Вып.7.-Свердловск,1967

[5] *Потапов Л.П.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.86

[6] *Кызласов Л.Р.* История Тувы в средние века.-М.,1969.-С.83

Этнонимдин параллелдери алтайлыктарда – *каллар*[1], башкырларда – *кал, калсер*[2], казактарда – *кул, кули*[3], түркмөндөрдө (йомут, эрсары) – *кул, кел, келлер*[4], өзбектерде – *кал*, лакайларда – *кул*[5], туваларда – *кул, кол*[6], хакастарда (сагай, койбалдарда) – *кул, көл, халлар*[7], сары уйгурларда – *кулин (колен)*[8], тажикстандык конграттарда – *калляр, майда кал*[9], кыргыздардын – адигине, абат, кыпчак, тейит, төөлөс (муркут, меркит, нарай, додоң, дүкөн, шорон) урууларында – *кал, калдар* формаларында кездешет[10], ошондой эле кесек уруусунун «бай кесек» тобунун курамында калдар, ушул эле топтун бөксө уругуда *бөксө-калдар,* жоокесек уругуда жоокесек-калдар, кара кесек уругуда *калдар, суктар-калдар,* Тажикстандык жана Жерге-Талдык кесектерде *калдар, калдар тобу* деген аталыштар менен белгилүү[11].

Ноокат районунун Көк-Жар айыл аймагына караштуу Жийде айылынын тургуну Ураимов Мурзасалинин айтуусу боюнча алашан уругунун малдарына коюлуучу эн тамгалар төмөндөгүдөй:

---

[1] *Радлов В.В.* Из Сибири...-С.90

[2] *Кузеев Р.Г.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.273,308

[3] *Семенюк Г.И., Моржанов В.М.* Материалы по родо-племенному составу казахов Старшего и Среднего Жузов в XVIII веке//УЗКГУ.-Т.XLVIII,сер.ист.-Вып.7.-Алма-Ата,1961.-С.185

[4] *Карпов Г.И.* Тамга (родовые знаки у туркмен)//Туркменоведение.-№8-9.-1929.-С.70; Атаныязов С. Шежере...-263, 269. 270, 275, 276, 279, 280

[5] *Кармышева Б.Х.* Узбеки-локайцы Южного Таджикистана.-Сталинабад, 1954.-С.16-17

[6] *Аристов Н.А.* Заметки об этническом составе тюркских племен...-С.348

[7] *Баскаков Н.А.* Хакасско-русский словарь.-М.,1953.-С.357; Бутанаев В.Я. хакастардын курамындагы "халлар" сөөктүн (уруктун) "чити пүүр» («жети бөрү») уруусунан бөлүнүп чыккандыгын белгилейт

[8] *Тенишев Э.Р.* Этнический и родоплеменной состав народности юйгу//СЭ.-№ 1.-1962.-С.63

[9] *Кармышева Б.Х.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.92

[10] *Абрамзон С.М.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.116; ушул эле автор. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы...-747-б; Саттаров С. Көрсөтүлгөн эмгек.-65,297-б; Винников Я.Р. Көрсөтүлгөн эмгек.-С.160.-Рис.12; Туран Н. Төөлөс.-Б.,2011.-231-б; Туран Н. Тейит.-Б.,2013.-242-б

[11] *Туран Н.* Кесек: тарых жана санжыра.-Б.,2012.-201,249,281,289-б




Алашан уругунун малдарына коюлуучу эн тамгалар

# КАРАНАЙ

Каранай – каңды уруусунун ири уругу болуп саналат. Этнонимдин аталышы «кара» жана «най» деген эки сөздөн турат. Байыркы кытайлыктар жана ирандыктар дүйнө тараптарын ар түрдүү түстөр менен байланыштырышкан. Алар «кара» түс менен «түндүктү»[1], ал эми америкалык индеецтер – «чыгышты»[2] белгилешкен.

Монгол жыл наамаларында XIII кылымда Монгол мамлекетинин курамына кирген «беш түстүү жана төрт бөтөн элдер»[3] жөнүндө эскерүүлөр кездешет, ал жерде «кара» түс менен тибеттиктер белгиленген[4].

Уйгур жазма эстеликтеринде «кара» түс – «түндүктү» жана жыланды билдирген[5]. Азиялык көчмөндөр[6] да, байыркы түрктөр[7] да «кара» түс менен «түндүктү» белгилешкен.

Француздар *vent noir*[8], түрктөр *kara yel*[9] деп «кара» түс менен түндүк шамалды белгилешкен.

«Кара» – кырг., каз., өзбек., ногой жана «гара» – азерб., түркм., ж.б. түрк тилдеринде – кара мал, карапайым эл, аскер, кошун ж.б. деген маанилерди берет.

«Кара» көпчүлүк убакта биринчи элемент катары төмөндөгү этнонимдерде – кара түргөш, кара кыргыз, кара кытай, кара татар; топонимдерде – Кара-Суу, Кара-Мык, Кара-Булак, Кара-

---

[1] *Caferoğlu A.* Les couleurs dans la nomenclature des norns ethnique turcs//Atti et Memorie del VII Congresso Internaz. di Scienze Onomastiche.-Firenze–Roma,1961.-C.369

[2] *Ludat H.* Farbenbezeichnungen in Völkernamen. Ein Beitrag zu asiatisch-osteuropäischen Kulturbeziehungen//Seculum.-Bd 4.-H.2,-1953.-C.151

[3] *Шара Туджи.* Монгольская летопись XVII в.-М.-Л.,1957.-С.128

[4] Ушул эле жерде.-С.178

[5] *Fahrettin Çe1ik.* Türklerde dört yönün dört renkle alandırılması//TA.-Istanbul, 1942.-№1, 2,3,4,5,6;-Istanbul,1943.-№7,8

[6] *Pritsak O.* Qara. Studie zur türkischen Rechtssymbolik//Z.V.Togan'a Armağan.-Istanbul,1955.-C.10-11

[7] *Будагов Л.* Сравнительный словарь турецко-татарских наречий.-Т.1.-СПб., 1869;-Т.2.-СПб.,1871

[8] *Tallqvist K.* Hirnmelsgegenden und Winde. Eine semasiologische Studie//StO.-2.-1928.-S.108

[9] Türkçe Sözlük.-Ankara,1974.-S.455

Ой ж.б., өздүк ономастикада – Кара хан, Кара мерген, Кара Байтик ж.б.

Ошондой эле кээ бир сөздөрдө кошумча маанилерди берет:

1. «Чоң», «ири, зор», «мол, кеңири, абдан көп». Мисалы кара мал (уй, өгүз), кара куш, кара тер.

2. «Башкы, улуу», «күчтүү, кубаттуу», «каардуу, коркунучтуу». Мисалы Кара хан, Кара айгыр, Кара деңиз, кара болот, кара суук, кара бороон ж.б.

«Кара» сөзүнүн чечмеленишин биз жогоруда айтып кеттик. Ал эми +«най» деген сөз иранча 1. Флейта; 2. Тамеки тартуучу канжанын бөлүгүнүн аталышы; 3. Түтүкчө сыңар нерселердин жалпы аталышы; 4. Мылтыктын ок чыгуучу түтүкчөсү, кош най – кош ооз мылтык. Этноним аталышы «кара чоор» (флейта), экинчи бир маанисинде «кара мылтык» деген сөздү аныкташы мүмкүн. Ноокат районунда Каранай айылы белгилүү[1].

Каранай уругу акбарак, ноолор, тантык, тойчу ж.б. майда топтордон турат.

## Ноолор

Ноолор – каранай каңды уругунун урук бөлүкчөсү. Лакап этноним.

Ноо, нооча иран тилинен которгондо «бойлуу, келишкен» деген маанилерди берет. Бул уруудан чыккан адамдардын көпчүлүгүнүн бойлору узун, келбети келишкен болгондуктан «ноолор» деп аталып калгандыр.

## Тантык

Тантык – каранай каңды уругунун урук бөлүкчөсү. Лакап этноним.

[1] СГНК, 1988,106

## Акбарак

Акбарак – каранай каңды уругунун урук бөлүкчөсү.

Этнонимдин аталышы «ак» жана «барак» деген эки сөздөн турат. Тарыхый булактарда кыт. 麼囉 бо-лбюэ<бараг<барак, араб. براق борак жана бурак түрүндө кездешкен этникалык аттын туура айтылышы – барак. Боорак жана бурак айтылыштары арабчанын таасири астында пайда болгон.

Барак (baraq) сөзүнүн байыркы түрк тилдериндеги семантикасы «түктүү, жүндүү, ууга чыгуучу тайгандардын ичинен күлүктүгү жана шамдагайлыгы менен айырмаланган тайган»[1] – деп жазат М.Кашгари.

А.М.Щербактын пикири боюнча Ит-барак – «жүнү узун ит, мындай жүндүн жардамы менен шамандар асманга көтөрүлө алышкан»[2].

К.К.Юдахиндин «барак» сөзү тууралуу «Барак – узун түктүү ит, илгери барак эл болот дечү эле, тула боюн түк баскан»[3] – дейт. Мында байыркы заманда барак аттуу эл болгондугу жана бул элдин бардык денесин түк баскандыгы айтылып жатат. Бул айтылгандар «Огуз» дастанындагы барак түшүнүгү менен окшош.

Бул өлкөнүн локализациясы тууралуу так бир нерсе айтуу кыйын. В.Ф.Минорский ит-барактардын мифтик өлкөсүн ошол учурда кыргыздар жердеген Енисейден издөө керек деген пикирди айткан. Демек, барак кыргыздар менен огуздар ортосундагы мамилени да чагылдырат.

Барак орто кылымдардагы (X–XI кк.) кыпчактарда «узун түктүү иттин тукуму» дегенди түшүндүргөн. Л.Рассони венгриялык кумандардын бир уругунун аты барак экендигин венгр окумуштуусу Гярфас Ицвандан алып жазган[4].

---

[1] ДТС, с. 83; İnan Abdülkadir. İt başlı efsânesi//Bullenen.-Cilt XIII.-Sayı 49,1949.-S.151

[2] *Щербак А.М.* Огуз-наме, Мухаббат-наме...-С.127-128

[3] Кыргызча-орусча сөздүк.-109-б

[4] *İstvan E.* A jaszkunok törtene III.-Kesckemet-Budapest,1870-1885.-S.780

«Огуз урууларынан бегдили уруусунун эӊ чон уруктарынын бири барактар[1] болуп саналат. Бул уруунун бир бөлүгү байыркы доорлордо, огуздар Сырдарыя аймагында жашаган мезгилдерде (IX–XI кк.) кыргыздарга аралашуусу мүмкүн. Бул этнонимдин Румынияда, Венгрия кумандарында, казак жана кыргыздарда кеӊири жайылышы, бул уруунун байыркы доордо пайда болгондугун, ошондой эле чоӊ экендигин аныктайт. Барак уруусу, кыргыздар менен кимак-кыпчак уруулук түзүлүшү тараган мезгилде батышка кеткен кыпчактар менен кошо алгач бардык Дешт-и Кыпчактыктарда тараган, кийинчерээк Алтын Ордо кулагандан кийин казак, өзбек жана кыргыздардын этникалык биримдигине кошулган болуш керек»[2] – деп жазат түрк изилдөөчүсү Мехмет Кадыроглу.

Демек, барак – «түктүү, жалдуу, тайгандардын ичинен күлүктүгү жана шамдагайлыгы менен айырмаланган көк жал жана сырттан» деген маанини туюнтат.

Барак түрк-монгол элдеринде энчилүү ат түрүндө колдонулат. Орус булактарында Кыпчак ханынын[3] (1183-ж.) аты, ал эми 1250-жылга таандык маалыматтарда болсо фамилия түрүндө Баракчинова[4] деп эскерилет. Жучи жана Чагатай династиясында да Барак (Борак) аттуу хандар бийлик жүргүзүшкөн[5], ошондой эле түрктөрдө Барак-тегин, Барак Хажип, Барак Хан, Барак Раис, кыргыздарда Барак, Баракан деген аттар кеӊири тараган.

Барак аталышы топоним (этнонтопоним) катары Румынияда[6], Крым жарым аралында[7], Казакстанда Барак – жер, Барак-Көл – көл аты[8], Барак анклавы, Аксы районунда «Барак», «Барак өлдү» деген жер аттары катары белгилүү[9].

---

[1] *Sümer F.* Oĝuzlar Tarihleri-Boy Tekilatı-Destanlary.-5.Baskı,-Istanbul,1999.-S.212

[2] *Кадыроглу М.* IX к. экинчи жарымынан XVI к. чейинки мезгилдерде кыргыз-кыпчак этно-саясий байланыштары.-Б.,2007.-54-б (Диссертациялык иш)

[3] ПСРЛ.-Т.I.-1997.-С.395;-1998.-С.632

[4] ПСРЛ.-Т.I.-1998.-С.807

[5] Стэнли Лэн-Пуль. Мусульманские династии.-СПб.,1899.-С.200

[6] *Rasony L.* Kuman Özel Adları//Türk Kültürü Araştırmaları,III-IV.-1966-1969.-S.86

[7] *Лезина И.Н., Суперанская А.В.* Об этнонимах крыма//Тюркская ономастика.-Алма-Ата,-1984.-С.81

[8] *Койчубаев Е.* Краткий толковый словарь топонимов Казвхстана.- Алма-Ата, 1974.-С.55-56; Орталык Казакстаннын жер-су аттары.-Алма-Ата,1989.-С.124

[9] *Жолдошев Н.* «Барак өлдү»//Аксы району. Энциклопедия.-Б.,2008.-151-б

Барак аталышы Рашид-ад-Динде (XIII к.) ит-барак, кылбарак[1], XV кылымдагы «көчмөн өзбектердин» курамында – барак[2], түштүк Тажикстандагы катагандарда – барак[3], казактарда[4] – барак, акбарак, аманбарак, андабарак, ногойлордо[5] – барак урув, азыркы өзбек урууларынын курамында – акбарак, түркмөндөрдө[6] – барак, гара барак формаларында кездешет.

Кыргыздын адигине (жору) уруусунда – барак, кыпчак уруусунда – *акбарак*, сайак уруусунда – *жанбарак, байбарак*[7], саруу уруусунда – *барак*, тейит (кара тейит) уруусуда – *акбарак*[8], төөлөс (толуман) уруусунда – *барак*[9], найман уруусунда – *акбарак, жанбарак*[10] формаларында белгилүү.

## Уйлар

Уйлар – каңды уруусунун ири уругу болуп саналат. Лакап этноним.

Уй – эзелтеден адамдардын тотемистик ишеничтерин аныктап келери ырас. Гардизи байыркы кыргыздардын бүркүт, кирпи, сагызган жана уйга сыйыншарын жазган. Этнонимдин чыгыш тегинин байыркылыгын бир катар илимий изилдөөлөр далилдеп келет. Буга монгол тилдүү элдердин адамдардын кыялында түшүмдүүлүктүн, молчулуктун, бейкут турмуштун символу катары жашап келет[11].

---

[1] *Рашид-ад-Дин.* Сборник летописей.-Т.I.-Кн.1.-С.84

[2] *Султанов Т.И.* Кочевые племена Приаралья в XV-XVII вв.-М.,1982.-С.8

[3] *Кармышева Б.Х.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.105

[4] *Бейсенбайулы Ж.,* Казак шежиреси...-112,114,126,154-156,166; Казактардын абак, каңлы, жалайыр, жаппас, найман табын урууларында «барак» урук аты катары колдонулат

[5] *Баскаков Н.А.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.136,142; Керейитов Р.Х. Көрсөтүлгөн эмгек.-С.115

[6] *Атаныязов С.* Шежере.-Ашгабат,1992.-С.263,265

[7] *Абрамзон С.М.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Т.IV.-М.,1960.-С.46,-рис.№7.-С.64,-рис.№15; Винников Я.Р. Көрсөтүлгөн эмгек.-С.151,-рис.№ 6

[8] *Туран Н.* Тейит.-Б.,2013.-209-б

[9] *Туран Н.* Төөлөс.-Б.,2011.-182-б

[10] Автордун талаа материалдары. Тетрадь №3, мындан ары АТМ.-Т.№3

[11] *Каратаев О.К.* Кыргыз этнонимдер сөздүгү.-Б.,2003.-187-б

## САРЫ КАҢДЫ

Сары каңды – каңды уруусунун ири уругу болуп саналат.

«Сары» деген сөздүн мааниси абдан көп, себеби ал байыркы сөздөрдүн бири. Сөз канчалык байыркы болсо, анын ошончолук мааниси көп болот. Эмесе алардын бир нечесин карап көрөлүк.

Тохар тилинде а. Tsar жана б. Sar «кол» дегенди билдирет[1]. Кылыч кармаган, чабуул кылган кол – оң, ал эми коргоочу калкан кармаган, коргонуучу кол – сол. Ушул эле тилде а. Sar жана б. Ser «эже»[2] дегенди билдирет. Ошондой эле маанини еврей сөзү «сара» да берет[3].

Хетт тилинде hassy – «хан» дегенди билдирсе, анда hassy-sara – «ханыша» дегенди түшүндүрөт. Аккад тилинде «sarru», «serri» – «хан» деген маанини берет[4].

Армян жана грузин тилдеринде «sar» – тоо, бийикти туюнтат.

Баск тилинде «seri» – түн, кеч болсо, «seru» – асман маанисин берет.

Чувашча «сарӑ» – «сары» деген түшүнүктө колдонулат[5].

«Сир», «шир» фарси тилинде «арстан» дегенди билдирсе, «сар» деген «баш, башкы» дегенди түшүндүргөн.

Тува тилинде «езір» – «бүркүт» деген мааниде айтылса,тофалар тилинде деле «esir», «бүркүт» дегенди билдирет. Кыргыз тилинде «сар» деген коршун[6] жырткыч канаттуу. Ал эми якут тилинде «эсир» «илегилекке окшогон куш» деген маанини берет.

Байыркы монгол тилинде «eseri, esiri, ucep» – «хан тактысы» деген мааниде айтылган. Азыркы монгол тилинде «сар» – «ай» дегенди берсе, орто кылымдагы кидандардын «сары» деген сөзү ак сөөк элитаны түшүндүргөн[7].

---

[1] *Гамкрелидзе Т.В., Иванов В.В.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.785.

[2] *Гамкрелидзе Т.В., Иванов В.В.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.764.

[3] *Марр Н.Я.* Избранные работы. Этно- и глоттогония Восточной Европы.-Т.V.-М.-Л.,1935.-С.484.

[4] *Вильхельн Г.* Древний народ хурриты.-М.,1992.-С.95.

[5] *Скворцов М.И.* Краткий чувашско-русский словарь.-Чебок¬сары,1994.-С.24

[6] Киргизско-русский словарь.-М.,1985.-С.137

[7] *Васильев В.* История и древности восточной части Средней Азии от X до XIII века.-СПб.,1857.-С.194

Кыргыз тилинде сер, сир – көп, сер – 1. коюу, тез-тез, нык 2. калың 3.тереӊ деген маанилерди берет. Ал эми «сара» деген тандалган, мыкты, эӊ жакшы, абдан жакшы деген мааниде[1]. «Сардал» – сымбаттуу дегенди туюнтат.

Мындан сырткары «сары» чыгышта императордук (падышалык) түс катары колдонулган, бекеринен «сары» уруктары түзгөн Тоба-Вэй империясынын туусу сары болбогондур. Кийинчерээк Батый хан түзгөн мамлекет – Алтын (Сары) Ордонун да сарылар менен байланышы бар. В.В.Бартольддун бул жөнүндө айткан ойлору өзгөчө кызыгууну туудурат, ал өз эмгегинде мындай деп жазат: «...половцылардын (сарылар) аты монгол мамлекети Алтын (Сары) Ордонун атына ооштурулган»[2]. Анткени сарылыр Джучи улуусунун бир топ бөлүгүн түзгөн.

«Сар» деген сөздүн жогоруда айтылган маанисине байланыштуу, төмөндөгүдөй аскерий титулдар пайда болгон, мисалы: XVIII кылымдагы ногой ордосундагы башкаруучу титул *сераскер*. Түркмөн, Хива, Бухара, Кокон жана Алтышаар хандыктарындагы *сардар (сердар, сирдар), саркер, сарбас же сарбаз* аскерий титулдары. Европа жана орус армиясында гусар (куусар) – атчан аскер.

Мындан сырткары сарматтардын курамында Европага кеткен «сары» уруктары ал жакка барып, орто кылымдагы Европадагы рыцарлыктын пайда болушуна шарт түзгөн. Кийин «сар, сер же сир» деген сөздөн Европа ак сөөк-мырзаларына кайрылуу иретинде англистерде «сер», француздарда *«сир* жана *монсиньер»,* италиялыктар менен испандыктарда *«сеньер»* (*«сеньера, сеньерита»*), немистерде *«герр»* деген сөздөр келип чыккан. Ал эми байыркы Рим императорлорунун наамдары *«кесарь (кейсар)», «цезарь»*, кийинчерээк алардан орус падышасы кабыл алган наам – *«царь»* деген титулдардын негизинде да «сар» деген сөзү жатат.

---

[1] Там же.-С.136

[2] Бартольд В.В. Кипчаки//Сочинения. -T.V.-М.,1968,-С.550-551; Rásonyi L. Les noms toponymiques comans du Kiskunság//ALAH.-T.7.-Fasc.1-2.-Budapest, 1957.-С.73-146

Жогоруда айтылгандарга таянсак «сар» деген сөздүн түп-күрүндө «хан, падыша, ханыша, хан тактысы», «мырза, мырза айым» «ак сөөк – элита», «асман», «баш», «башкы», «бийик, тоо», тотемдик жактан «ай, бүркүт» жана ошондой эле аскерий түшүнүктөр жатат.

Демек *сары каңды* уругу каңды уруусундагы чоң жана көпчүлүктү түзгөн урук болуп гана саналбастан, ал эң байыркы кыргыз уруктарынын бири болуп саналат.

Сары каңды уругу *отуз уул, чаян, тажик, калмак, моголмөт, жарга чабар, жаббар, аңкабай, бөдөнө, камгак, карасарт, кызыл аяк* деген майда уруктардан турат. Этнонимдин параллели казактардын канды уруусунун курамынан «сары канлы» формасында кездешет. Бул параллелдер кыргыз-каңдылардын жана казак-каңдылардын түз этногенетикалык алакалардын болгондугун аныктайт. А.Т.Кайдаров казактардагы канлы уруусунун «кара каңлы», «сары каңлы», «кызыл каңлы», «ак каңлы» сыяктуу уруктарын түскө карата болгон географиялык жайгашуусун айгинелерин белгилейт. Сары канлы «жогорку» же «түштүк каңлылар» маанисин туюнтат[1]. Мындай көз караштны А.Н.Кононов, Н.А.Баскаков ж.б. изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде колдошот[2].

## Айбаш (кан Айбаш)

Айбаш – сары каңды уругунун аталары катары айтылат. Р.Г. Кузеев «ай» компоненти жалганып айтылган түрк элдериндеги уруу, уруктардын тегин байыркы түркмөн-огуздардын этникалык чөйрөсү менен байланышта караган пикирин айтат[3]. Этнонимдин параллели өзбек-коңураттардын курамынан «ой баш» формасында кездешет[4]. Кыргыздын мундуз уруусунун курамындагы ири урук – «айбаш мундуз» деп аталат.

[1] *Кайдаров,* 1984, 41
[2] *Кононов,* 1975; Баскаков, 1964,-№2
[3] *Кузеев,* 1974, 203
[4] *Кармышева,* 1976, 90-93

## Отуз уул

Отуз уул – сары каңды уругунун курамындагы урук. Лакап этноним.

Бул уруктун аталышын баяндоочулар төмөндөгүдөй түшүндүрүшөт: «Илгери сары каңды уругунан чыккан жигит отуз уулдардан үйлөнөт. Көп узабай кырсык болуп, жигит каза табат. Келин кош бойлуу бойдон төркүнүнө кетет. Ал жерден балалуу болот. Ал бала «отуз уулдардан» башкача айтканда тага журтунда чоңойот. Жылдар өтүп, ал үйлөнүп, бала-чакалуу болот. Анын тукумдары өз элине кайтып келишет. Ошондо «булар кимдер»? дегенде «баягы отуз уулдан келгендер» деп жүрүп, «отуз уул» аталып кетишет».

Отуз уул – генеалогиялык маалыматтар боюнча оң жана сол канат кыргыз урууларынын жалпы аталышы. Ичкилик тобундагылар оң, сол канат кыргыз урууларын ушундайча атап келишет. Этностук аталыштын параллели 𐱃𐰆𐰔 𐰆𐰍𐰞𐰣 – «*отуз оглан*»[1] формасында Таластан табылган рун сымал (VI–X кк.) жазууларда эскерилет. Г.Ф.Миллер XVIII кылымда Түштүк Сибирде «отус» аттуу аймактын аталышы бар экендигине өз эмгегинде бир нече ирет кайрылып өткөн. Мындан сырткары, илимде теги кыргыздарга өтө жакын экендиги аныкталып жаткан сары уйгурларда «оглан» деген урук сакталып келет. XV кылымдарда жазылган «Шаджарак ал-атракта» («Түрктөр санжырасы») кыргыздар 40 монгол кызынан, ал эми «отуз огул» (отуз уул) алардын 30 баласынан тарагандыгын баяндаган уламыштар ча-гылдырылат. Сайф ад-Дин Аксикендинин «Мажму ат-Таварихинде» (XVI к.) Отуз уул – Салус бек Бул(а)гачи Ак уулдун балдары катары көрсөтүлөт. Тарыхый булактарда Адигине, Мунгуш, Кара багыш, Тагай Отуз уулдун балдары экендиги эскерилет. Изилдөөчүлөр

---

[1] *Батманов И.А.* Таласские памятники древнетюркской письменности.-Фрунзе,1971.-С.10,14; Малов С.Е. Памятники древнетюркской письменности Монголии и Киргизии.-М.-Л.,1959.-С.60; Табалдиев К., Белек К. Памятники письменности на камне Кыргызстана.-Б., 2008.-С.31,35

«отуз уулдун» тукумдары катары XVI кылымдан кийин сол канат кыргыз уруулары да атала баштаганын белгилейт.

Отуз уул – бугу, чекир саяк урууларынын курамдарындагы урук аталыштары катары да белгилүү.

## Чаян

Чаян – сары каңды уругунун курамындагы урук. Лакап этноним.

Этнонимдин келип чыгышын баяндоочулар колунан көөрү төгүлгөн темир уста менен байланыштырышат. Ал уста ханга кооз канжар жасап берет. Канжардын жалпы көрүнүшү чаянга окшош болгон. Хан таңыркап, канжарды колуна кармап, «чаян го, чаяндай го» деп суктанган экен. Ошондон кийин ал устадан тарагандар «чаян» деп аталып кеткенимиш.

Ал эми бул этникалык аталыш хакастарда (ак чайаан) бурханизм динин, жаратуучу, ак дин маанилерин аныктайт. Мындан сырткары, «чайаан» сөзү хакас тилинде төмөнкү маанилерди туюнтат: 1.Жаратуу, жаралуу; 2. Тагдыр[1].

Тува шамандары колдонгон терминологияда «чаяннар» – кудай, кудайлар маанисин аныктайт[2]. Чаян – саруу уруусунун (ай тамга) курамындагы урук[3].

## Могол (Моголмөт)

Могол – сары каңды уругунун курамындагы урук.

Бул уруктун аталышынын келип чыгышын баяндоочулар моголдор менен байланыштырышат.

Этнонимдин келии чыгышын XIV к. орто чендеринде Чагатай улуусунан бөлүнүп чыккан Моголистан (Могулистан) мамлекети менен байланышта кароого негиз бар. Мамлекеттин эт-

---

[1] *Бутанаев,* 1993, 29, 207
[2] Монгуш Кенин-Лопсан, 1995, 202
[3] *Абрамзон С.М.,* 133

никалык курамын жергиликтүү түрк, Борбордук Азиядан журт которуп келген түрк-монгол уруулары түзгөн. Бул урууларды түрктөшүп кеткен монголдордон чыккан хандар башкаргандыгы маалым. «Могол» этникалык аталышы Моголистандын калкынын бир бөлүгүнө гана таандык болгон. Кээ бир изилдөөчүлөр моголдорду түрк-монгол урууларынын жуурулушусунан келип чыккан дешсе, айрымдары моголдорду Чагатай улусунан хандарына кызмат өтөгөн өзгөчөлөнгөн кызматтык сословие катары карашат. Ал эми үчүнчүлөрү болсо, моголдорду өз алдынча этникалык топ экендигин белгилешет. XVI к. моголдор Моголистандан кыргыз жана казактардын бириккен аракеттеринин натыйжасында Чыгыш Түркстанга сүрүлүшкөн. Мухамед Хайдардын маалыматтарында кыргыздар моголдордон анчалык көп айырмаланбайт, алар (кыргыздар) расмий динди (ислам дини) тутунушкан эмес деп баяндалат. «Моңол» этнокомпоненти кыргыздардын курамына XIV– XVI кылымдардан кеч эмес кирген – деп жазат профессор О.К.Каратаев[1].

Этникалык аталыштын параллелдери азыркы Афганистандын түндүгүндө «могол», Тажикстандын Коргон-Төбө аймагындагы өзбектерде «мугул» аттуу этнографиялык топтор кездешет[2]. Ошондой эле казактарда – «муңал», өзбектерде – «мугул», түркмөндөрдө – «моголжыклар», «мугал», телеут-алтайларда – «могол», кыргыздардын уруусу – «моңолдор», мунгуш уруусунун курамында – «моңол», ават уруусуда – «могол», багыш уруусуда – «монгол» формасында белгилүү[3].

Кыргызстандын Аксы, Ала-Бука, Чоң-Алай, Базар-Коргон, аймактарында Могол, Могол-Тоо, Сарык-Могол, Могол-Коргон топонимдери катталган[4].

---

[1] *Каратаев О.К.* Кыргыз этнонимдер сөздүгү.-Б.,2003.-138-139-б

[2] *Кармышова* 1976, 99-101

[3] *Жанузаков,* 1992,171; Баскаков, Тощакова,1947; Атанпязов,1988,88; Потапов, 1969,23; Абрамзон,125

[4] СГНК, 140, 158

## Кызыл аяк

Кызыл аяк – сары каңды уругунун курамындагы урук.

Бул уруктун аталышынын келип чыгышын баяндоочулар алардын энеси – кызыл аяк уругунан болгондугу менен байланыштырышат. Кызыл аяк уругунун кызы сары каңды уругундагы жигитке турмушка чыгат. Келин боюнда болгон убакта күйөөсү курман болот. Келин төркүнүнө (кызыл аяктарга) кетип, ошол жакта көз жарат. Кийин анын баласы эр жетип, ата-журтуна кайтып келет. Андан тарагандарды туугандары «кызыл аяк» деп лакап ат менен атап калышкан.

Кызыл аяк Дешт-и Кыпчактагы байыркы түрк урууларынын бири катары саналып, алар 1472-жылдарда Сырдарыянын жогорку агымы тарапка көчүп, түркмөндөр менен каракалпактардын курамына кошулган, бир бөлүгү болсо кыргыз-кыпчактарга кошулган[1] деп жазат тарыхчы К.Ш.Шаниязов. Кытай булагы Сиюй Чжиде (1763–1770-жж.) кызыл аяктар кыпчак – бурут (кыргыз) урууларынын арасында эскерилет[2]. Ошондой эле орус генералы Л.Г.Корнилов[3] Кытайдын Яркенд округунун Тагарма бектигинде, Янги-Гиссар уездинин Чумбус бектигинде жана Каргалык уездинин Раскем бектигинде – кызыл аяк уруулары турарын жазат.

Профессор А.А.Асанканов[4] СУАРдын Кашкар вилайетиндеги Таш-Коргон Тажик автоном районунун Көк-Жар Кыргыз автоном айылында кызыл аяк уругу бар экендигин белгилейт.

Я.Р.Винников жана профессор С.Аттокуров кызыл аяк уругу *кесек, кыпчак* жана *төөлөс* урууларынын курамында бар экендигин өз схемаларында көрсөтүшкөн[5], ал эми Э.Төрөкан уулу кызыл аяк уругу жоо кесек менен төөлөс уруусунун курамында

---

[1] *Шаниязов К.Ш.* К этнической истории узбекского народа.-Ташкент,1974.-С.146

[2] ККТБ.-Т.2.-231,234 б.

[3] *Корнилов Л.Г.* Кашгария или Восточный Туркестан.-Ташкент,1903.-С.235-236

[4] *Асанканов А.А.* Этническая история кыргызов Шинжана КНР//Вестник КНУ им. Ж.Баласагына. -Серия 1. Гуманитарные науки.-Вып.VIII.-Б.,2009.-С.134-136,138-142

[5] *Абрамзон С.М.* Этнический состав киргизского...-С.85; ушул эле автор. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы...-754-б; Шаниязов К.Ш. Көрсөтүлгөн эмгек.-С.146

бар экендигин белгилейт[1]. Бирок, изилдөөлөрдүн натыйжасында *кызыл аяк* уругу *төөлөс, жоо кесек* жана *кыпчак* урууларынын курамында жок болуп чыкты, ал кесек уруусунун уругу[2].

Бул этнонимдин параллелдери түркмөндөрдө (эрсары) – гызылаяк[3], каракалпактарда – *кзылаяк*[4] формаларында катталган.

## Калмак

Калмак – сары каңды уругунун курамындагы урук бөлүкчө.

Булардын өкүлдөрү өздөрүнүн аталышын энесинин уруусу менен байланыштырышат.

Кээ бир тилчилер «калмак» этнониминин келип чыгышын, этнографиялык адабияттарда кабыл алгандай, ойрот-монголдордун аталышы менен байланыштырышпайт, аны «калмак» «калуу» деген түрк сөздөрү менен байланыштырышат. Мунун негизинде С.А.Аманжолов калмак тобу «эзелтеден түрктөргө тили жана башка белгилери менен таандык»[5] – дейт.

Бирок «калмак» тобунун кайсы этноско тиешелүү экендигин көпчүлүк учурда тарыхый маалыматтардын негизинде ачык жана так чечишет. Буга байланыштуу көпчүлүк изилдөөчүлөр ойроттордун экинчи аталышы калмак, түрк сөзү «калмак» дегенден келип чыккан дешет[6].

Калмактар монгол тилдүү калк, өздөрүн «хальмг» деп аташат. Тарыхый булактарда жунгар жана ойрат деген аттар менен да белгилүү.

Кыргыз элинин ичиндеги «калмак» же «калмакы» этнонимдери Жунгар хандыгы талкалангандан кийин, кыргыз улутунун

---

[1] *Төрөкан уулу.*-Б.,1995.-151,165-б

[2] *Туран Н.* Кесек.-Б.,2012.-204-б

[3] *Атаниязов С.* Шежере.-Ашгабат,1992.-126,258-б

[4] *Жданко Т.А.* Очерки исторической этнографии каракалпаков.-М.-Л.,1950. -С.52,165

[5] *Аманжолов С.А.* Вопросы диалектологии и истории казахского языка. А-А, 1959. С.53

[6] *Номинахов Ц.Д.* Происхождение слова «калмык»//Вестник АН КазССР, 1958, № 11.-С.99

ичине кирген калмак элинин калдыктары болушу мүмкүн. Буга далил катары кыргыздын адигине урууусунда – *калмакы, төөлөс* урууусунда – *калмакы,* сарыбагыш урууусунда – *беш калмак, калмак, калмакы, суу мурун* урууусунда – *калмакы, калмак* жана *күрөң* тобунда – *бай калмак уулу, калмак* деген урук бөлүкчөлөрү кеңири кездешет. Мындан сырткары кыргыз элинин ичинде теги кыргыз эмес *калмак, кара-калмак, сарт-калмак* аттуу топтор бар[1]. Аталган топтор жана урук бөлүкчөлөр калмак элинин калдыктары экендигин тарыхчы-этнограф С.М.Абрамзон изилдеп, далилдеген.

## Тажик

Тажик – сары каңды уругунун курамындагы урук бөлүкчө. Лакаб этноним.

Булардын өкүлдөрү өздөрүнүн аталышын алардын сакалдары коюу болуп, тажиктерге окшош болгондугу менен байланыштырышат.

## Жарга чабар

Жарга чабар – сары каңды уругунун курамындагы урук бөлүкчө. Лакап этноним. Бул урудан улак чабуучулар көп чыгат экен. Алардын бири илгери өзүнүн атандаштарынан улакты тартып алып, атына өңөрүп жарды карай чапкан экен, ошондон бул уруктан тарагандарды «жарга чабар» деп атап калышыптыр.

## Камгак

Камгак – сары каңды уругунун курамындагы урук бөлүкчө. Лакап этноним.

---

[1] *Абрамзон С.М.* Этнический состав киргизского населения...С.61,90-91,116; ушул эле автор. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы...693,721-722,747 б.

## Көк карга

Көк карга – каңды уруусунун курамындагы урук.

Этнонимдин келип чыгышын байыркы тотемисттик түшүнүк менен байланыштырууга болот. Алтай, хакас элдеринин курамында карга сөөгү бар. Карга сөөгү – «суғ харғазы» (суу каргасы) жана «тағ харғазы» (тоо каргасы)деп экиге бөлүнөт. Карга Саян-Алтайдын түрк-монгол элдеринде ыйык деп эсептелген канаттуу. Хакас этнографы, профессор В.Я.Бутанаев бирюсин-хакастардагы «харга» этнониминин баштапкы маанисинде тотемдик негиз бар экендигин белгилейт. Хакастар (хакас-бирюсиндер) карганы ыйык тутушкандыгын, бул канаттууну табу (тыюу салуу) иретинде «кара таан» деп аташкан[1].

Тунгус тилдүү элдерде (эвенктерде) харга-«жапайы бугу» маанисиндеги этностук аталыштар бар. Мындан сырткары, жапайы бугу (эвенкче – «харги») – шамандардын идеологиясындагы тотемистик башатты аныктайт. Харги – шамандардын башкы колдоочусу, жетекчиси, устаты катары түшүнүк калыптанган.

Карга – тува шамандарынын түшүнүгүндө оорулуунун жарасын айыктырууга жана өзүнө душман шаманды издеп табууга жардам берген. Бул мисалдар жалпы карга, харга, харги терминдеринин баштапкы тотемистик негизин аныкташы мүмкүн.

Тунгус тилдүү элдердин мифологиясында карга дүйнөнү жаратууга катышкан аялдын элесин берген. Ошондуктан бул канаттууга багышталып, курмандык чалынган көрүнүштөр арбын кездешет.

Байыркы арий тилинде k’er (кер) деген «карга» дегенди берет[2].

«Карга» сөзүнүн этимологиясы көптөгөн тилдерде карганын үнүн же болбосо анын түсүн билдирет. Байыркы Вавилон эпосу Гилгемеште, жерди топон суу каптаган учурдагы мифте,

---

[1] *Бутанаев В.Я.* Происхождение хакасских родов и фамилий.-Абакан, 1994.-С.16-17

[2] *Гамкрелидзе Т.В., Иванов В.В.* Индоевропейский язык и индоевропейцы.-Ч.2.-Тбилиси,1984.-С.540

Ут-напиште аттуу адам өз кемесинен суу тартылып жер көрүнгөндүгүн билиш үчүн, биринин артынан бирин, чабалекей, көгүчкөн жана карганы жиберет. Чабалекей менен көгүчкөн жерди таппай кайтышат. Ал эми карга келбейт, себеби ал жерди тапкан болот. Кийинчерээк бул мифти жүүттөр бурмалашып, карганын ордуна көгүчкөн жерди таап, жакшылыктын белгиси болуп, ал эми карга жамандыктын белгиси болуп калган. Байыркы скандинавдардын улуу кудайы Одинди Хугин жана Мугин аттуу эки акылман каргалар коштоп жүрүшкөн. Байыркы сибирь элдеринин уламыштарында карга «ата-баба», «улуу шаман», «көрөгөч» катары көрсөтүлөт[1].

Жунгар (ойрот-калмак) уруулук бирикмесине киришкен *дөрбөт* (дэрбэт) жана *баиттерде* «харгачууд» – «каргалар» аттуу уруктар болгондугу маалым. Бул фактылар карганын моңгол тилдүү урууларда да тотемдик канаттуу болгондугун тастыктаары шексиз[2].

Этнонимдин параллели түркмөндөрдүн ата, гёкленг, теке, човдур урууларынын курамында гарга/гаргалы, азербайжандарда карга[3], кыргыздын кесек, кушчу (накай), моңолдор урууларынын курамында карга формасында катталган[4].

---

[1] Мифы народов мира.-Т.I.-М.,1980.-С.246-247

[2] Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк...222-б.; Анисимов А.Ф. Шаманские духи по воз-зрениям эвенков и тотемические истоки идеологии шаманства//Сб. МАЭ.-Т.XIII.-М.,1951.-С.187-215

[3] *Атаниязов С.* Этнонимы в туркменском языке. Ашгабад, 1994.-С.117

[4] *Абрамзон С.М.* Этнический состав киргизского...-С.53,55,118; ушул автор. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы...-685,687,749-б; Нурбек Туран. Накай.-Б.,2011.-62-б; ушул автор. Кесек.-Б.,2012.-228-229-б

# ТҮРКМӨН КАҢДЫ

Каңды уруусунун курамында «түркмөн каңды» деп аталган ири урук бар. Бул уруктун өкүлдөрү негизинен Лейлек районунун Баул жана Кулунду айылдарында жашашат. Кулундуга булар Баул айылынан көчүрүлүп келинген. Ошондой эле бул уруктун өкүлдөрү Ноокат районунун Жийде, Кайрагач, Бел-Өрүк жана Кадамжай районунун Ноогардан айылдарында турушат. Аталган уруктун баяндоочуларынын айтуусунда алар бул айылдарга ар түрдүү тарыхый кырдаалдарда Лейлектин Баул айылынан көчүп келишкен.

«Түркмөн каңды» аталышы түркмөн жана каңды деген эки сөздөн туруп, түркмөндөр менен кыргыз элинин байланышын көрсөтүп турат. Этнонимди «түркмөн» макроэтноними менен параллел кароого болот. «Түркмөн» термини VIII кылымдагы китай энциклопедиясында те-го-мен[1] транскрипциясында белгилүү, араб булактарында – географ Макдисинин (X к. аягы)[2], Шараф аз-Заман Тахир Марвазинин (XII к.) жазууларында пайда болгон[3].

«Түркмөн» терминининин келип чыгышы туралуу бир нече көз караштар бар: Махмуд Кашгарлык[4] келтирген уламыш боюнча бул термин Искендер Зулкарнайн менен байланышта болуп, фарси тилиндеги «турк манад» деген сөз «түрккө окшош» дегенди билдирет. Бул уламышты Рашид-ад-Дин «түркмөн» терминин түшүндүргөндө колдонгон жана аны Абулгазы[5] да кайталайт. Ал эми В.Котвич мындай деп жазат: «ирандыктар өз тилине тургеш деген сөздү ушундай которушкан, ошол се-

---

[1] *Бартольд В. В.* Сочинения.-Т.V.-С.572

[2] МК,I.473

[3] Minorsky V. Sharaf Al-Zaman Tahir Marvazi.-London,1942.-P.18

[4] МК,III.304

[5] *Березин И.Н.* История монголов. Сочинения Рашид-Эддина. Введение. О турецких и монгольских племенах.-СПб.,1861.-С.18; Кононов А.Н. Көрсөтүлгөн эмгек.-С.57

бептен түркмөндөр түздөн-түз түргөштөрдүн тукумдары болушу мүмкүн»[1].

Элдик этимология боюнча, түрктөр, алардын келип чыгышы тууралуу перстердин суроосуна «түрк-мен» (мен түркмөн) деп жооп беришкен, ошондуктан бул ат менен аталышкан[2].

Ал-Бируни боюнча «түркмөн» деп исламды кабыл алган огуздар аталышкан. Ал боюнча туркмен<турк+мен<туркиман>-турк+иман>туркмен (перс.) – «кудайга ишенген түрк» дегенди билдирет[3].

«Түркмөн» аталышы түрк-и + коман деген эки этнонимдин кошулмасынан келип чыгышы мүмкүн деген да көз караштар бар[4].

А.А.Росляковanын оюу боюнча «түркмөн» этноними туркмен < турк + мен /ман «уруу», «эл»[5] дегенден келип чыгат. Бул көз караштy Д.Е.Еремеев[6] да карманат.

А.Вамбери[7] жана Н.А.Аристов[8] бири-биринен көз карандысыз сунушталган версия боюнча «түркмөн» этноними туркмен<турк (этноним) + -мен (бириктирүүчү) суффиксинин жардамы менен түзүлгөн дешет, булардын оюн башка илимпоздор да колдошот.

«Түркмөн каңды» этнониминин келип чыгышы түркмөн кызы Дедекбүбү менен байланышта. Ал каңды уруусундагы жигитке турмушка чыгып, андан тараган урпактар «түркмөн каңды» аталып кетишет. Азыркы убакта Ноокат районунун Көк-

---

[1] *Kotwicz W.L.* Contributions a l'historie de l'Asie Centrale//Rochnik Orientalistycany. -Warszawa,1948.-B.15.-C.181

[2] *Vambery H.* Die primitive Culture der türco-tatarischen Volkes auf Gründ sprachlicher Forshungen.-Leipzig,1879.-S.385

[3] *Pritsak O.* Der Untergang des Reiches des Oguzischen Yabgu//Extrait des Melanges Fuad Köpürlü.-Istanbul,1953.-S.397

[4] *Vambery H.* Das Turkenvolk in seinemethnologischen und ethnographischen Beriehungen.- Leipzig,1885.-S.385

[5] *Росляков А.А.* К вопросу об этногенезе туркмен//Изв. Туркменского филиала АН СССР. Ашхабад,1950.-С.16

[6] *Еремеев Д.Е.* К семантике тюркской этнонимии//Этнонимы.-М.,1970.-С.136

[7] *Вамбери А.* Путешествие по Средней Азии.-СПб.,1865.-С.384

[8] *Аристов Н.А.* Заметки об этническом составе тюркских племен и народностей и сведения об их численности.-СПб.,1897.-С.6

Жар айыл аймагына караштуу Дедекбүбү айылы бар. Бул айылда кaңды (сары каңды) жана нойгут (сакы, бакы) уруктарынын өкүлдөрү турушат.

Каңды уруусундагы «түркмөн» этноними байыркы жана орто кылымдардагы кыргыз-огуз этногенетикалык жана этномаданий байланыштарын чагылдырат десек болот. Түркмөн каңды уругу – *гүлжумур, итбак, көк чабы, калдар, кыргый, сабалак, чапан, чом ж.*б. майда урук бөлүкчөлөрдөн турат.

## Гүлжумур

Гүлжумур – түркмөн каңды уругунун курамындагы урук бөлүкчө.

## Итбак

Итбак – түркмөн каңды уругунун курамындагы урук бөлүкчө. Лакап этноним. Параллели казактардан «ит батык»[1], төөлөс уруусунда – «итбок» формаларында кездешет[2].

## Көк чабы

Көк чабы – түркмөн каңды уругунун курамындагы урук бөлүкчө.

## Сабалак

Сабалак – түркмөн каңды уругунун курамындагы урук бөлүкчө.

Сааба араб тилинен которгондо «жолдош, жөкөр» деген маанини берет.

Саба + лы; -лы сөз жасоочу мүчө. 1. Сааба: ар. дин. Мухаммед пайгамбардын жардамчысы. Экинчи мааниси: саба –

---

[1] *Джанузаков Т.Д.* Очерк казахской ономастики.-Алма-Ата,1982.-С.168

[2] *Нурбек Туран.* Төөлөс.-Б.,2011.-326-б

териден жасалып, кымыз куюучу идиш[1]. Бурят-монгол тилдеринде «саба» идиш-аяк, идиш маанилерин берет [2]. Ошондой эле бул сөздү К.К.Юдахин «мамык, мамык жүндүү» маанисинде[3], ал эми С.Атаниязов этнонимди «ыкма», «кыймыл», «маневр» маанисинде чечмелейт[4].

Этнонимдин параллелдери казактарда – «саба», каракалпак жана түркмөндөрдө – «сапалак», саруу уруусунун курамында – «сабалы», мундуз уруусунда – «сапалак» формаларында кездешет[5].

Сабалак уругунун өкүлдөрү Кадамжай районунун Ноогардан айылында жашашат.

## Чапан

Чапан – түркмөн каңды уругунун курамындагы ири урук бөлүкчө.

Азыркы Казакстандын түштүгүндө хунну элинин байыркы маалекети – Юэбань 悦般 (Yuèbān) деп аталган. Б.з. 160-жылдары түзүлгөн Юэбань өлкөсү 4 урууга бөлүнгөн: чуюе, чуми, чумугунь, чубань. Көпчүлүк изилдөөчүлөр Юэбань мамлекети өзүнүн аталышын чубань уруусунун аталышынан алган деп санашат. Чубань уруусун биз каңды уруусунун курамындагы Чапан уругун аталышы менен окшоштурсак болот. 490-жылы Юэбань төөлөс урууларынын соккусу астында кулап, анын ордуна Кара Иртышта Гаогюй мамлекети орногон. Өзүңүздөргө белгилүү Гаогюй мамлекетин окмуштуулар кангар (канлы, каңды) уруулары менен байланыштырышат.

Байыркы печенег уруулары эки канатка бөлүнүп, анын ар бир канаттында төрттөн уруу болгон. Анын Днепрден Волгага чейинки жайгашкан оң канатын Куэрчи Чур, Сары Кулбай, Бери

---

[1] *Юдахин*, 617,618

[2] Бурят-монгольско-русский словарь, 1951, 393

[3] *Юдахин*, 634

[4] *Атаниязов*, 1988, 103; Жданко, 1950, 37

[5] *Жанузаков*, 1982, 173; Абрамзон, 127

Дилмач, Чопон уруулары түзгөн[1]. Бул жерде печенегдердин Чопон уруусунун аталышы каңды уруусундагы Чапан уругун аталышы менен окшош.

Г.В.Ксенофонтов саха-якуттардагы кангаластарды печенегдердин кангар (кенгерес, канглы) уруулары менен окшоштуруп, кангаластардын курамындагы «дьеппен» уругун печенегдердин «чопон» уругу менен салыштырат[2].

Батыш Түрк каганатын түзгөн он ок уруулары 5 нушиби, 5 дулу урууларынан турган. Аталган 5 нушиби: асицзе кюль (эскелы кур, асиги кюе), гэшу кюль (гэшу кюе), басайгань 拔塞干 (басайгань дуньшибо), асицзе нишу (эскелы нишу, асигйе нишу), гэшу чупан (гэшу чубань) урууларынан турган. Нушибилердин башкаруучуларын эркин деп аташкан.

Жогоруда келтирилген материалдар каңды уруусунун курамындагы чапан этноними Жети-Сууду VIII-X кылымдарда башкарган карлуктардын чупан (чунпан), батыш түрктөрдүн чубань, гешу-чубань жана кангар-печенегдердин «чопон» деген уруулары менен этностук байланыштарда болгондугун тастыктап турат.

Этнонимдин паралелдери казактарда (жалаир) – кара-чапан, өзбектерде (кырк) – чапанашлы, түркмөндөрдө (эрсари, геклен, эмрели, теке) – гапан, кыргыздарда тейит уруусунда – чапан-теит, кыпчак уруусунда – жаман чапан, оргу уруусунда – чапан, мырза чапан, беш буудай чапан, төөлөс уруусунда – көк чапан формаларында катталган[3].

## Кыргый

Кыргый – түркмөн каңды уругунун курамындагы урук бөлүкчө.

---

[1] *Константин Багрянородный.* Об управлении империей.-М.,1989.-С.155

[2] *Ксенофонтов Г.В.* Материалы к II тому «Ураанхай-сахалар». Архив ЯНЦ СО РАН, ф.4, оп.7, ед.хр.32

[3] *Нурбек Туран.* Төөлөс.-Б.,2011.-104,311; ушул автор. Тейит.-Б.,2013.-175,179-б

Кыргый – алгыр, жырткыч куштардын тобуна кирет. Сөздүн өтмө маанисинде «каарман», «эрдик» дегенди түшүндүрөт. Этнонимдин параллели түркмөндөрдө «гыргы» формасында учурайт. Түркмөн ономасты С.Атаниязовдун илимий пикиринде этноним тотемдик негизден келип чыккан. Махмуд Кашгари «čiboq» (чибок) сөзүнө «кыргый» маанисинде аныктама берет. Этнонимдин параллели – жетиген уруусунун курамында ушул эле формада кездешет[1].

## Чом

Чом – түркмөн кaңды уругунун курамындагы урук бөлүкчө.

Кытай булактары боюнча VII кылымда Алтайдын, Барлыктын, Тянь-Шандын ортосунда жайгашкан өлкөдө кошуна жашашкан чуюе, чуми (чоми), чумигунь, чубан аттуу урууларынын аттарын салыштырсак, түрк урууларынын келип чыгышы тууралуу маалыматтарды берген байыркы элдик уламыштын бешинчи бапында берилгендей төрт түрк уруу башчыларынын бири Чу болуп эсептелет. Бул аталыш Чу дарыясынын аты менен дал келип, жыйынтыгында ушундай аталыштагы уруунун пайда болушуна шарт түзөт. Чу деген сөз же аталыш бекер жеринен жогоруда аталган төрт уруу аталышынын составына кирген эмес жана уламышта эскертилгендей түрктөрдөн, уйгурлардан, кыргыздардан айырмаланып, чу деген түрк уруусуна жалпысынан таандык экени белгиленет. Мындан сырткары бул уруу бирикмесине канглы, карлык жана батыш түрктөрдүн уруулары киргендир[2].

Неймандын божомолдоосу боюнча Юебаньдардын жашаган аймагы «Кангюйдүн аркы өйүзүндө же Улуу Бухарда, Арал деңизине жакын, учурда кыргыз-казактар көчмөн жашоосун улантып жаткан жерде» жайгашкан. Акылга сыйбагандай, анын ою боюнча кытайлар Юебан деп Согдиандын түндүк-батышы-

[1] *Каратаев О.К.* Кыргыз этнонимдер сөздүгү.-Б.,2003.-128-б
[2] *Аристов Н.А.* Усуни и кыргызы или кара-кыргызы.-Б.,2001.-С.217,218

нан Рим империясынын аларга белгисиз болгон аймактарынын чегине чейин созулган жерлерди аташкан. Euligsia деп Прокопий Арал деңизинен чыгыш тапрата орун алган түздүктөгү өлкөнү атагандай, ал Юебань аталышы ошондой эле бурмаланган вариант деп санайт[1].

В.Томашек Юебаньды Или дарыясынан Арал деңизине чейин созулганын айтат. Юебань аталышын ал түрк сөзү «ябань» – чөл, иштетилбеген кенен өрөөн менен салыштырат[2].

«Тан-шу» боюнча VI кылымда, V кылымда Юебань ээлиги орун алган өлкөнү түрк аймактары – чуми (чоми), чумигунь жана чуюе жердеген [3]. «Чуюе Иисо тоосунун түштүк тарабын, Баркөлдөн батышка карай аймактарды ээлешкен»[4]. Алар менен бирге дайыма кошулуп айтылчу чуми (чоми) да жашашкан. Бул үч аймактардын жашоо аймагы тууралуу тиешелүү маалымат булактары да тастыктайт. Дулу-хан чуюе жана чуми (чоми) аскерлери менен И-чжеуга (Хами) кол салган; кытай кол башчысы Дулу-ханга туруштук берип, чуюелик сыгиндин шаарын каратып алат ж.б. 652-жылы түрк Ашин-Хэлуга болгон чабуулунун планында кытайлар чуми (чоми), чумигунь, чуюелер түрк канына баш ийгиси келбегендитен алардын катарына кошулат деп үмүттөнүшкөн; бирок алардын үмүтүн таш капкан, ошон үчүн согуштун алгачкы жылдары кытайлар так ушу аймактар менен айыгышкан кармашууларын жүргүзүп, мында чумугудардын шаарын алышкан[5].

«Тан үйүнүн тарыхы»[6] аттуу эмгекте VII кылымдын биринчи жарымында батыш түрк хандыгына баш ийген он аймакка бөлүнгөн элдин катарында жогоруда аталган чумугунь, андан кийин чубань, гешу-чубань болгон. Акыркы эки аймактын аталышы көңүл бурууну талап кылат. Анткени чубань аты Юебань

---

[1] Die Volker das Sudlichen Russlands in ihren gechichtlichen Entrwickelung.-Leipzig,1847.-S. 34,35

[2] *Tomaschek W.* Centralasiatische Studien: I. Soghdiana.-Vienna,1877.-S.23

[3] *Бичурин Н.Я.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.452,453,356,357,358

[4] *Бичурин Н.Я.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.453

[5] *Бичурин Н.Я.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.356-358

[6] *Бичурин Н.Я.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.355,356

аталышы менен окшошуп кетүүдө. «Тан шуда» чуми (чоми) Бичуриндин эмгегиндеги окулушу боюнча окуганда «юеми»[1] формасында берилген.

Туки доорунун (545–745-жж. ) аягында чуми (чоми), чумигун, чуюе жана чубань уруулары тууралуу түздөн түз тарыхый маалыматтар жок.

Юебань өлкөсү V кылымдарга таандык кытай булактары боюнча бул убакта хуннулардын калдыктары, I кылымда ал аркылуу батышка өткөн[2], көрсө VII кылымдарда чу-юе, чу-ми (чоми), чу-мугунь, чу-бань муундары тарабынан ээленген[3]. Кыясы алар түрк уруусунун чуй деп аталган өзгөчө бөлүктөрүнө таандык болушса керек. Түрк-тукюлөр бийликке келгенде алардын хан сарайы жана жайкалган ээлиги эки бөлүккө бөлүнүп калат: чыгыш жана батыш. Жогоруда аталган чуй уруусуна чейинки түрк уруулары жана алар ээлеген жерлер чыгыш-түрк хандыгына караган. Батыш тараптагы Монгол Алтайдын батыш тоо кыркаларында жер които жашаган чуйлөр жана теле уруусунун айрым бөлүктөрү ээлеген жерлер батыш-түрк хандыгына караган, жана дулулардын беш округунун составына кирген[4].

Демек, азыркы убактагы каңды уруусунун курамындагы чом уругун байыркы чуми (чоми) уруусу менен этникалык байланышта болуп, алардын урпактары катары карасак болот.

Этнонимдин параллелдери багыш уруусунда – чуе, кесек уруусунда – чуукай, чүчүк, чуулдак формаларында катталган.

---

[1] *Бичурин Н.Я.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.4,8

[2] *Бичурин Н.Я.* Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена.-Ч.III.-СПб.,1851.-С.163-165

[3] *Бичурин Н.Я.*. Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена.-Ч.I.-С.355

[4] *Аристов Н.А.* Труды по истории...-С.119

# ЧЫРАК ТАМГА

Чырак тамга – каңды уруусунун курамындагы ири урук.

Этноним уруулук Λ – «чырак тамганын» аталышынан келип чыккандыгы көрүнүп турат. Винников өзүнүн изилдөөлөрүндө каңды уруусунун курамындагы чырак тамга ургунан алашан, чоңаке, көккарга, уйлар, каранай, түркмөн уруктарын чыгарат[1].

Ал эми чырак тамга уругундагы баяндоочулар муну билишпейт. Алар жогоруда аталган уруктарды өз алдынча уруктар деп санашат. Чырак тамга уругунун курамында Ак капчыгай, Абдыразчы деген аталыштар кездешет. Изилдөөлөрдүн натыйжасында Ак-Капчыгай, Абдыразчы деген аталыштар бул каңды уруусунун этнонимдери эмес, а жер аталыштары болуп чыкты. Каңды уруусундагылар бирин бири ажыратыш үчүн өздөрү жашаган жер аттары менен аталып келген. Ал эми Ак-Капчыгай, Абдыразчы деген аталыштар бул Ак-Капчыгай, Абдыразчы деген жерлерден келишкен каңдылар аталышкан. Алардын өз аты – «чырак тамга».

Чырак тамга ургунун өкүлдөрү Жалал-Абат облусунун Сузак районунун Каңды, Ош облусунун Өзгөн районунун Кандыба, Мырза-Аке, Ноокат районунун Кайырагач, Баткен облусунун Кадам-Жай районунун Таш-Дөбө, Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районунун Боз-Бешик, Кызыл-Суу, Светлая Поляна жана Чоң-Кызыл-Суу айылдарында турушат.

Сузак районунундагы Каңды айылындагы чырак тамгалар Жузукеден тарашып, Чекелик айылындагы чырак тамга уругунун өкүлдөрү менен эгемендик алганга чейин катташкандыгын айтышат.

Баткен облусунун Кадам-Жай районунун Таш-Дөбө айылындагы чырак тамга уругу Кубат бийден тарашып, Ак-Капчыгай, Абдыразчы деген жерлерден келишкендиги эс тутумунда. Алар эгемендик алганга чейин Өзбекстандагы Айым айылындагы каңдылар менен карым-катнаш кылып турушкан. Азыркы убакта бул байланыш үзүлгөн.

---

[1] *Винников Я.Р.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.161

Өзгөн районунун айылдарындагы чырак тамга уругунун өкүлдөрү өздөрүнүн башкы атасын Нооруз деп аташып, Ысык-Көлдүк каңдылар менен тууган экендигин белгилешет.

## Дөрбөн

Дөрбөн – чырак тамга ургунун урук бөлүкчөсү.

Бул аталышты алтайлыктардын *дербет* сөөгү[1], монголдордун *дөрбөн* урууcу менен салыштырсак болот. Дөрбөн этнониминин паралелддери «Алтын тобчу» – «дөрбэн», «дўрбэн», «дэрбэт»[2], «Ыйык сыр баяны» – дорбэн, Рашид-ад-дин – «дурбан», 92 элетия урууларынын тизмесиде – «дурмен» жана «дурман»[3], Н.Я.Бичурин – «дурбот»[4], В.Успенский – «турбот»[5], Г.И.Рамстедт – «дөрбөн»[6] формаларында беришет. Ал эми дөрбөндөрдүн кытайча аталышы *до лу-бань*[7].

Дөрбөндөр монгол санжырасы боюнча Алан-Гоанын күйөөсү Добу Мэргэндин агасы Дува Сохардын төрт баласынан тарашат. Дува Сохар (Сокур) жалгыз көздүү болуп, алысты жакшы көрчү экен. Атасы Дува Сохар өлгөндөн кийин, анын төрт баласы биригип дөрбөн урууcун түзүшөт да, дөрбөндөрдүн түпкү аталары болуп калышат[8].

Монгол тилинде «dörben»[9], «дөрвөн»[10], калмакча «дөрвн [дөрвен]»[11], бурятча «дүрбөн»[12] «төрт» деген санды билгизет.

---

[1] *Потапов Л.П.* Этнический состави происхождение алтайцев...-С.25-26. «Алтайлык дербет сөөгү, батыш монголдордун урпактары болуп, Тувадан Алтайга көчүп келишкен» – деп жазат Л.П.Потапов

[2] Кара: *Лубсан Данзан.* Алтан Тобчи («Золотое сказание»).-М.,1973

[3] Материалы по истории киргизов и Киргизии.-Т.І.-Б.,2002.-С.230

[4] *Бичурин Н.Я.* История первых четырех ханов из дома Чингисова.-СПб., 1829.-С.20

[5] *Успенский В.* Страна Кукэ-нор или Цин-хай//ЗИРГО.-Вып.VI.-СПб.,1880.-С.127

[6] *Рамстедт Г.И.* Этимология имени ойрат//ЗИРГО.-Т.XXXIV.-СПб.,1909.-С.555

[7] *Бичурин Н.Я.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.365

[8] Сокровенное сказание...§ 3,4,11

[9] *Поппе Н.Н.* Монгольский словарь Мукаддимат ал-адаб...-С.143-144

[10] Русско-монгольский словарь. -М.,1960.-С.748

[11] Калмыцко-русский словарь. -М.,1977.-С.211

[12] Русско-бурят-монгольский словарь.-М.,1954.-С.721; Бурятско-русский словарь.-М,1973.-С.209

Демек «дөрбөн» деген төрт атадан тараган «төрт урууну» билгизет.

Мындан сырткары дөрбөндөр Чынгыз ханга каршы чыккан уруулардын катарында, Жамуханы колдогон жана аны *гурхан* кылып шайлаган уруулардын бири катары белгиленет[1]. Ошондой эле Чыгызхандын Дөрбетей Дөрбен аттуу аскер башчысы «Алтан тобчида» эки жолу эскерилет. Биринчи жолу Чыгыз хан туматтардын көтөрүлүшүн басканы аны аскер башчы кылып жөнөткөндө, экинчи жолу Герат жана Мерв шаарларын алууга жөнөтүлгөн монгол армиясынын аскер башчысы катары[2].

Тарыхый булактарда, Жунгар хандыгынын убагында, «дөрбөн-ойрат» деген аталыш көп кездешет. «Дөрбөн-ойрат» деген аталыш ойраттар менен дөрбөндердин союзун түшүндүрүп, бирикменин башында дөрбөн князы турган. Ушундай эле союз дөрбөндер менен *баjыт (байыт)* урууларынын ортосунда болгон[3].

Жунгар кандыгы талкалангандан кийин 1753-жылы дөрбөндөр чыгышка кетишип манжур бийликтеринин макулдугу менен Дзак, Байдарик жана Туин-гол дарыяларынын өрөөндөрүндөгү Хангай тоосуунун түштүк таманын ээлешет[4]. Дөрбөндөрдүн бир бөлүгү Волга дарыясынын бойлоруна кетишип, *улуу-дербет, кичи-дербет* деген эки улуска бөлүнүп жашашат[5]. Дөрбөндөр Хива хандыгынын курамындагы өзбектерде «дурмен», «дурман», ал эми чыгыш Бухарада «дурбун» деген аттар менен сакталып калышкан[6].

Азыркы учурда Тажикстанда жашап жаткан өзбектердин арасынан дурмен уруусу катталган[7].

---

[1] *Рашид-ад-Дин.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Т.I.-Кн.1.-С.187;Сокровенное сказание... §196; Грумм-Гржимайло Г.Е. Көрсөтүлгөн эмгек.-Т.II.-С.413-414

[2] *Лубсан Данзан.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.185,228,368

[3] *Грумм-Гржимайло Г. Е.* Западная Монголия...-Т.II.-С.565

[4] «Мен-гу-ю-му-цзи»... -С.444-447

[5] *Небольсин. П.* Очерки быта калмыков Хошоутовского улуса.-СПб.,1852.-С.10

[6] *Грумм-Гржимайло Г.Е.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.533

[7] *Кармышева Б.Х.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.107-108

Дөрбөн алтайлыктарда – *дербет*[1], башкырларда – *дуван*[2], монголдордо – дӱрбэн (дурбан)[3], dörben[4], өзбек-курамаларда – дувана[5], казактарда – жуван[6], хотондордо – дэрбэт (дурбэт)[7], кыргыздын тынымсейит уруусунда – дөрбөн, накай (кушчу) уругунда – дөрбөн, төөлөс, тейит, мундуз урууларында – дүрбөөл[8], черик уруусунда – дубан, формаларында кездешет.

---

[1] *Потапов Л.П.* Этнический состави происхождение алтайцев...-С.25-26.
[2] *Кузеев Р.Г.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.213
[3] *Рашид-ад-Дин.* Көрсөтүлгөн эмгек.-Т.I.-Кн.1.-С.78,101
[4] *Владимирцев Б.Я.* Общественный строй монголов.-Л.,1934.-С.47,49
[5] *Файзиев Т.* О родо-племенном составе узбеков-кураминцев...-С.46
[6] *Семенюк Г.И., Моржанов В.М.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.185
[7] *Кузеев Р.Г.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.232
[8] *Туран Н.* Төөлөс.-Б.,2011.-237-б

## КАРА КАҢДЫ

Кара каңды – каңды уруусунун курамындагы урук.

«Кара каңды» этноними эки сөздөн турат – «кара» жана «каңды» деген уруу аталышынан. Жогоруда айтылгандай «кара» 1. «Чоң», «ири, зор», «мол, кеңири, абдан көп»; 2. «Башкы, улуу», «күчтүү, кубаттуу», «каардуу, коркунучтуу» деген маанилерди берери маалым.

Демек кара каңды бул түндүктө жашаган, көпчүлүктү түзгөн, ири каңды уругу деген маанини берет. Кара каңды уругунун өкүлдөрү баяндоочулардын айтымында Өзгөн районуна караштуу Семиз-Бел айылында турушат. Ал эми казактардын курамындагы «кара канлы» уруусу казак элин түзгөн чоң уруулардын бири болуп саналат. Бул параллелдүүлүктөр этногенетикалык түз байланыштарды аныктайт.

## УМАН КАҢДЫ

Уман каңды – каңды уруусунун курамындагы ири уруктардын бири. Этнонимдин так мааниси азырынча чечмелене элек. Болжолу, энчилүү ат топонимикалык аталыштан улам келип чыккан[1]. Биз изилдөөлөрүбүздө бул урукту кыргыздын каңды уруусунун курамынан жолуктурбадык.

## КЫРК ТАМГА

Кырк тамга – каңды уруусунун курамындагы урук.

Уруулук (урук) эн тамга менен байланышкан этнонимдердин келип чыгыш тегинин байыркылыгы эбактан далилденип келет. Этнонимди «кырк урук», «кырк уруу», «кырк уруу эл» терминдеринин синоними катары кароого болот. Кырк тамга

---

[1] *Каратаев О.К.* Кыргыз этнонимдер сөздүгү.-Б.,2003.-187-б

– Өзбекстандын Фергана облусунун Вуадил районундагы кыргыздар жашаган айылдын аталышы (этнотопоним) катары да белгилүү. «Тамга» деген сөз сары уйгурлардагы шамандардын кудайларынын аттарына жалганып айтылган. Эн тамга белгилеринин басымдуу көпчүлүгү уруулук тотемдерди, сакралдуу ыйык заттарды, адамдардын аң-сезимине баш ийбеген кубулуштардын, космостук объектилердин (күн, ай, Юпитер жылдызы ж.б.,) элестерин чагылдырат. Чыгыш теги байыркы бул уруктун тарыхы кошумча терең иликтөөлөргө муктаж[1]. Биз изилдөөлөрүбүздө бул урукту кыргыздын каңды уруусунун курамынан жолуктура албадык.

## ОРОК ТАМГА

Орок тамга – каңды уруусунун курамындагы урук. Уруулук энчилүү аттын эн тамгага байланыштуу келип чыкканы аныкталып турат. Эн тамганын түзүлүшү хакастардагы «кыргыз» сөөгүнүн (уругунун) тамгасына генетикалык жакындыгы аныкталды[2]. Биз изилдөөлөрүбүздө бул урукту кыргыздын каңды уруусунун курамынан жолуктура албадык.

## ҮЧӨК ТАМГА

Үчөк тамга – каңды уруусунун курамындагы урук. Этникалык аталыш байыркы түрк доорунан (VI-VII кк.) белгилүү. Тамганын түзүлүшү бир учка бириктирилген үч жебени элестетет. Этноним «үч жебелүү, үч уруунун, элдин союзу, бирикмеси, конфедерацпясы» деген маанини туюнтат. Эн тамгага байланышкан этнонимдердин эзелки теги илимде, тарыхый булактарда эбактан далилденип келет. Түркмөн ономасты С. Ата-

---

[1] *Каратаев О.К.* Көрсөтүлгөн эмгек.-129-б

[2] *Каратаев О.К.* Көрсөтүлгөн эмгек.-151,152-б

ниязов «үч бир туугандан, теги бир агадан тараган топ, уруу, уруулук бирикме» маанисинде аныктама берет. Байыркы огуз тилдүү уруулардын бирикмеси, алар негиздеген мамлекеттик түзүлүштүн сол канаты «үч ок» , оң канаты – «боз ок» деген аскердик-башкаруу бирдиктерине бөлүнүшкөндүгү маалым. Огуз каган жөнүндөгү уламыштарда каган үч уулуна үч жебе ыйгарып, мамлекеттин сол канат бөлүгүн (урууларын) башкарууга укук бергендиги баяндалат. Түркологилимпоздордун басымдуу көпчүлүк бөлүгү «ок», «жебе» терминдерин «урук», «уруу», «эл» маанилерин туюнтарын белгилешет. Этникалык аталыштын параллели бүгүнкү түркмөндөрдө «үч ок» формасында уруулук бирикмесинин аты катары сакталып калган. Кыргыздарда үчөк/үч ок – басыз уруусунун курамындагы урук [1]. Биз изилдөөлөрүбүздө бул урукту кыргыздын кaңды уруусунун курамынан жолуктура албадык.

## БОРБАШ

Борбаш – каңды уруусунун курамындагы урук.

Этноним канаттуунун аталышына байланыштуу келип чыккан. Борбаш – курт-кумурска, майда канаттуулар менен тамактануучу, таранчылар түркүмүнө кирүүчү жырткыч куш[2]. Урук атынын баштапкы маанисинде тотемдик негиз болушу мүмкүн деп жазат профессор О.К.Каратаев[3].

Биздин оюбузча «борбаш» этноними «бөрү баш» деген сөздөн тилдин закону боюнча келип чыгышы мүмкүн.

Лейлек районундагы борбаштар кесек уруусунун карамолдо уругунун арасында жашагандыктан, аны көпчүлүк тарыхчылар кесек уруусунун курамына кошушкан[4]. Борбаш уругу Памирде

[1] *Каратаев О.К.* Көрсөтүлгөн эмгек.-191-б

[2] КТТС, 173

[3] *Каратаев О.К.* Көрсөтүлгөн эмгек.-48-б

[4] *Винников Я.Р.* Көрсөтүлгөн эмгек.-С.168,рис.22; Аттокуров С. Көрсөтүлгөн эмгек.-193; Каратаев О.К. Көрсөтүлгөн эмгек.-48-б

«пур баш»[1] жана Каратегинде борбаш формасында кесек уруусунун курамында көрсөтүлгөн[2]. Кытайда Ак-Тоо ооданындагы Кез айылындагы борбаштар ал жерде найман уруусунун курамында[3]. Н.Ф.Ситняковский кесек уруусуна курамына «бөрү баш» деп борбаш уругун жаңылыш кошот[4].

Борбаш уругунун өкүлдөрү Ноокат районунун Борбаш, Кайырагач, Лейлек районунун Самат айылдарында турушат.

---

[1] *Реми Дор.* Ооган Памириндеги кыргыздар.-Б.,1993.-14-б

[2] *Абышкаев А.* Каратегинские киргизы в конце XIX – начале XX вв.-Фрунзе,1965.-С.15-16

[3] *Асанканов А.А.* Этническая история кыргызов Шинжана КНР//Вестник КНУ им. Ж.Баласагына. -Серия 1. Гуманитарные науки.-Вып.VIII.-Б.,2009.-С.138-142

[4] *Ситняковский Н.Ф.* Перечисление некоторых родов киргиз, обитающих восточной части Ферганской долины//ИТО ИРГО.-Ташкент,1900.-Т.II.-Вып.I.-С.92-100; он же. Таблица киргизских родов Ошского уезда//ИТО ИРГО.-Ташкент,1900.-Т.II.-Вып.II.-С.57-58

# КАҢДЫ УРУУСУНУН ГЕОГРАФИЯЛЫК ЖАЙГАШЫШЫ

Кыргыздын каңды уруусунун өкүлдөрү Жалал-Абат облусунун Ала-Бука районунун Сары-Талаа (130 түтүн), Тельман (20 түтүн), Көк-Серек (60 түтүн), Кашкалак айылдарында турушат. Ал эми Аксы районунун Кара-Жыгач айыл аймагынын Тор-Камыш, Кызыл-Туу айыл аймагынын Кызыл-Туу айылдарында сары каңды уругунун өкүлдөрү жашашат. Базар-Коргон районунун Бешик-Жон айыл аймагынын Бай-Мундуз (25 түтүн) жана Жон (10 түтүн) айылдарында каранай каңды уругунун өкүлдөрү турушат. Алар өздөрүн Кара-Дарыялык каранай каңдылар менен тууганбыз дешет.

Сузак районунун Кара-Дарыя айыл аймагынын Арал (каранай – 140 түтүн, алашан  – 45 түтүн, сары каңды – 40 түтүн), Барпы айыл аймагынын Каңды (чырак тамга – 200 түтүн, каранай), Кыр-Жол (чырак тамга – 15 түтүн, сары каңды – 4 түтүн), Маркай (каранай) айылдарында турушат.

Ош облусунун Араван районунун Төө-Моюн айыл аймагынын Ак-Шар (борбаш – 10 түтүн), Эркесары айыл аймагынын Какыр (алашан – 12 түтүн) айылдарында жашашат.

Кара-Суу районунун Ак-Таш айыл аймагынын Жылкелди (Когошун-Талаа) айылында сары каңды уругунун, ал эми Жаңы-Арык айылында каранай каңды уругунун өкүлдөрү турушат.

Өзгөн районунун Мырза-Аке айыл аймагынын Мырза-Аке (25 түтүн), Кандыба (15 түтүн) айылдарында чырак тамгалар турушат, Семиз-Көл, Көлдүк айылдарында да аз санда каңды уруусунун урпактары бар.

Кара-Кулжа районунун Кара-Кочкор айыл аймагынын Кара-Кочкор (30 түтүн) айылында сары каңды уругунун Райынан тарагандар турушат.

Ноокат райоунун Бел айыл аймагынын Бел-Өрүк (алашан – 400 түтүн), Кайырагач (алашан – 80 түтүн, уйлар – 80 түтүн, каранай – 70 түтүн, түркмөн каңды – 50 түтүн, сары каңды – 15

түтүн, каңды – 18 түтүн), Зулпуев атындагы айыл аймагынын Кашкалдак (алашан – 20 түтүн), Көк-Жар айыл аймагынын Алашан (алашан – 300 түтүн), Ак-Өтөк (алашан – түтүн), Борбаш (борбаш), Дедекбүбү (сары каңды – 20 түтүн) Жийде (алашан – 300 түтүн, түркмөн каңды – 100 түтүн) Каранай (каранай – 600 түтүн), Көк-Жар, Сарыкаңды (сары каңды – 300 түтүн, көк карга – 120 түтүн) айылдарында, Кыргыз-Ата айыл аймагынын Тельман (сары каңды – 70  түтүн) айылында жашашат.

Баткен облусунун Кадамжай районунун Кадам-Жай шаарчасында (каранай, сары каңды), Халмион айыл аймагынын Таш-Дөбө (чырак тамга), Ноогардан (түркмөн каңды (сабалак), Чекелик (сары каңды – 350 түтүн, каранай – 25 түтүн), Бүргөндү айыл аймагынын Өрүкзар (сары каңды – 40 түтүн) айылдарында жашашат.

Баткен районунун Чоң-Кара (сары каңды – 30 түтүн), Кара-Бак айыл аймагынын Дөбө (30 түтүн), Чет-Кызыл (50 түтүн), Кара-Бак айылдарында сары каңды уругунун Ниязынан тарагандар турушат. Алар өздөрүн Ноокат районун Көк-Жар айыл аймагынын Сарыкаңды айылындагы сары каңдылар менен байланыштырышат.

Лейлек районунун Баул, Самат, Кулунду айлдарында түркмөн каңды, борбаш, сары каңды уруктарынын өкүлдөрү жашашат.

Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районунун Боз-Бешик (2 түтүн), Кызыл-Суу (5 түтүн), Светлая Поляна (2 түтүн) жана Чоң-Кызыл-Суу (10 түтүн) айылдарында «чырак тамга» каңды ургунун өкүлдөрү турушат.

*Таблица №*

## Каңды уруусунун жашаган жерлери жана саны

| № | Каңды урук бөлүкчөлөрү | Жашаган жери | Түтүндүн саны |
|---|---|---|---|
| | **Жалал-Абат облусу, Аксы району** | | |
| 1. | Каңды | Тор-Камыш айылы | 11 |
| 2. | Каңды | Кызыл-Туу айылы | 4 |
| 3 | Каңды | Жерге-Тал айылы | 4 |
| | **Ала-Бука району** | | |
| 3. | Каңды | Сары-Талаа айылы | 130 |
| 4. | Каңды | Тельман айылы | 20 |
| 5. | Каңды | Көк-Серек айылы | 60 |
| 6. | Каңды | Кашкалак айылы | 20 |
| | **Базар-Коргон району** | | |
| 7. | Каранай каңды | Бай-Мундуз айылы | 25 |
| 8. | Каранай каңды | Жон айылы | 10 |
| | **Сузак району** | | |
| 9. | Каранай, алашан, сары канды | Арал айылы | 250 |
| 10. | Чырак тамга, каранай | Каңды айылы | 200 |
| 11. | Чырак тамга, каранай, канды | Кыр-Жол айылы | 15 |
| 12. | Каранай канды | Маркай айылы | 3 |
| | **Ош облусу, Араван району** | | |
| 13. | Борбаш | Акшар айылы | 3 |
| 14. | Алашан | Какыр айылы | 5 |
| 15. | Алашан | Кызыл аяк айылы | 10 |
| | **Кара-Кулжа району** | | |
| 16. | Сары канды | Кара-Кочкор айылы | 55 |
| | **Кара-Суу району** | | |
| 17. | Сары канды | Жылкелди айылы | 15 |
| 18. | Сары канды | Ак-Таш айылы | 3 |
| 19. | Каранай | Жаңы-Арык айылы | 20 |
| | **Ноокат району** | | |
| 20. | Алашан | Кашкалдак айылы | 20 |
| 21. | Алашан, түркмөн, сары каңды | Жийде айылы | 400 |
| 22. | Алашан, көк карга | Жаңы-Ноокат айылы | 25 |
| 23. | Алашан | Ак-Өтөк айылы | 40 |
| 24. | Борбаш, сары каңды | Борбаш айылы | 300 |
| 25. | Каранай | Каранай айылы | 600 |
| 26. | Чырак тамга, сары каңды | Кара-Таш айылы | 50 |
| 27. | Сары каңды, алашан | Кыргыз-Ата (Көтөрмө) | 70 |
| 28. | Алашан | Алашан айылы | 300 |
| 29. | Сары каңды, көк карга | Сарканды айылы | 400 |
| 30. | Алашан, түркмөн, сары каңды | Кайрагач айылы | 250 |
| 31. | Алашан, түркмөн, сары каңды | Бел-Өрүк айылы | 400 |
| 32. | Сары каңды | Дедекбүбү айылы | 50 |
| 33. | Көк карга | Темир-Корук айылы | 50 |
| 34. | Каңды | Арал айылы | 15 |

*Таблицанын уландысы*

| | | | |
|---|---|---|---|
| | **Өзгөн району** | | |
| 3. | Чырак тамга | Мырза-Аке айылы | 25 |
| 4. | Чырак тамга | Кандыба айылы | 15 |
| 5. | Кара каңды, чырак тамга | Семиз-Көл айылы | 2 |
| 6. | Чырак тамга | Ак-Тилек айылы | 10 |
| 7. | Чырак тамга | Төөлөс айылы | 15 |
| | **Баткен облусу, Баткен району** | | |
| 8. | Сары каңды | Чоң-Кара айылы | 100 |
| 9. | Сары каңды | Карабак айылы | 240 |
| 10. | Сары каңды | Дөбө айылы | 70 |
| 11. | Сары каңды | Чет-Кызыл айылы | 130 |
| 12. | Сары каңды | Зардалы айылы | 30 |
| 13. | Сары каңды | Баткен шаары | 12 |
| | **Кадам-Жай району** | | |
| 14. | Чырак тамга, сары каңды | Таш-Дөбө айылы | 300 |
| 15. | Түркмөн каңды: сабалак, чапан | Ноогардан айылы | 400 |
| 16. | Каранай, уй, сары каңды | Пулгон айылы | 100 |
| 17. | Сары каңды | Чекелик айылы | 300 |
| 18. | Сары каңды | Өрүкзар айылы | 20 |
| | **Лейлек району** | | |
| 19. | Түркмөн жана сары каңды | Баул айылы | 400 |
| 20. | Түркмөн жана сары каңды | Кулунду айылы | 200 |
| 21. | Борбаш | Чымгент айылы | 25 |
| 22. | **Ысык-Көл облусу, Жети-Өгүз району** | | |
| 23. | Чырак тамга | Боз-Бешик айылы | 2 |
| 24. | Чырак тамга | Кызыл-Суу айылы | 5 |
| 25. | Чырак тамга | Светлая Поляна айылы | 2 |
| 26. | Чырак тамга | Чоң-Кызыл-Суу айылы | 10 |

*Схема 17.* Каңды уруусунун жалпы генеалогиялык схемасы



# КАНДЫ УРУУСУНУН ГЕНЕАЛОГИЯСЫ

## АЛАШАН КАНДЫ

Төмөндөгү алашан каңды уругунун таралышы Жамалдинов Абдилбакынын, Акматов Авазбектин, Эркинов Чынгыздын, Жороев Жусуптун, Ажиматов Дарманалинин, Анарбаев Миймидиндин, Анарбаев Төлөнбайдын, Батыров Райимжандын, Бегматов Адилбектин, Боронов Бакыттын, Жусупов Маматжандын, Маматисаев Теңирбердинин, Пазылов Насириддиндин, Сексенбаев Каримдин, Сегизбаев Аалынын, Сүйүнбаев Рахматилланын, Турдиев Келдибайдын, Эминов Ороздун айтуулары жана кол жазма материалдарынын негизинде системага келтирилип жазылды.

**Таанак баатырдан** – *Жаныке, Жанкозу, Байкозу.*

Жаныкеден – Элтойду, Тайлак.

Элтойдудан – Бабаш, Танай.

Бабаштан – Мамаке, андан Шергазы, Досумбет, Намашам.

Шергазыдан – Берди, андан Алдаяр.

Алдаярдын – 1-чи аялынан Нурмат бий, 2-чи аялынан Осмон, Жамалидин, Насирдин, Надырбек, Абдыраим сопу.

**Нурмат бийден** – *Кожомберди, Алдырак кызыл бет* (Көк хан) – булардан тарагандарды *алашан уругу* деп аташат.

Бирок, алашан уругунун санжырачылары өздөрүнүн таралышы жөнүндө мындайча айтышат: **Атыгулайнек** (Аты күлүк Айбек), андан Алибек. Алибектен – Жаныбек, андан Элтойду. Элтойдудан – Кожомберди.

### Кожомберди

Кожомберди баатырдан – *Маркабий, молдо Мамыт*. Кожомберди баатыр ошол убактагы каңды уруусунун аскер жетекчиси болгон. Ал эми анын баласы Маркабий туу башы болуптур, ошол себептен «каңдынын туусу» алашан уругунда калган дешет.

**Маркабий**ден – *Торутай, Рысмат.*

**Торутайдан** – *Шаанназар, Эрназар, Шаанияз, Надыр.*

***Шаанназардан*** – Маматкозу, Байкозу, Аккозу, Тиллакозу, Сары, Араке.

*Маматкозудан* – Мурат, Ысак. Мураттан – Аллаберди, Жумабай, Айтмат. Аллабердиден – Санакул. Жумабайдан – Акмат, андан Абдимиталип, Абдилашим. Абдимиталиптан – Дайырбек, Зайирбек, Залкарбек, Алтынбек. Абдилашимдан – Актилек. Акматтан тарагандар *Алашан айылында* турушат.

*Байкозудан* – Молдо Адыл, Молдо Акмат.

